БАКТЫЛУУЛУК КЫЛЫМЫНАН ТАРТА КҮНҮБҮЗГӨ

# Исламдын изги маданияты 3

Осман Нури ТОПБАШ



БАШАК

**ИСЛАМДЫН ИЗГИ МАДАНИЯТЫ - III**

Осман Нури Топбаш

Published by Erkam Publications at Smashwords

Copyright © 2011 by Osman Nuri Topbas

Smashwords Edition, License Notes

All rights reserved. No part of this publication may be reproduced, stored in a retrieval system, or transmitted in any form or by any means, electronic, mechanical, photocopying, recording or otherwise, without the prior permission of the copyright owner.

E-mail: english@islamicpublishing.net
Web site: http://www.islamicpublishing.net

**МАЗМУНУ**

БАШ СӨЗ
БИРИНЧИ БӨЛҮМ
КЫЗМАТ
1. Чакырык
а. Жакшы үлгү болуу
б. Жатык тил
в. Жарык маанай
г. Үгүт-насаатчылыкты таштап салуунун кейиштүү кесепети: Ахлаксыздыктын жайылышы жана бүтүндөй коомдун жок кылынышы
2. Илим менен Куранды жайылтуу кызматы
3. Эл керегине жараган кызматтар
а. Жаратылган жандуу-жансызга болгон боорукерлик (шафкат ли-Халкиллаах)
б. Кайрымдуулук
в. Алла Тааланын жолундагы кайрат
г. Алла Тааланын жолунда бүт нерсеге даяр болуу
4. Кайгылуу, азалуу адамдардын жанында болуу
а. Мусулмандардын арыз-муңун угуужана камкордук
б. Жетим, жесирлерге көңүл буруу
в. Оору-сыркоолорго кам көрүү
г. Муктажга, карызы барга жана жолдо калган мусапырга жардам берүү
д. Ач адамды тойгузуу, чаңкага суу берүү
е. Жаназа намазын окуу жана маркумду акыркы сапарга узатуу
5. Жакшылык ишке жарышуу жана ашыгуу
6. Башкаруучулук кызматтарда жоопкерчиликти сезе билүү
7. Жаратылган жаамы жандуу-жансызга Жараткандын назары менен кароо

Сөздүн эң улуусу, ыйыгы – Алланын Китеби.
Жолдун эң мыктысы, эң аруусу – сүннөт жолу.
Эң кубаттуу калкан – такыбаалык.
Айтылгандын эң шарапаттуусу – Алланын сөзү.
Топук кылып, шүгүр келтирилген азыноолак мал-мүлк топук кылынбаган көп дүнүйөдөн артык.
Эң пайдалуу илим – ирфан илими.
Эң оор дарт – өлүм алдындагы оору.
Эң жаман абал – кыяматтагы бушаймандык.
Эң чоң жаңылыштык – жалганчылык.
Эң пайдалуу байлык – топук, канаат.
Эң мыкты ыйман - жүрөктөн түнөк тапкан ыйман.
Зекетсиз, кайыр-садагасыз табылган акча акыретте ээсин жер каратат.
Кирешенин эң жаманы – кызыл кулактык менен табылган жана пайызга алынган акча.
Сокурлуктун эң оору – жүрөктүн сокурлугу.
Ысыраптын баары – биринен-бири өткөн оор күнөө. Бирок, эң кейиштүү нерсе – адамдын өзүн-өзү ысырапка учуратышы.

## БАШ СӨЗ

Ааламдардын ардагы Азирети Мухаммадка *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизди үммөт кылып, нагыз бак-таалайды ыроологон **Улуу Алла Таалага** чексиз алкыш жана даңк!

Бүткүл ааламга ырайым катары жиберилип, өзүнүн үлгүлүү адамгерчилиги менен ***«Исламдын изги маданиятын»*** түптөп, жалпы адам баласына бейиш жолун көрсөтүп кеткен пайгамбарлардын султаны Азирети Мухаммад Мустафага сан миң салаваттарды айтабыз!

Ааламдагы мүлдө макулуктун ичинен адамзааданы гана **ахсан-и таквим**-эң көрктүү түзүлүштө жараткан Алла Таала пендесинин бардык иш-аракетин, адеп-ахлагын, ибадаттарын, түбөлүк ааламга кайтышын эң изги таризде жүзөгө ашып туруусун каалайт. Анткени Алла Таала жер жүзүнө өкүл кылып дайындаган адампенденин бул улуу шарапатка татыктуу болуп өмүр кечиришин, натыйжада бейишти да, ал аркылуу Өз жамалын көргөзүүнү да максат кылган.

Ошол себептен адампенде өмүрү өткөнчө Куран менен сүннөттөн тайбай, изгиликтин майданында жашай алса, чыныгы инсандык баага арзыйт. Атагы алыска кеткен залкарлардын: ***«Адам уулу канткенде адам болот?»*** деп башкатырган суроосунун түйүнү дал ушунда жатат. Анткени ар бир макулук өз деңгээлине жараша жашап өтөт. Эгер өз деңгээлине жарашпаган иштер менен алек болуп, жаңылыш жолго түшкөн болсо, өз деңгээлине көө жапкан болот.

Маселен, жакут, бермет жана алмазды алалы. Бул таш тегиндеги заттар, адатта бекем, нары кооз кутуларда сакталып, өтө маанилүү иштерге жумшалат. Демейки шагыл таштар болсо жолдогу чуңкурларды толтуруу үчүн колдонулат. Кызыгы, баасы кымбат ошол акак, жакуттарды «эмне болсо болсун, баары бир таш эмеспи» деген түшүнүк менен жолдогу чуңкурларды толтурууга жумшоо, арийне, жеткен акмактык жана жосунсуз жорук!

Мына ушул сыяктуу барча макулуктун көз кареги саналган адамзааданын өтө маанилүү, өзгөчө касиеттүү амалдарды өтөөнүн ордуна кайдыгерликте ныксырап өтүшү ашкере акмакчылык. Жадагалса өзүнүн инсандык баркын, бийик шарапатын аңдай албоо – наадандык, нары кайдыгерлик. Мындай адамдар Алланын алдындагы ызаат-урматтан, инсандык касиеттен кол жууп, өзүнө-өзү жамандык тилеген болуп эсептелет.

Адам баласынын бул сынак дүйнөдөгү кайдыгерлигине жана наадандыгына ишаарат кылган Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

*«Жакшы болуу кыйын, шермендечилик көз ачып жумганча».*

Бул багытта кеменгер ата-бабаларыбыздын:

*«Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бирпаста».*

*«Жакшыга жанаш, жамандан адаш»* деген накыл кептери бекеринен айтылган эместир.

Бул өңүттөн адампенде ар дайым рухий тарбияга муктаж. А тарбия болсо адамдын табиятында жок нерсени жаратпайт. Маселен, такыбаалык менен бузукулукка, жакшылык менен жамандыкка болгон шык адамдын табиятында бар. Рухий тарбия – киши табиятындагы терс шыктын, ышкынын баарын өчүрүп, жакшы жактарын өөрчүтүүнүн жападан жалгыз жолу.

Ошол себептен Жараткан Алла Таала напсинин сан миң азгырыктарына алданбай, ыплас жашоодон оолак болуп, табиятыбыздагы асыл сапаттарды өөрчүтүү үчүн **«ахсан-и таквийм - эң мыкты түзүлүш»** аттуу изги долбоорду Өзүнүн китептери аркылуу жалпы адам баласына маалымдаган. Аны ишке ашырып, бизге таалим берсин деп пайгамбарларды жиберген.

Анткени бир нерсени жаратуу үчүн тек гана мыкты деп эсептелген жоболорду жаза кою же иштеп чыгуу жетиштүү эмес. Жол-жоболор, мыйзам-өкүмдөр канчалык кынтыксыз болбосун, алардын кагаздан жүзөгө, сөздөн ишке ашырылышын тастыктоо кажет. Тескерисинче, ал изги жоболор адамдын аң-сезимине сиңбей, куру кыял бойдон калып кетет. Бул нары катаал, нары татаал сынак дүйнөдө пендезаада үлгүгө муктаж болгону болгон. Акыйкат-чындыкты, дүйнөнүн сулуулугун, өмүрдүн баалуулугун өрнөксүз, мисалсыз аңдоо мүмкүн эмес. Үлгүнүн шарапаты менен аң-сезим агарып, жакшыны да, жаманды да таамай тааный алат. Ошондуктан адамды түбөлүк бак-таалайга жеткире турган, Жараткан койгон изгилик жоболорун жүрүм-туруму, жашоо ыңгайы менен көрсөтө турган мыкты үлгүгө, ахлактык жолбашчыга муктажбыз.

Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* аркылуу Ыйык Курандын жиберилишиндеги аялуу сыр да мына ушул жерде жатат. Тактап айтканда, Курандагы өкүмдөрдү, буйруктарды жүзөгө ашырып, аны менен жашоо гана туура болоору Алла Элчисинин өмүр-жашоосунан кашкайып көрүнүп турат. Пайгамбарыбыз болбогондо, көрпенде напсиге алданып диндин өкүмдөрүнө кол шилтеп, аларды жүзөгө ашыруу мүмкүн эместигин жар салмак. Анткени мурунку пайгамбарлардын көзү өтүп, алар алып келген улуу мыйзамдарды орундатар адамдар калбай калган доорлордо пенделер Алланын китептериндеги нечендеген изги ережe-жоболорду, буйруктарды четке кагуу менен: «Буларды жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес!» деп өз кызыкчылыктарына жараша жеңилдетип, бузуп жок кылышкан.

Буйрулган улуу мыйзамдарды жүзөгө ашырууга чындыгында адам баласынын дарамети жетерин тажрыйба өзү көрсөткөн. Алланын акыркы Китеби саналган Ыйык Куран Азирети Мухаммаддын жүрөгүнө илхам кылынып, аты аталган жогорудагы улуу долбоор ага ыроолонгон. Жалгыз өзүнө гана ыроолонбостон аманат катары, белгиленген чекке чейинки адамдарга жеткирүү, аларга сүйдүрүү, «мыкты түзүлүшкө» өрнөктүк кылуу шарты менен берилген.

**«... (Элчим!) Мурунку Китеперди тастыктоо, адамдарга жолкөрсөтүүчү жана сүйүнчү иретинде Алланын уруксаты менен сенин жүрөгүңө Жабраил Куранды салган»** (Бакара сүрөсү, 97-аят).

Ардактуу Пайгамбарыбыздын жүрөгүнөн түнөк тапкан Куран заматта анын бүтүндөй турпатынан көрүнө баштайт. Дене-турпатынан гана эмес, сөзүнөн да, жүрүм-турумунан да, абийири, ой-пикиринен да оргуштап, көптөрдү ойго салат. Ошентип Азирети Мухаммад Мустафанын бүтүндөй жашоосу Ыйык Курандын жандуу мүнөздөмөсү, акыйкат аныктамасы, чечмелениш-тафсири болуп кала берди. Кудай Таала анын жеке адамдык сапатын Өзүнүн акыйкаттары жана артыкчылыктары менен шөкөттөйт.

Адампенде өзү жактырган тарапты үлгү тутат. Бирөөгө окшошууга болгон арзуусу күчөсө, окшошууга аракет кылса, демек, анын сүйүүсү күчтүү. Өрнөк тутунуу – катуу жактыруунун белгиси. Ар бир элдин калыптанган багыты, ошол жакшылыкты таштап кеткен көсөмү болот. Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* үлгүлүү адамгерчилигинен, сүйүүсүнөн жаңы жашоо тапкан сахабалар анын Пайгамбарлык тарбиясынан калыптанып, тарыхка «асры-саадат - бактылуулук кылымын» тартуу кылды. Хунайн казатында сахабалар андан кайрат алды, Ухуд согушунда берилүүнү жана тобокелчиликти аны менен кошо баштан кечирди. Жумушта, үй-бүлөдө, соодада, жеке мамиледе, социалдык вазийпаларда, ахлактуулукта болсун, же ибадат кылууда болсун, сахаба атпай аны үлгү тутунуп, бүтүндөй изгиликти андан алды. Пайгамбарга болгон ысык ыйман, урмат-сый жана талыкпай ээрчүүнүн натыйжасында гана алар сахаба деген улук шарапатка эгедер болуп, ахлак менен адамгерчиликте кол жеткис бийиктерге жетишти.

Куранда минтип айтылат:

«(Элчим!) **Сен шек-күмөнсүз изги ахлактын сересиндесиң!»** (Калам сүрөсү, 4-аят).

Азирети Пайгамбарыбызга Курандагыдан артык мүнөздөмө берүүгө мүмкүн эмес. Анткени Жараткан Алла Таала адам баласына тиешелүү барча асыл сапаттарды, ахлактуулукту, изги кулк-мүнөздүн эң мыктысын Азирети Мухаммаддын боюна ширеткени чындык.

Ушул себептен болсо керек, ыймандуусу да, ыймансызы да Алла Элчисинин ажайып ахлагына жана асыл сапаттарына таң калып келет. Жадагалса, көптөгөн Ислам душмандары: «Биз сенин **ишенимдүү** жана **чынчыл** адам экендигиңди билебиз. Бирок ушу алып келгениңди каалабай турабыз» деген каардуу мушрик Абу Жахилден тарта бүгүнкү күндөгү нечелеген таанымал каапырлар да ардактуу Пайгамбарыбыздын адамдык сапатынын бийиктигин, анын улуу инсан экендигин моюнга алып жүрүшөт. Тарых анын изгилигин ошондон берки ар бир кылымда эң алдыңкы сапка каттап келет. Мына ошонун бирине назар салалы.

Америкалык илимпоз Майкл Харт 1979-жылы тээ Адам Атанын доорунан берки жашап өткөн эң таасирлүү адамды аныктоо боюнча атайын иликтөө жүргүзөт. Улуу инсандардын, залкарлардын баарын шык-жөндөмүнө, күрөшүнө, ийгилигине, иш-аракеттерине байланыштуу толгон токой маалыматтарды топтойт. Жумушчу топтун бир канча айга созулган иликтөөсүнүн жыйынтыгында Азирети **Мухаммад Мустафа** *(саллаллаху алейхи васаллам)* дүйнөдөгү эң таасирлүү адам деп табылат.

Мындан көп өтпөй 1979-жылы Ле Поинт аттуу француздардын журналы Мухаммад Пайгамбарыбызды **«жылдын адамы»** деп тандайт. 1979-жылдын 29-декабрында чыккан бардык гезиттер бул тандоону: *«Азирети Мухаммад 571-632-жылдар аралыгында жашап өткөнүнө карабастан анын таасири бүгүнкү күндө арткандан-артып, миллиондогон адамдар ал салган чыйыр жолдон тайбай келе жатышат»* деп түшүндүрүшөт (Зафер журналы, 97/3-8).

Анткени анын жолу менен жашоо адам баласы үчүн тозоктон аман калуунун, кутулуунун, бак-таалайдын жападан жалгыз жолу.

Анын изинен басуу - жакшы өмүр кечирүүнүн себепкери.

Сахабалар жеткен улуу шарапатка жана ызаатка жетүү үчүн акыркы Пайгамбарды жандан артык сүйүп, бул жалгандагы бардык иш-аракеттерибизди анын сүннөтү менен салыштырып, ошого жараша багыт алышыбыз зарыл. Аны жөн гана окуп же угуп койбостон, чын жүрөктөн ыйман келтирип, башкаларга таанытып, башкаларга да сүйдүрүшүбүз абзел.

Айтылгандардын баарын жүзөгө ашыруу үчүн оболу канткенде анын жолунан тайбай баса алаарыбызды ойлонушубуз керек. Ушул ой-санаадан арылтуу, бизди түйшөлткөн бул суроого жооп берүү үчүн колуңуздардагы **«Исламдын изги маданияты - 3»** аттуу китепти жазууну эп көрдүк. Кутман Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* мыкты калыпка салынган жашоосунун изги элестерин мурдатан жаза келген ыкма менен түшүндүрүүгө аракет жасадык. Бул эмгекти жазууда мурда басылган китептерибизден жана башка белгилүү булактардан пайдаландык. Биз канчалык аракеттенсек да, бул эмгек адеп-ахлактын туу чокусуна жетип, жалаң изгиликти таштап кеткен кадырман Пайгамбарыбыздын кадыр-баркын чагылдырууда деңиздин тамчысындай эле кеп экендигин баса белгилеп койгонубуз абзел. Ал эми бул жерде айтылган жана айтылбай калган изгиликтердин баарын акактан тунук адамгерчилигине сиңирген Пайгамбарыбыз экени түшүнүктүү. Ал таштап кеткен изгилик ааламын таанытуу үчүн жасаган далаалатыбыз, мактообуз, эскерүүбүз, арийне аздык кылат. Муну биз эле эмес, Алла Элчисин өз көзү менен көргөн сахаба Азирети Али да моюнга алган:

*«Кимге Алла Элчисинен бир хадис, же бир абал маалымдала турган болсо, хидаят, намаз жана такыбаалык өңүтүнөн Азирети Пайгамбарыбыз ошо айтылгандардан алда канча жогору турарын билип койсун!»* (Ахмад, I, 122).

Мына ушундай сезим, ушундай кылдаттык менен адам баласына эки дүйнөдө тең пайда келтире турган кызмат жана ынтымак-ырашкерликке данакер болчу өз ара мамилелер тууралуу ардактуу Пайгамбарыбыз коюп кеткен эреже-жоболорду мүмкүн болушунча жугумдуу, нары түшүнүктүү кылып жеткирүүгө аракет жасадык. Ошондой эле бул маселелерди дагы да ынанымдуу түшүндүрүү үчүн Алла Элчисинин руханий тарбиясында жетилген кутман

сахабалардын, элчилердин мураскерлери саналган олуялардын[1] жана алардын изи менен келе жаткан инсандардын ибараттуу икаяларынан, үлгүлүү жактарынан мисал келтирдик.

Азирети Пайгамбарыбыздын, сахабалардын жана Жараткандын сүйүктүү олуя пенделеринин бийик ахлагынан аз да болсо таалим алуу, Куранда буйрулган ахлактуулукту жашай билүү, өмүрдү Алла Таала жана Анын Элчиси ыраазы боло тургандай изгилик менен кечирүүдөн башка эч кандай ниетибиз жок. Окурмандарыбыз бул китепти окугандан кийин ушу айтылган ниеттерге кошулса, жакшылык тапса дейбиз.

Сөз соңунда бул эмгекти даярдоодо жакындан жардам берген Мурат КАЯ баш болгон ак ниеттүү досторубуздун баарына жана китепти кыргыз тилине которгон котормочу Акылбек Халбековго чын дилден ыраазычылыгымды билдирем. Алардын бул албан мээнети эсепсиз соопко айланышын Жараткандан тилейм! Алла аларга ыраазы болуп, эки дүйнөдөгү жашоосун нурга бөлөсүн! Бул эмгек бир кишиге болсо да өз таасирин бере алса, өзүбүздү бактылуу сезебиз!

Жараткан Алла Таалам бардык жакшы ниеттерибизди кабыл кылсын, амал дептерлерибизди соопко толтурсун! Бийик ахлагы менен Курандын жандуу көрүнүшү саналган Азирети Пайгамбарыбыздын руханий берекесин көөдөнүбүзгө жаадырсын!

Оо, Жараткан Кудай Таалам, Азирети Пайгамбарыбыздын жолунда аны сүйүп, анын ахлагынан таалим алып, Исламдын изги маданиятын көтөрүүнү бизге насип кыл!

Оомийн!

*Осман Нури ТОПБАШ*
*2007-жылдын апрель айы.*
*Стамбул-Үскүдар*

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ
## КЫЗМАТ

**«Ким элине ак кызмат өтөсө, ырасында, ал кадырман, улуу инсан»** (куттуу хадис. Дайлами, Муснад, II, 324).

**«Бүгүн Алла ыраазылыгы үчүн эмне жакшылык кылдың?!»**

Кызмат – Жараткан Алла Таала тарабынан бизге тагылган пенделик милдет. Момун мусулмандын жашоосу жаратылыштагы бүтүндөй жандууларга кызмат кылуу менен берекеге, шаңга жана бакытка тунат. Өлчөлүү аманат өмүрдү Алланын ыраазылыгы үчүн кызматка арнаган пенде өлүмсүз жандүйнөсүн түбөлүккө азат кылган болуп эсептелет.

Азирети Мавлана муну мындайча чечмелейт.

«Ибадаттарыңды орундатып, башкаларга урмат-сый көрсөтүп, элге-журтка жакшы ниет менен кызмат кылган сайын жандүйнөңдүн көзү ачылып, азыркы көрүнгөн түстөрдөн башка дагы ажайып түстөрдү көрө баштайсың. Жөнөкөй таштар акак, жакут болуп көрүнөт».

Жараткан Алла Таала пенделерине сансыз жакшылыктарды берген. Мунун артында көптөгөн максаттар бар. Ошолордун бири – айлана чөйрөбүздөгү макулуктарга кызмат кылуу. Ыроолонгон жакшылыктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү эске албастан өз көмөчүнө күл тартып кызматтан качкан пенделерди мөмөсүз даракка салыштырууга болот. Адам баласы бул өңүтүнөн чынар терекке окшош. Мисалы, чынар теректин баркы өтө жогору. Жүз жылдар бою жашай алат. Бирок анда мөмө деген нерсе болбойт. Жадагалса тилинип курулушка колдонууга да жарабайт. Тек гана отун кылып жакса болот. А зейтунду алалычы. Тигилгенден бир жыл өткөн соң эле кадимкидей мөмө бере баштайт. Чынар теректей болуп калдайып, узарып да кетпейт.

Адамзаада мал-мүлк, саламаттык, илим-билим сыяктуу дагы башка көптөгөн заттык жана рухий албан мүмкүнчүлүктөргө ээ болгонуна карабастан чынар терек сымал мөмөсүз жашоону тандаса, анда өз бактысына өзү балта чапкан болот. Андыктан мусулман пенде зейтун дарагы сыяктуу дароо мөмө берүүгө жан үрөп, айлана-чөйрөсүнө пайда келтирүүнүн камын көрүшү керек. Момун мусулмандын мөмөсү – элге, журтка, айлана чөйрөгө кызмат кылуу.

Жараткан Алла Таала кызматтын артына купуя сырды катып койгон. Аллага ибадат кылуу үчүн жаратылган пенделерге кам көрүү, кызмат кылуу, жардам берүү өтө сооптуу иштердин

катарынан орун алат. Динге кызмат кылган, кыйналып жүргөн пендеге жардам берген адамдын башына түшкөн мүшкүлдөрүн жеңилдетүүнү Алла Таала Өзү кепилдикке алат. А өз дартынан башканы ойлобогондорду өз алдынча койот.

Кызмат – бул напсинин өзүмчүлдүгүнөн арылып, камкордук сапатты өнүктүрүү менен бирге Жараткандын ыраазылыгын табуу. Ак дилден өтөлгөн кызмат Аллага болгон ысык ыймандын белгиси.

Ар бир момун мусулман Жараткандын ыраазылыгын табуу үчүн өз коомуна астейдил кызмат кылууну маанилүү милдет катары көрүшү керек. Кызмат кылууну жашоонун мазмунуна айландырган инсанды коомчулук жерге таштабайт, кадырлайт, баалайт. Пенденин сыйы пендечиликтин чеги менен аныкталат, бирок инсан Алланын даргөйүндө гана бийик мартабага жетерин эч убакта эсинен чыгарбашы керек. Куттуу хадисте минтип айтылат:

*«Ким элине ак кызмат өтөсө, ал кадырман, улуу инсан»*[2].

Абу Хурайранын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтымына караганда сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Бир пенде жолдо жаткан шакты көрүп «Аллага ант болсун! Мусулмандарга залакасын тийгизбесин үчүн муну жолдон алып салайын» деп айтканын орундатты. Ал ушул себептен бейишке татыктуу болду»* (Муслим, Бирр, 128).

«Бир адам жолдун ортосунда жаткан тикенди көрүп аны жээкке ыргытып салды. Ушул себептен Алла ага ыраазы болду жана күнөөлөрүн кечирди» (Бухари, Азан, 32, Мазалим, 28; Муслим, Бирр, 127, Имара, 164).

Жараткандын ыраазылыгы кээде чын дилден аткарылган кичинекей бир иштин артында катылуу болушу мүмкүн экендигин эч качан унутпашыбыз керек. Андыктан чоң-кичине дебестен колдон келген пайдалуу иш жасап, такай Улуу ыраазылыкты издегенибиз дурус.

Алланын даргөйүндөгү эң жагымдуу амал – Анын ыраазылыгы үчүн адамдарга кызмат кылуу жана ахлактуулук. Чындыгында Алланын жолунда жүрүү коомго кызмат кылууну, камкордукту жана ибадаткөйлүктү туюнтат. Буга ишаарат кылган Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Адамдардын эң жакшысы – айлана чөйрөсүндөгү адамдарга пайдасын тийгизген адам»* (Ибн Хажар, ал-Маталибул-Алийа, I, 264).

Ошондой эле маанисиз көрүнгөнү менен Анын ыраазылыгына төп келген айрым бир кызматтар ордун тапса, нечелеген нафил ибадаттардан жогору турат. Бул чындыктын мисалы тээ Пайгамбарыбыздын заманында болуп өткөн:

Аптаптуу күн как төбөдөн уруп турган маал. Сапарга чыккандардын арасында Алланын Элчиси да бар эле. Жолоочулар тыныгуу үчүн ылайыктуу жер тандайт. Төөлөрүн чөгөрөт, жүктөрүн чечишет. Орозо кармаган сахабалар курсак ачып чаалыккандыктан баштарын катып, уйкуга кетишет. Орозо кармабагандары болсо көлөкөлөгөнгө чатыр тигет, мал-жандыкты сугарууга жана дааратка суу ташышат. Аны менен катар орозо кармагандарга да кызмат кылышат. Ооз ачар маал болгондо Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дейт:

*«Бүгүн орозо кармабагандар ашыкча соопко эгедер болушту»* (Бухари, Жихад, 71; Муслим, Сыям, 100-101; Насаи, Савм, 52).

Ардактуу Пайгамбарыбыздын бул нускасын аңдап түшүнгөн ар бир инсан анын адам баласы үчүн ашкере камкор, эмгекчил, нары кеменгер экенине күбө болот. Ал бүт өмүрүн адашкандарды туура жолго салуу, жандүйнөнү тазартуу, жүрөктү рухий жактан азыктандыруууу сыяктуу улуу кызматтарга арнаган. Ал муну менен катар коомдогу кызматтарды да майын чыгара аткарып, жалаң ийгиликтерди жараткан.

Маселен, Каабаны оңдоп-түзөөдө, Куба, Набавий (пайгамбар) мечиттерин куруууда, Хандак казууда кадырман сахабалардын тосконуна карабастан алар менен теңата иштеген. Дагы бир жолу жоро-жолдоштору менен тоо кыдырып келүүгө барышат. Чаалыккан мезгилде тамактануу үчүн баары бирден иш бөлүштүрүп алышат. Калыстыктын таасым үлгүсү саналган Азирети Пайгамбарыбыз отун жыйноо ишин өз мойнуна алат. Сахабалар бул ирет дагы өздөрү жыйнарын айтып көндүрө албай коюшат. Бир жолкусунда аны менен таанышуу үчүн арап урууларынын

билермандары келишет. Ошондо да, али Исламды кабылдай элек билермандарга астейдил ызаат көрсөтүп, жеке өзү аларга кызмат көрсөтөт. Бир иш менен үйүнө келген адамга көңүл буруп, көпчүккө отургузуп, сыртта болсо үстүндөгү чепкенин жерге жая салчу экен жарыктык Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам).*

Жаратылыш Нурунун *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай кичи пейилдиги менен ак көңүлдүгүнөн адам атпай үлгү алышы керек. Астейдил назар салсак, ал өмүрүн Жаратканга, пендезатка жана макулукка кызмат кылууга арнаган. Анын тарбиясын алган алтын муун бүт өмүрүн дин Исламга арнашкан. Сахабалар Алла жолуна кызмат кылган мезгилдерин турмуштун эң таттуу учуру катары эскеришкен.

Биртуугандык сезимдер алсырап, коомдон бейпилдик, ынтамак качып, кекчилдик менен түркөйлүк тушап турган азыркы заманда айрыкча «пайгамбар доорунун кызмат ышкына» муктаж болуп турабыз. Ушундай оомалуу-төкмөлүү кезеңде чын ыкластан кылынган кичинекей гана жакшылык менен кайрымдуулукка Жараткан Алла өтө чоң сооп тартуу кылары шексиз. Бул жагдай тууралуу атактуу аалым Имам-и Раббани мындай деген:

*«Ким ардактуу Пайгамбарыбыздын сүннөтүн тутунуп жана ал апкелген өкүмдөргө моюн сунуп жүргөн болсо, ал чыныгы бактылуу адам. Бүгүнкү күндө анын динин акыйкат дин деп ишенип, жасалган азыноолак жакшылыктар опол тоодой иштерге тете...»* (Мактубат-и Раббани, 44. Мактуб).

Ошондуктан оболу өзүбүздү жана урпактарыбызды Алла Элчисиндеги кызмат ышкына тарбиялап, жакшылык кылууну жандай сүйгөн чыныгы момун мусулман болууга кам көрүшүбүз керек.

Айта кетчү нерсе, биз жасаган жакшылыктар Алла Тааланын даргөйүндө айрым шарттардын негизинде кабыл кылынат. Ошол себептен шартка ылайык мейли кайрымдуулук болсун, мейли жакшылык же кызмат болсун чын ыкластан, боорукерлик, камкордук менен орундатылып, ниетте Алланын ыраазылыгынан башка эч нерсе болбошу керек.

Асыресе кызматта ийги ниетиң болгонуна карабастан ныксыраган тейде жай кыймылдоо жакшылыктын баркын түшүрөт. Алланын ыраазылыгына татыктуу болуу үчүн кызматты чоң немат, улуу мүмкүнчүлүк деп билүү, айрыкча соопко эгедер бололу десек, ибадаттагыдай берилүү менен өтөө керек. Кутман сахабалардын заманында болуп өткөн береги окуядан ар кимибиз сабак алсак болот:

Сахабалар казатка аттанат. Дайындалгандардын арасынан бирөө «Булар кете беришсин. Мен бешим намазын Пайгамбарым менен чогуу окуп, аны менен саламдашып, батасын алгандан кийин жолго аттанайын» деген ойдо топтон бөлүнүп калып кетет.

Бешим намазы өз убагында окулат. Топтон калган сахаба намаздан кийин Алла Элчисине салам берет. Чочулаган Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* суз гана алик алат да, таң калып сурайт:

*– Жолдошторуң сенден канчалык узап кеткенин билесиңби?*

– Ооба, бир кыйла узап кетишти, анткени алар эртең менен аттанышкан.

*– Напсимди Кудурети менен кармап турган Жаратканга ант этем, жакшылыкта алар сенден чыгыш менен батыштын ортосундагы эң узун аралыктай узап кетишти* (Ахмад, III, 438).

Башка бир вариантында:

*«– Эми, жер жүзүндөгү бүт нерсени кайрым кылсаң да, эртелеп кеткен топтун ийгилигин таба албайсың»* дейт (Тирмизи, Жума, 28/527; Ахмад, I, 256; Байхаки, III, 187).

Бул сахаба өз оюнда жакшы ниетте болгону менен кызматтан артта калгандыгы үчүн Алла Элчисинин эскертүүсүнө дуушар болду. Азирети Пайгамбарга жакын болоюн, аны кубантайын деген ою ишке ашпай, тескерисинче анын жүрөгүн оорутуп алат. Демек, Алла жолунда ак дилден кызмат кылуу көп нерседен жогору турат. Жеке кызыкчылык үчүн топтон бөлүнүп кызматтан калуу чоң жоготууга алып келээрине күбө болдук. Жараткан Алла биримдикте, ынтымакташа кызматташууну жана кызмат өтөгөнүбүздү көргүсү келгенин билсек кана, атаганат!

**«Акыйкатта, Алла Таала Өзүнүн жолунда бекем дубал өңдүү катар туруп күрөшкөндөрдү жакшы көрөт»** (Саф сүрөсү, 4-аят).

Сүйүү – бул машакатты мээримдүүлүк жолу менен жоюп жиберген эң таасирлүү күч. Сүйүү менен аткарылса, өтө оор деп эсептелген кызматтар да жеңилдейт, бат бүтөт. Алла жолундагы кызматтарды чын ыкластан, сүйүп орундаткан камкор момун-мусулман айлана чөйрөсүнүн тиреги, бейпилдик булагы. Мухаммед Икбалга таандык береги тамсил кыйынчылыкка сабыр кылгысы келген камкор пенделерге дем берет:

«Бир кийик бир кийикке арыз-муңун айтып турат:

– Жетишет, мындан кийин Ыйык Каабада жашайм. Ошол жайда жатып-туруп, оттоп курсак тойгузам. Анткени аңчылар тоого тузак койгондуктан, жаныбыз ар дайым бычак мизинде. Аңчылардын азабынан кутулуп, тынчтыкта жашагым келет!

Арыз-муңун сабырдуулук менен уккан экинчи кийик ага минтип кеңеш берет:

– Эй, акылдуу досум! Жашагың келсе, коркунучка тобокел кылып жаша. Өзүңдү ар дайым бүлөөгө кайрап, болот кылычтан өткүр жаша! Коркунуч күч-кайратты, кудуретти сынайт. Дене-турпаттын, анын ичиндеги көзгө көрүнбөгөн киши рухунун эмнелерге кудуреттүү экенин бизге ошо кооптуулук билгизет».

Бул дүйнөдө жасай турган эң зарыл кызматыбыз – Исламды жаю жана адамдарга ыйман таалимин берүү. Тактап айтканда, жакшылыктын, сулуулуктун, акыйкаттын маанилүүлүгүн жетик түшүндүрүүнү, маңкурттуктан, жамандыктан кайтарууну мусулмандык милдет катары санашыбыз керек. Жараткан Алланын Китеби менен Анын Элчисинин улуу сүннөтүн жашоонун маңызына айлантуу үчүн иралды эл-журтка кызмат кылуу, акыйкатка чакыруу өңдүү вазийпаларды сүйө аткарышыбыз керек.

## 1.Чакырык

Мээримдүүлүк, ырайымдуулук – мусулманды башка пенделерден айырмалаган өзгөчө касиеттерден. Жаратканы себептүү жаратылган жандуу-жансызга көрсөтүлгөн боорукерлик жүзөгө аша алса, нагыз кызмат ошо. Алла Тааланы таанууга, Ислам динине, сүйүүгө чакыруу мына ошол кызматтагы алгачкы кадамдар.

Элди жакшылыкка үндөө, жаңылыштыктарын түзөлтүү, билбеген нерселерин үйрөтүү, алардын ыйманына дем берүү жана Аллага жакын пенде болуунун багытын көрсөтүү – бул улуу кызмат. Пендезаттын бул дүйнө жана акырети үчүн пайда келтирген бул кызматты канчалык бериле аткарсак гана ыйманды ыроологон Жараткан Алла Таалага шүгүр келтирген болобуз. Ошону менен катар бул салих амал Алланын ыраазылыгына жеткирип, өмүрүбүздү берекеге карк кылат. Адам баласына Жаратккандын береги мактоосуна татыктуу болуудан өткөн таалай болбосо керек:

«(Адамдарды) **Аллага ыйман келтирүүгө чакырып, салих амалдарды аткарган жана «Мен мусулманмын!» деген пенделен өткөн чынчыл ким болушу мүмкүн?!»** (Фуссилат сүрөсү, 33-аят).

Жараткан бизди Өз ыраазылыгына татыган, түбөлүк бак-таалайды багынткан момун мусулман болушубузду каалайт.

**«Араңарда жакшылыкка чакырып, сооптуу амалдарга үндөгөн жана жамандыкты тыйган бир жамаат болсун. Мына ошолор –** (азаптан) **кутулуучулар»** (Аали Имран сүрөсү, 104-аят).

Касиети улук чакырыктын маанилүүлүгүнө ишаарат кылган Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Жараткан Аллага ант этип туруп айтам! Сенин себепкерлигиң менен Алла Таала бир пендесин туура жолго баштаган болсо, бул сен үчүн* (ошол кезде өтө баалуу мүлк саналган) *кызыл төөлөрдүн ээси болгонуңдан да пайдалуу»* (Бухари, Асхабун-Наби, 9).

Азирети Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун)* дүнүйө-мүлкүнүн көбүн кулдарды азаттыка чыгарууга жана аларды ыйманга чакырууга сарптачу экен. Момун мусулманды кубантуу жана анын мусулмандык милдеттерин тоскоолсуз орундатылышын камсыз кылуу Азирети Абу Бакр үчүн сөз жеткис бакыт эле. Байлыктын ушундай жолго жумшалып жатканын жактыра бербеген атасы Абу Кухафа күндөрдүн биринде уулуна сөз салат:

– Уулум, сен качан болбосун алсыз кулдарды сатып алып азат кылып жүрөсүң. Андай эле кул азат кылгың келип жатса, күч-кубатуу, олбурлуу, каруулуу кулдардан сатып ал. Ар кандай кооптуу жагдайларда алар сага жансакчылык кылат, ишиңе да жарайт...

Атасынын жаңылыш түшүнүгүн оңдоо үчүн ал өз максатын баян кылат:

– Атаке, менин мындагы негизги максатым – Алланын ыраазылыгын табуу. Мен бул иштен Кудайымдын үзүр-соообун гана тилейм, башка эч нерсени эмес.

Азирети Абу Бакрдын ушул жана башка берешендигин жана кызматты сүйгөн аккөңүлдүгүн мактоо иретинде береги аят түшүрүлгөн:

**«Мал-мүлкүн Алла жолуна сарптаган такыбаанын** (арамдан сактангандын), **ал улуу сөздү** (Лаа илааха илла-Аллах, Мухаммур-Расуулуллах (келмени) **тастыктаган адамдын жолун жеңил кылабыз»** (ал-Лайл сүрөсү, 5-7-аяттар)[3].

Кадырман Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир хадис:

*«Туура жолго чакырган адам, чакырыкка моюн сунгандардын үзүрүнө тете үзүр табат. Бирок моюн сунгандардын үзүрүнөн эч нерсе кемибейт. Жаман жолго баштаган адам ошол жолго түшкөндөрдүн күнөөлөрүндөй күнөөгө батат. Бирок, өзүн ээрчигендердин күнөөсүнөн эч нерсе кемибейт!..»* (Муслим, Илим, 16; Абу Давуд, Суннат, 6/4609).

Маалым болгондой, жакшылыкка, акыйкатка чакыруунун үзүрү да, жаман, бузуку жолго баштоонун кесепети да асмандан жааган кар сымал көбөйүп олтуруп нары салмактуу, нары чоң үймөккө айланып калып жатат.

Чакырык-даават иши ошол эле маалда «чоң күрөш-жихад» деп аталат. Анткени Алла Таала Куранда мындайча буйруйт:

**«Каапырларга эч убакта моюн сунба! Жана мунун** (Куран) **жардамы менен бар күчүңдү сарптап, аларга каршы чоң күрөш ач!»** (Фуркан сүрөсү, 52-аят).

Аяттагы **«чоң күрөш»** деген буйруктун Мекке доорунда, мусулмандардын каапырларга каршы чыккыдай күчкө ээ боло элек кезинде келиши жихаттын чыныгы маанилеринин бирин, башкача айтканда, Куранды жана андагы өкүмдөрдү элге жеткизүүнүн зарылдыгын ортого коюда. Анткени бул аят түшкөн маалда момун мусулмандардын колунда Алланын сөзүнөн башка эч нерсе жок эле. Болгону алар Куранды өздөрү үйрөнүп, муну менен катар ага ыйман келтирип, аны сүйө окуунун пайдалуулугун башкаларга түшүндүрүү менен алектенип жаткан эле. Өмүрдүн бычак мизинде турганына карабастан Исламга чакырууну үзгүлтүккө учуратышкан эмес эле.

Үгүт кызматында көздөгөн максатка жетүү үчүн ыралды дааватчы өзү Куранды түшүнө билген, анын буйруктарын кынтыксыз аткарып, аны менен жандүйнөсүн байыткан жана анда айтылган адеп-ахлакты тулку боюна сиңирген деңгээлде болушу керек. Анткени Исламга чакыруудагы эң мыкты үгүт жана эң мыкты усул – адам өзү биринчилерден болуп Курандын өкүмдөрүн жана Исламдын изги маданиятын ибадаткөйлүгү, такыбаалыгы, жүрүм-туруму, кийген кийими, сүйлөгөн сөзү, кылган иши менен көрсөтө алышы керек. Ошондо гана максат жүзөгө ашат.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* үгүт-насаат вазийпасын жана мусулмандык жоопкерчиликти үммөтүнүн эсине салып, бул улуу кызматка дайыма шыктандырып турган. Ал өз хадисинде минтип айтат:

*«Менден бир аят болсо да аңдап угуп, адамдарга жеткиргиле!»* (Бухари, Анбия, 50).

*«Менден бир хадис угуп, аны башкаларга жеткирүү максатында өзгөртүүсүз сактаган пенденин жүзүн Алла Таалам жер каратпасын! Анткени укканын уккандай, дегенин дегендей, жадагалса ошол изгиликти айтып берген адамдан да жакшы түшүнгөн, андан да жакшы жүзөгө ашырган адамдар бар»* (Тирмизи, Илим, 7).

Адамзааданы жамандыктан, бузукулуктан тосуп, жакшылыкка жылоолоо Кудайга болгон ыйманыбыздын салмагын туюнтарын эске салган Пайгамбардын берегі сөзү абдан ибараттуу:

*«Кимде-ким бир жамандыкты көрсө, колу менен түздөсүн. Буга күчү жетпесе, тили менен жайгарсын. Эгер буга да дарамети жетпесе, ошол ишти жүрөгү менен жаман көрүп койсун. Бул* (жүрөктөн жагымсыз кабылдоо) *– алсыз ыймандын абалы»* (Муслим, Иман, 78).

Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде жакшылыкка үндөө, жамандыктан тосуу жоопкерчилиги тууралуу кеп кылып олтуруп мындай мисал келтирген:

*«Сапарга чыккан жүргүнчүлөр кеменин жогорку жана төмөнкү кабатына жайгашышат. Төмөнкү кабатка жайгашкан саякатчылар: «Сууга болгон муктаждыгыбызды айтып улам эле чыга берсек, жогорку кабаттагылардын тынчын алыпкоюшубуз ыктымал. Андан көрө кеменин түбүнөн кичинекей тешели да, сууну ушул жерден алалы» деп өз-ара кеңеш курат.*

*Мына ушундай кырдаалда жогорку кабаттагылар төмөндө жайгашкан саякатчыларды чукул арада токтотуп калбаса, баары чөгүп кетишет. Эгер алар кеменин түбүн тешүү өтө жаңылыш экенин түшүндүрө алышса, өздөрүн да, башкаларды да чөгүп кетүүдөн аман сактап калышат»* (Бухари, Шахадат, 30; Тирмизи, Фитан, 12).

Азирети Пайгамбарыбыз жөөт элинин кантип бузулганын мындайча кабарлаган:

*«Башында алар жагымсыз ишти кылып жаткан бирөө-жарымды көрүп калса: «Эй тууган! Кудайдан корк, бул жоруктан баш тарт! Бул ишти жасоо сага адал эмес!» деп эскертчү эле. Кийинчерээк айыпкердин күнөөгө батып жатканын көрсө да, аны менен чогуу олтуруп, кошо жеп-ичүү үчүн көрмөксөнгө салчу болушту. Ошондон тарта Алла Таала алардын жүрөгүн бири-бирине окшотуп салды».*

Жаратылыш Нуру (саллаллаху алейхи васалла) жамбаштап жаткан жеринен дароо туруп, малдаш токуна олтуруп сөзүн минтип толуктаган:

*«Ошондуктан силер да бири-бириңерди жакшылыкка үндөп, жамандыктан тосуп, заалымдын өкүмзордугуна каршы турушуңар керек. Болбосо, Алла Таала жөөттөр сымал жүрөгүңөрдү бири-бирине окшотуп, силерге да каргыш айтат»*[4].

Улуу ойчул, Ислам аалымы Газалинин пикиринде кайрыдиндер жана күнөөкөрлөр менен убакыт өткөрүү ыралды пакиза адамдын акыл-эсин азгырат. Убакыттын өтүшү менен ошолорчо ойлонуп, жадагалса жүрөк да ошолор каалаган нерселерди самай баштайт. Бул көрүнүш кулпенденин капшаптуу азапка өз ыктыяры менен бара жаткандыгын каңкуулайт.

Исламга үгүттөө вазийпасын таштап салуу мусулманды бул дүйнөдө да, акыретте да чоң кыйынчылыктарга кириптер кылат. Бул чындык тууралуу Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* мындайча маалымат берет:

«Биздин угушубузга караганда кыяматта адамдын жакасына бейтааныш бирөөлөр келип асылат экен. Шашкалактаган адам анын эмне талап кылгандыгын жана аны тааныбасын айтат. Ошондо жакалаган адам доомат койот:

– Тигил дүйнөдө жашап жүргөндө мени жаңылыш иштерге тарттың, эскертүү бербедиң, бузукулуктан тосподуң! [5]».

Баштай айтылгандай, үгүт-насаат вазийпасын аркалаган мусулман илимдүү, такыбаа жана ахлактуу болушу керек. Анткени караңгы же жүрүм-туруму начар пенденин үгүтүн кайсыл жагынан алып карабайлы жаңылыштыктарга жол ачышы толук мүмкүн. Андыктан бул жолдо эң оболу **«илим жана жана рухий байлык»** өтө зарыл деп эсептелет.

Элге Исламды жеткирүүнү самаган момун мусулман оболу жеке кишилик сапатын оңдоп, терең ойлонуп иш алып барышы керек. Анткени карапайым калкты бир нерсеге чакыруу жана ага ишендирүү үчүн оболу насаатчы өзү ишенип, айтылган сапаттарды өзү көрсөтө билиши керек. Тактап айтканда, дааватчы өзү ыймандуулуктун, акыйкаттын, ахлактуулуктун, кичи пейилдиктин, такыбаалыктын, кыскасы, жаамы изгиликтин жандуу өрнөгү болушу керек. Антпесе элди ээрчитүү мүмкүн эмес. Бул өңүттөн биз үлгү туткан пайгамбарлардын баары чакырык мазмунундагы нерсенин баарына өзү **жандилден «ишенерин жана карманаарын тажрыйба жүзүндө тастыктап»,** чөйрөнүн кызыгуусун арттырган. Дааватчынын кыраакылыгы жана даанышмандыгы айрыкча мына ушул жерде талап кылынат. Ошол себептен руханий жактан кирдеген, жүрөгүндө чакырыктан башка дарты барлардын дааватка билек түрүнүшү оркойгон жаңылыштык болуп эсептелет. Мындай диндештерибиз «чылпагын алам деп көзүн оюп алган» сыңары, дин эмне экенин түшүнбөй туруп Исламга доо кетирет, түшүнбөөчүлүктөргө жол ачат.

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* айткандай «Ийри нерсенин көлөкөсү да ийри болот». Ырас, ийри сызгычтан эч убакта түз сызык чыкпайт, жалгыз Алла Таалам кааламайын.

Куранда Исламга чакыруунун усулу мындайча белгиленген:

«(Элчим!) **Элди Жараткан Эгеңдин жолуна көсөмдүк жана нуска насаат (жылуу сөз) менен чакыр! Ошондой эле ийги ыкма менен иш жүргүз...»** (Нахл сүрөсү, 125-аят).

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* даанышмандык менен изги насааттын баалуулугун:

«Адамдардын жүрөгүн жумшартуу үчүн кишини ойлонто турган накыл сөздөр менен эскертүү бер. Жүрөгүңдү насаат менен көрктөндүрүп, даанышмандык менен нурлант!» деп сырдуу сөздөр менен түшүндүргөн.

Исламга кыска, нуска жана түшүнүктүү жана жатык тил менен чакыруу кажет. *«Канчалык көптү билген аалым болбо, көңүлүңдөгүнү угарманга жетик түшүндүрө албасаң, бекер убарасың!»* деп Мавлана олуя[6] түшүндүрө билүү жөндөмүнүн жана тил байлыгынын маанилүүлүгүн баса белгилеген.

Момун мусулман дааватта **«сындоо, кемчилик өзүмө, мактоо, татыктуулук башкаларга»** деген ийги усулду колдонуп, жалпы угармандар түшүнө ала турган жатык тил менен түшүндүргөнгө аракет кылышы керек. Дааватчы ошондой эле коомдун алдындагы милдетин сезе билип, тыңдоочуну баалап, ага астейдил сылык мамиле жасаганы оң.

**Изгиликтин үлгүсү**

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* Исламга чакыруудагы кыраакылыгын жана темирдей кайраттуулугун Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

**«Сен** (оболу) **жакын туугандарыңды чакыр** (акырет азабын эскерт!)» (Шуара сүрөсү, 214-аят) деген аят түшүрүлгөн соң Алла Элчиси мени чакырып мындай деди:

– Али, Улуу Алла Таала мени эң жакын туугандарыма эскертүү берүүгө буйруду. Бул мени сар санаага салды. Мен эгер муну эл-журтка билдирсем, сөзсүз жагымсыз нерселерге туш болушум ыктымал. Муну жүрөгүм сезип турат...

Ошондуктан сен койдун бир санын салып тамак жаса. Бир идишке сүт алып кел. Андан соң Абдулмуталлибден тарагандарды чакыр. Алар менен дидарлашып, келген буйрукту аларга жеткирейин».

Туугандар топтолуп келди, сый тамак желди. Бир кишилик тамактын кырк кишиге жеткенин көргөн Абу Лахап:

– Чынында таң калыштуу иш болду. Мухаммад силерди сыйкырлап салды! Буз буга чейин мынчалык ажайып сыйкырды көргөн эмепиз – сыяктуу обу жок нерселерди айтып, эми эле сөзгө баштаган Алла Элчисин сүйлөткөн жок.

Абу Лахаптын сөздөрү Пайгамбарыма өтө оор тийди. Ал унчукпай олтуруп калды. Келген меймандар да тарап кетишти[7].

Алла Элчиси буга майышып олтуруп калбай, кыйынчылыктарга сабырдуулук менен көкүрөк кере баштады. Анын эртеси туугандарын дагы чакырып дагы жагымсыз сөздөрдү укту. Ошого карабай максатын түшүндүрүүгө талыкпай аракет жасай берди[8].

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде Жараткандын буйругун орундатуу максатында Сафа дөңсөөсүнө чыгып Курайш уруусуна үн салды. Эмне жаңылык болуп кетти деген кызыгууга жетеленген аламан дөңсөөнүн бооруна жыйналып келишти. Бийигирээк борчук таштын үстүнө чыккан Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* элге кайрылды:

– *Кадырман Курайш жамааты! Ушу тоонун ары жагында же ушул өрөөндө душмандын аттары турат. Азыр силерди басып кирип, мал-мүлкүңөрдү талап кетет десем мага ишенесиңерби?*

Аламан калк эч ойлонбой туруп бир ооздон:

– Ооба ишенебиз! Анткени ушул убакка чейин сенин бир да жалган айтканыңды уккан эмеспиз! Сени ар убак туура жүрүп, туура сүйлөгөн чынчыл адам катары тааныйбыз! – деп чуулдап жиберишти[9].

Келгендердин бир ооздон берген таасым баасын алгандан кийин Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларга Кудай Таала жөнөткөн жарлыктарды угуза баштады:

*«– Андай болсо мен азыр силерге алдыда коркунучтуу азап күнү күтүп турганын, Алла Таалага ишенбегендердин ошол азапка дуушар болоорун кабарлап жатам. Ошол азапты эскертүү үчүн мен силерге пайгамбар болуп жөнөтүлдүм.*

*О, Курайш жамааты! Менин ушу азыркы абалым кудум кооптуу душманды көрүп, үй-бүлөсүнө зыяны тийип калышынан чочулап, кабар берүү үчүн алдастап чуркап келген адамдын абалына окшоп турат.*

*Баарыңар уйкуда мемиреген өңдүү өлөсүңөр. Уйкудан адаттагыдай ойгонгон сыңары тирилесиңер. Мүрзөдөн туруп Алланын алдына барарыңар, бу дүйнөдөгү жасаган бардык иш-аракетиңердин эсеп-кысабын берчү күндүн келээри кашкайган чындык. Натыйжада кайрымдуулугуңардын жана ибадатыңардын үзүрүн көрөсүңөр, же күнөөңөрдүн жазасын алып катуу азабын чегесиңер! Үзүр – түбөлүктүү бейиш, жаза – түбөлүктүү тозок [10]».*

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул кайрылуусуна угармандар эч кандай деле жалпы каршылык билдирген жок. Бир гана жакын тууганы Абу Лахаб:

– О, колу куругур! Бизди бул жерге ушул үчүн гана чакырдың беле? – деп ачуу, нары орой акаарат келтирип Азирети Пайгамбарыбыздын пакиза жүрөгүн оорутту.

Абу Лахаптын мындай орой кадамына жооп катары «Таббат сүрөсү» түшүрүлдү:

**«Абу Лахаптын эки колу курусун! Куруду да жок болду. Байлыгы жана жыйгандары ага пайда берген жок. Аны менен курма буласына таңылган отунду жүктөнгөн аялы алоолонгон тозок отуна кирет!»** (Таббат сүрөсү, 1-5-аяттар) (Бухари, Тафсир 26/2, 34/2, 111/1-2; Муслим, Иман, 355).

Бул сүрөдө Абу Лахаптын аялы жөнүндө да айтылат. Анткени ал Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өтө турган жолго тикен коюп, ага азап тарттырган.

***

Өз милдетине бөгөт боло турган дүнүйөлүк бардык сунуштарды ойлонбой туруп четке кагып, Жаратканга кул болууну бүт нерсени жогору койгон Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* дин Исламды жайып жатышы мушриктердин түн уйкусун бузуп, кекиртегине кептелген кокотикен болот. Мусулмандарга заарын чачып, азаптап көрүшөт. Анткени жаңы келген дин алардын кызыкчылыгын колдобой турганын жакшы билишээр эле. Бул кырдаалдан чыгуу үчүн Абу Талипке барышат да, абалды түшүндүрүп, Азирети Мухаммадды бул жолдон кайтарууну өтүнүшөт. Абу Талип болсо чынчыл тууганына ооз ачпай, далай ирет аларды сылык гана узатып койот.

Убакыт улам өткөн сайын абал өзгөрмөк тургай башка нукта өнүгүп баратканын көргөн бутпарастар ого бетер жинденет. Абу Талипке кайра келишет. Бирок бул келиште:

«– Абу Талип! Мындан ары чыдай албайбыз! Өзүң жакшы билесиң, тууганыңдын уулу биздин динибизди четке кагып, кудайларыбызды жамандап-жектеп келет. Ошо менен эле калбастан аларга сыйынгандыгыбыз үчүн бизди чектен чыгарып салган. Эгер тууганыңды тосуп, бул жолодон баш тарттырбасаң, сага да, иниңе да каршы чыгабыз. Ошондо көрөсүңөр көргүлүктү! Акыркы талабыбыз ушу: же аны бул иштен кайтарасың, же аны өз карамагыңдан чыгарып саласың! Биз өзүбүз эсептешип алабыз…» деп катуу талап коюп кетишет.

Санаасы тынчыбаган Абу Талип мушриктердин койгон талабын Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* сылык түрдө түшүндүрөт. Аны өз карамагынан чыгаргысы келбегенин жана мушриктердин колуна салып берүүнү эч убакта каалабасын билдирүү иретинде:

– Каралдым! Мени да, өзүңдү да корго! – дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз абасынын бул сөзүнө абдан капа болот. Анткени абасынын бул сөзү керек болсо аны коргоп жүрүүдөн баш тартуу дегенге жатат эле. Маржандай болгон куттуу көздөрү нымдашып кетти. Анткени мусулмандарда байлыктын ичинде сүзүп жүргөн мушриктерге туруштук бере турган күч-кудурет жок эле. Аллага тобокел кылып туруп, абасы Абу Талипке козголгус ыйманы жана каармандыгы менен буларды айтат:

*«-Абаке! Алла Таалага касам этем! Булар бир колума Күндү, бир колума Айды алып беришсе да чакырыгымдан баш тартпаймын! Же Улуу Алла бул динди бүт ааламга жаят, же вазийпам бүтөт да, бул жолдо жан берем!»*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул сөздөрдү айтып жатып көзүнөн мончок-мончок жаштар акканын байкабай калды. Ошентип абасынын карамагынан өз ыктыяры менен чыгып кеетет (Ибн Хишам, I, 278; Ибн Касир, ал-Бидая, III, 96-97; Ибн Асийр, ал-Камил, II, 64).

***

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Ислам динин жаю, б.а. эң улуу кызматты өтөө үчүн эшикме-эшик каккылап, Алланын акыйкат сөздөрүн кайталоодон тажаган эмес. Ташбоор дин душмандарына да акыйкатты даршан этkенден тартынган эмес. Береги окуяны Мугира бин Шуба маалымдайт:

«Абу Жахил экөөбүз көчөдө баратканбыз. Алдыбыздан Алланын Элчиси чыкты. Ал түз эле Абу Жахилге кайрылды:

– *Абу Жахил! Алла Таалага жана Анын Элчисине моюн сун. Сенин жакшылыгың үчүн дуба кылайын..*

Ширкчилик түшүнүгүнө белчеден батып калган түркөй Абу Жахил мындай деп жооп берди:– Мухаммад, сен дагы эле баягыңды айтып, кудайларыбызга тил тийгизгиң келип жатабы?! Бизди аларга сыйынуудан тосоюн деп келдиңби? Сенин айткандарыңдын акыйкат экенин кабылдасам, эбак сени ээрчип кетмекмин!

Ичинен түтөп баш чайкаган Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* узап кеткенден кийин: «Ант болсун! Анын айткандарынын баары акыйкат жана чындык экенин жакшы билем!» деп ал мага ичинде сактап жүргөн аялуу сырын айтып алды. Ошону менен катар эмне үчүн ыйман келтирбей жүргөндүгүнүн себебин төмөнкүчө түшүндүргөн:

«Мухаммаддын айткандарынын туура экенинен кабардарбыз! Бирок ушуга чейин Анын уруусу эмнени жасаса, биз да жасап, алардан төмөн болуп кала элекпиз. Эми болсо алар: Бизден бир пайгамбар чыкты!» деп сыймыктанып жатышат. Эми биз кантип арабыздан ал сыяктуу пайгамбар чыгара алабыз? Бул мүмкүн эмес! Демек мен Мухаммаддын пайгамбарлыгын өлсөм да кабылдабайм!…» (Ибн Касийр, ал-Бидая, III, 113).

Бул айтылгандар жалгыз Абу Жахилдин гана мисалы. Андан башка дагы көптөгөн каапырлар Алланын жалгыздыгын, Исламды жана Куранды абийрде кабылдаганы менен напсинин тузагынан бошоно албай өтүшкөн. Алла Таала мына бул аятты түшүрүү менен алардын кейиштүү абалын бизге мисал кылды:

**«Алардын айткан-дегени кептер сени капа кылып жатканын Биз билебиз. Чындыгында алар сенин жалганчы эмес экениңди билишет. Бирок заалымдар (адашкандар) Алла Тааланын аяттарын жокко чыгарышат»** (Анаам сүрөсү, 33-аят) [11].

***

Исламга чакыруу өнөктүгүндөгү Ардактуу Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* асыл сапаттарын таасым чагылдырган береги окуядан ибарат алалы:

Курайш уруусу Хусайн аттуу инсанды өтө сыйлап, урмат кылышчу. Алар күндөрдүн биринде Хусайнга барышат да:

– Биздин атыбыздан тиги Пайгамбар менен сүйлөшүп кел. Ал биздин кудайларыбызды жектеп, жамандап жүрөт – деп өтүнүшөт.

Курайш тыңчыкмалары Алла Элчисинин эшигине чейин келишет да, өздөрү сыртта калып, дайындалган өкүлдү ичкери киргизишет. Сахабалары менен сукбатташып олтурган Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– *Карыяга орун бошоткула!* – дейт.

Хусайндын мусулман болгон уулу Имран бул жаммааттын арасында болот. Көпчүлүктүн арасынан орун алган мушрик өкүлү уруксат алып сөзүн баштайт:

– Ушу сен эмнелерди айтып жүрөсүң? Биздин кудайларыбызды четке кагып, аларга тил тийгизип жүрөт экенсиң. Чындыгында, сенин атаң акылдуу, мээримдүү киши эле жарыктык.

Азирети Пайгамбарыбыз ага суроо узатат:

– *Хусайн аба, канча кудайга ишенесиз?*

– Жетөө жерде, бирөө көктө, жалпы сегиз кудайга ишенем.

*– Башыңызга мүшкүл иш түшкөндө кайсынысына жалынасыз?*

– Көктөгү Теңирге.

*– Мал-мүлкүңүз кыргынга учураганда кайсынысына жалбарасыз?*

– Көктөгү Теңирге.

*– Жалгыз Кудай Таала бардык каалоолоруңузду орундатып жатса, анан эмне үчүн Ага шерик кошуп жатасыз? Сиз мындай жорук менен ага шүгүр келтирип аларды ыраазы кылып жатам деп ойлоп жатасызбы же зыяны тийет деп коркосузбу?*

– Жок, андай себептерден эмес.

Хусайн өмүр бою Азирети Мухаммад сыяктуу инсан менен мындай терең мазмундуу маселе тууралуу сүйлөшүп көрбөгөндүктөн катуу ойлонуп калат.

*– Хусайн аба, кел мусулман бол! Кудай буйруса, мусулманчылыктан сөзсүз утушка ээ болосуз!*

– Анда мени күтүп жаткандарга жана туугандарыма эмне деп айтам?

Каапырлардын өкүлүнүн жибип баратканын көргөн Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* береги дубаны үйрөтөт: *«Оо, Жараткан Алла Таалам! Ишиме жеңилдик бер, жашоодо мга туура жолду насип кыл! Мага пайда келтире турган илим бер!»*

Хусайн ушу дубаны айткандан кийин шыр эле мусулман болот. Жөнөө үчүн ордунан турары менен маңдай жарыла кубанган уулу Имран жете келип атасынын колун жана бутун өбөт. Бул көрүнүш Алланын сүйүктүү Элчисин элжиретип, ыйлатат. Ыйлашынын себебин сурагандарга:

*– Имрандын кичи пейилдигине ыйладым. Атасы каапыр абалда ичкери кирген маалда орун берген эмес, жадагалса жүзүнө дагы караган эмес. Исламды кабылдаган соң перзенттик милдетин өтөдү. Мына ушул аяр мамиле мени ыйлатты. Тургула, Хусайнды үйүнө чейин күзөтүп баргыла!*

Көпчүлүктүн ызаатуу коштоосунда чыгып келе жаткан өкүлүн көргөн мушриктер: «Биз ишенген Хусайн да өз динин чанып кеткен тура!» деп, ага таарынган бойдон тарап кетишет [12].

Бул жерде Азирети Пайгамбарыбыздын Хусайнды *(Алла ага ыраазы болсун)* ушунчалык акылмандык, таасирлүү сөздөр менен, асыресе өзүнүн пакиза ахлагы менен Исламга тарта алганына күбө болдук. Бул ажайып жемиштүү усулдун алдында шам чырактай ээриген Хусайн заматта ыймандуулар жамаатына кошулган.

***

Азирети Аиша энебиздин:

– Ухуд согушунан башка сизди абдан кейиткен учур болду беле? – деген суроосуна Алла Элчиси мындай деп жооп берген:

*«– Ооба болгон. Сенин коомуң мага көп жамандыктарды жасады. Мага эң чоң жамандыкты Акаба Күнү*[13] *жасашты. Ошо кезде Таифтик Абдукулалдын уулу ибн Абдиялил өз карамагына алуудан баштартып, өтүнүчүмдү четке какты. (Мени ташбараңга алдыртып, жарадар кылышты). Муң-кайгыга буулуп артка кайттым. Карнус-Са-алибке жеткенге чейин өзүмө келе албай, абдан буулуктум. Капыстан өйдө карасам, мени бир булут күндөн калкалап баратыптыр. Жакшылап үңүлө тиктеп булуттун ичинде жүргөн Жабраилди (алейхис салам) көрдүм. Ал мага:*

*– Тиги коомдун сага эмне дегенин жана сени карамагына алуудан баштартканын Алла Таала көрүп турат. Сен каалаган нерсени орундатуу үчүн Алла сага тоону томкоро турган «тоо периштесин» жиберди, – деп айткычакты тоо периштеси мага үн салды:*

*– Мухаммад! Бул коомдун сага берген жообун Жараткан Алла укту. Мен тоо периштесимин. Каалаган нерсеңди орундатуу үчүн Алла сага жиберди. Айт, эмне кылайын? Кааласаң мына бул эки тоону көчүрүп (Меккедеги Абу Кубайс тоосу менен Куайкыан тоосу) аларды жер менен жексен кылайын!*

*– Жок! Мен алардын урпактарынан Аллага гана ибадат кылган жана Ага шерик кошпогон адамдар чыгышын тилейм! дедим»* (Бухари, Бадул Халк, 7; Муслим, Жихад, 111).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) адамзатты актыкка, бактылуулукка чакыруу үчүн мына ушундай азаптарды чеккен. Кандай гана кыйынчылык

болбосун таарынуу деген нерсе болгон эмес. Жеке өкүмүнө берилген мүмкүнчүлүктөрдөн сабырдуулук, токтоолук менен баштартып, пендезаттын туура жолго түшүшүн баарыдан жогору койгон.

***

Үгүт-насаат, даават иши доско да, душманга да бирдей айтылышы керек. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүйүктүү кызы Зайнапты төөдөн жыгытып, анын өлүмүнө себепкер болгон дин душманы Хаббар бин Асвадка, Мекке каратылганга чейин мусулмандарды кордоп, далай мусулмандын башын жуткан Икрима бин Абу Жахилге, Азирети Хамзаны шейит кылган Вахшиге, жадагалса агасынын көкүрөгүн жарып боорун чайнаган канкор Абу Суфяндын аялы Хиндке кек сактап, жаман ой бапестеген эмес. Бар мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай аларга да дин Исламды түшүндүрүп жүрүп өткөн.

***

Ибни Масуд *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчисинен кабар алганы бардым. Ал абдан ысытмалап, шайы жок жаткан экен. Алаксытып кепке тарткым келди:

– Пайгамбарым, чынында ысытмаңыз өтө көтөрүлүп кетиптир.

*– Ооба, эки киши араң көтөрө ала турганчалык кыйын абалдамын.*

– Менимче, бул эки эсе сооп алышыңыз үчүн болуп жатса керек?

*– Ооба, ошондой. Пенденин бутуна кирген тикен кирсе же башына н мүшкүл иш түшксө, Алла Таала анын күнөөлөрүн кечирет. Ошондо ал мусулмандын күнөөлөрү дарактан төгүлгөн жалбырактай болуп төгүлөт»* (Бухари, Марда, 3, 13, 16; Муслим, Бирр, 45).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өлүм алдында катуу ооруп жатканына карабастан сахабаларына түбөлүктүү акыйкатты үйрөтүп, Исламдын нукура тарбиясын берүүгө далалат жасаган. Бул абал анын Пайгамбарлык вазийпага өтө тактыгын жана үммөтү үчүн чексиз мээримдүү экендигин айгинелеп турат.

***

Алла Тааланын динин жаю жана анын баалуулуктарын үйрөтүү пайгамбарлардын шарапаттуу вазийпасы болгон. Жараткан тарабынан тандалган татыктуу Элчилер өз милдеттерин өтөө учурунда жан чыдагыс көптөгөн машакаттарды тарткан. Адамзатты 950 жыл бою сабырдуулук менен ыйманга чакырган Азирети Нух пайгамбар *(алейхис салам)* алардын бири болуп эсептелет.

«Уулун жетелеген адам жолдо бараткан эле. Нух пайгамбар алардын алдынан карпа-курпа чыга калат. Сөөмөйү менен Азирети Нухту уулуна көрсөтө:

–Көрдүңбү мобул кишини? Буга ишене көрбөгүн! – дейт. Атасынын акылына муюй түшкөн өспүрүм колундагы таяк менен Нух пайгамбарды сабап кирет. Заматта пайгамбардын башынан кан сызылып киймине жайыла берет.

Нух пайгамбар ошондо сабырдуулук кылып:

“Оо, Жараткан Алла Таалам! Жакшылык кылам десең, ушуларды туура жолго Өзүң башта! Же аларга деген өкүмүңдү чыгарганга чейин мага сабыр бер! Өкүмдарлардын эң мыктысы Өзүңсүң!” деп жалбарат».

***

Шуайб пайгамбардын *(алейхис салам)* чакырыгынан бир элести Куран-и Карим бизге кабарлайт:

“(Шуайб) **айтты: Оо, эл-журт! Айткылачы, эгер менде Раббим тарабынан ыроолонгон анык далилим болсо жана Ал мага Өз тарабынан жакшы ырыскыны тартуулаган болсо буга эмне дейсиңер? Өзүм баштаган нерсеге тескери иш кылып силерге каршы чыккым келбейт. Мен бар болгону дараметимдин жетишинче түзөтүүнү гана каалаймын. Менин ийгилигим Аллага гана таандык. Мен жалгыз Ага таянам жана Ага моюн сунамын!”** (Худ сүрөсү, 88-аят).

Азирети Шуайб бул аяттагы **«Өзүм баштаган нерсеге тескери иш кылып силерге каршы чыккым келбейт»** деп айтуу менен «Силерге болгону өзүм аткарып жүргөн изгиликтерди

буйруп жатам. Эгер мен силерди бир нерседен тоскон болсом, эң алгач аны өзүм таштайм» деген маанини билдирген.

Даават ишинде жогоруда айтылгандай касиетке эгедер болгон пенде гана Кудай Тааламдын мактоосуна татыйт. Башкаларды жакшылыкка чакырганы менен өзүн унутта калтырууга катуу тыю салынган.

**«Силер Китепти (Тооратты) окуп туруп адамдарды жакшылыкка буйруп, а өзүңөрдү унутуп койосуңарбы? Акылга келбейсиңерби?!»** (Бакара сүрөсү, 44-аят).

**«Эй, момундар! Силер эмнеге өзүңөр кылбаган нерсени айтасыңар?! Алла Тааланын даргөйүндө өзүңөр кылбаган нерсени айтканыңар чоң азапка себепкер болот!»** (Сафф сүрөсү, 2-3-аяттар).

***

Кутман сахабалар дин Исламдын шарапаты менен жүрүм-турумун, сүйлөгөн сөзүн, кылган ишин, ал тургай акылындагы оюн да Алланын ыраазылыгына төп келе турган таризде изги калыпка сала алган үлгүлүү инсандарга айланышкан. Алар бардык мүмкүнчүлүктөрүн, жадагалса өмүрүн Алланын сөзүн жеткирүүгө арнашкан. Алардын пикиринде өмүрдүн эң кызыктуу, эң кубанычтуу, нары бактылуу учурлары – адам баласына тавхид ишенимин жеткирген мезгилдер эле. Акыркы керээзин айтуу үчүн үч мүнөттүк убакыт берген «байкуш, заалым өкүмдарга» ыраазы боло өлүмгө буйрулган сахабага мындай деген:

«– Ушул үч мүнөт үчүн сага терең ыраазычылыгымды билдирем! Эми мага белек катары берилген үч мүнөттүк убакыт ичинде сени Алланын жалгыздыгына-тавхид ишенимине чакырайын. Балким туура жолду тандап калгың бардыр...»

***

Жыйынтыктап айтканда, Алланын жолуна, акыйкат динге чакырууда кажыбас кайрат менен, жеңил ойго, алдамчы сезимдерге алдырбай үзгүлтүксүз күрөшүү жаамы момун мусулмандардын ыйык милдети. Түбөлүк бак-таалайды Жараткан Алланын Өзү убада кылган.

Жараткан Алла дин Исламды элге, журтка татыктуу жеткире албагандыгы жана аны толук кантуу аткарбагандыгы үчүн мусулманды жоопко тартат. Ал эми «Жакшылыкка чакыруу, жамандыктан тосуу» деген улуу вазийпаны кынтыксыз аткарганга жан үрөгөндөр Жаратkandын ырайымы менен бейишке кирип, түбөлүк бак-таалайга тунат. Тескерисинче, өзүнүн мусулмандык милдетине кайдыгер карап, кунарсыз өмүр кечиргендер акыретте чоң азапка дуушар болору шексиз.

### а. Жакшы үлгү болуу

Алланын динине үгүт жүргүзүү өнөктүгүндө пайдалуу натыйжага жетиш үчүн иралды үлгүлүү кулк-мүнөздү, парасаттуу адамгерчиликти көрсөтө билүү абзел. Анткени турмушта кездешпеген, же иш-аракеттерден көрүнбөгөн нерселер чындык да болсо теориядан иш жүзүнө аша албай калат. Иш жүзүнө ашырылбаган пикирлер, китептердин беттеринде гана калып кетет.

Демек, мусулман пенденин дин Исламга кыла турган алгачкы кызматы – дилиндеги акыйкат чакырыкты оболу өзү жасап, өзү үлгү болушу керек. Айткан сөзү менен жасаган иш-аракеттери бири-бирине дал келбеген пендезат эч убакта башкаларды ынандыра албайт.

Ошол себептен Жараткан Алла Таала адампендеге сөзүн өзүнө, айтканын иш-амалына терс келтирбөөнү буйруган[14]. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ушундай кайчылаш абалдагы көрпенделердин азаптуу кесепетин мындайча билдирген:

*«Кыямат күнү бирөөнү алып келип тозокко салышат. Анын ичегиси чубалып, кырман басып жаткан эшектей тегеренип калат. Буга күбө болгон тозок калкы жакын келип суроо салышат:*

*– Эй, паланча, бул эмне деген кебете?! Сен бизге жакшылыкты насаат кылып, жамандыктан тосчу эмес белең?*

*Жаман абалда калган пенде:*

*– Туура айтасыңар. Мен силерди жакшылыкка чакырганым чын, бирок аны өзүм аткарбайт элем. Силерди жамандыктан тосконум чын, бирок аны өзүм жасачумун (Мына ошонун кесепети!) – деп жооп берет»* (Бухари, Бадул-халк, 10).

Башкаларга насаат айтып, жакшы адеп-ахлакка чакырганы менен өзүн унутуп койгон кайдыгердин бул кейиштүү акыбети баарыбызга сабак болушу керек. Үйрөнгөн жакшы нерселерди башкаларга жеткирүүдөн алдын аларды өз жашообузга сиңирип, ахлагыбызга ширетишибиз абзел. Мына ушуну астейдил жүзөгө ашыра алган момун мусулман жүзүнөн нур тамылжып турган Алланын сүйүктүү пенделеринин катарынан орун алат.

Кутман сахабалардын:

– Кимдер Алланын сүйүктүү пенделери боло алышат? – деген суроосуна Пайгамбарыбыз минтип жооп берген:

*«–Жүзүнүн нуру Алла Тааланы эстеткен пенделер»* (Хайсами, X, 78; Ибн Мажа, Зухд, 4).

Ушу айтылган хадистин чечмелениши дейбизби, айтор, башыбыздан өткөн бир окуяны айта кетели:

Сами аксакал, атам (Алла экөөн тең ырайымына алсын) Муса жана мен болуп Бурсадан Истамбулга карай келе жатканбыз. Яловага жеткенде унааларды кемеге жүктөө үчүн кезекке турууга аракет кылып жаттык. Колундагы таякчасын айдоочуларга жаңсап, унааларды катарга киргизип жаткан кызматкер биз турган тушка жеткенде, артта олтурган эки аксакалга көзү илинип калды көрүнөт, күн сайын миңдеген адам менен бетме-бет көрүшүп жүргөнүнө карабастан эски таанышын көргөндөй немедей нес болуп катып калды. Тунжурап бир кыйла кыймылсыз турган жанагы адам нестейген бойдон унаага жакын келип терезеден ичкериге тигиле карап терең үшкүрдү да мындай деди:

«Оо, Кудайым! Кандай гана ажайып дүйнө! Бул ааламда периште өңдүү жүздөр бар... Намрут кейиптенген жүздөр да бар....»

Кыскасы, жакшы жүрүм-турум, изги иш-аракет, мыкты кулк-мүнөз жана тунук баам-парасат менен өрнөк болуу Ислам дааватчылыгында эң таасирлүү тилге тете. Бул тил даанышмандык жана ибарат көргөзмөсү саналган ааламдын үн-сөзсүз, бирок ажайып көркөм, ажайып ынанымдуу тили сымал. Бул тил – акыйкатка эшиги ачык бүтүндөй аң-сезим түшүнө ала турган «ахлак (хал) тили». Улут атпайдын баары мындай таасири күч изги тилди буйдалбай түшүнөт. Ахлакттуулукту кулпулуу сокур жүрөк ээлеринен тышкары бүтүндөй адамзат кош колдоп кабылдоого тийиш. Ахлактуулуктун «хал» тили жаңылбайт, аягы мүдүрүлбөйт. Бул абдан жатык, мазмундуу, таза жана түшүнүктүү тил.

**Изгиликтин үлгүсү**

Жараткан Алланын сүйүкттүү Пайгамбары Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул дүйнөгө келгенден тарта адаттан тыш ажайып окуяларга аралаш чоңойгон. Кырктын кырына келип, Ислам динин жаю милдетин алгандан тарта эң оболу кайсы жаатта болбосун өзү баштап үлгү болгон.

Жаратканды́н Элчиси болуу жоопкерчилигинин тоо көтөргүс салмагына санааркап кыжаалат болгон Пайгамбарды Хатижа энебиз жубатууга аракет кылган:

*«–Эч корко көрбө! Кудай алдында касам этем, Жараткан Кудурет сени эч убакта уят кылбайт. Анткени сен тууган-уругуңду коргойсуң, колунда жокторго кол кабыш кыласың, кембагалдарга жардам берип, эч кимдин колунан келбей турган жакшылыктарды кылып келесиң жана меймандос инсансың. Ак жолунда калкка жардамыңды аябайсың. Аманатты татыктуу сактайсың. Сен ахлактуулуктун аруу үлгүсүсүң»* (Бухари, Бадул-вахий, 1; Муслим, Иман, 252; Ибн Саад, I, 195).

Шек-күмөнсүз бул айтымдар ааламга ырайым, адамзатка өрнөк иретинде жиберилген Алла Элчисинин сан миң жүрөктү багынткан жакшы жактарынын бир бөлүгүн гана эске салат.

***

Исламга үгүттөгөн чакырык катты алган Оман падышасы Гуланди Алла Элчиси тууралуу билгиси келет. Анын ахлагынын бийиктигин, инсандык артыкчылыктарын билген соң ыйман келтирип, мусулман болгонун жар салат:

«Кат таанybаган Пайгамбарды таанууну Алла Таала мага насип кылды. Ал өзү жасабаган жакшылыкты башкаларга буйрубайт экен. Жамандыктан оболу өзү сактангандыгы үчүн башкаларды андан тосот экен. Ал сөзсүз ааламды каптайт, эч ким ага бөгөт койо албайт. Сөзсүз үстөмдүк кылат, кыйын-кысталыштын баарын жеңип өтөт. Ал убадасын орундатат, сөзүн аткарат. Мен чын дилден ишенүү менен Мухаммаддын анык Пайгамбар экендигин кабыл кылдым!» (Ибн Хажар, ал-Исаба, I, 262).

Ислам тарыхынын кайсы гана булагына назар оодарбаңыз, кандай буйрук болбосун, Азирети Пайгамбарыбыздын биринчилерден болуп үлгү катары өзү аткарганына, андан соң сахабалардын аны ибадаттагыдай сезим менен кунт койо орундатканына күбө болосуз. Бул Алла Элчисинин эң маанилүү жана эң негизги таалим усулу болгон. Ошол эле учурда бул эреже Исламдын акыйкат дин экендигин тастыктаган далилдердин бири болуп саналат. Анткени Жараткандан келген буйрукту эң биринчи болуп өзү жүзөгө ашырган, тыю салынган нерседен биринчи болуп өзү сактанган, келген насаатты эң оболу өзү кабылдаган. Ошондой эле Алланын азабынан өзү корккондуктан, башкаларга эскертүү берген, үзүлбөс үмүткө өзү чындап байлангандыктан, коомду Алланын ырайымынан үмүт кылууга чакырган...

***

Малик бин Хувайрис *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Онго жакын теңтуштар болуп (Исламды үйрөнүү максатында) Алла Элчисине барып, ал жерде жыйырма күндөй болдук. Азирети Пайгамбарыбыз абдан мээримдүү, боорукер жан эле. Бала-бакыраны сагынгандыгыбызды айтып, кетүүгө уруксат сурадык. Жөнөөрдөн алдын ал бизге мындай насаатты айтты:

*«– Эми үй-бүлөңөргө кайта берсеңер болот. Баргандан кийин керектүү маалыматтарды аларга да үйрөткүлө, айтыла турган нерселерди айткыла. Мен кандай намаз окусам, силер да ошондой окугула. Намаздын убагы кирери менен бирөөңөр азан айткыла, эң улууңар имам болгула»* (Бухари, Азан, 18).

Маалым болгондой Азирети Пайгамбарыбыз бул сахабаларына жеке өзү иш-аракети менен өрнөк болуп, динди кантип тутуна жашоо керектигин үйрөткөн. Ошону менен катар өз элине баргандан кийин жүрүм-турум, иш-аракет жана айткан насааттарды үлгү катары өздөрүнүн аткарышын жана элди жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосууну буйруган.

***

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам*) намазды убагы кирери менен окууну сунуш кылып, маалынан кечиктирилишине көңүлү түтпөй береги эскертүүнү айткан:

*«Намаз убагынын башталышында Алланын ыраазылыгы, ал эми убакыттын акыркы бөлүгүндө Анын кечирими бар»* (Тирмизи, Салат, 13/172).

Үммөтүнө ушундай насаатты айткан Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* ыралды айтылган изгиликти өтө кылдаттык менен өзү жүзөгө ашырган. Ал өмүрүнүн акыркы көз ирмемдерине чейин намазын өз маалында окуган. Кайсы жерде, кандай шартта болбосун убагы кирген болсо, намазды токтоосуз окуп алууну жактырган[15].

Сөзүбүз куру болбосун үчүн бир мисал келтирели:

Көптөгөн сахабанын коштоосунда сапардан кайткан Алла Элчиси кечүүгө келип калышат. Аңгыча намаз убагы болуп калат. Жамгыр төгүп, ашуу али алдыда болгонуна карабастан Азирети Пайгамбарыбыз жамааттын алдына өтөт да, азан айтууну буйруйт. Ошентип баары унаанын үсүтүндө отурган бойдон нөшөрлөгөн жамгырдын астында намазды башташты. Азирети Пайгамбарыбыз бул ирет имамдыкка өтүп, намазды ымдоо ыкмасы менен окуду. Рукуудан бираз ийилип сажданы орундатып жатты (Ахмад, IV, 173-174).

Азирети Аиша энебиз *(Алла ага ыраазы болсун)* бир эскерүүсүндө мындай дейт:

«Алла Таала ардактуу Элчисин экинчи ирет намазды кечиктиргенге жол бербей, өз маалында окутуп жүрүп алып кетти» (Тирмизи, Салат, 13/174; Ахмад, VI, 92).

Тактап айтканда, бир гана жолу олуттуу үзүрү себептүү намазды бираз кечиктирип окуганга аргасыз болгон. Андан башка беш убак намазын өмүрү бою маалы кирери менен окуган.

***

Эми, Аалам Ардагынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* арам нерседен астейдил сактанганын маалымдаган береги окуяга назар буралы:

Азирети Пайгамбарыбыз алтын шакек тагынуу эркектерге арам кылынганын сахабаларына маалымдайт. Келген буйрукту сөз жүзүндө гана билдирип тим болбостон колундагы алтын шакегин чыгарып:

*«– Мен бул шакектин көзүн бармагымдын ички тарабына каратып алып тагып жүргөм. Аллага ант болсун! Мен мындан кийин муну такпайм!»* деп жарыя кылат (Бухари, Айман, 6).

Чынында эле Ислам дини эркек атпайдын алтын шакек сыяктуу асем нерселерди тагынуусуна тыю салган. Анткени эркек эркектик сүрүн жана айбатын, айымдар аялдык өзгөчөлүгүн, касиетин сакташы керек, ортодо айырма болушу керек. Ушул мисалдан ачык байкалгандай Жараткан Алла Таала Өзүнүн буйруктарынын адам баласына жеткиликтүү жана сиңимдүү болушу үчүн Пайгамбарыбызды үлгү кылып тандаган. Ошол себептен элди Исламга жана ахлактуулукка үгүттөөнүн эң ийги жолу – Азирети Пайгамбарыбыз сыңары айтылгандарга оболу өзүбүз үлгү болушубуз кажет.

***

Кандай гана нерсе болбосун адампенде аны үлгүсүз, өз алдынча жасай албайт. Ага сөзсүз жакшы же жаман багытка бирөө үлгү болот. Ошондуктан айрыкча диний багыттын изги өрнөктөрү ар дайым «Биз үлгүбүз!» деген аң-сезим жана ураан менен жашашы керек. Керек болсо диний багыттагы өрнөк адамдардын болор-болбос жаңылыштыгы коомчулуктун адашсуусуна өбөлгө түзөт, айрымдардын ишенимине доо кетирет.

Күндөрдүн биринде Имам Аазам абу Ханифа баткакты кечип бараткан тестиерге кезигип калат. Балага мээрим төгө жылмаю менен:

– Уулум! Абайлап бас, баткакка жыгылып түшпө! – дейт.

Парасаттуу өспүрүм жаркыраган көздөрү менен имамга тигиле, күтүлбөгөн жерден миң төөлүк казынага алмашкыс берегидей акыл айтат:

– Урматтуу имам мырза! Чын-чынына келгенде мүдүрүлүп кетүүдөн сиз сактанышыңыз керек. Анткени аалымдын жыгылышы, ааламдын жыгылышына барабар. А мен жыгылсам да баткакты жууп салам, зыянын өзүм тартам. Бирок сиздин бутуңуз тая турган болсо, сизди ээрчигендердин баары жыгылат. Мунун убалы өтө оор!

Тестиердин сөзүнөн таасирленген Абу Ханифа катуу ойлонуп калат. Ошол күндөн тарта маселени окуучулары менен кеңири талкууга алып, жетик бышыргандан кийин гана бүтүм-фатва чыгармай болду. Окуучуларына минтип насаат берет:

«Эгер дагы да кубаттуу, дагы да бекем далилге күбө болсоңор, биз бүтүмүн чыгарган маселелерди колдонбосоңор да болот. Бул Исламдын өнүгүшүнүн жышаанасы. Силер менин бул айткандарымды жүзөгө ашыруу менен мага болгон сый-урматыңарды тастыктай аласыңар... [16]»

Бир кездерде жылт эткен жылдыз сымал мусулман журтчулугунун жүрөгүнөн түнөк таап, халифалык милдетти татыктуу өтөгөн Умар бин Абдулазиз көзгө басаар өрнөк инсандардан болуп эсептелет. Анын көптөгөн изги жактарынын бирин мисалга тарталы:

Адаттагы түндөрдүн биринде вазирлеринин бири халифанын каалгасын кагат. Вазирдин беймаалда эшик кагышы калдайган калың мусулман журтчулугунун бүтүндөй жоопкерчилигин моюндаган адилет жолбашчыны санаага салат:

– Күтүлбөгөн зыяратыңыздын себеби эмнеде?

Зарыл бир маселе тууралуу сиздин кеңешиңизди алууга туура келди.

– Маселени башка бөлмөдө кеңешүү үчүн караңгыны жарык кылар шамым жок. Казынадан болгону бир түнгө жеткидей май алып жүрөм. Аны үй-бүлөм менен колдонушум керек.

Халифанын жупуну турмушуна баш чайкаган вазир:

– Анда эртеңки үлүшүңүзгө тийе турган майды азыр барып алып келсек болбойбу? – дейт.

– Болот! – деген халифа казына кызматкерине ишеним кат жазып берет. Вазир алып барган катты окуган казына кызматкери, халифанын эртеңкиге чейин жашай ала тургандыгын тастыктаган дагы бир колу болушу керектигин айтып артка кайтарат. Аргасы түгөнгөн вазир өз

үйүнүн шамын алып келет да, маселени тактап, халифанын чечимин алат. Темирди кызуусунда чапкысы келген вазир халифага сунушун билдирет:

– Халифам, казынадан сизге бөлүнгөн нерселердин жетишсиз экендигине күбө болдук. Муну дагы бираз көбөйтүүгө өкүм чыгарбасаңыз болбойт. Бөлүнгөн каражаттын бир бөлүгүн көзүңүз өткөндөн кийин бала-чакаңыздын муктаждыгы үчүн сактап койсок жакшы болобу дейм?

Вазирдин сунушун унчукпай олтуруп уккан Умар бин Абдулазиз берегидей ажайып жоопту узатат:

«– Эгер менин бала-бакырам, урпактарым динге ыкластуу момундардан болсо, алардын келечегинен кооптонбой деле койсом болот. Анткени Кудай Таалам: **«...Алла Таала салих пенделерине Өзү көзөмөл болот»** (Аараф сүрөсү, 196-аят) деп буйруган. Жараткан Өзү аларга кам көрүп, көзөмөл болоорун билдирип жаткандан кийин, алардын келечек ырыскысы үчүн өзүмдү кыйнагым келбейт. Эгер ыймaны тайкы, дүнүйөгө кызыккан пенделер болсочу. Алла Таалам мындайлар үчүн: **«Мал-мүлкүңөрдү ысырапкорлорго бербегиле...»** (Ниса сүрөсү, 5-аят) деп буйруган. Жаратkандын ушундай кашкайган буйруктарына карабай ыймaны тайыз, дүнүйөкор урпактарыма мурас калтырайынбы?!»

***

Умар бин Абдулазиз халифа болгон күндөн тарта балдарына болгон мамилеси өзгөрөт. Халифалыкты өткөрүп алып жаткан күнү көпчүлүктүн ичинде кызмат кылып жүргөн Абдулмаликтин сырткы кийими жыртылат. Уулунун тытылган кийимин көргөн Умар бин Абдулазиз:

– Уулум, барып кийимиңди тиктирип ал. Анткени бүгүндөн тарта, балким, мына бул кийимден башка кийим табылбашы мүмкүн, буга муктаж болосун! – дейт.

Ошентип арадан күндөр өтөт. Халифа күн сайын кыздарына барып, алардын ал-абалын сураган соң өз бөлмөсүнө келип жатчу. Адаттагыдай жумуштан кийин кыздарынын эшигин кагат. Эшикти ачкан кыздарынын баары бир колу менен оозун жапкан абалда журт атасын тосуп алышат. Бул көрүнүшкө таң калган халифа тарбиячыдан кыздарынын эмне үчүн мындай кылып жаткандыгын сурап, берегидей жооп алат:

– Азыр буларда буурчак менен пияздан башка азык-түлүгү жок. Пияздын жыты сиздин көңүлүңүздү айлантпасын үчүн оозун колу менен тосуп жатышат.

Кыздарынын адептүү, ыйбаалуу тарбиясына күбө болгон халифанын көзүнө жаш тегеренет. Кыздарына ыраазылык билдирүү менен бирге: «– Кыздарым! Силердин түрдүү, таттуу тамак-ашты тойо жеп, дүнүйөгө малынып алышыңар акыретте атакеңерди бушаймандыкка салышы мүмкүн» дейт.

***

Жакшылыкка да, жагымсыз багыттарга да өрнөк болуу деген нерсе турмушта боло келгендигин башта айтып өткөн элек.

Амавий мусулман доорунун халифаларынан саналган Валид бин Абдул Маликтин кооз, көрктүү имараттарга кызыгы күч болгон. Жетекчиге жараша ой калчаган ал доордун адамдары үй куруу жаатында кишини таң калтыра турган кооздуктун кучагында жашоону самап калышат. Чоң жыйындар жана кеңешмелердин күн тартибине көбүнесе имараттарды кооздоо, ажайып көркөм көрүнгөн үйлөрдү куруу маселери коюла баштайт.

Ал эми Сулайман бин Абдулмалик болсо тамаксоо өкүмдар болгондуктан, анын доорундагы адамдар тамак-аштын түрү, анын кайталангыс даамы сыяктуу нерселерди талкуулоо менен көп убакытты ысырапка учуратышкан.

Умар бин Абдулазиз болсо ыймандуу, ыкластуу жана такыбаа жетекчи болгондуктан, ал доордун адамдары ибадат кылуу, кайрымдуулук жаатында жарышып жаткандай жандуу эле. Мечиттердеги мажлистерде мусулмандар бири-биринен: «Бүгүнкү түнү кайсы намазды окусак болот? Курандан канча барак жаттадың? Бул ай канча күн орозо кармадың? Канча өлчөмдө кайрым кылганыбыз жакшы?» деген суроолор жаңырып турчу[17].

***

Алланын сүйүктүү пенделеринен саналган Абдуллах бин Мубарак кулк-мүнөзү жаман адам менен сапарлаш болуп калат. Сапар соңуна чыгып экөө эки жакка бөлүнөт. Өз жамаатына кошулуп сапарда көргөн-билгендери тууралуу кеп салып олтуруп айтылуу олуя ыйлап жиберет. Ыйлашынын себебин сураган досторуна ал минтип жооп берет:

«– Жолдун ошончолук узактыгына карабастан сапарлашымдын жаман ахлагын түздөй албадым. Ал байкушка жарытылуу пайдамды тийгизе албадым. Балким, өзүмдүн оркойгон кемчилигим себептүү аны жетелей албагандырмын деген ой келет. Эгер ал менин жаңылыштыгымды көрүп туура жолго түшкүсү келбеген болсо, эртең акыретте менин оор суракка тартыларым шексиз!»

***

Жыйынтыктап айта турган болсок, адамзаада тажрыйбадан көрүп үйрөнүүгө шыктуу. Жагымдуу өрнөктү көрөөрү менен дароо аны туурагысы келет. Ошол себептен Исламга чакырууда, адамды тарбиялоодо айтылгандарды тарбиячы үлгү катары өзү көрсөтө билсе, натыйжасы жемиштүү болот. Тактап айтканда, билген маалыматыбызга амал кылуу, үйрөткөнүбүздү өз ахлагыбыз менен тастыктоо сөзгө сөздү кынаптап адабий тил менен сабак өтүүдөн алда канча таасирлүү. Ошол себептен тасаввуф өкүлдөрү Алланын динин жаюда үлгүлүү адеп-ахлагы менен көпчүлүктү ынандырып, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосууда дагы да албан ийгиликтерди жаратып келет.

Бул усул ошол эле маалда тарбиячыны изгиликке кадик көнүктүрүп, өз напсин жеңе билүүгө шарт түзөт жана жоопкерчиликтен кутултат. Анткени башта айтылгандай, өзү жасабаган нерсени башкаларга таңуулоо адамды Кудайы азапка кириптер кылат.

Жараткан Алла ооздон чыккан жана жазган акыйкаттарына жараша адампенденин асыресе ыкластуулугун ар убак сыноого алып келет. Демек, бул сынактан уттуруп жиберүү коркунучу билгенине амал кылбаган пенделерди өлөр-өлгөнчө тооруганы тооруган.

### б. Жатык тил

Жараткан Алла пендесинин сөздү таасирлүү, көркөм, так-таамай, адамды өзүнө тартып тургудай мазмундуу жана таттуу сүйлөшүн арзуу кылат. Куранда мындайча буйрулган:

**«Пенделериме айт: «Сөздүн эң мыктысын сүйлөшсүн. Акыйкатта, шайтан алардын ортосуна от жагат. Анткени шайтан инсандын анык душманы»** (Исра сүрөсү, 53-аят).

Жатык тил адамдын көңүлүн жибите турган эң таасирлүү каражат болуп саналат. Ошол себептен ата бабаларыбыз: «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет», «Жакшы сөз жыланды ийнинен чыгарат» деген накыл кептерди айтышкан. Айрыкча, Ислам акыйкаттарын толук кандуу жеткирүү өнөктүгү сылык-сыпаа, нары таттуу, нары маңыздуу тилди талап кылат.

Даават ишинде угармандарды тажатып же көңүлүн калтырып койбоо үчүн жагымдуу, жатык, сылык сүйлөө абзел экендиги көптөгөн аяттарда жана хадистерде маалымдалган. Кудай Таала Муса менен Харунду (алейхим ассаам) туура жолдон адашкан канкор, каардуу Фараонго жиберип жатып ийкемдүү ыкмага салууну буйруган:

**«Ага жагымдуу сүйлөгүлө. Балким, насаатыңарды угуп, Алладан коркуп калгысы бардыр»** (Таха сүрөсү, 44-аят).

Бул аяттан Кудайды чанган Фараонго жагымдуу сөз менен жанашуу буйрулганына күбө болдук. Демек, бул жерден, анчалык адашпаган, анчалык ашыкча кетпеген адамдарга кандай усул менен жакындоо керек экендигин оңой баамдоого болот.

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнүн сылыктыгы жана кең пейилдигинин берекеси менен Исламга чакыруу вазийпасын татыктуу орундатууда ой жеткис ийгиликти багынткан. Алла Таала Азирети Пайгамбарыбыздын бул жааттагы артыкчылыгын жана мыктылыгын төмөнкүчө билдирген:

«(Элчим!) **Сен ошол маалда Алла Тааладан берилген мээримдүүлүк менен аларга жылуу мамиле кылдың. Эгер сенин жүрөгүң катуу же (сөзүң) орой болгондо, шексиз алар тарап кетмек...»** (Аали Имран сүрөсү, 159-аят).

**«Ант болсун! Силерге өз араңардан абдан ызааттуу пайгамбар келди. Силердин түйшүгүңөр канчалык оор келбесин, ал силерге өтө камкор. Момундарга мээримүү жана боорукер!»** (Тооба сүрөсү, 128-аят).

Азирети Пайгамбарыбыздан бир хадис:

*«Жараткан Алла Таала мени парздарды орундатууга, эл-журтка сылык-сыпаа мамиле кылып, жумшак сөз менен алардын жүрөгүнө сүйүү үрөөнүн сээп өндүрүүгө буйруган»*[18].

Усулдун мыктылыгы жана ийкемдүүлүгү сыяктуу үгүт ишине болгон ышкы да зор мааниге ээ. Муну бабалардан калган береги накыл тастыктап турат: «Жүрөктөн чыккан сөз жүрөктөн түнөк табат. Ооз учунан айтылган сөз бир кулактан кирип экинчи кулактан чыгып кетет».

Ушуга улай Азирети Мавлана мындай деген:

«Жүрөгү менен сөзү бир болбогон пенденин жүз тили болбосун, ал баары бир, тилсиз деп эсептелет».

Ошондуктан чын жүрөктөн жагымдуу, мазмундуу сүйлөө маданияттуулуктун жана адеп-ахлактын бийиктигинин жышааны. Бул бийик мартаба оройлукту да, караңгылыкты да көтөрө билүүгө жана ошондой эле кордукка, машакаттарга сабыр кылууга, түгөнгүстөй көрүнгөн жаңылыштыктарды кечире билүүгө даяр болушу керек. Ошондуктан жатык, жагымдуу сүйлөгөн сөзмөрлүк чындыгында нары кыйын, нары татаал, бирок, ийгиликке жеткире турган берекелүү жол.

**Изгиликтин үлгүсү**

Азирети Пайгамбарыбыз мээримдүү, сыпаа, кыраакы жана көңүлүндө кири жок пакиза инсан болгон. Көптөгөн адамдар:

– Эй, Мухаммад! Эй, Мухаммад! – деп кыйкырып орой кайрылса да, кутман Пайгамбарыбыз:

– *Угуп жатам. Айта коюңуз, кулагым сизде* – деп сылык мамиле кылуудан жазган эмес. Башкача айтканда орой мүнөздүү адамдарды жумшак, нары жагымдуу мамилеси менен өзүнө багынтып, жагымсыз жактарын жатык тил, изги ахлагы менен ээритип жок кылган[19].

***

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)* ардактуу Пайгамбарыбыздын сылыктыгын мындайча эскерет:

«Адеп-ахлактуулук жагынан Алланын Элчисинен өтөкөн адам жок эле. Сахабалары же бүлөсүнөн бирөө жарым чакырып калса, сөзсүз: *«Кулагым сизде!»* деп көңүл бура турган. Анын мындай бийик адамгеричилигин баалаган Алла Таала:

**«Сен шек-күмөнсүз изги ахлактын бийик сересиндесиң!»** (Калам сүрөсү, 4-аят) деген аятты түшүргөн (Вахиди, 463-бет).

***

Чөлдөн келген бир малчы Пайгамбар Мечитинин бир бурчуна заара кылып койот. Мындай жосунсуз жорук эч кимдин оюна келбегендиктен сахабалар аны дароо кекетип киришет. Дал ошол маалда Пайгамбарыбыз:

*«– Аны жайына койгула! Даарат ушатылган жерге бир чака суу төгүп койгула. Силер кыйынчылык үчүн эмес, жеңилдик жаратуу үчүн келгенсиңер»* деп арачыга түшүп, ишти жөнгө салып койот (Бухари, Вуду, 58, Адаб 80).

Андан соң айыпкерди далысынан таптап өзүнө тартат да, мечиттин маанилүүлүгүн жана бул жайда адам өзүн кантип алып жүрүшү керектигин жатык тил менен түшүндүрөт.

***

Бул окуяны сахабалардан Саад ад-Далил *(Алла ага ыраазы болсун)* баян эткен:

«Улуу Көч маалы. Алланын Элчиси менен Азирети Абу Бакр бизге кез келип калды. Дал ошол кезде Абу Бакирдин кызы биз тараптык бир сүт энеге берилген экен. А Көч Башы болсо кыска жол менен Мединага барууну көздөп жатыптыр. Биз ага:

– Бул жер Ракуба дабаанынын Гаир жолу болуп саналат. Бул жолдо Аслам уруусунан чыккан эки каракчыдан турган «Муханнан» аттуу тоноочулар бар. Эгер кааласаң оболу бул жолду биз басып өтөлү – дедик.

– *Эгер билсең, сен бизди ошолорго алып бар!* – деди камаарыбаган Пайгамбар.

Макулдашкан соң жолго чыктык. Ракуба ашуусуна чыгып бардык. Эки каракчы бизди күтүп тургандай тосуп алды. Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* мурунтан мамиле кылып жүргөн адамдардай алардын жанына отуруп алып Исламды түшүндүрдү. Натыйжада каракчылар мусулман болушту. Ысымдарынын ким экендигин сураганда:

– Биз Муханнанбыз (элден чыккан жек көрүмчү адамдарбыз) – дешти.

Алланын Элчиси алардын далысынан таптап, жылмайыңкы карап:

– *Силер мындан ары «Мукрамансыңар» (шарапаттуу адамдарсыңар!)* – деп аларга Мединага алдын-ала сүйүнчү айтып барууну сунуш кылды (Ахмад, IV, 74).

***

Ибн Умар баян этет:

«Мен бир казатка катышып калдым. Айыгышкан согуштун айбатынан коркуп бир топ аскер болуп артка чегиндик. Согуш талаасынан кыйла узап кеттик. Согуштан качканыбыз чеки иш экендигин, жаныбызды убактылуу куткарганыбыз менен Алла Тааланын каарына калганыбызды айтып, бири-бирибизди күнөөлүүдөй карап, чара табалбай, санаага баттык. Арабыздан бирөө:

– Мединага баралы да, эч кимге билгизбей үй-үйлөрүбүзгө тарап кетели – деди.

Ошентип ар ким ар башка пикир айтты. Акыры «Алла Элчисине баралы да, жагдайды түшүндүрөлү. Тообо кылууга мүмкүнчүлүк болсо, тообо кылалы. Башка жол жок болсо, артка кайталы...» деген бүтүмгө келдик. Багымдатта алдын мечитке бардык. Бир маалда Азирети Пайгамбарыбыз кирип келди. Баарыбыз тик туруп, айыбыбызды моюнга алдык:

– Биз качкынбыз!

Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* биз ойлогондон артыкча жылуу кабыл алып:

– *Жок, силер качкын эмессиңер. Мамлекеттин жетекчисине жардамга келип, кайра артка кеткиси келип турган азаматсыңар*! – деп кайра бизди жубаткан.

Таазим кылып колунан өптүк. Ал:

*«– Мен мусулмандардын таянар тирегимин»* деди (Абу Давуд, Жихад, 96/2647; Тирмизи, Жихад, 36/1716).

Карабайсызбы, кандай гана бийик ахлак... Жарандардын кемчилигин кечире билүү, аларга жумшак мамиле кылып, көңүлүн таба билүү өзгөчө улуу касиет. Бардык макулук жагымдуу мамилеге, ысык ымылага муктаж. Муну эч качан унутпашыбыз керек. Пенде тарабынан көрсөтүлгөн ийги мамиле душмандын кегин азайтып, достордун, туугандардын сүйүүсүн дагы да арттырат.

***

Ибрахим пайгамбар эң оболу атасы Азарды тавхидке чакырган. Ага өтө сылык кайрылган:

**« ... Ата! Сен эмне үчүн кулагы укпаган, көзү көрбөгөн, сага эч кандай пайдасы тийбеген бутка ибадат кыласың? Атаке, чындыгында сенде жок илим мага берилди. Ошондуктан мени ээрчи, сени туура жолго баштайын. Атаке, сен шайтанга кулдук кылбагын. Анткени шайтан Мээримдүү Затка күнөөкөр болгон. Атаке! Акыйкатта мен Мээримдүүдөн сага келе турган жазадан жана шайтанга дос болуп каларыңдан коркуп жатам!»** (Мариям сүрөсү, 44-аят).

Уулунун уңгулуу сөзүнө бир чети таң калса, бир чети анын акыл үйрөтүп жатканына ачуусу келип мындай дейт:

**«– Эй, Ибрахим! Сен менин кудайларымдан жүз үйүрүп жатасыңбы? Эгер сен (буттарга тил тийгизүүнү) токтотпосоң, сени таш бараңга алганга касам ичем. Мага көп жолобо, кет бул жерден! деди»** (Мариям сүрөсү, 46-аят).

Атасынын ачуусу жүзүнө чыгып, кабагынан каар жааганына карабай кайра эле кичи пейилдик менен жакшы тилегин билдирет:

«Сага салам (бейпилдик) болсун! Эми мен Жараткан Алладан кечирилишиңди сурайм. Шек-күмөнсүз Ал мен үчүн мээримдүү Зат» (Мариям сүрөсү, 47-аят).

***

Мусаб жаштайынан кыйынчылыкты баштан көп кечирет. Себеби Меккеде мушриктер басымдуулук кылып, бийлик жүргүзүп турганына карабай, Исламды кабыл кылат. Үй-бүлөсүн, өзүн кордоп, миң түркүн амал менен кыйнап, жадакалса атадан калган мурасын тартып алып жемсөө кылышканына карабай, Исламдан кайтпайт. Анткени ал көрүнөөдө кембагалга айланып калганы менен көмүскө байлыкты – Алланы жана Элчисин сүйүү деген ашыглыкты жүрөктө багып, ыйман менен азыктанып, тирүүлүктө Азирети Мухаммад менен замандаш болуп калганына ыраазы болор эле. Дин Исламды жайылтуу, үгүт, чакырык дегенде биринчилерден болуп алдыга чыккан чыгаан сахаба эле.

Мусабдын Мединага барып, жандилден бериле чакырык салып, күн-түн дебей үгүт ишин жүргүзүп турганынын жемиши катары Ислам дини биртоп кулач жая баштайт. Мусабдын берекелүү кайратынан улам эң алгач Асад бин Зурара таалайлуу инсан мусулман болот. Асаб бин Зурара Исламга чакырууда ыйманынын чалкыган таасири менен Мусабга жөлөк-таяк болот.

Дин Исламдын бул эки эр үгүтчүсү күндөрдүн биринде Зафар урпагына караштуу бак ичиндеги кудуктун башына келип тыныгуу үчүн олтуруп калышат. Абдулашхалдан тарагандардын билерманы Саад бин Муаз алардын кудуктун башында отурганын угаары менен кыжыры кайнап, ичинен бир жамандыкты атап койот. Көпкө ойлонуп олтурбайт. Дароо Усайд бин Худайрды көкүтүп кирет:

– Сен кайсыл гана иш болбосун, анын майын чыгара бүтүрүүнү мыкты өздөштүргөн жансың! Анын үстүнө эч кимге муктаж болуп көрө элексиң. Эзелтен ата-бабанын жолун жолдоп, туусун көтөрүп келген элибиздин ишенимин бузуу үчүн биз тарапка бирөөлөр келиптир. Сен аларга экинчи кайрылып келбегидей кылып эскертүү берип койбосоң болбойт! Тигинин жанындагы тууганым Асад болбогондо баарын өзүм эле бүтүрмөкмүн...

Анын тукуругуна оолугуп алган байо Усайд найзасын бек кармап, ичинен бир нерселерди күбүрөй кыжырлана жөнөп кетет. Өрөпкүп жетип барат да, отургандарды опузалап кирет:

– Силер биерге эмне үчүн келдиңер? Мынабу бөтөн элдин кишисин эл-журттун ишенимин бузуу үчүн алып келдиңби?! Экинчи ээрчишип жүргөнүңөрдү көрбөйүн! Эгер жан керек болсо, көзүмө көрүнбөй, жоголгула бул жерден!

Опуза кылганына маашырланган алакөөдөктүн мүнөзүн баамдай койгон кыраакы Мусаб аны кепке тартууга аракет кылат:

– Эгер убактың болсо, менин айткандарыма бираз кулак салсаң жакшы болор эле. Сен өз элиңдин камын ойлогонуңа караганда акылдуу, кадыр-барктуу адам окшойсуң. Менин айткандарым жаккан болсо кабыл кыл, жакпаган болсо өзүң бил. Көшөрүп артыңдан салпактамай жок.

Эми эле кирген буурадай жулкунуп турган Усайд туура айтасың дегендей найзасын таштап жерге көчүк басат. Мусаб дин Ислам тууралуу маалымат берип, Куран окуп, аяттын маанисин чечмелеп берет.

Куран окулуп бүтөт. Сөзгө баштала электе эле Алланын амири менен Усайддын жүрөгү элжиреп, жүзү албыра түшөт.

– Акыйкатта сенин окугандарың чыныгы керемет сөз экен! – деп таң калганын жашырбай айтат:

– Бул динге кирүү үчүн эмне кылуу керек?

Кардай ээрип, камырдай ийге келип калган Усайд Азирет Мусаб менен Асад көрсөткөндөй таризде жуунуп, кийимдерин тазалаган соң келме келтирип мусулман болот. Жанындагылар үйрөткөн эреже менен эки ирекет намаз окуган соң:

– Менин артымда ушундай бир ажайып адам бар. Эгер ошол силерге моюн суна турган болсо, эч ким ага каршы чыга албайт. Мен азыр аны силерге жөнөтөйүн! – деп улуу шарапаттын себепкерлерине жылуу жылмайган бойдон шашыла жөнөп кетет.

Көп өтпөй ачуусу шекердей кайнаган Саад келет. Бейкапар олтурган адам болсо анын айбатынан коркуп тилден калмак. Алла Таала каалап турса, пенденин эч кайда качып кутула албасы ушул жерден дагы бир жолу ашкере болот. Бир топко долуланып, анан барып сөзгө

жыгылып, мусулмандардын жандүйнөгө жагымдуу келген жылуу кебин, чакырыгын угуп, акыл калчап көрөт да, жүрөгү жибип, акырында ал да мусулман болот.

Ыйман толкуну анын жүзүнө бир башкача айбат, бир башкача сүр берет. Эми, аны эч нерсе токтото алчудай эмес. Ыйманга келишине себепкер болгон мусулмандарды ээрчитип эл топтолгон жерге барат да, акыйкатты жар салат:

– Оо, Абдулашхалдан тараган журтчулук! Айткылачы, мен киминер болом? – деп, айбаттуу сүр менен сөз баштайт. Чындап корккондуктанбы, же кошоматтангысы келдиби, айтор, баары жабыла:

– Сен сөзү эки болбогон эл башчысы, журт ээсисиң! дешет.

– Андай болсо, Аллага жана Анын Элчисине ыйман келтиргенге чейин эркек-аялың менен сүйлөшүү мага арам болсун! Кеп төркүнүн түшүндүңөр көрүнөт?!

Ошол күнү Жараткан Алланын кудурети менен бүтүндөй бир уруу эл келме келтирип, мусулман болот (Ибн Хишам, II, 43-46; Ибн Саьад, III, 604-605; Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 112-113).

Мына, жагымдуу сөз, ак ниеттүүлүктүн жана Аллага болгон ыкластын берекеси... Анык Берешен Алла Таала Исламды кабыл алгандардын сообунан кем калбаган албан соопту себепкер болгондорго берерин убада кылган.

***

Адамзат тарыхындагы атактуу заалымдардын бири Хажжаж табиятынан фиолософ чалыш пенде болот. Жума намазынын кутпасында өлкөнүн баш динаятчысы *«Жихаттын эң жакшысы – заалым падышанын алдында акыйкатты жана адилеттүүлүктү жар салуу* [20]*»* деген хадиске таянып заалым Хажжаж тууралуу өтө оор сөздөрдү айтат. Бул сөздөрдү Хажжаж унчукпай тыңдайт. Намаз окулуп болгон соң падыша баш динаятчыны алдына чакырып суракка алат:

– Сен кутпада эмнелерди айтып салдың казым?!

Чакырыгын угар замат жанынан түңүлгөн молдо падышанын суроосуна кутпадагыдан да орой жооп берет. Мыйыгынан жылмайып баш чайкаган Хажжаж аалымга акыл үйрөтөт:

– Кебетеңден билимдүү эле адамга окшойсуң. Бирок Исламга чакыруу усулун билбейт экенсиң. Сен деги Куран окуйсуңбу? Жараткан Алла Таала сенден асман-жердей артыкча болгон Муса пайгамбарды менден өткөн өкүмзор, кордукчу, жадакалса каапыр Фараонго жиберип жатып суунун агымы сыяктуу жагымдуу, жумшак кайрылууну буйруганын окуган эмес белеӊ?!

Ошентип жаңылыштыгын кеч түшүнгөн молдо заалым падышадан кечирим суроого аргасыз болот.

***

Жыйынтыктап айтканда, сылыктык, ийкемдүүлүк, илбериңкилик момун мусулмандын өзгөчө сыпаттарынын бири болуп саналат. Бул сыпат Алланын динине чакырууда жана элге кызмат кылуудагы мусулмандын зарыл каражаты десек жаңылышпайбыз. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Алла Таала Сылык Зат. Ал сылык-сыпаа мамилени жакшы көрөт. Оройлукка жана башка нерселерге бербеген соопту сылык мамиле кылгандарга берет»* (Муслим, Бирр, 77).

Бул маселе тууралуу Азирети Мавлана буларды айтат:

«Кудай Тааланын: «Эй, Муса! Фараонго жумшак сөз айт, ага сылык мамиле кыл!» деген сөзүн жакшылап түшүн! Анткени кайнап жаткан майга муздак суу куя турган болсоң, очоктун да, казандын да акмагын чыгарасын...»

Ушунун сыңарындай ар бир инсанды кайнап жаткан май деп билүү абзел. Андай болбогон чакта жалпы адам баласына деле, акылсыз макулукка деле жеке сый мамиле болушу керек. Катуу сөз, орой мамиле эч кимге жакпайт. Адамдардын көңүлүн ала турган эң ийги жол таттуу тилде, сыпайы мамиледе жатат.

### в. Жарык маанай

Чыныгы момун мусулман барча макулукка боорукер болуп, ким болбосун ачык көңүл, жарык маанайда тосуп алышы керек. Алла Таала жараткан жалпы жандуу-жансызды сүйүү керек.

Ислам динин толук, так, даана түшүнгөн соң, анын жаркын жүзүн адамзатка, жан-жаныбарга Кудайдын мээрими катары көрсөтө билүүсү абзел. Жалаң гана жакшы жакка ыктаган мына ушундай момун мусулмандардан куралган коом, албетте, бейпилдикте жашай алат.

Ислам дини – ар дайым адам баласын тынчтыкка жана бактылуулукка үндөгөн улуу дин. Негизги маселе ушул акыркы диндин алгы максатын жетик аңдап, нускаган багытынан тайбай татыктуу өмүр кечирүүдө жатат. Исламды татыктуу жашап, анын изги эреже-жоболорун ийкемдүү усул менен коомчулукка жеткире алсак, эрктүү, ынсаптуу пенделердин баары эле кош колдоп кабыл этери шексиз. Мусулмандар качан гана бул улуу диндин жаркын жүзүн жарык маанай менен бүткүл ааламга көрсөтө алса, акыл-эстүүнүн баары Ислам убада кылган түбөлүк бак-таалайды самайт. Анын жалаң жакшы нерселерден турган атмосферасына шашыла арыш керет.

Заалымдык менен бузукулуктун сазына белчесинен батып, коркунучтун, санаанын басырыктай болгон элесине тумчуккан нече инсан Исламдын күлүңдөгөн жарык жүзүнөн бакыт тапкан. Исламды тааныбаган же жаңылыш түшүнгөн далай пенделер Алла Тааланын сүйүктүү кулдарынын турмушунан анын анык жүзүн көргөн соң бирчети бушайман болсо, бир чети таң калган. Дин Исламдагы боорукерликти жана мээримдүүлүктү жогорку деңгээлде көрсөтө алган олуя пенделер таштай катуу нечелеген жүрөктөрдү жибитип, алардын Туура Жолго түшүүсүнө себепкер болгон.

Исламдын жаркын жүзүн көрсөтө билүүнүн эң мыкты жолуу – аны абдан тыкандык менен үйрөнүү, жашоодо Алла Элчисинин сүннөтүн кынтыксыз жүзөгө ашыруу. Тактап айтканда, дин Исламдын жаркын жүзү оболу мусулман пенденин кулк-мүнөзүнөн, жүрүм-турумунан, адеп-ахлагынан, андан соң салмактуу сөзүнөн жана жазгандарынан көрүнүп турушу керек.

**Изгиликтин үлгүсү**

Бул окуяны Саиб бин абус-Саакиб *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Азирети Пайгамбарымды көрүү үчүн мечитке бардым. Кутман сахабалар мени мактап-жактап киришти. Мага жылмая караган Алла Элчиси:

– *Мен аны силерден да жакшы тааныйм!* – деди.

Мен толкунданып:и ортогум болгонсуз, болгондо да эң мыкты орток элеңиз! Ал учур мен үчүн анык бакыт экен азыр ойлосом. Сиздин каршы чыкпагандыгыңыз жана талашып-тартышпай, маселени калыс чече билгендигиңиз мага абдан жагат дедим» (Абу Давуд, Адаб, 17/4836; Ибн Мажа, Тижарат, 63).

Азирети Пайгамбарыбыздын Исламдан мурунку мезгилдердеги сылыктыгы, тактыгы, калыстыгы жана күлүңдөгөн маанайы далай пенденин мусулман болушуна өбөлгө түзгөн.

***

Зайд бин Харис жашы сегизге чыгып калган кезде Бани Кайн жортуулчулары тарабынан болгон баскынчылыкта качырылып, Указ жарманкесине алынып келинген соң кул караты сатыкка коюлат. Хаким бин Хизам жаш кулду төрт жүз дирхамга сатып алат да, эжеси Азирети Хатижага тартуу кылат. Ааламдардын Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* Зайдды көрөөрү менен:

– *Ушул кул меники болгондо, сөзсүз азаттыка чыгармакмын!* – дейт.

Ак тилек өмүр шеригинин мүдөөсүн орундаткысы келген Азирети Хатижа марттык кылат:

– Андай болсо бул сеники болсун!

Азирети Пайгамбарыбыз аны дароо азат кылат (Ибн Хишам, I, 266; Ибн Саад, III, 40).

Уулун уурдап кеткенден бери кайгы-муңга баткан байкуш ата күнү-түнү зарлап, убайым тартат. Акыры түтпөй издеп жөнөйт. Эки ай жүрөгү эзилип барбаган жер, сурабаган адам калбайт. Сурамжылап олтуруп анын Меккеде жүргөнүн ажылардан угары менен бир туугандары менен Меккеге келип, Азирети Пайгамбарыбызды табышат. Зайдды сатып алмайын артка кайтпасын билдиришип, колдон келсе, наркты арзаныраак айтууну өтүнүшөт. Ааламдардын Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– *Мындан башка чараларды да карап көрсөк кандай болот?*– деп сунуш киргизет.

– Кантип, кандай чара?

*– Баланы бул жерге чакыралы. Тандоо эркин өзүнө койолу. Эгерде силерди тандай турган болсо, эч кандай акы төлөбөй алып кете бересиңер.! А эгер мени тандай турган болсо, Кудайга ант болсун, мени менен калууну каалаган адамды эч кимге бере албайм!*

Окуянын жүрүшүнө таң калган Зайддын атасы менен агаларынын жүзүнө кан жүгүрө баштайт.

– Сен абдан жоомарт, ынсаптуу чечим чыгардың. Чоң сый жана тартууну ыроолодуң! – деп алкап ыраазылыгын билдиришет.

Баары бир бүтүмгө келишкен соң Зайд ортого чакырылат. Жылуу маанайда жолугушуу өткөн соң маселе Зайдка билдирилет.

– Мен сизди эң ишенимдүү инсан катары жакшы көрөм! Кудайга ант болсун, мени сизди эч кимге алмаштырбайм! Сиз мен үчүн атам-энемсиз. Мен сиздин гана жаныңызда калам, – деп көшөрүп туруп албаспы.

Ал үчүн алыстан таман жоорутуп келген ата, агалары жылуу-жумшак, айтып да, катуу айтып да көндүрө алышпайт. Зайд акырында аларга агынан жарылат:

– Ишенсеңер, мен бул улуу инсандын жалаң жакшылыгын жана ажайып нерселерди (таң калыштуу керемет) көрүп келем. Ошол себептен бул инсанды эч кимге теңей албаймын. Бул кишинин жанынан эч жакка кетпейм!

Зайддын артка кайтпастыгын көргөн Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* аны жетелеп, Каабага алып барат да, ал жердеги ак көз, кара көзгө кайрылат:

*«– Урматтуу калайык! Күбө болгула, мындан кийин Зайд менин уулум, мен ага мураскермин, ал мага мураске!»*

Ошентип, Алланын Элчиси Зайдды асырап алат [21]. Азирети Мухаммаддын Зайдка болгон аталык жылуу мамилесине жибиген издөөчүлөр аман жүрсөң болду деген тейде өз журтуна кайтышат (Ибн Хишам, I, 267; Ибн Саад, III, 42).

Окуядан маалым болгондой, Аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамдарга ушунчалык сылык, нары кичи пейил мамиле кылгандыгы себептүү эч ким андан кооптонгон эмес, тескерисинче, анын мээримдүүлүгүнө жылынышкан. Бүтүндөй адамзат, ал тургай айлана чөйрө дагы анын боорукерлигине, күн сыяктуу жаркыган жылуу жүзүнө, изги ахлагына таң калган.

***

Таиф курчоосуна чекит койгон Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Ислам кошууну менен бирге Жиранага келет. Хунайн казатынан кайтуу учурунда Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* олжолордун бөлүнүшүн бир канча убакытка создуктурат. Мунун сыры Жиранага келишинен 10 күндөн кийин ачыкка чыгат. Анткени Пайгамбарыбыз Хунайн казатынан алынган олжолорду, туткундарды атайын бир тайпага дайындап, Жиранага жиберген эле. Олжолорду бөлүштүрүү иши гана калган болот. Бирок жеңилүүгө дуушар болгон Хавазин уруусунун өкүлдөрү жете келип, Исламды кабыл алганын билдирип, баары келме келтиришет да, туткундарды жана олжого кеткен мүлктү кайтарып берүүнү өтүнүшөт.

Бул ишке күбө болгон Саад уулдарынын бир билерманы дилгирленип буларды айтат:

– Пайгамбарым, мынабу көлөкөлөрдө тургандар сенин эмчектеш эжелериң, таежелериң жана сага сүт эмизип, сени баккан аялдар! Эгер биз Шам же Ирак падышасын эмизгенибизде, ушундай жагдайда өтүнүчүбүздү, сунарычыбызды жерге таштамак эмес. Өзүң болсо сүт ээмп, чоңойгондордун эң кайырлуусусуң! – дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Хавазин уруусунун өкүлдөрүн жылуу кабыл алып мындай дейт:

*– Мен олжону бөлүштүрүү ишин бүгүнкү күнгө чейин токтотуп койгом. Бирок силер көпкө кечигип калдыңар. Ошондой болсо да, чара табууга аракет кылабыз. Эми же туткундарды, же мал-мүлкүңөрдүн бирөөн тандагыла.*

Ошентип, Хавазин өкүлдөрү туткундарды тандап алышат. Алла Элчиси айрымдар үчүн түшүнүксүз болгон жагдайды түшүндүрүүгө аракет жасайт:

*– Мен өзүмө жана Абдулмутталиб уулдарынын үлүшүнө түшкөн туткундарды кайтарып берип жатам. Калганы үчүн эртең бешим намазынан кийин келгиле!*

Көп өтпөй Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнүн жана туугандарынын үлүшүнө түшкөн туткундарын эркин койо бергендигин жарыя кылат. Андан соң сахабаларына дагы да пайдалуу сунуш киргизет:

– *Кимде-ким үлүшүнө түшкөн туткундарга акдилден ыраазы болуп, өз ыктыяры менен акысыз эркиндикке чыгарып, аларды кубанткысы келсе, менин жолумду тандасын! Акысыз койо берүүнү каалабагандарга Алла Таала насип кыла турган алгачкы олжодон төлөп беребиз. Каалагандар муну кылсын!*

Туткундар сахабалардын үлүшү болгондуктан Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларга ушундай калыс сунушту билдирет.

Азирети Пайгамбарыбызды үлгү тутунган бардык сахабалар береке-сооптон куру калбоо үчүн өз каалоолору менен туткундарды азаттыка чыгарышат (Бухари, Магази, 54; Ибни Хишам, IV, 134-135).

Ошентип, ал күнү колго түшкөн миңдеген туткундар акысыз азат кылынат. Адамзат тарыхы буга чейин эч качан мындай көрүнүшкө туш болгон эмес. Эми күбө болуп, Алла Элчисинин баа жеткис ахлагынан улам бирсаамда алты миң туткун азаттыка чыгат.

Мындай теңдешсиз мээримдүүлүктүн натыйжасында Хавазин уруусу бүт бойдон Исламды кабыл кылышат. Алтургай, ал учурда Таифтеги уруу башы болуп турган Малик бин Авф дагы жагдайды таң калуу менен кабыл алат. Ибараттуу окуянын таасиринен улам Алла Элчисинин бир ооз чакырыгына жооп кылып, келме келтирет. Азирети Пайгамбарыбыз бул урууга жүз төө тартуу кылат да, Малик бин Авфты уруунун жетекчиси кылып дайындайт (Ибн Хишам, IV, 137-138).

***

Жоомарттыгы, берешендиги менен дастанга айланган атактуу Хатим-и Тай Тай уруусунан болгон. Ал Адийдин атасы болот. Адий өз элинин чыгааны, сөзмөрү, чечени, кадырлуусу жана берешени болгон. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* улуу көчтүн тогузунчу жылы Тай уруусунун «Фулс» аттуу айкелин (бутун) жок кылуу үчүн Азирети Алини жиберет. Азирети Алинин мусулман колун баштап келаткандыгын уккан Адий Шамга/Дамаскка кире качат. Казат өз максатына жетип, Адийдин карындашы Саффана туткундар менен кошо Мединага келет.

Кайсы гана иште болбосун узакты көрө билген көсөм Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* Саффананы эркиндикке чыгарат. Ага кийим-кечек тартуулап, азык-түлүк, төө берип өз уруусунан ишенимдүү адамдарга кошуп Шамга элчиликке жөнөтөт.

Окуянын андан кийинки жүрүшүн Адий бин Хатим минтип эскерет:

«Саффана акылдуу, өтө зирек жан эле. Ынтызарлыгым артып ага суроо салдым:

– Ал адамдын (Пайгамбарыбыздын) иши тууралуу эмне дейсиң?

– Кудайга ант болсун! Тезинен барып ага моюн сунууну сунуш кылаар элем. Ал чыныгы пайгамбар болсо, ага моюн сунуу менен башкаларга үлгү болуу, багыт көрсөтүү сен үчүн сыймык эмеспи! Эгер ал өкүмдар болуп калса, анын шарапаты менен Йемендеги кадыр-баркың сакталат. Иши кылып шерменде болбойсуң! Акыркы чечимди өзүң чыгарасың!

– Сен туура айтасың. Мага өтө керектүү сунушту айттың. Анда мен бул кишиге барайын. Эгерде ал жалганчы болсо, (анын жалганчылыгы) мага кенедей да залакасын тийгизе албайт экен. Эгер акыйкатта Пайгамбар болсо, айткандарын угуп ага баш ийем! дедим да, Мединаны көздөй тизгин бурдум. Пайгамбардын (алейхиссалату вассалам) бала-бакырасынын да, келген-кеткендердин да кенен-кесир жүргөнүн көрүп Кисранын, же Кайсардын каардуу айбатын байкай албадым.

Азирети Мухаммад мени үйүнө алып барды. Жолдон улгайып калган бир аял киши чыгып арыз-муңун айтып кирди. Пайгамбары тик турган абалда анын дартын укту. Сөзүн бүтүргөн соң журт башы анын маселесин оң жагына чечип берди. Үйгө барганыбызда ичине курма жалбырагы толтурулган жер төшөктү жерге жая салды. Ошентип, дагы бир кызыктуу окуя болуп кетти:

– *Кел, мына буга олтур!* – деди.

– Жок! Өзүңүз олтуруп алыңыз! – деп ызаат билдирдим.

– *Болбойт! Сен отурушуң керек!*

Кыйышып жатып отурдум. Калдайган калың журтту башкарып жаткан Пайгамбар сыз жерге отурду. Ичимен ойго баттым: « Ант болсун! Бул өкүмдардын иши эмес!»

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мага кайрылды:

*– Адий, кел мусулман бол, бактылуу болгонуңа өкүнбөйсүң!*

– Менин өз диним бар.

*– Сенин диниңди сага караганда мен жакшы билем!*

– Чын эле менин динимди менден да жакшы билесиңби?

*– Ооба! Сен Ракусисиң* [22]*. Коомуң олжологон мал-мүлктүн төрттөн бирин сага үлүштөнөт, туурабы?*

– Туура!

*– Бирок бул иш, диниңер боюнча сага адал эмес!* – деп сөзүн бүтүрдү. Алла Элчиси бул сөздү айтар замат өзүмдү ыңгайсыз сезип, катуу уялдым. Анан ага:

– Ооба! Ошондой! – дедим. Ошондо анын Жараткан Алла тарабынан жөнөтүлгөн Пайгамбар экендигине чындап ишендим. Аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* кишини уяткарчу сөзүн кайра кайталабай кепти башка нукка бурду:

*– Исламга кадам ташташыңа жолтоо болуп жаткан себепти мен сезип турам. Сен: «Ага алсыз, араптардын алдында кадыры жок күчсүз адамдар моюн сунушат» дейсиң. Хираны билесиңби?*

– Көргөнүм жок, бирок уккан жайым бар.

*– Жанымы Кудурет-Күчү менен кармап турган Жараткан Кудай Таалага ант болсун! Алла Таала бул динди кемелине келтирет. Жалгыз бир аял өзү Хирадан чыгып келип Алланын үйүн (Каабаны) тооп кылат. Андан соң Кисра бин Хурмуздун казыналары колго алынат!*

– Кисра бин Хурмуздунбу? – дедим таң калгандан.

*– Ооба, Кисра бин Хурмуздун. Көп өтпөй бир заман келет, мал-мүлк ого эле көбөйөт. Эч ким улук башын кичик кылбай калат. Алтургай зекетке түшкөн мал-мүлктөн ала турган адам табылбай калат* – деп буюрду.

Ошентип, мен мусулман болдум. Буга Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүзү күлүңдөп абдан кубанды. Күн сайын анын үйүнө баргым келе баштады. Негедир бир намаздан экинчи намазга чейин Алланын Ардактуу Элчисин сагына берчү болдум!»

Арадан бир топ жыл өткөндөн кийин бул окуяны баяндап берген Адий *(Алла ага ыраазы болсун):*

«Аллага ант болсун! Төө минген бир аялдын Хирадан чыга келип мынабу Байтулланы (Каабаны) тооп кылганын өз көзүм менен көрдүм! Кисра казыналарын колго түшүргөндөрдүн арасында мен да бар элем. Жараткан Алланын Кудуретине ант болсун! Үчүнчү айтылган кабар да албетте жүзөгө ашат. Анткени аны Алланын акыркы Элчиси айткан!» деген [23]

Барал-сааты келген кезде Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* маалымдаган үчүнчү кабар дагы жүзөгө ашкан. Халифа Умар бин Абдулазиз зекет ишин аркалаган кызматкерди Африка өлкөлөрүнө акча таркатуу үчүн жөнөтөт. Тилеке каршы, зекет берүүгө ылайыктуу бир да адам чыкпагандыктан, акчаны толугу менен кайра алып келишет. Халифа бул акча каражатын кулдарды азаттыкка чыгаруу үчүн сарптаган[24].

***

Олуя Мавлананы кимдер гана билбейт. Бул инсан ошол эле маалда далай залкар чыгарманы өзүнө таандык маалымдоо усулу менен жараткан. Бактылуулук кылымында адамгеричик менен ынсабын жеп койгон, жеке кызыкчылыктын туткунуна айланып тунук акыл-эсти кордогон орой адамды Алла Элчиси өз ахлагы, өз усулу менен туура жолго баштаган. Бул окуяны Азирети Мавлана икая түрүндө баян этет:

«Бир топ ширкчил каапырлар күүгүм талаш Азирети Пайгамбарыбыздын үйүнө конокко келишет. Алардын ичинен сөз билгиси келген максатын түшүндүрөт:

– Бүт дүйнө элдерин рухий азык менен мейман кылган улуу инсан! Биз сага конок болуп келдик. Жеп-иче турган эч нерсебиз жок. Айрыкча жол азабынан бут шилтөөгө шайыбыз калган

жок. Анын үстүнө бул жерде эч кимди таанибайт экенбиз. Кана, бизге сыйыңды көрсөт! Карыпчылыкты баштан өткөрүп турабыз. Андыктан көңүлүбүздү алып, жүрөгүбүздү кубант!

Заматта сахабаларын жыйнаган Пайгамбар аларга сунуш билдирет:

– Досторум! Меймандарды үйүңөргө бөлүшүп алып кеткиле. Буларга колуңардан келген сыйыңарды көрсөткүлө. Анткени силер мен сыяктуу эле адамгерчиликти, берешендикти жар салып келесиңер. Мендеги сыпаттардын өзүңөрдө да болушун самап жүрөсүңөр.

Пайгамбар сөзүн эки кылбаган кутман сахабалар келген конокторду бир-бирден алып кетишет. Бирок келгендердин ичинен дөө сымал сөөлөттүү, нары сүрдүү, нары копол сүйлөгөн мейманды алып кетүүгө эч кимиси даай албайт. Жалгыз калган алп денелүү мейманды Жаратылыш Нуру (саллаллаху алейхи васаллам) өз үйүндө алып калат.

Пайгамбарда жети саан эчкиси бар эле. Өмүрү тамак көрбөгөндөй ач калган алп киши дасторконго коюлгандын баарын жеп, кумурадагы сүттүн тамчысын калтырбай ичип койот. Бул абал үйдөгү айрым адамдардын кыжырын келтирет. Анткени бул кембагал бүлө ошол эчкилердин сүтү жана болор-болбос азык менен күн көрүп жүрүшкөн.

Жети-сегиз киши жей турган тамакты жалгыз өзү жеп, курсакты кампайткан мейман бир бөлмөнү өзү ээлеп уктоого камынып калат. Үйдө кызмат кылып жүргөн байкуш кыз алда нелерден шекшинип, жүрөксүнө эшикти сыртынан кулпулап койот.

Түн жарымдан ооп калганда меймандын ичи ооруп сыртка чыккысы келет. Чыдап жата турайын десе болбой ичинин ооруганы күчөйт. Чуркап жетип түрткүлөп көрүп, каалганын кулпуланганын аңдайт. Сыртка чыгуу үчүн болгон айласын кылат, тилекке каршы ою ойрон болот. Дааратты катуу кыстап бөлмө ага тар келе баштайт. Акырында уктап калсам, жеңилдеп калармын деген ойдо түйүлгөн бойдон жата кетет. Түшүндө ээн талаада жүрөт. Бир маалда ичи ооруп кетет. Эки жака көз чаптырат, эч ким деле көрүнбөйт. Турган жерине даарат ушатып жеңилдей түшөт. Эмнегедир өзүн тердегендей сезип эсине келет. Көзү умачтай ачылган мейман уялганынан жерге кирип кете жаздайт.

«Эптеп эшиктин ачылганын уксам, көздөн кайым болмокмун!» деген тилек менен таңдын атышын күтө баштайт. Таң агара баштаганда шыгырап кулпунун ачылганын угат. Каалганы ачкан даанышман сыртка чыгып уйкусун ачып алсын деген ниетте өзүн калкалайт.

Ошентип, тойо жеген алп конок артын карабай качат. Бөлмөдөгү жагдайды көргөн Алла Элчиси ыпластыкты өз колу менен жууп салгысы келип суу алып келүүнү буйруйт.

Муну уккан кызматкерлердин баары так секирет:

– Сенин жолуңа жаныбызды курмандыкка берели Пайгамбарым! Бул ишти биз кылалы. Биз сизге кызмат кылуу үчүн бул жерде жүрөбүз. Мындай иштерди сиз кыла турган болсоңуз, биз эмне кылып жүрөбүз бул жерде?

Мыйыгынан жылмайган Алла Элчиси:

– Мага бапестеген сүйүүңөрдү билем. Ошондой болсо да менин жууганымда бир сыр бар. Силер тим койгула – дейт.

Кандай сыр болду экен деген ойго кеткен үй-бүлө мүчөлөрү аргасыздан макул болуп, сырдын ачыкка чыгышын күтүп калышат...

Үйдөн качкан ыймансыз меймандын мойнуна тагып жүргөн кичинекей бир кудайчасы жана тумары боло турган. Өрөпкүп өпкөсү жарылып кеткиче көпкө чуркап, деми кысыла баштаганда гана жерге жата кеткен качкын мойнун сыйпалап, кудайчасынын жана тумарынын жоголгонун байкайт. Ары-бери ойлонуп, аны үйдө калтырганын болжоп, уят-сыйытты койуп аргасыздан артка кайтат. Үйгө келип, булганган төшөктү Азирети Мухаммаддын өз колу менен жууп жатканын көрөт. Ичкериге чуркап кирип кудайчасын койгон жеринен табат.

Заматта бутпарастыкка ширетилген жан дүйнөсүн алай-дүлөй алаамат бороон каптайт. Аң-сезимин ээлеп алган акылга сыйбас түшүнүктүн баары талкаланып, адамча ойлоно баштайт. Өзүнө келет, улуу Күчкө карай тартыла баштайт. Жосунсуз жоругу үчүн өзүн жемелеп, башы-көзүн дубалга урат.

– Эй жер жүзүнүн даңктуу, шарапаттуу инсаны! Сенин сыйыңа ыпластык менен жооп кайтарганым үчүн өзүмдү күнөөлүү сезип жатам! Эми сенин жүзүңдү кантип карайм! – деп айыбын мойнуна алат да, андан ары жер жаңырта үн салат:

– Эй кең аалам жер жүзү! Сен ар дайым Жараткандын буйругуна моюн сунуп келесиң. Ага болгон сүйүүң үчүн ыргакты бузбай айланып гана турасың. Мен болсо сенин үстүңдөгү нематтарга мас болгонум аз келгенсип, напсиме азгырылып кеттим. Сен Алладан коркуп, титиреп гана зикир кыласың. А мен болсо Анын буйруктарына каршы чыгып, Теңирден тескери жоруктарды жасап жүрөм. Мага убал жок...

Качкын мейманддын көңүлү да, аң-сезими да жибип, абийир алдында агынан жарылып калганда Азирети Мухаммад Мустафа аны рухий шыпааканага киргизет. Анын тоз-тополоңу чыккан аң-сезимине, жараланган түшүнүгүнө түбөлүктүүлүктүн дарысын себелейт. Чай кайнам мурда сыйынып жүргөн буту үчүн күйүгө чуркап келген пенде ахлактуулуктун гүлбагын аралап, даанышмандыкдын аңкыган жытына магдырап олтуруп калат.

Алп киши убакытты создуктургусу келбейт:

– Эй, Алланын Пайгамбары! Мага Жаратканга болгон ишенимди тастыктай турган ошол керемет сөздү үйрөт. Алла Тааланын жалгыздыгына жана сенин Пайгамбар экендигиңе ишенип, бактылуулардын катарына кошулайын. Мен ушу тапта өзүмдүн копол мүнөзүмдөн, тамаксоо болуп калган алп денемден тажап турам, ыйман шербетин ичким келип турат...

Мейманддын өтүнүчү боюнча Азирети Мухаммад ага ыйман келтирүүнү үйрөтөт. Анын келме кетириши менен үй-бүлө мүчөлөрү күтүп жаткан сырдуулук ачыкка чыгат.

– Эми, бүгүн үйүбүздүн да, көңүлүбүздүн да мейманы бол! – деген сунушка алп пенде бир чети уяла, бир чети жандилден макулдугун билдирет:

– Аллага ант болсун! Мен эми мындан ары кайда барбайын сенин үммөтүңмүн. Жансыз өлүк элем, мага жан бердиң. Мындан ары сенин азаттык алган кулуң болоюн. Каалгаңдын кароолчусу болоюн.

Ошол күнү мусулмандыкты кабылдаган адам Алла Элчисинин үйүндө калат. Көөдөн ыйманга толуп тургандыктан бир эчкинин сүтүн да иче албайт. Коюлган даамдан ооз тийгенсип аз гана жейт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

– Тамактан же, сүттөн ич десе да болбойт.

– Аллага ант болсун! Сизге жагынайын деген ниетим жок. Сенин берекелүү насааттарың жүрөгүмдү тойгузду.Чынын айтсам, кечээкиден да ашыкча тойдум.

Каапырлыктан жана менменсинүүдөн кутулган жандын алп ашказаны ошентип ыйман нуруна сурагылган соң аз гана азыкка каниет кыла турганчалык деңгээлге жетет.[25]

Бул орой мүнөз тоолук чабан Алла Элчисинен Исламдын анык жарык жүзүн, айкөлдүктү, кечиримдүүлүктү, сылык-сыпаалыкты жана кеменгерликти көрөр замат муздай ээрип, бакыттын чалкыган дайрасына кошулуп кетет.

***

Рухий алсыроого кабылып, өзүн койоорго жер таппай алдастаган адамдарды тим койбой, аларга Исламдын изилигинен кабар берип, динибиз буйруган бийик ахлакты тажрыйда жүзүндө көрсөтө билүү абзел. Анткени Аллага жана жакшылыкка багыттанып, Исламдын нугунан тайбай жашап кетиши үчүн мындай кырдаалга кириптер болгон пенделер биздин жардамыбызга муктаж.

Окуяны Язид бин Асам баян этет:

«Шамда жашаган абройлуу, күч-кубаттуу бир адам кээ-кээде Азирети Умарга келип баарлашып кете турган. Азирети Умар ал адамды көпкө чейин кезиктире албайт. Ынтызарлыгы артып тааныгандардан анын абалын сураштырат. Акырында анын ичкиликке берилип кеткени тууралуу маалымат алат. Дароо катчысын чакырган халифа ал адамга төмөнкүдөй мазмундагы кат жаздырат:

«– Умар бин Хаттабдан паланчага. Сага амандык тилейм! Өзүнөн башка сыйынууга татыктуу теңдеши жок, кечиримдүү, тооболорду кабылдаган жана азабы катуу, сыйы мол Аллага шүгүр келтирем! Андан башка кудай жок. Жалгыз Аллага кайтабыз! [26]»

Азирети Умар ошол эле маалда мусулман жамаатына кайрылат:

– Жаман жолдон кайтышын жана тообосунун кабылданышын тилеп Алла Таалага жалбаргыла! Биздин тилегибизди Кудай Таалам куру кайтарбастыр...

Халифанын катын алган соң: «Кечиримдүү, тооболорду кабылдаган жана азабы катуу, сыйы мол» деген сүйлөмдү кайра-кайра окуйт. Акырында элжиреп кетет да, көпкө ыйлап, тоодой күнөөсү үчүн тообо кылат.

Бул кубанычтуу кабарды уккан халифа Умар мындай деген экен:

«–Кайсыдыр бир диндеш бир тууганыңардын жолдон адашып, күнөөгө ыктап кеткенин көргөн болсоңор, аны туура жолго жылоолоого жана Алла Тааланын кечиримине ишендирүүгө аракет кылгыла. Ага тообо насип кылышын тилегиле. Каргыш айтып, шайтанга жардамчы болуп жүрбөгүлө![27] »

***

Момун мусулман жарык маанайда болушу керек экендигин чагылдырган береги окуяны Азирети Мавлана баян эткен:

«Байазид Бистаминин отко сыйынган бир замандашы болот. Күндөрдүн биринде мусулмандардан бирөөсү аны туура жолго баштагысы келет:

– Эй, тууган. Кел, мусулман бол, түбөлүк азаптан арыл. Бекем ишенич менен айта алам, сен мусулман болоруң менен Жараткандын да, элдин да назарында бийик мартабага ээ болосуң!

Отпарас туура айтасың деген тейде башын ийкеп мындай дейт:

– Менин азаптан кутулушумду арзуу кылган ардактуу замандашым! Мен ыйманымды ачыкка чыгарып айта албаганым менен Байазиддин ыйманынын жактоочусумун. Анткени мен андан бир башкача сулуулукту, ажайып тереңдикти көрүп келем. Менде али динге, ыйманга болгон бекем ишенич жок, ошондой болсо да Байазиддин ыйманынын ысыктыгына таң калам. Ал башкалардан айырмаланган сылык, маанайы жарык, ыйбаалуу, адамгерчиликтүү жана үлгүлүү инсан.

Сен өзүңдөгү ыйманга чакырып жаткан болсоң, мага таарынба, сени ээрчий албайм. Мен силердин ыйманыңарга суктана албайм, ышкым да жок. Силердин берегидей ороңдогонуңарды, мисирейген мерез жүзүңөрдү көргөн адам, канчалык ыйман келтиргиси келип турса да, ичиркенип артка кетенчиктейт. Ыйманга болгон ышкысы солгундайт. Бул абал какыраган суусуз чөлгө гүлдүн түрүн жана жашылча жемиштерди өстүрөм дегенге барабар.

Менин байкашымча ыймандын бүтүндөй ысык табы, өзүнө тартып турган сулуу нуру Байазиддин ыйманында бар экен. Анын ыйманынын бир кыпыны тамчы сууну деңизге айланткыдай.

Силердин ыйманыңар болсо тек гана сырты көрүнүшкө жайгашып калгандыктан элкөрсүн үчүн гана эптеп кыймыдап койот экенсиңер. Бузулган, акылга сыйбаган ишенимдер начар үндүү азанчыга окшош. Чакыруунун, сүйдүрүүнүн ордуна элди качырат».

***

Айтууларга караганда Имам Аазам Абу Ханифанын бир отпараста аласасы болот. Аласасын алуу максатында анын үйүнө бет алат. Дарбазага жетип калганда жолдо жаткан ыплас нерсени тебелеп алганын байкайт. Кепичин тазалоо ниетинде бутун силкээр замат ыпластык отпарастын дубалына жабышат. Эмне кылаарын билбей алдастаган Абу Ханифа ичинен кобурайт:

«Эгер ушу бойдон калтырсам бул отпарастын дубалынын булганышына себепкер болом. А эгер жууп тазалай турган болсом, дубалынын бойогу төгүлүп, андан бетер жаман көрүнүп калат. Эмне кылсам экен?»

Улуу устат ушинтип башкатырып жаткан маалда үйдүн кызматкери сыртка чыгып калат.

– Мырзам, кожоюнуңузга Абу Ханифа сыртта сизди күтүп жатат деп койсоңуз! – дейт.

Отпарас сыртка чыга келип бересесин кечиктиргени үчүн кечирим сурайт. Абу Ханифа «сен ага кыжаалат болбой койо тур» деген таризде кол шилтеп:

– Мына бул дубалдын бетин булгап алдым. Кантип тазаласам болот? деп сыпаа гана суроо салат.

Мындай ажайып ахлактуулукту жана кичи пейилдикти көрүп катуу таасирленген отпарас:

– Мен оболу напсимди тазалайын да, анан ишти баштайын! – деп мусулман болот.

Маалым болгондой, Имам Азам болор-болбос нерсе менен заалымдык кылуудан айбыгып, аласасына кол шилтегендиктен отпарас ыйманга келет. Эми, ойлонуп көрөлү, бирөөгө жамандык кылып коюдан жана адилетсиздиктен астейдил сактанган момун мусулмандын Алла даргөйүндөгү баркы жана сыйы канчалык болду экен[28]?

***

Бир кездерде Ибрахим бин Атхам ылжып жыгылып калган мас адамды арык боюндагы даракка жөлөп отургузат да, кусунду чачыраган бетин, оозун жууп койот. Эмне үчүн мындай кылганын сурагандарга даңазалуу аалым мындай деп жооп узатат:

– Улуу Алла Тааланын ысмын зикир кылуу үчүн жаратылган оозун жугундуга толгон чакадай кылып таштап койсом, урмат-сый кайда калат....

Соолуккан адамды көпчүлүк айыптап, бир чети жалооруй карашат:

– Хоросандын рухий көсөмү Ибрахим бин Атхам сенин оозуңду жууду.

Бул кабарды угары менен соолуккан адам өзүн жектейт. Алланын сүйүктүү пендесинин ак кызматынан таасирленип, жүрөгү ойгонот да, көпчүлүк элдин алдында тообо кылат.

Ушундай жакшылыкка себепкер болгон Ибрахим бин Атхамга түшүндө Жараткан Алла тарабынан:

«– Сен Биз үчүн анын оозун жууп койдуң. Биз болсо сен үчүн анын жүрөгүн жууп салдык!» деген үн угулат.

***

Алла Тааланын сүйүктүү досторунан саналган Маруф Кархи бир топ адамдын жаңылыш жолго түшүп согушка аттанганын угар замат: «Оо, Жараткан Улуу Кудайым! Өзүң аларды көзөмөлгө ал!» деп дуба кылат. Олуя заттын берегидей маанидеги дубасын уккан айрым билгиндер заалымчылыкты колдоо үчүн согушка аттангандарга берилген бул батанын төркүнүн түшүнө албай, Ислам залкарынын өзүнө кайрылышат:

– Биздин билишибизче, сиз бул согушкерлер үчүн жакшылык тиледиңиз, туурабы?

– Мен Алла Тааладан аларды коргоп, көзөмөлгө алышын тиледим. Эгер Жараткан Өзү көзөмөлгө алса, алар канчалык дарбыбасын көздөгөн жерге бара алышпайт – дейт улуу олуя.

Маруф Кархи бир жолкусунда Дижле (Тигр) дарыясынын жээгине саякатка чыгат. Дал ошол маалда бир топ кайдыгер жаш жигит жээкте шарактап шарап ичип олтурушкан болот. Алар олуяны көрөр замат өздөрүнүн береги чекилиги себептүү эми бизге наалат, каргыш айтат деген ой менен кыйла соолуга түшүшөт. Жаштардын ичинен кызуу кандуу бирөөсү келип-келип ушу кишинин карпа-курпа чыга калганын жактыра бербей каяша сүйлөйт:

– Оо, шейх! Эмне турасың, Дижленин албууттанган суусуна чөгүп кеткиле деп каргыш тилебейсиңби?!

Жаштардын азгырык жолго ыктап калганын туя койгон кыраакы Маруф алакан жая минтип батасын берет:

«Оо, Жараткан Кудай Таалам! Мына бу жигиттерге бул дүйнөдө жагымдуу тирүүлүк ыроологонуң сыяктуу акыретте да тирүүлүк бере көр!»

Шейхтин ойго келбес жерден жакшылык тилеп, ак батасын бериши жигиттерди таң калтырат. Түшүнө албай суроо салып, берегидей жооп алышат:

– Балдарым! Жараткан Кудурет силерге акыретте жагымдуу тирүүлүк бергиси келсе, бул дүйнөдө тооба кылууну нисип буйруйт...

Ислам залкарынын жагымдуу, илбериңки мамилеси, жылмайыңкы жүзү чала мас болуп турган жигиттерди арбап алат. Жаштар өздөрүнүн бул жаңылыш ишине бушайман болуп, баары тегиз башын жерге сала абийир алдында напсилерин соттойт. Күнөөнүн сазына батканын аңдаган соң баары шараптарын төгүп, тообо кылышат. Ошентип, Маруф олуя жаштардын эки дүйнөнүн бак-таалайын тандап алышына себепкер болуп калат.

***

Осмон дөөлөтүнүн мезгилинде төбөлдөн тарта карапайым калкка чейин бардык жарандар дин Исламды ушунчалык бекем тутунуп, динибиз буйругандай жарык маанай, сылык мамиле менен жашап өтүшкөн. Сөзүбүз куру болбосун үчүн тарыхтан мисал келтирели.

Эл-журттун сүймөнчүлүгүнө ээ болгон Фатих Султан Мехмед хан Истамбулду караткандан кийин аалымдар, билгиндер, бийлер жана акимдердин коштоосунда Эдирнекапы дарбазасынан чоң салтанат менен шаарга кирет. Акбоз атчан Фатих аскерине мындай буйрук айтат:

«– Казатчыларым! Жаратканга чексиз мактоо айталы! Истамбулдун казатчысы болдуңар! Бул деген өтө зор иш, улуу мартаба. Жансоогалаган жарадарга кол тийгизбегиле! Аялдарга, балдарга, карыларга жана оорулууларга кыпындай да жамандык жасабагыла! Өзүңөргө адал болгон олжону гана алгыла!...»

Фатихтин адилеттүүлүгүнө ыраазы боло көзүнө жаш алган Истамбулдун жогорку дин кызматкери (патриархы) падышанын бутуна жыгылат. Аны дароо колтуктап өйдө тургузган Фатих:

«– Биздин динибизде Алла Таала үчүн саждага баш койгонсуп карапайым адамдын бутуна жыгылыш же ашкере таазим кылыш арам болуп эсептелет. Мен бул мамлекеттин жооптуу жетекчиси катары силерге жана бүтүндөй христиандарга бардык акы-укукту жана эркиндикти кайтарып бердим. Силер мындан ары эркиндигиңер, же жашоо-турмушуңар жөнүндө менден кооптонбой эле койгула. Рим православ жамаатынын көсөмү катары таанылган патриарх бардык артыкчылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн мурункусундай сактай алат....!» дейт.

Көп өтпөй падышанын мунапысы жарыяланат, анын натыйжасында камактагы көптөгөн Византиялык жарандар боштондук алат. Мунапыс алгандардын арасынан эки киши көзгө башкача көрүнөт. Экөө тең фиолософ жана хрстианчылыкты казып окуган аалым болот. Камалышынын себебин сураган падышага себебин маалымдайт:

–Биз Византиянын эң алдыңкы поптору элек. Заалымдыгы, ашкере кордукчул, зордукчулдугу жана акыйкатты таанывас өзүмбилемдигин токтотуу талабы менен биз эки-үч ирет падышага эскертүү бердик. Мындай адилетсиздиктин арты бийликти да, мамлекетти да чөгөрүп, жок кылаарын түшүндүрүүгө аракет жасадык. Айтылган эскертүүгө териккен падыша бизди зынданга салдырды.

Алардын башынан өткөн окуя Фатихти катуу ойго салат. Осмон дөөлөтүнүн учурдагы абалы жана келечеги тууралуу попторду көз карашын билгиси келет. Алар болсо иликтөө жүргүзгөндөн кийин гана көз караштарын айтууну эп көрүп эл аралап кетишет. Таңдан туруп зарыл буюмдарды алуу үчүн дүкөнгө киришет. Дүкөн ээси аларга сылык кайрылат:

– Урматтуу кардарлар! Мен азыр эле соода кылып бүгүнкү үлүштү жасап алдым. Коңшум али эч нерсе сата элек. Ошондон алсаңыздар болот.

Поптор калк тыгыз жайгашкан шаардан тарта эл аз жашаган айыл-кыштактарга чейин барышат. Көптөгөн адамдар менен баарлашып, көз караштарын угушат. Барган жерден пакиза ахлакты жана жакшылык көрүп кайтышат.

Алар базарга эми гана башбакканда мунарадан азандын үнү угулат. Эч ким дүкөнүн кулпулабайт. Баары мечитке ашыгат. Бири-бирине кызганган, кек сактагандарды, жакалашып, чатакташкандарды кезиктире алышпайт. Алардын көзүнө бардык жарандар бир туугандай көрүнөт. Кайсы жерге барбасын, жандилден берилип намаз окуган мусулмандарды кезиктиришет.

Бирөөнүн акысын жеп, бирөөнү капа кылган, бирөөгө кордук көрсөтүптүр деген күбүр-шыбырды да, айың кепти да уга алышпайт. Канчалык кылдат карабасын Алланын ыраазылыгына төп келбеген жосунсуз жоруктар көзгө урунбайт. Баары тегиз Алланын ыраазылыгы үчүн сөз сүйлөп, аракет кылган жандар... Алакан жайган ким болбосун журтчулукка амандык, Султанга узун өмүр, жоокерлерге саламаттык жана жеңиш тилегенин угушат. Коомдун ак ниет, ак көңүл, ток пейил, акылман адамдардан куралганына күбө болушат.

Мындай кынтыксыз жагдай попторду бир кыйла таң калтырат. Кайсы шаарга барбасын, оор кылымыш жасаган же оор жаза берген соттук жараянды кезиктире алышпайт. Уурулук, кылымышкерлик, бирөөнүн абийрине шек келтиргендик, алдамчылык жана башка кылымыштар бул коом үчүн такыр жат көрүнүш экенине көздөрү жетет. Соттук бир жараян бул эки иликтөөчүнү кызыктырат.

Шаардын казысына бир адам доо арызы менен кайрылат. Доогер берегидей маселени чечип берүүнү казыдан өтүнөт:

– Казы мырза! Мен паланча диндешимден бир жер тилкесин сатып алган болчумун. Ал жерге эгин айдайын деп соко тартып жатып жерге көмүлгөн бир кумура толо алтын таап алдым. Мына ошону жер тилкесинин мурунку ээсине алып барсам, «Мен жер тилкесин сага баш-үстү менен саткам. Андыктан жердин астынан чыккан алтының мага адал эмес! – деп албай жатат.

Казынын уруксаты менен экинчи тарап сөз алат:

– Бул диндеш тууганым туура айтат. Мен ал жер тилкесин сатканда асты-үстү менен кошо саткам. Баштан бери бул салт ушундайча уланып келет. Жыйналган түшүмдөн алууга эч кандай акым жок болгон сыяктуу, жердин астынан чыккан нерселерди алууга да акым жок!

Попторду таң калтырган бул окуя казы үчүн кадыресе иш эле.

Андыктан бул маселени чечүүдө казы анчейин буйдалбайт. Бул эки момун мусулмандын бирөөндө эрезеге жеткен уулу, бирөөндө бойго жетке кызы бар экенинен кабардар болгон казы жакшылык иш үчүн ортого түшөт. Ошентип, эки тараптын ыраазылыгынын негизинде эки жаштын никесин кыят да, табылган алтынды жаш жубайлардын келечеги үчүн сарптоо чечимин чыгарат.

Бул окуя акыйкатты негиз тутуп жашаган Ислам коомчулугунун адилеттүүлүктү, адамгерчиликти сүйөрүн ачык көрсөтүп турат.

Мына ушундай изги окуяларга күбө болгон поптор дагы да терең иликтөө үчүн күүгүм талаш кыздарын бир медресеге жөнөтүшөт. Кыздар каалганы ачкан жаш жигитке кайрылат:

– Караңгы кирип кеткендиктен, жолдон адашып калдык. Бизди эртеңге чейин конок кыла аласыздарбы?

Окуучулар ары ойлонуп, бери ойлонгон соң кыздарга өз бөлмөсүн бошотуп берип, ортого бир парда тартып коюшат да, өздөрү мештин жанында таңды атырышат. Эртең менен эртелеп кыздар үйлөрүнө карай бет алышат. Чыдамсыздык менен күтүп жаткан атакесине болгонун болгондой маалымдашат:

– Өздөрү жатчу ыңгайлуу, нары жылуу орундарын бизге бошотуп беришти. Өздөрү болсо таң атканга чейин бөлмөнүн бурчундагы мештин жанында олтурушту. Биз алардын көпкө чейин: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Бизди тозок отунан сакта! Бизди жаман жолго азгырылуудан сакта!» деп дуба кылганын угуп жаттык. Бизди карап да коюшпады.

Поптор андан ары христиандар жашаган жерлерди көрүү үчүн Фенер семтине (конушуна) саякатка чыгышат. Алар Истамбул каратылганга чейинки мезгилге салыштырмалуу христиандардын жашоо-турмушунун оңолгонуна, көчөлөрдөгү ыплас таштандылардын азайганына күбө болуп, мурункудай мас болуп жакалашкандарды кезиктире алышпайт. Жакыр христиандарга бирден үй берилгенин билишет.

Поптор узакка созулган иликтөөдөн кийин уруксат алып Фатих Султан Мехмеддин алдына киришет да, падышанын жоопсуз калган суроосуна көз караштарын минтип билдирет:

«– Бул улут, бул мамлекет ушул таскагынан жазбай жүрүп олтурса, кыяматка чейин жашай алат. Ушундай пакиза ахлак менен улуу изгиликти карманып жашап жүргөн адамдардын динин албетте акыйкат дин деп эсептейбиз!» Поптор толкунданууу менен бул сөздөрдү айткан соң келме келтирип мусулман болушат.

***

Жыйынтыктап айтканда, каршы тарапка жылуу жүз менен жылмая кароо, үлгүлүү жүрүм-турум менен Исламдын жаркын жүзүн көрсөтө билүү үгүт-насаат ишинде өтө таасирлүү фактор болуп эсептелет. Бул таасирлүү усулду тээ байыртадан бери көптөгөн аалымдар, олуялар жана даанышмандар колдоно келишкен. Адампендени алдыдагы оор азаптан ушул жол гана куткара алат. Айтылган акыл-насааттарды өзү биринчилерден болуп жүзгө ашырбай кою инсандын жеке өзүнө да, коомго да терс таасирин тийгизет. Анткени Алла Таала амалсыз куру сөздөрдү жана эл көрсүн үчүн аткарылган ыклассыз ибадаттарды кабыл кылбайт.

Ошол себептен Азирети Пайгамбарыбыздын эң жакын жолдошу Абу Бакр Сыддык *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

«Жараткан Алла кулпендесинин куру сөздөрүнө ыраазы болбойт!»

Белгилүү ойчул жана акын Саади Ширази кеп оролундагы маселеге ишааратап:

**«Канчалык жанталашып окуп, билимиңе жараша аракет кылбасаң сен баары бир наадансың!»** деген.

Момун мусулмандын орундаткан амалдары ээсин түрдүү рухий дарттан, алсыздыктан арылтып, ыкластуулук жана кайрымдуулукта бир кыйла жолду багынтып берген болсо, мына ошондо дин Исламдын жаркын жүзү даана көрүнө баштайт.

**Жараткан Кудай Таала бул изги ахлакты жана ак кызматты баарыбызга насип кылсын!**

**Оомийн!..**

## г. Үгүт-насаатчылыкты таштап салуунун кейиштүү кесепети: Ахлаксыздыктын жайылышы жана бүтүндөй коомдун жок кылынышы

Чоң сынак жайы катары жаратылган бул дүйнөдө Жараткан Кудуреттин эсеп жеткис нематтарынын ичинде сүзүп жүрүп Анын буйруктарына каршы чыгуу – жеткен кесирлик, түркөйлүк жана акыбети оор акмакчылык. Ыймандуулукка жана Кудай Таала койгон ахлактык эреже-жоболорго кол шилтеп койгондор натыйжада жан чыдагыс азапка дуушар болушат.

Тарыхтын ибаратка толгон барактары кудум элдердин көрүстөнү сыяктуу элес берет. Анткени улуттар, элдер көбүнесе ыймансыздык, ахлаксыздык жана заалымдыгы себептүү тарыхтан өчүп жок болушкан. Ыймансыз, заалым коомдордун **өлүм алдындагы аянычтуу абалын** Кудайы өч алуунун ибараттуу көрүнүшү десек жаңылышпайбыз.

Тирүүлүктө эң коркунучтуу деп эсептелген добул, бурганактап найза бою жааган кар жана бороон, нөшөрлөп ай бою жааган ак жаан, зилзала, аламат куюн, ачарчылык, сел, жер көчкү, чымын жанды чыркыраткан чагылгандуу азап булуттары, душмандын басып кириши жана мүлдө кырылууга алып келген жугуштуу оорулар сыяктуу Кудайы азаптын белгилери ошол эле маалда абам баласы үчүн катуу эскертүү болуп саналат. «Табият кырсыктары» катары кабылданган мындай окуялар сөзсүз түрдө көптөгөн олуттуу себептерден жана сырлардан улам жүз берип келет. Мындай алааматтар сырткы көрүнүшүнөн табигый кубулуштардан улам жараян эткендей көрүнгөнү менен, түпкүлүгүндө бузулуп кеткен айрым көрпенделерге же ашкере күнөөгө баткан айрымдар үчүн Кудайы эскертүү иретинде болгондугу байкалат.

Ыйык Куранда маалымдалгандай, Кудай Тааланын уруксаты болмоюн дарактан жалбырак да үзүлбөйт[29]. Болбосо ааламда физикалык анархия жүз бермек. Мына ошол физикалык табигый кубулуштардын ичинде миң түркүн рухий сырлар катылуу. Бул сырлар пайгамбарларга жана Алланын сүйүктүү пенделерине аян болот.

Куран-и Карим өтүмүштөгү коомдордун жок болушун кийинкилерге сабак болсун үчүн анын себептери менен кошо баян этет. Кайсы себептерден улам жок болгон деген кызыгуу пайда болушу мүмкүн. Албетте ал коомдор Алла Тааланын нематтарына кесирлик кылып, мол ырыскыга топуктуу болушкан эмес, заалымдык, адилетсиздик чектен ашып, адеп-ахлакты жээрип калышкан, ошондой эле Алланын ак жолуна чакыруу вазийпасын таштап коюп, берилген эскертүүнү четке кагышкан.

Канчалык болбосун, күнөө атпай пенденин бейишке киришине бөгөт болот. Пендезатты азапка жетелеген күнөөкөрлүк парасаттуу момун мусулмандардын Исламды жайылтышы жана үлгүлүүлүк менен азаят.

**«Силер адамзаттын жакшылыгы үчүн жаратылган эң кайырлуу үммөтсүңөр. Силер (элди) жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыясыңар жана Аллага ишенесиңер...»** (Аали Имран сүрөсү, 110-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Силер колдоо табасыңар, олжолуу болосуңар, кыйла жерди каратып аласыңар. Ким бул заманды көрүп калса, Алла Тааладан корксун. Элди жакшылыкка чакырып, жамандыктан тоссун...»* (Тирмизи, Фитан, 70/2257).

Момун мусулман ар дайым жакшылыктын ачкычы, жамандыктын кулпусу болушу керек. Азирети Пайгамбарыбыз мына ушундай сапатты боюна сиңирген үммөтүнө: *«Алар кандай гана бактылуу!»* деп суктануу менен сүйүнчү айткан (Ибн Мажа, Мукаддима, 19).

Мусулмандар караңгылык, жеке кызыкчылык, кайдыгерлик сыяктуу дарттарга чалдыгып, Исламий эреже менен жашабай, диний жоопкерчиликти унуткан чакта коом ичтен ирий баштайт. Убакыттын өтүшү менен чөйрөгө жайылган ыплас жашоо ыңгайы такыбаа жашагысы келген инсандарга да терс таасирин тийгизбей койбойт. Тактап айтканда, башталышында токтотуп калууга чара көрүлбөсө, жекеден жалпыга жайылып агыны күчтүү селге айланат, мындан чоң-кичик дебей бүтүндөй коом зыян тартат. Бүтүндөй коом бузулган жерде Жогорку Күчтүн катуу чарасы сөзсүз ишке ашат.

**«Араңардагы заалымдарга жабышкан фитнадан** (бузукулуктан) **сактангыла! Алла Тааланын азабы катуу!»** (Анфал сүрөсү, 25-аят).

Жалпыга зыяны тийе турган айрым бир күнөө иштер бар. Мунун натыйжасында жүз бере турган бузукулук, мүшкүл азап айыпкер менен заалымдарды гана эмес, буга эч тиешеси жок карапайым калкты да карайлатат. Күнөөкөрлөр менен кошо сыртынан күнөөсүз көрүнгөндөр да азапка дуушар болушат.

Ошол себептен мусулмандар мойнундагы вазийпасын жана жоопкерчилигин татыктуу аткарып, өлүм менен сот күнүндөгү оор суракты эч убакта эстен чыгарбагы керек.

Тилекке каршы, напсиге алдырган көп адамдар чолок акыл менен түрдүү божомолго сала Алла Тааланын буйруктарынан ойт бермейге өтүп алышкан. Айрымдар Жараткандын буйруктарын орундатууда көпчүлүктүн деңгээлинин төмөндүгүнө өзүн салыштыра коюп, болор-болбос кызматын жана кайратын жетиштүү санап, кыйратып койгондой эрдемсип кайдыгер жүрүшөт. Жогор Жактан салынган тыюларды убактылуу зарылдык катары «боло берет» ыкмасында: «Баары эле жасап жүрбөйбү. Эмне мен жасабай койсом, бир нерсе өзгөрүп кетмек беле?» деген шылтоону бетке кармангандар арабызда аз эмес. Аныгында, бул жаатта «өзүнө өзү уруксат берүүгө» эч кимдин акысы жок! Анткени диндин өкүмүн Алла Таала гана койот. Өкүмдөрдү койгону сыңары акырында жоопко тарта турган да Өзү.

Ошондуктан адам баласы иралды Исламды өзүнүн бүтүндөй турмушуна сиңирип «чыныгы момун мусулман» деген атка татыктуу болушу керек. Кемелине келген соң кыттай уюган изгиликти чөйрөгө жайылтып, туура жолго үгүт жүргүзүшү керек. Ополу перзенттерин өз убагында тарбиялап, алардын диний билим алышына шарт түзүшү керек. Эң жакын тууган болобу, узактагы бейтааныш адам болобу, тегиз жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосушу керек. Башта айтылгандай, бул жоопкерчиликке кайдыгер мамиле жасалды дегиче, кейиштүү кесепет күтүп турганын унутпоо зарыл. Бул улуу вазийпаны оорсунуу, безе качып башка жолго түшүү Кудайы азаптын жалпы журтка келишине себеп болот. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жөөт элинин бузула баштаганын мындайча маалымдаган:

*«Жөөт элинде заалымдык жайылган мезгилдерде күнөө жасап жаткан адамды көргөн жан аны тыйганга аракет кылчу. Бирок эртеси кайра мурунку калыбында көрөт да, алакасын бузуп албоо үчүн аны жайына койушчу, эскертүү беришчү эмес...»* (Тирмизи, Тафсир, 5/6, 7; Ибн Мажа Фитан, 20; Абу Давуд, Малахим, 17/4336).

Башка бир хадисте минтип айтылат:

*«Алла Таала бир коомго азап жиберген болсо, ал жумурай журтчулукту каптайт. Акырында баары амалдарына жараша кайрадан тирилтилет»* (Бухари, Фитан, 19; Муслим, Жаннат, 84).

Күнөөкөрлүктү жана бузукулукту жою үчүн өмүрүнүн акырына чейин аракет кылып, заттык жана рухий кайраттан жазбаган аракетине карабай жамандыкка бөгөт боло албаган жандарды Жараткан Алла Өзү кечирет. Эгер түркөй, наадан коомдо жашап туруп, аларды жайына коюп, же бузукулукка көмөк көрсөткөн жандар акыры жүрүп коомдун жолоюна түшүп, азапка калышы толук ыктымал. Анткени жамандын кесепети тийбей койбойт.

Зайнап бинти Жахштын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда, күндөрдүн биринде Алла Элчиси корkконунан титиреп анын жанына келет:

*– Алла Тааладан башка кудай жок. Жамандык жакындап калды, арапка убал жок! Бүгүн Яжуж менен Мажуждун чебинен ушунчалык жер ачылды!* – деп баш бармагы менен сөөмөйүнүн башын төгөрөк кылып бириктирди. Азирети Зайнаптын:

– Пайгамбарым! Арабызда жакшы адамдар турса деле балекетке учурайбызбы? – деген суроосуна:

– *Ооба, жамандык менен күнөө көбөйгөн учурда* – деп жоп берет (Бухари, Фитан, 4, 28; Анбия, 7, Манакыб 25; Муслим, Фитан 1; крз: Абу Давуд, Фитан 1; Тирмизи, Фитан 23; Ибн Мажа, Фитан 9).

Демек, коомдун жакшылары, ыймандуулары оожалып бараткан жамандыкка көз жумуп, түзөтүүгө жетиштүү аракет жасашпаса, баары тийиштүү жазаларын алышат. Бул чындык Азирети Пайгамбарыбыздын хадисинде мындайча маалымдалат:

*«Адамдар көрүп туруп жамандыкты түзөтүүгө аракет кылышпаса, көп өтпөй Алла Таала алардын башына бир балекет жиберет»* (Ибн Мажа, Фитан, 20).

*«Жанымды Кудурет Күчү менен кармап турган Алла Таалага ант этем! Элди жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосушуңар керек. Болбосо жакын арада башыңарга Алланын азабы келет. Ошондо канчалык жалбарбагыла, Алла дубаңарды кабыл кылбайт»* (Фитан, 9/2169).

Адамзат тарыхы ыймандын, ахлактуулуктун ак жолунан адашкандардын башына түшкөн алаамат азаптын далайына күбө болгон. Нух, Ад жана Самуд коомунун текебер калкы, пайгамбарларга каршы чыгып, өзүн «кудаймын!» деп жарыялаган, акырында Кызыл деңиздин түпкүрүнө чөккөн Фараон, жалгыз чымын ташталканын чыгарган Намрут, айбандан да ыплас жашаган Лут коому, уят-сыйытты жыйыштырып койгон дагы нечелеген көрпенделер, заалымдар такай бузуку жолдо жүргөндүктөн оор жазаларды алышкан.

Алла Таала мындайча буйруйт:

**«Аларга өздөрүнөн мурунку Нух, Ад, Самуд коомдору, Ибрахим эли, Мадян эли, ошондой эле ойрон болгон шаарлардын кабары жеткен эмеспи? Пайгамбарлары аларга көп далилдерди келтиришкен. Алла Таала аларга зулумдук кылган эмес. Керисинче алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышты»** (Тооба сүрөсү, 70-аят).

Алардын башына түшкөн караан күн өз күнөөлөрүнүн ачуу натыйжасы эле. Куранда айтылгандай, кетирген кемчиликтери жана кылган күнөөлөрү себептүү эки дүйнөдө тең арылгыс азапка калышкан.

**«Адамдардын өз колу менен жасаган жамандыгы себептүү деңизде да, жерде да бузукулук жүз берди, туура багыт бузулду. Бул балким (жаман жолдон) кайтар деп Алла аларга жаман натыйжа берди»** (Рум сүрөсү, 41-аят).

**«Башыңарга келген кандай гана балээ болбосун, ал өз колуңар менен жасаганыңардын кесепети.** (Муну менен катар) **Алла Таала күнөөлөрдүн көбүн кечирет»** (Шуара сүрөсү, 30-аят).

Жараткан Алла Таала пенделерине кандай гана ырайымдуу! Туура жолдон чыгып күнөөгө белчесинен баткан пенделерди бу дүйнөдө эле түрдүү жазалар менен көзүн ачып коюшу, түпкүлүгүндө Анын чексиз мээримдүүлүгүнүн белгиси. Анткени акыреттеги жазалардын алдында эскертүү иретинде берилген бу дүйнөдөгү жазалар өтө жеңил. Ал пенделеринин баарын жазага кириптер кыла бербейт. Акыйкат жолго кайтуу үчүн түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү берет. Кудайы эскертүүлөрдү, мүмкүнчүлүктөрдү өз убагында карманып, ак жолго кайтып өмүр кечиргендердин өтүмүштөгү күнөөлөрүнүн кечирилээрин убада кылган. Жадагалса кулпенде канчалык бериле тооба кылган болсо, ыкласынын пакизалыгына жараша өтүмүштөгү күнөөлөрүн соопко айлантаарын сүйүнчүлөгөн. Алланын ырайымы, мээрими адамзааданын кыялына сыйбагыдай нары кенен, нары терең.

Жараткандын көптөгөн эскертүүлөрүнө кол шилтеп, нечен ирет берилген арууланыу мүмкүнчүлүгүн четке кагып, тойбос напсинин жалганчы мунарыгына карай жетеленгендер акыр аягында ачуу жазадан эч кайда качып кутула алышпайт. Аятта мындайча буйрулат:

**«... Шек-күмөнсүз Анын соккусу жан чыдагыс катуу болот!»** (Худ сүрөсү, 102-аят).

Дин Исламдан башка адамзат үчүн кармана турган, баса турган эч кандай таалай жолу жок! Өзүн мусулман эсептеген пенделер динди толук кандуу турмушка ашырууда бири экинчисине көмөкчү болгон эки кол сыяктуу бири-бирине колдоо көрсөтүп жашашы керек. Алланын буйруктарынан эч убакта ойт бербеши керек. Жараткандын буйруктары көз жаздымда калып, белгиленген чек аяк асты кылынган чакта дүйнөдөгү тең салмактуулук бузулат, акыйкат, адилеттүүлүк, ынсаптуулук, ырайым, сүйүү солгундайт, мал-мүлк, жан коопсуздугу жоголот, заалымдык, адилетсиздик, ахлаксыздык, ачарчылык, уурулук жана түрдүү кылымыш чар тараптан каптап кирет.

Алланын сүйүктүү Элчиси Махаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* мына ошол күндөрдүн келе турганын кайгыруу менен: «Ушундай бир алаамат замандар келет дейсиң...» деп өз хадистеринде маалымдаган.

*«Ушундай бир урамал доор келет дейсиң, адамдар бири-бирин жакшылыкка үндөбөйт, жамандыктан тоспой калат»* (Хайсами, VII, 280).

*«Жакшылыкка чакырбаган, жамандыкты тыйбаган пенделерди эң жакшы адам катары баалап кала турган (кооптуу) заман келет»* [30].

Адаттагы күндөрдүн биринде Азирети Пайгамбарыбыз сахабаларына:

*– Жаштарыңар бузуку жолго түшүп, аялдарыңар адашкан кезде абалыңар чатак болот –* дейт.

Сахабалар сар-санаа болуп суроо салышат:

– Оо, Алланын Элчиси. Сиз айткандай жаман абалга туш болобузбу?

*– Ооба, мен айткандан да артык болот. Асыресе, жакшылыкка чакырбай, бузукулуктан тоспой калган учурларда жаман абалга дуушар болосуңар.*

– Демек, ошондой абалга туш болосуңар деңизчи.

*– Ооба, мен айткандан да начар болот. «Жакшылыкка тыю салып, жамандыкка чакырып» калган кезеңде өтө кыйын абалда каласыңар.*

– Чын эле сиз айткандай тескери заман келеби?

*– Тилекке каршы, андан да жаман мезгилдер башталат. Жаманды жакшы деп, жакшыны жаман деп кабылдаган мезгилде абалыңар ашкере чатакка айланат.*

– Пайгамбарым, ушу айтканыңыз сөзсүз жүзөгө ашабы?

*– Ооба, сөзсүз!* деди Азирети Мухаммад Мустафа (Хайсами, VII, 281).

Азирети Пайгамбарыбыз дагы бир жолу сахабаларына:

– Момун мусулмандын жүрөгү суида ээриген туз сыяктуу ээрий турган бир мезгил келет элдин башына!

– Пайгамбарым, жүрөк эмне үчүн ээрийт?

– Жамандыкты көрүп туруп, аны түзөтүүгө дарамети жетпей калганы – (жүрөктүн ээригени)! – деди Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* (Али ал-Муттаки, III, 686/8462).

Хадисте маалымдалган бардык жараяндар учурда кадыресе көрүнүш катары баштан өтүп жатканын аңдап-сезип жатабызбы деги? Пайгамбардын үммөтү катары Кудайы бул эскертүүлөрдү кунт кою менен эске алышыбыз керек. Болбосо эртең эле Алланын алдына барган чакта миң түркүн шылтообуз эгерим эске алынбайт. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз биз үчүн эң зарыл деп эсептелген маалыматтардан тарта бүт нерсени ачык-айкын, так-даана айтып кеткен. Бул жагдай Куранда берегидей мааниде маалымдалган:

**«Чындыгында Биз адамзат насаат алсын үчүн Куранда түрдүү мисалдарды келтирдик»** (Зумар сүрөсү, 27-аят).

**Жараткан Алла Таалам баарыбызга Ыйык Курандан жана куттуу хадистерден насаат үйрөнүүнү жана Өз ыраазылыгына төп келе турган жашоону насип кылсын! Дин Исламды иралды жетик үйрөнүүнү, аны менен жашай билүүнү, андан соң чөйрөбүзгө жеткиликтүү деңгээлде үйрөтүүнү насип кылсын! Эл-журтту ахлаксыздыктан жана бузулуп кетүүдөн сактасын! Адашкандарга ыйман ыроолосун, ыймандууларды ак жолунан адаштырбасын!**

**Оомийн!..**

## 2. Илим менен Куранды жайылтуу кызматы

Илим менен Куран жолунда ийги иштерди жасоо адам баласына көрсөтүлө турган эң маанилүү кызматтардын бири болуп саналат. Дене мүчөнүн жашоосу үчүн заттык азык кандай зарыл болсо, акыреттеги түбөлүк бакытка жетүү үчүн рухий азыктар ошончолук зор мааниге ээ. Бир адамды караңгылыктан жарыкка, ыймандуу жашоого алып чыгып, бузукулуктан куткарып калуу, бүтүндөй адамзатты куткарып калууга тете экени Куранда маалымдалга[31] . Эми, ойлонуп көрөлү, жандүйнөнүн арууланышына себепкер болуу, бир пенденин ыйман жолуна түшүп калышына жардам берүү сыяктуу албан түркүн кызматка Кудай Таалам канча эсе сооп жазат болду экен. Маалым болгондой адампенде бул жалганга түбөлүк калуу үчүн эмес, жандүйнөсүн аруулап, ыроолонгон ырыскыдан азыктанып, ыйманга кубат берип, акыреттеги бейишке даярдануу үчүн жаратылган.

Кудай Тааланын теңдешсиз илим Ээси жана ошондой эле көрүнөөдөгүнү да, көмүскөдөгүнү да Билүүчү экенин даңазалаган көптөгөн көзөл ысым-сыпаттары бар. Пендезат адам деген атка татыктуу болуу үчүн Алла Тааланын илим сыпатынан өз насибин алууга аракет кылышы керек. Анткени илим – бул чоң казына, акылдын азыгы жана күч-кубаты. Ошол себептен шейх Саади: «Кимде-ким билимдүү болсо, ал – кубаттуу!» деген.

Илим бир гана билимдүүгө эмес, башка адамдарга да, жандуу-жансыз заттарга да пайдасы тийет. Анткени ак менен караны, жакшы менен жаманды, туура менен жаңылышты илим-билимдин жарыгы менен так жана даана айырмалоого болот. Андыктан, пайдалуу илим-билим менен алек болуу Алла Тааланын ыраазылыгын табуунун эң мыкты жолу жана улуу ибадат болуп саналат.

Ислам дини караңгылыктын, наадандыктын бардык түрүн четке кагат жана кескин түрдө сынга алат. Анткени түркөйлүктүн, караңгылыктын баарында каапырлыкка, бузукулукка, түркөйлүккө тартып кетүү коркунучу күчтүү.

Азирети Осмон *(Алла ага ыраазы болсун)* караңгылыкты берегидей тамсилдештирген:

«Караңгылыктын алжыган чобур унаа экенин ушундан билиңиз, мингендин шермендеси чыгат, андан түшпөгөндөр жолдон адашат».

Бардык илимдер Кудай Тааланын ааламга койгон мыйзам-эрежелерин гана иликтейт. Андан тышкары эч кандай ачылыш же жаңылык жасаганга илимдин дарамети жетпесин эстен чыгарбоо кажет. Демек, чыгыны илим – ошол эрежелерден жолго чыгып купуя сырларга умтулуу жана муну менен токтоп калбастан ааламдын купуя сырларынын нагыз башатына жетүү. Ошол себептен Мавлана олуя дүйнөлүк илимдердин дайрасында сүзүп жүргөн мезгилин **«чийки экенмин»** деп сыпаттаса, жогоруда айтылган аялуу сырлар илиминин казанында кайнап жүргөн мезгилин **«быштым»** деп, ал эми нагыз башатты тааныган учурун **«күйүп баратам»** деп сүрөттөгөн.

Демек, адам баласы үчүн эң пайдалуу илим – бүт нерсенин өзөк мазмуну, кашкайган акыйкаттар жана нукура баалуулуктар жазылган Ыйык Куран илими. Анткени Куран чыныгы илимдин Ээси саналган Алла Тааланын Китеби. Куранда айтылгандын баары адамзаадага Кудайды таанытат. Илимдин нагыз башатынын түйүнү мына ушунда жатат.

Алла Таала Өзүнүн Китебинде бизди бул улуу илимди алууга шыктандырат:

**«Оо, Жараткан! Илимиме илим кош!» деп айт....»** (Таха сүрөсү, 114-аят).

**«... Алла Таала араңардагы ыйман келтиргендердин жана илимге эгедер болгондордун даражасын көтөрөт...»** (Мужадала сүрөсү, 11-аят).

**«Алла Тааладан илимдүү пенделери гана чындап коркот...»** (Фатыр сүрөсү, 28-аят).

**«Биз бул мисалдарды адамдар үчүн берип жатабыз, бирок муну илимдүүлөр гана түшүнө алат»** (Анкабут сүрөсү, 43-аят).

Окуяны Кайс бин Касийр маалымдайт:

«Дамаскта жашаган Абу Дардага куттуу Медина шаарынан бир адам жолугууга келет. Келген коноктун максатын билүү үчүн Абу Дарда *(Алла ага ыраазы болсун)* андан сурайт:

– Тууган, мындай узак сапарга чыгышыңызга эмне түрткү болду?

– Пайгамбарымдын бир хадиси түрткү болду. Угушума караганда сиз ал хадисти Пайгамбарымдын өз оозунан уккан экенсиз. Ошондуктан алгачкы равинин (хадис айтуучу) өз оозунан угайын деп келдим.

– Келишиңиздин башка максаты бардыр?

– Хадистен башка эч кандай максатым жок.

– Соода-сатык боюнча максатыңыз жопу?

– Андай максатым да жок.

– Демек, бир хадисти жетик үйрөнүү үчүн гана келген турбайсызбы. Мен Азирети Пайгамбарымдын мындай дегенин укканмын: *«Кимде-ким илим үйрөнүү үчүн жолго чыккан болсо, Алла Таала ал пендесине бейиштин жолун жеңилдетет. Периштелер илим алуучуларды жакшы көргөндүктөн аларды канаттары менен калкалап турушат. Асман-жердеги жаамы макулуктар, жадагалса суудагы балыктар да аалымдардын кечирилишин Алладан тилейт. Аалым менен жөн гана ибадат этип күн кечирген мусулмандын айырмасы он төрт күндүк толуп турган ай менен жылдыздардын ортосундагы жаркыраган өзгөчөлүккө окшош. Аалымдар пайгамбарлардын мураскери болот. Пайгамбарлар алтын, күмүштөрдү эмес, илимди гана мураска калтырган. Илим мурасына ээлик кылган адам анык таалайдын шагына конгон болуп эсептелет»* (Тирмизи, Илим, 19/2682; Абу Давуд, Илим, 1/3641).

Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* илимдин изги артыкчылыгын башка хадисинде мындайча маалымдаган:

*«Береги эки сапатка ээлик кылган адамга гана суктанууга болот. Биринчиси: Ыроолонгон мал-мүлктүн баарын Алла Тааланын жолуна сарптаган адам; Экинчиси: Алла Таала ыроологон илимге ылайык адилеттүү чечим чыгарган жана аны башкаларга үйрөткөн адам»* (Бухари, Илим 15, Зекет, 5, Ахкам, 3, Ит-исам, 13, Тавхид, 45; Муслим, Мусафирийн 268).

Илим – жихаттын-күрөштүн бир түрү. Анткени жихаттын максаты адамдарга Ислам динин жеткирүү болуп эсептелет. Ачыгын айтканда топуракты канга чылоо үчүн белсенген күрөш эмес. Жерди басып алуу үчүн жүргүзүлгөн согуштар жүзү кара заалымдыкка жатат![32] Ошол себептен динибизде жихаттын эң маанилүү каражаты илим болуп саналат.

Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Илим алуу үчүн жолго чыккан адам үйүнө кайтканга чейин Алланын жолунда (жихатта) жүрөт»* (Тирмизи, Илим, 2/2647).

*«Кимде-ким Исламды жандантуу үчүн илим жолунда жүрүп көзү өтүп кетсе, (даражасы өтө бийик көтөрүлгөндүктөн) ал адам менен пайгамбарлардын ортосунда бир гана даража калат»* (Дарими, Мукаддима, 32).

Илим жана Куран жаатындагы иш-аракеттерде ак ниеттүүлүк менен ыкластуулук болушу керек. Алла Тааланын ыраазылыгы эске алынбаган Куран жана илим жаатындагы көрсөтүлгөн кызматтар адамга эч кандай пайда алып келбейт. Мындай кызматтар айрыкча, кызмат ээсинин такыбаалыгын талап кылат. Муну Сүйүктүү Пайгамбарыбыз өз сөзүндө тастыктап кеткен:

*«Кимде-ким Алланын ыраазылыгын эске албастан, байлык жыйноо үчүн гана илим алса, акыретте бейиштин жытына зар болот»* (Абу Давуд, Илим, 12/3664).

Илимдеги максат «илм-и наафи-пайдалуу илим» болушу керек. Пайдасыз, адамдардын ыйманына сокку ура турган маалыматтар менен шугулдануу – бул илим эмес. Мындай нерселер менен алектенгендер илимпоз эмес, ахлакты, ишенимди бузуучулар, акыретте тозоко отун болуучу адистер. Чыныгы илим өз ээсин Аллага моюн сунууга, изги амалдарга жана коомго кызмат кылууга шыктандырышы керек. Жараткан Алла илимдүүлөргө аныктама берүү менен бирге мындайча буйруган:

**«Ал** (каапырлар) **– Аллага моюн сунуп, түн ичинде сажда кылган жана тик турган абалда** (намаз окуп), **акыреттен коркуп, Эгесинин ырайымынан үмүт кылган адам сыяктуу боло алмак беле?** (Эй, Мухаммад!) **Аларга: <u>«Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?»</u> деп айт. Чындыгында акыл ээлери гана** (Курандан) **насаат ала алышат»** (Зумар сүрөсү, 9-аят).

Жараткан Эгебиз бул аят аркылуу төмөнкүдөй аалымдарды мактоого алат:

– Түн жарымда тик туруп, саждага баш коюп чын ыкластан намаз окуган,

– Алла Тааланын акыреттеги сурагынан жана жазасынан корккон, акыреттин камын көргөн,

– Чексиз Мээримдүү Алла Тааланын ырайымына тушугууну үмүт кылган жана ошого жараша мээнет кылган пенделер.

Аятта айтылган деңгээлге жетүү үчүн кайратты эркке бүлөп, анан да чындилден дуба кылуу зарылдыгы бар. Ансыз деле кемелине жеткен жандүйнөлөр такай дуба-тилек менен жашашат.

Илимдин пайда алып келиши, ылайыктуу, туруктуу амалга байланыштуу. Жүзөгө ашырылбаган билим, колдонулбаган маалымат ачылбаган китептерде калып кетет же кумга жазылган ариптердей акыл-эстен өчөт, унутулат.

Язид бин Салама *(Алла ага ыраазы болсун)* Алла Элчисинен өтүнөт:

– Пайгамбарым! Мен сизден көптөгөн хадистерди угуп, жаттап жүрөм. Улам жаттай берип, мурункуларды унутуп каламбы деп коркуп турам. Ошондуктан эсимден түк чыкпагыдай баарына тең келе турган бир сөз айтсаңыз.

Азирети Пайгамбарыбыз сахабасына берегидей нуска кеп айтат:

*«– Билгендигиң үчүн Алла Тааладан корк (коркуу сезими ар дайым жүрөгүңдө жандуу болсун. Билимиңе жараша амал кыл, ошондо жаңы айтылгандарды унутпайсың)!»* (Тирмизи, Илим, 19/2683).

***

Ыйык Куран бардык илимдердин булагы жана казынасы. Ошол себептен Куранды үйрөнүү жана анда айтылгандарды жүзөгө ашыруу эң шарапаттуу амал болуп эсептелет. Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Куран-и Карим – ар түркүн каргашадан адамды аман алып чыккан Кудайдын сөзү. Анда силерден мурунку коомдордун кабары, кийинкилердин абалы, коомчулукта жараян эте турган окуялардын өкүмдөрү маалымдалган. Ал ак менен караны как жарган, пайдасыз эмес пайдалуу Китеп. Андан баш тарткан азоону Кудай Таала азаптайт. Андан башка Жолду издеген пенделерди Ак Таала адаштырат. Ал Алланын кубаттуу жиби, зикири-хакими жана эң туура жолу. Ага баш байлаган адам эч убакта бузук жолго баспайт, аны сүйлөгөн тилдер жаңылбайт. Окуган аалым ага түк тойбойт. Көп ирет кайталангандыктан нукурлыгын эч убакта жоготпойт. Адампендени таң калтырган мужизалык өзгөчөлүктөрү эч түгөнбөйт. Аны уккан жиндер:*

**«… Биз чынында таң калтырган Куранды уктук [33]»** *дегенге аргасыз болгон. Ага таянып сүйлөгөн жандар жалаң туура сүйлөшөт. Куранга таянып өкүм чыгаргандар адилеттүү иш алып барат. Аны жүзөгө ашыргандар баар табат. Курандагы акыл-насааттарга, буйрук-өкүмдөргө моюн сунууга чакырылгандар Туура Жолду табышат»* (Тирмизи, Фадаилул-Куран, 14; Дарими, Фадаилул-Куран, 1).

Хасан Басрий мындай деген:

«Алла Таала пенделерине жүз төрт (104) китеп түшүргөн. Жүз төртүндө маалымдалган илимдерди Тооратка, Инжилге, Забурга жана Куранга камтыган. Эң аягында үч чоң китептеги илимдерди Куранга жыйнактаган» [34].

Таалими таза, жүрөгү пакиза Азирети Мухаммадка түшүрүлгөн жана анын турмушу аркылуу тафсир кылынган Куран-и Каримди элге жеткирүүгө кызмат кылуу – Пайгамбар ахлагынан үлүш алуунун эң мыкты жолу. *«Силердин эң жакшыңар Куранды үйрөткөн жана үйрөнгөнүңөр»* деген Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Куран менен жашоонун айныгыс үлгүсүн үммөтүнө көрсөтүп кеткен. Ошол себептен Куран таалимин алуу ар бир мусулмандын эң башкы вазийпасы жана милдети. Ыйык Куранга бапестелген сүйүү жана өтөлгөн кызмат момун мусулмандыктын эн белгиси.

Жамаатты жана шакирттерди-окуучуларды сезимталдыкка жана акыл жүгүртүүгө жетелөө үчүн иралды илим менен Куранга кызмат кыла турган жарандардын жүрөгү Аллага бапестелген сүйүүгө ташкындап турушу керек. Анткени: «– Куран окуу үчүн кандай үн, кандай ыргак жакшы?» деген суроого Азирети Пайгамбарыбыз:

*«–Куран окулган кезде Алла Тааладан коркууну кимден сезсең, ошол адамдын үнү жана кырааты эң жакшы»* деп жооп берген (Дарими, Фадаилул Куран, 34).

Керисинче, тилден жүрөккө акпаган кыраат менен илим адамды Ыйык Курандын чексиз ой мухитине да, терең сезимталдыкка да тарта албайт.

**Изликтин үлгүсү**

Азирети Анастын айтуусуна караганда Абу Талха *(Алла ага ыраазы болсун)* күндөрдүн биринде Алла Элчисине барып, Азирети Пайгамбардын тикеден-тик туруп асхаб-ы суффага Куран үйрөтүп жатканына күбө болот. Айрыкча Азирети Мухаммаддын ачкалыкты аз да болсо тындыруу үчүн курсагына таш байлап алгандыгы көргөндөргө катуу таасир берет.

Окуядан маалым болгондой Кутман Пайгамбардын жана сахабаларынын эң негизги иши Ыйык Куранды үйрөнүү жана үйрөтүү болгон. Ыйык Куранды кайра-кайра кайталап окуу жана угуу Пайгамбар доорунда жашаган адамдардын эң улуу арзуусу эле[35] .

**«Сен кайсы убакта эмне иш кылба, Курандан эмнени окуба, эмнени кылба жана ал ишке (канчалык) берилбе, Биз баарына күбө болуп турабыз. Кыпынчалык, же андан да азыраак, же андан да көбүрөөк нерсе, мейли жерде болсун, мейли көктө болсун Жараткандан эч нерсе жашыруун эмес. Мунун баары ачык Китепте жазылган»** (Юнус сүрөсү, 61-аят).

Аятта эң оболу **«кайсы убакта эмне иш кылба»** деп жалпыланган айтымдан кийин Куран окуу тууралуу айрыкча кеп кылынышы жана (арапча текстинде) Курандан оболу ат атоочтун келиши Азирети Пайгамбарыбыздын эң маанилүү жана эң зарыл иши Куран окуу болгонугуна ишаарат кылат[36] . Мына, Куран-и Каримге болгон кызмат ушунчалык шарапаттуу жана изги амал....

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде адаттагыдай мечитке кирип калат да, төгөрөк тарта отурган эки топту көрөт. Топтун бирөө Куран-и Карим окуп, Алла Таалага жалбарып дуба-тилек менен алек болуп, экинчи топ илим үйрөнүүнүн үстүндө иштеп жаткан болот. Ошондо Азирети Пайгамбарыбыз жалаң жакшылык менен шугулданып жаткан эки топко угуза:

*«Булардын баары жалаң жакшылыктын үстүндө аракет кылууда. Бул (сахабаларым) топ Куран-и Карим окуп, Аллага жалбарууда. Кудайым эгер кааласа, булардын тилегин орундатат, каалабаса жок. Бул (сахабаларым) топ болсо илим үйрөнүп да, үйрөтүп да жатышат. А мен болсо мугалим катары жиберилдим»* деп айтты да, илим үйрөнүүчүлөрдүн катарына чөк тизелей олтура кетти (Ибн Мажа, Мукаддима, 17).

Ошол маалда илим менен алектенип жаткан топ Куран жана хадис илимин үйрөнүп жатышкан. Айта кетчү нерсе, тек гана Куран окуунун өзү албан артакчылыктарды ыроолой турган сооптуу амал. Ошондой болсо да Куран илимин терең окуп, андагы өкүмдөрдү жана купуя сырларды түшүнүүгө аракет жасоо, ошого жараша амал кылуу дагы да мол сооптуу, нары да пайдалуу амал.

***

Илим жана Куранга багытталган дилмаектин артыкчылыгы тууралуу айтылган береги окуя зор мааниге ээ. Абу Вакид ал-Лайс *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Күндөрдүн биринде Азирети Пайгамбарыбыздын жанында олтурган элек. Аңгыча каалгадан үч кишинин карааны көрүнүп калды. Үч кишинин бирөө ичкериге башбаккан соң мечитке кирбестен артка кайтты. Берки экөөнүн бирөө төгөрөк болуп олтургандардын катарындагы бош орунга олтурду. Экинчиси болсо бош орун жок болгондуктан башкалардын тынчын албайын деген ниетте алкактын арт жагына олтура кетти. Болуп жаткандарды көз кыйыгы менен баамдап олтурган Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* «темирди кызуусунда чап» дегендей кеп оролу келген кезде мындай деди:

*«Силерге береги үч адамдын жагдайы тууралуу айтып берейин. Топтун катарынан орун алган адам Аллага баш калкалады. Алла Таала аны коргоого алды. Экинчи киши Жараткан Алладан уялгандыгы үчүн адепти карманды. Өзүнөн уялган пендесин сыйлагандыгы үчүн Алла Таала ал пендесин азабынан куткарды. Ичкериге кирбестен артка кайткан адамга келе турган*

*болсок, ал биздин дилмаектен жүз үйрүп кеткендиги үчүн Алла андан жүз үйрүдү»* (Бухари, Илим, 8).

***

Илимге жана Куранга болгон ынтызарлык албетте зарыл нерсе. Бирок алган илимдин өтөөсүнөн чыгып, татыктуу амал кылуу дагы чоң жоопкерчилик. Абу Абдуррахман ас-Сулами мындай деген:

«Кутман сахабалардан бизге Куран үйрөткөн бир инсан бар эле. Ал өзүнүн илим алган учурун минтип эскерген: «Биз Алла Элчисинен эң оболу он аятты үйрөнүп, бул аяттарга камтылган маалыматтарды текши жаттап, андагы амалдарды толук аткармайын кийинки сабактагы он аятка өтпөйт элек. Эми ойлоп көрсөм, ошондо бизге Пайгамбарым илимди да, ага жараша амал кылууну да үйрөткөн экен» (Ахмад, V, 410; Хайсами, I, 165).

***

Ардуктуу сахабалар Азирети Пайгамбарга суроо салышат:

– Пайгамбарым, кайсы амал эң жакшы?

*– Алла Тааланы таануу жана билүү!*

– Кайсы амал инсандын мартабасын көтөрөт?

*– Алла Тааланы таануу жана билүү!*

– Пайгамбарым, биз амал тууралуу сурап жатабыз. Сиз болсо илимден кеп кылып жатасыз – деген суроого Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деп жооп берген:

*– Алла Тааланы таанып-билген соң орундатылган азыноолак амал дагы пайдалуу. Бирок эң нерседен бейкапар (элди туурап) орундатылган көп амал пайда алып келбейт!*

Бул жерде айтылган илим жана Куран кызматынан Алла Тааланы таануу, жарамдуу амалдарды аткаруу жана акыретте Жараткандын жамалын көрсөм деген ынтызарлык менен жандүйнөнү аруулоо деген максат жатканын аңдоого болот.

***

Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* кандай гана учур болбосун, кандайдыр бир иштер аркылуу сахабаларын илимге жана Куранга шыктандырган. Ыйык Куранды билген жандарды кай жерде болбосун баалап, аларга татыктуу вазийпаларды ыраа көргөн.

Табук жүрүшүнө жөнөп жатып Аллан Элчиси Малик бин Нажжар уруусунун асабасын Умара бин Хазмга берет. Кыска убакыттан кийин Зайд бин Сабитти көрөт да, асабаны Умарадан алып, Зайдка тапшырат. Абалга түшүнбөй калган Умара кандай жаңылыштык кетирип койдум экен деген санаа менен Улуу Жол Башчыга суроо узатат:

– Пайгамбарым! Мага ачууландыңызбы?

Пайгамбарыбыз ага мындай дейт:

*–Жок! Кудай акы, ачууланган жокмун! Бирок силер да Куранды жогору деп билгиле! (Асабаны Зайдка беришимдин себеби) Ал Куранды сенден да көп жаттаган. Көп Куран (сүрө) жаттаган адам мурду кесик кара кул болсо да, (мындай иштерде) биринчи кезек ошонуку!»*

Авс жана Хазраж урууларына да асабаларын көп сүрөө жаттагандарга беришин буйурат. Ошентип, Авф уруусунун асабасын Абу Зайд, Салима уруусунун желегин Муаз көтөрөт[37] .

***

Азирети Пайгамбарыбыз Йеменге бир топ адамды жибере турган болот. Жашы кичүүсүн топко башчы кылып дайындайт. Тилекке каршы, эбак жөнөй турган жолоочулар үч-төрт күндөй туруп калышат. Алла Элчиси алардын бирөөсүн жолдон көрүп калат да, эмне себептен кетпей жүрүшкөнүн сурайт.

– Пайгамбарым. Башчыбыздын буту ооруп калды. Ошол себептен жөнөй албай жүрөбүз – дейт. Пайгамбар топ башчысынын үйүнө барат. Уруксат сурап ичкериге кирген соң ооруп жаткан бутка жети жолу: *«Алланын ысмы менен, Алланын ысмы менен, Аллага пааналайм. Бул жердеги нерсенин жамандыгынан Алла Тааланын кудуретине пааналайм!»* деп дуба кылып, дем салат. Ошентип, Кудай Таалам шыпаа ыроолоп, Пайгамбардын деми себеп болуп жол башчынын буту айыгат. Топтун аксакалы көңүлүн өйүп жүргөн суроону берет:

– Оо, Алланын Элчиси! Бул жигит жашы боюнча арабыздан эң кичүү экен. Ошого карабай сиз аны бизге башчы кылып койгонуңузду кандай түшүнсөк болот?

Аксакалга жаш уландын Куранды көп билгенин эскертет.

– Пайгамбарым! Чынын айтсам, Куранды жаттагандан кийин уктап калып, ага сыйытсыз мамиле кылып, татыктуу амал кылалбай калуудан коркпогонумда мен да көп жаттамакмын.

Ыймандай сырын айткан адамга Азирети Пайгамбарыбыз мындай насаат айтат:

*– Сиз да Куранды үйрөнгөнгө аракет кылыңыз. Анткени Куран атыр толтурулган чаначка окшош. Чаначтын оозун ачтың дегиче аңкыган атыр жыт айлананы каптайт. Эгер анын оозун чечпей койсоңуз же пайдасы тийбейт, же жыты чыкпайт. Куран ушуга окшош. Канчалык окуп, амал кылган сайын анын пайдасын көрөсүз. Көкүрөгүңүздө калса, андан ылайыктуу түрдө пайдалана албай каласыз»* (Хайсами, VII, 161).

***

Капсаландуу Ухуд айкашында сахабалар Азирети Пайгамбарыбыздан кеңеш сурайт:

– Пайгамбарым! Көп адам шейит кетти. Эмне кылалы?

– Мүрзөлөрдү кеңири казып, ар бир мүрзөгө экиден, үчтөн адамды койгула!

– Иралды кимдерди койолу? – деген суроого Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– Курандан көп билгендерди биринчилерден кылып жерге бергиле! – деп жооп берген (Насаи, Жанаиз, 86, 87, 90, 91).

***

Жараткан Алла Таала Муса пайгамбардын *(алейхис салам)* илим алууга болгон дилгирлигин жана бул улуу жолдо чеккен машкатын бизге мисал катары билдирген. Куранда мындайча айтылат:

**«Ошондо Муса кызматкерине: «Эки деңиздин кошулган жерине жетмейин узак жылдар өтсө да токтобоймун» деди»** (Кахф сүрөсү, 60-аят).

Акырында Азирети Муса Кызыр (алейхис салам) менен кездешет. Ага жолугары менен пайгамбар болгонуна карабай өзүн окуучу-шакирт катары алып жүрөт. Улуу устатка сылык кайрылат:

«(Алла Таала тарабынан) **сизге үйрөтүлгөн даанышмандыкты үйрөнүү үчүн өзүңүздү ээрчисем болобу?»** (Кахф сүрөсү, 60-аят).

Көрдүңүзбү, Муса пайгамбар салам бергенден кийин окуучу болуу үчүн уруксат сурап, уруксат берген учурда гана чогуу болоорун айтуу менен сөздү сылык баштаган. Жараткан Алла менен сүйлөшкөн Муса *(алейхис салам)* пайгамбарлык даражасына карабай, аалымды текшерүүгө даабай, тескерисинче, илимин арттырууга болгон ынтызарлыгын сыпаа билгизип, үч маселенин төркүнүн билүү үчүн узак жол баскан, ач калып, акактап чаңкап жол азабын тарткан.

***

Баяндамаларда айтылганына караганда, Илияс пайгамбар жан алгыч Азраилди көрүп чочуп, титиреп кетет. Мындай абалдын себебине кызыккан периште ага суроо салат:

– Эй, Алланын Пайгамбары! Өлүмдөн коркуп кеттиңби?

Азирети Илияс:

– Жок, өлүмдөн корккон жокмун. Бул жашоо менен коштошоор убакыттын кокустан чыга келиши мени чочутуп жиберди – деп жооп кайтарып, сөзүн улай:

– Бул дүйнөдө Алла Таалага кулчулук кылып, элди жакшылыкка үндөп, жамандыкка каршы аракет кылып жаткан элем. Убактымды ибадат менен, жакшы-салих амалдар менен өткөрүп, эң мыкты адепке жетүү үчүн болгон күчүмдү жумшап жаткан болчумун. Мындай амалдар менин таалайымдын булагы эле. Көңүлүм, жандүйнөм рухий бейпилдикке бөлөнүп, бакыттын туу чокусуна жетип турган. Эми, өлүмдөн кийин мындай бакытка чөмүлө албай калам. Кыямат башталганга чейин мүрзөдө жатаарыма кайгырып жатам! – деген экен.

Ошентип, Илияс (алейхиссалам) көк-асманда жагымдуу жаңырык калтырып, Жараткан Аллага жол тартып, Кудайы Улуу ырайым-мээримге бөлөнгөн экен.

Биз деле Кудайдын пендеси катары өткөн пайгамбарлардын өмүр-турмушунан сабак алып, жан алгыч периште жетип келе электе, мүмкүнчүлүк колдо турганда талыкпай ибадат кылып,

илимге жана Куранга кызмат кылып, жарамдуу амалдарды арбын аткарганга жан үрөп калышыбыз керек.

***

Кулайб бин Шихаб баян этет:

Куфа мечитинен жаңырган үндөрдү уккан Азирети Али эмне болуп жатканын сурайт.

– Мусулман бир туугандарыбыз Куран окуп, үйрөнүп жатышат – дешти билгендер. Ошондо Азирети Али суктанганын билдирген таризде баш чайкап мындай деген экен:

– Булар кандай гана бактылуу адамдар! Алар Алла Элчисинин назарында эң сүйкүмдүү жандар эле! (Хайсами, VII, 162).

***

Ахли суффа илим-ирфан мектебинде окуп жогорку даражадагы Ислам аалымдарынан болушкан. Ооба, эң көп хадис баян эткен сахабалар негизинен асхабы суффадан чыккан. Булардан Абу Хурайра мындай дейт:

«Элдин баары «Абу Хурайра өтө көп хадис баян этти» деп аң-таң. Анткени Мухажир боордошторубуз базарда соода менен, ансар боордошторубуз эгинзарда, бакчаларында дыйканчылык менен алпурушуп жүргөндө Абу Хурайра Алла Элчисинин жанынан чыкпай, алар күбө болбогон көп нерселерге күбө болуп, мээсине жакшы ийибеген (хадистерди) кайталап бышырып жүргөн» (Бухари, Илим, 42).

Мына ушундай кыйын-кысталыш шарттарга карабай Алла Элчисинин сүннөтү менен хадистерин кийинки муундарга жеткирүү вазийпасын татыктуу өтөгөн сахабалардын негизгилеринен болгон Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* Азирети Пайгамбарыбыздын өз оозунан жана башка сахабалардын оозунан тактап угуп, бизге 5374 хадис айтып калтырган. Ошентип, сахабалардын ичинен эң көп хадис айтуучу болуп калган. Исламий булактар тастыктагандай, бул кутман сахабадан 8000 ден ашуун сахаба жана алардан кийинки табиин деп аталган экинчи муун хадис жаттаган.

***

Кутман сахабалар өз милдеттерин татыктуу жүзөгө ашырып кетишкен. Буга тарых күбө. Абдуллах бин Масуд *(Алла ага ыраазы болсун)* кимдир бирөөгө кайсы аятты үйрөтпөсүн же окубасын сөзсүз:

«Бул аят үстүнө күн тийген жана жер бетиндеги нерсе атпайдан бийик турат» дечү экен. Андан ары илим талапкерине:

«Ортодон кайып боло электе илимге умтулгула. Анын ортодон жок болушу, аалымдардын жок болушу дегенди билдирет. Андыктан илим алгыла. Качан болбосун анын адампендеге пайдасы тийет...» деп насаат айтчу экен (Дарими, Мукаддима, 19).

Ошондой эле Абдулла бин Масуддун илимге болгон ышкысынын жогорулугун береги сөзүнөн даана байкоого болот:

«Алланын Китебин кимдир бирөөнүн менден жакшы билээрин уга турган болсом жана ага төө менен жетүү мүмкүн болсо көз ирмемчелик убакытты коротпостон илим үчүн дароо жолго чыкмакмын» (Бухари, Фадаилул Куран, 8).

***

Илим дегенде дин жаатында акылга эң алгач Куран менен сүннөт илими келет. Жогоруда айтылган риваят сахалардын илимге болгон ынтызарлыгын, илим дегенде ичкен ашын жерген койгон дилгирлигин, чалкыган дайрадай илими мол болгондугун, илим үчүн түрдүү түйшүктөргө карабай жан үрөгөн кайратман, жаратман, бири-бирин шыктандырган айкөл инсандар болгондугун айгинелеп турат. Чындыгында алтын доордун ал инсандары Куран баш болгон Исламий болсун, башка жааттагы (так, гуманитардык) илимдер үчүн урагыс пайдубалдарды түптөп, биз актай алгыс албан салымдарын кошуп кетишкен.

Маселен, Жабир бин Абдуллах бир хадистин чын-бышыгын тактоону максат кылып Абдуллах бин Унайска жетүү үчүн 30 күндөн ашуун жол жүргөн (Бухари, Илим, 19).

Таабиин муунунун алдыңкыларынан саналган Абул Алия мындай деген:

«Биз Басрада жашап жүрүп Алла Элчисинин сахабаларына ишааратталган айрым бир хадистерди угуп калар элек. Ошондо укканыбызга канааттанбастан дароо тизгин кагып Медина шаарына жетип барар элек. Хадисти айткан сахабаны таап, өз оозунан тактап уккан соң, көңүлүбүз ток болуп үйгө кайтчубуз [38]».

Эми, акыл калчап көрөлү, Басра кайда, Медина кайда. Экөөнүн аралыгы бүгүнкү технологиялык мыкты шартта да канчалык машакаттуу жол....

Саид бин Мусаййаб илим үчүн болгон күрөшүн минтип эскерген:

«Болгону бир хадисти үйрөнүү, жаттоо үчүн күн-түн дебей узун сапарларга чыкчумун...» (Ибн Касийр, ал-Бидая, IX, 106).

Бул инсандардын мына ушул сыяктуу ынтызарлыгы, кайраттуулугу, берилгендиги, тактыгы жана сабырдуулугу себептүү Алла Таала аларды кыяматка чейинки дубаларга кошулуп айтылышын насип буйруп, мусулмандардын көңүлүнөн түнөк алган бийик мартабаларга жеткирген. Алар таштап кеткен чыгармалар Алла Тааланын Китебинен кийинки көчүлүк ынтаа менен окуган адабий булактарга айланды.

***

Абдуллах бин Саламдын уулу Юсуф *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Бир топ убакыт бою устат Абу Дарданын үйүндө жашап, ал кишиден илим алдым. Акыркы мөөнөтөргө ал мага: «Өлүм алдында жаткандыгымды жамаатка кабарлап кой!» деди.

Токтоосуз жамаатка кабар берип кайтып келдим. Заматта үйүнүн ичи-тышы элге толду. Эл-журт жыйналганын айтсам, жамааттын алдына алып чыгуумду өтүндү. Сыртка чыгарып жакшылап отургузганыбыздан кийин жамаатка кайрылуу жасады:

«– Кадырман калайык! Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дегенин укканмын: *«Кимде-ким алып жаткан дааратын жакшылап бүтүрүп, андан соң эки ирекет намазды кынтыксыз окуган болсо Жараткан анын каалоосун заматта же кийинчерээк (сааты чыкканда) болсо да сөзсүз орундатат».*

Бул хадисти айткандан кийин өз сөзүн кайрадан улантты:

«Айланайын журтчулук! Намаз учурунда элеңдеп кыбыладан башка жака карай көрбөгүлө. Анткен башын буруп эки жака көз жүгүрткөн адамдын намазы кабыл болбойт. Мындайды өзүңөрдү башкара албай нафил намаздарда кылсаңар да, эч убакта парзда мындайга жол бербегиле» (Ахмад, VI, 442-443).

Өзүбүз күбө болгондой, бул ардактуу сахаба өмүрүнүн акыркы көз ирмемдерине чейин Азирети Пайгамбарыбыздан алган илимди жаюнун аракетинде болгон. Эртели-кеч көз жумарын сезээри менен үммөт үчүн маанилүү деп эсептелген намаз тууралуу эскертүүнү туура көрүптүр.

Айрыкча, сүйүктүү Пайгамбарыбыздын көзжумуп баратып: «Намазга, айрыкча намазга маани бергиле. Кол астыңардагылардын акы-укугун жеп коюдан корккула, Алла Тааладан корккула[39] » деп тили күрмөөгө келбей калгыча[40] кайталаганын эске алсак, Абу Дарданын Пайгамбардын мураскери катары айткан эскертүүсүнүн чоң мааниге ээ экенин түшүнүүгө болот.

***

Имам Абдуллах ал-Фариси мындай деген:

«Мен Абу Ханифанын (Имам Аазам) жанында тургам. Бир маалда (өзү деле бошоп калса керек) үйдүн чатырынан кулаган кыш башыма түштү. Башым жарылып, кан ылдый жошолонду. Шаштысы кеткен Имам-ы Аазам:

– Жабыркагандыгың үчүн акы (кун) төлөп берейинби же үч жүз хадис жаттагың келеби? – деди.

– Хадис жаттайм! – дедим токтоосуз. Ошентип Абу Ханифа мага хадис айтып берди»[41] .

***

Маркум Ибн Сирин баян этет:

«Күндөрдүн биринде мечитке кирип калдым. Мечиттин ичинде эки топ өз-өзүнчө тегерек болуп олтурушуптур. Биринчи топко Самир бин Абдуррахман ибараттуу бир икаяны баяндап жатса, экинчи топко Хумайд илим үйрөтүп жатыптыр. Кайсынысына кошулсам экен деп ойлонуп олтуруп көзүм илинип кетиптир. Түшүмдө бирөө мага: «–Кайсы топко кошуларыңды билбей

олтурасыңбы? Кааласаң Хумайддын жанында олтурган Жабраилдин *(алейхис салам)* ордун көрсөтөйүн!» деп кеңеш берди» (Дарими, Мукаддима, 32).

Ошентип Ибни Сирин Жараткандын буйругу менен Азирети Жабраил олтурган топту тандайт. Мунун шарапаты менен атагы ааламга кеткен, ысмы кыяматка чейин эскериле турган залкар аалым болот.

***

Илим алуу үчүн отуз жыл бою жер кыдырган Якуб бин Суфян баян этет:

«Сапарда жүрүп азык-түлүгүм түгөнөйүн деп калды. Анын үстүнө мен күндүзү окуп, түндөсү сабак жазчумун. Кыш мезгили. Адаттагы түндөрдүн биринде шамдын жарыгына ыктап жазуумду жазып жаткам. Бир маалда көзүмдөн жаш агып-агып, акырында эч нерсе көрө албай калдым. Бир чети өз жеримден узакта болгондугум, бир чети илимге болгон кызыгуум көзүм менен кошо заматта соолуп калганына капаланып өпкөлөп ыйладым. Көпкө ыйласам керек, акырында көзүм ооруп чыкты. Муңканып олтуруп уктап кетиптирмин. Түшүмдө Азирети Мухаммад Мустафаны көрдүм. Пайгамбарым менден:

– Якуб эмне үчүн ыйлап жатасың? – деп сурады. Араң турган жаным даттанып жибердим:

– Пайгамбарым! Көздөрүмдү жоготуп алдым. Мындан ары илим алалбай калгандыгым үчүн ыйлап жатам!

– Мага жакында! – деди да, колу менен көздөрүмдү сылап-сылап койду. Кийин ойгонсом, көздөрүм кадимкидей көрүп калыптыр. Дароо калемимди сыяга малып сабагымды уланттым»[42].

***

Йылдырым Байезид хандын уулу шахзаада Сулейман сабакка көп көңүл бурбагандыгы үчүн мугалим тарабынан жеңил жаза алат. Жазага арданган шахзаада сарайга ачуулуу келип, атасына арызданат. Иштин төркүнүн билүү үчүн Байехид хан мугалимге жолугуп, уулуна эмне үчүн жаза бергенини сурайт. Айтканына амал кылган мугалим токтоолук менен жазанын чоо-жайын ханга түшүдүрөт:

– Падышам! Уулуңуз эртең эле бул улуу мамлекеттин тактысына олтурат. Ошондо ага үммөт аманат кылынат. Анын караңгы, илимсиз болушу кайра эле элге зыянын тийгизет. Ооба, ал ушу тапта шахзаада, бирок азыр илимге каныгып, өз аракети менен илгерилей албай жатат. Ошол себептен мен мугалим катары аны эрежеге ылайык тарбиялаганга, татыктуу таалим бергенге мажбурмун...

Байезид хан мугалимге сыйын билгизип башын ийет да, мындай дейт:

– Туура айтасыз устат! Сиз керек болсо мени да жазалаганга акыңыз бар! Кудайымдын мээрими төгүлүп, сиз өңдүү кеменгер мугалимдер турганда, бул мамлекет бүт жер жүзүнө өкүм жүргүзө алат!

***

Фатих Султан Мехмед хан вазирлери менен мамлекеттин тармактарга бөлүнгөн жылдык эсеби тууралуу жыйынды баштайт. Султандын сунуш кылган долбоорунда мектеп-медреселерге, окуу жайларга бөлгөн каржысы бир топ эле ашыкчадай көрүндү. Казына башы белгиленген өлчөмдү көрөрү менен баш чайкап ойлонуп калды. Казыначы вазиринин абалын көз кыйы менен көрүп койгон кераэт падыша аны сөзгө тартты:

– Паша[43]! Казынадан акча бөлүштүрүү маселесинде негизи сиз сүйлөшүңүз керек эле. Эмнегедир унчукпай олтурасыз.

Вазир жагдайды курчуткусу келбеген таризде баш чайкап:

– Сиздин пикириңизден пайдаланабызбы деп унчукпай олтурам..... султаным – дейт.

– Паша! Байкашымча, мектеп-медреселерге бөлүнгөн каражат өлчөмүнө көңүлүңүз ыраазы болбой жатат көрүнөт – деп, жүрөгүн өйүп жаткан маселени ортого койгондо, вазир унчукпай олтурушунун себебин аргасыздан ачыкка чыгарат:

– Ооба, султаным! Мамлекетибизде каражатка өтө муктаж тармактар турганда билим берүү тармагына мынчалык көп каражатты бөлгөндүгүңүзгө мен макул эмесмин!

Муну уккан султан вазиринин көңүлүн оорутуп албоо жана маселенин маанилүүлүгүнө басым жасоо үчүн аяр сөз баштайт:

– Урматтуум, кандай гана кесип болбосун чыгашаны талап кылат. Айрыкча билим берүү тармагына көп чыгаша сарпталышы абзел. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам):* «(Табийгый жана так илими мол) аалымдар – пайгамбарлардын мураскерлери[44] » деп буюрган. Пайгамбарларга мураскер боло кою арзанга келе турган адистик эмес. Мына ушул өңүттөн илим-билим тармагынын чыгашасы көп болот.

Мен башка кесиптерди мындай деп түшүнөм. Маселен, кара-көк же күрөң түстүү кездемени киргилт сууга чылайм да, кургаган соң аны селде деп оронуп алам. Анткени анын түсүнөн кир экенин байкоо өтө кыйын. Ал эми ак түстөгү селдени ошондой кылууга болобу? Киргилт сууга салмак тургай ак кездемеге чымын консо да байкалып калат. Илим мына ушул ак кездемеге окшош.

Ушул жерден сөзүн токтоткон султан вазирден сурады:

– Паша! Биз мүмкүнчүлүк түзүп берген жүз окуучудан канчасы мыкты жетише алат? Ошончонун арасынан беш-алтоо татыктуу окуп чыга алабы?

– Ооба султаным! Албетте чыгат деңизчи, бирок, беш-алты кишинин колунан эмне келет?

Мыйыгынан жылмайган султан буларды айтты:

– Паша! Сен билесиңби, жерибиз кең, элибиз көп. Ошончолук калың элге сенин ичиң чыкпаган төрт-беш киши жарыгын чачып келет.

– Туура айтасыз султаным!... деп вазир акыйкатты мойнуна алды. Маселени парасаттуулук менен жөнгө салган Фатихтин көңүлү жайланыша түштү. Терең дем алгандан кийин мындай деди:

– Паша! Чындыгында көптөгөн мектеп-медреселерибиздеги ар бир жүз окуучудан беш-алтоо болсо да, эл-журтка жарыгын чача турган адистерибиз өсүп жатат. Анүчүн эч кооптонбой көп каражат бөлүшүбүз керек. А калганын болсо сабырдуулукка чакырып, үнөмдөөгө көндүрүшүбүз керек.

***

Жыйынтыктап айтканда, илим менен Куранга олуттуу маани берүү жана бул тармактар үчүн кандай гана кыйынчылык болбосун кылт этпей көтөрүү зарылдыгы бар. Куран менен сүннөттү, т.а. Ислам илимдерин үйрөнүү үчүн кайрат кылуу жалаң гана жаштардын эмес, бардык куурактагылардын милдети. Анткени биздин эки дүйнөлүк бак-таалайыбыз ушуга байланыштуу.

Илим жана Куран кызматтарына салым кошкондор жана катышуучулар Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* береги сүйүнчүсүнөн өз насибин ала алышат:

*«Адампенде көз жумгандан кийин береги үч нерседен (артка калтырылган изги жакшылыктар) башка бардык амалдардын сообу токтойт. Сообу токтобой турган кайыр-садака, башкалар пайдаланган илим, окулган Курандын сообун ата-энесине тийишин тилеген батакөй перзент»* (Муслим, Васият, 14).

Илимден да, Курандан да пайдалануу адамзааданы эки дүйнөдө тең улуу ийгиликтерге, бийик мартабага жеткирет. Кудай Тааланы таанытып, Ага жакын болуу бакытын ыроолойт. Жараткандын ыраазылыгына татыктуу болууну каалагандар илимге умтулуп, Куранга бекем болушу керек. Илим менен Курандын жайылышына ак кызматын өтөшү керек.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Момун мусулман бейишке киргенге чейин эч бир илимге тойбойт»* (Тирмизи, Илим, 19/2686).

### 3. Эл керегине жараган кызматтар

Кудуреттүү Кудай Таала пенделерин бири-бирине муктаж кылып жараып, коом болуп жашоону буйруган. Маселен, намазды жамаат менен чогуу окууну, колунда жокторго зекет берүүнү, мүмүкүнчүлүгү барларга ажылыкка барып парзды аткарып, Ислам ааламы менен таанышып кайтууну буйруган. Булардын баары Жараткандын алдындагы вазийпаны өтөөдө бири-бирибизге көмөк болууга, дем берүүгө шарт түзөт десек да болот, бизге ылайыкташтырылган кулчулук кылуу эрежеси десек да жаңылышпайбыз. Ошол себептен Алла Таала эл керегине жараган кызматтарга опол тоодой үзүрлөрдү ыроолоп, албан сооптордуу убада кылган.

Азирети Пайгамбарыбыз адаттагы күндөрдүн биринде сахабаларына:

*«– Бүгүн кимиңер жаназа намазына катыштыңар? Бүгүн кимиңер бир жакырды тойгуздуңар? Бүгүн араңарда бейтапка зыяратка баргандар барбы? Кимде-ким ушу аталган салих-жарамдуу амалдардын баарын орундаткан болсо, ал сөзсүз бейишке кирет»* деген (Муслим, Фадаилул-сахаба, 12).

Жарыктык Пайгамбарым сахабаларына берген бул суроосу аркылуу момун мусулмандын жеке кызыкчылыкка байланып калбай коомго аралашуусун, өзүмчүлдүктөн арылып камкор, берешен болуунун зарылдыгын баса белгилеген.

Бул өңдүү эл керегине жараган кызматтардын баалуулугун жана маанилүүлүгүн береги хадиси менен бышыктаган:

*«Кимде-ким орозо кармаса, бейтапка зыяратка барса жана маркумду узатууга катышса, (кичине) күнөөлөрү кечирилет. Булардан кийин кетирген күнөөлөрү мунун тышында»* Ахмад ,III, 440).

Эл керегине жараган пайдалуу кызматтардын пендени Кудай Таалага жакындатары кудсий хадисте минтип айтылат.

Жараткан Алла кыямат күнү пендесине кайрылат:

*«– Эй, Адам баласы! Мен сыркоолоп калдым, а сен менден кабар албадың!*

*Адамбаласы:*

*– Сен ааламдардын Улуу Жаратуучусу болсоң, мен Сага кантип зыярат кыла алам?*

*Алла Таала:*

*– Паланча кулум ооруп калган эле. Сен анын ал-абалын сурап койбодуң. Кабар алууга барганыңда Мени анын жанынан тапмаксың. Ушуну билет белең?! Эй, Адамбаласы! Ач кардымды тойгузаар бекен деп сенден сурандым, бирок менин курсагымды тойгузбадың!*

*Адамбаласы:*

*– Сен ааламдардын Улуу Жаратуучусу болсоң, мен кантип Сенин курсагыңды тойгузмак элем?*

*– Паланча кулум сенден өзөк жалгаганга тамак сураганда сен бербей койгонсуң. Эгер аны тойгозгонуңда, бергениңди сөзсүз Менден табат элең. Ушуну билбейт белең?! Анан айрыкча сенден суу сураган элем. Чаңкоомду кандырбадың.*

*Адамбаласы:*

*– Оо, Кудурет Кудай Таалам! Сен ааламдардын Улуу Жаратуучусу болсоң, мен кантип Сага суу бермек элем?*

*– Паланча кулум сенден суу сураган эле. Сен ага суу берген эмессиң. Эгер сураганын бергениңде, анын сообун Менин даргөйүмдөн тапмаксың. Ушуну билбейт белең?!»* (Муслим, Бирр, 43).

Ошол себептен биз момун мусулман катары айлана чөйрөбүзгө жоопкерчиликтүү, аяр мамиле кылып, коомдук кызматтарды эч убакта аксатпашыбыз керек.

Адамдарды жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыю, бирөөнүн көңүлүн оорутуп койбоо, жеке өзүбүзгө жасалган жамандыктарга сабыр кылуу, эл менен ынтымакта болуу, жума намазына баруу, жакшы ниеттүү жыйындарда, илим жана зикир алкагында мусулмандар менен чогуу болуу, маркумду акыркы сапарга узатууга катышуу, муктаждарга жардам берип, караңгылыкта жол таппай алдастагандарга туура жолду көрсөтүү сыяктуу изги кызматтардын баары Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтү болуп саналат. Анткени ал бүт өмүрүн Алла Тааланын пенделерине кызмат кылууга арнаган азиз жан болгон.

Тарых тастыктап келгендей, Азирети Пайгамбарыбыз эс тарткандан көптөгөн оор жоготууларды, кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, мушриктердин кордугун тартып, дин жолунда жан чыдагыс азаптарды баштан өткөргөн. Кыбыраган кыр ашат демекчи, Ислам дини бутуна туруп, Жараткан Алла мусулмандарга катар-катар жеңиштерди ыроолоп, күч-кубат берген чакта деле чалкалап эс алууну ойлоп койгон эмес.

Мээнеткеч инисинин жаны жай албай түйшүк тартып жүргөнүнө көңүлү түтпөгөн Азирети Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* башка падышалардай болуп обочо жерге орнотулган такка

олтуруп, бийлик жүргүзүүнү ага сунуш кылат. Ааламга ырайым катары жиберилген Азирети Пайгамбарыбыз абасына:

*«– Жок, абаке! Мейли согончогумду басып өтүшсүн, кийимимди тыткыласын, мейли колундагы топуракты жүзүмө чачсын, Алла Таалам мени алардан бөлүп жанымды бейпилдикке бөлөгөнгө чейин үммөтүмдүн арасында болушум керек» (Ибн Саад, II, 193; Хайсами, IX, 21)* деп так кесе жооп айтат, момун мусулмандарга минтип эскертүү берет:

*«Эл ичинде жүрүп, эл түйшүгүн аркалаган адам журттан бөлүнүп жайчылыкта жашаган адамдан алда канча пайдалуу»* (Тирмизи, Кыямат, 55/2507).

Диндеш мусулманга жылмая салам айтуу, жолдогу ташты алып салуу, адашкан жолоочуга жол көрсөтүү, жүгүн көтөрө албаган адамга жардам берүү, билгенин билбегендерге үйрөтүү, адалдан ырыскы менен үй-бүлөнү багуу, аза күткөн муңдууларга кайрат айтуу, жубатуу, кайрымдуулук кылуу, мечиттен алаканы үзбөө, жакшылык жасоо жана башка бүтүндөй изги амалдар момун мусулмандын коомдук вазийпасы жана ошондой эле сооптуу ибадат болуп эсептелет. Кудай Таала үзүр-сооптун башаты катары жакшылык кылам деген пендесине ниетин ишке ашырууга көмөк көрсөтөт жана ак кызматына албан жакшылыктарды убада кылат. Ошол себептен чыныгы момундар бейишке жеткенге чейин эч убакта жакшылык кылуудан чегинишпейт.

Жаш курагы жеткенине карабастан түрдүү себептерден улам үйлөнө албай жүргөн инсандарга каржылык жактан колдоо көрсөтүү эл үчүн эң пайдалуу кызматтардын бири болуп эсептелет. Мындай түрдөгү кайрымдуулук мүмкүнчүлүгүнө туш болгон бардар мусулман эгер татыктуу колдоо көрсөтө алса, Жараткан ага эсеп жеткис жакшылык ыроолойт. Куранда мындай деп айтылат:

**«Араңардагы бойдокторду, кол астыңардагы кул-күңдөрдүн такыбааларын башын кошуп койгула. Ал тургай алар жакыр болсо да. (Анткени) Алла Таала аларды Өз берешендиги менен байытат. Алла Таала Берешен жана Билүүчү!»** (Нур сүрөсү, 32-аят).

Эл-журтка кызмат кылуунун зарылдыгын Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындайча түшүндүргөн:

*«Колдоого алынган эң изги амалдардын бири – үйлөндүрүү максатында эки адамга ортомчу жана жардамчы болуу»* (Ибн Мажа, Наках, 49).

Мухйиддин-и Арабии курагы келгендерди үйлөнүүгө үндөө жана бул максатта колунда жокторго жардам берүүнүн артыкчылыгы тууралуу мындай деген:

«Эки мусулмандын баш кошушуна себепчи болуу – бул эң мыкты кайыр-садака. Анткени алардын урпагынын ар бир жасаган жакшылыгынан ошол себепкер болгон адамга бир сооп жазылат».

Албетте, бардык иштерде болгону сыңары муну дагы чын ыкластан, Алла Тааланын ыраазычылыгы үчүн гана орундатуу кажет. Мындай деңгээлди багынткан момун мусулмандарга Азирети Мухаммад Мустафа берегидей сүйүнчү айткан:

*«Кимде-ким Алла үчүн кайрым кылса, Алла Таала үчүн тыю салса, Алла Таала үчүн сүйсө, Алла Таала үчүн жаман көрсө жана Алла Таала үчүн бойдокторду баш коштурса (т.а. бардык ишин Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн аткарса) ыйманы күчөйт»* (Ахмад, III, 438).

Маалым болгондой, эл үчүн жан дилден кызмат кылган пенделер чоң акыбетке эгедер болушат.

Куран менен сүннөттөн азыктанган тасаввуфтук-суфисттик таалим-тарбия коом менен эриш-аркак болууга, эл-журтка кызмат өтөө деген улуу эрежеге негизделген. Айрыкча Накшибандия жамаатында адамды рухий өңүттөн тарбиялоо үчүн элге жакындоо усулу саналган «сукбат-дилмаек» негиз алынат. Жана ошондой эле ээн талаада, же ээн бөлмөгө бекинип алып ибадат кылгандан көрө коомго аралашып, Алла Таалага жүрөктү баш ийдирүү ыкмасы колдонулуп келет. Бул жагдай **«халват дар анжуман»** эл ичинде жүрүп Жараткан менен жүрөктөн чогуу болуу сезимин жандуу кармоо эң маанилүү эреже катары белгилүү. **«Кол кирешеде, көңүл Кудуретте»** деген сүннөттүк ураан менен жашоо башкы максатыбыз болушу керек.

Ата-бабаларыбыз элге кызмат кылуунун маанилүүлүгүн эң мыкты түшүнүшкөн. Ошол себептен маңдай тер менен тапкан пайданы үй-бүлөлүк муктаждыкка да, эл керегине жарай турган

мурастарды курууга да жумшап келген. Бул чындыкты түшүнгөн дин душмандары да таң калуу менен күндөлүктөрүнө жазып калтырган. Он алтынчы кылымдын аяк ченинде биздин өлкөгө Саломон Швейгер атуу ашкере көшөкөр протестант поп саякаттап келет. Бүт нерсеге сын көз менен караган саякатчы падышадан тарта карапайым калкка чейин өз үйүн жөнөкөй үлгүдө, ал эми мечит, медресе, бейтапкана өңдүү коомдук жайларды өтө ыңгайлуу, нары кооз, нары көрктүү кылып курганын көрүп, таң калганын жашыра албай калыс көз карашын «саякатнаамасына» жазып койгон. Исламга каршы ниеттеги поптун күндөлүгүндөгү бул жазуулар ошол эле учурда мусулмандардын өз динине канчалык деңгээлде бекем болгондугунун айкын далили[45].

Алла Таала жараткан мүлдө макулукка көрсөтүлгөн боорукерлик жана мээримдүүлүк – кубаттуу ыймандын алгачкы мөмөсү. Боорукерлик менен мээримдүүлүк эл-журтка, Кудайдын макулуктарына кызмат кылуу аркылуу оожалат. Ошол себептен кызматтын бардык түрү иралды Алла Тааланын ыраазылыгына, мээримдүүлүккө жана боорукерликке таянышы керек. Мына ошондо гана калкка көрсөтүлгөн бардык кызматтар түпкүлүгүндө «Жаратканга ибадат кылуу» деген мааниге шайкеш келет.

### а. Жаратылган жандуу-жансызга болгон боорукерлик (шафкат ли-Халкиллаах)

Улуу Жараткан Алла Таала Ыйык Куранда кечиримдүүлүк жана мээримдүүлүк тууралуу сыпаттарын байма-бай билдирип, жадагалса, **«ырайымдуулардын эң Ырайымдуусу[46]»** экенин жана ырайымы бүт нерсени кучагына алганын[47] кабарлаган. Жандуу атпайдагы мээримдүүлүк жана боорукерликтин башаты Кудай Тааланын чексиз мээримдүүлүгүндө жатат. Азирети Пайгамбарыбыздан бир хадис:

*«Алла Таала Өз мээримин жүзгө бөлдү. Мунун токсон тогузун Өзүнө алып калды да, бир бөлүгүн жер жүзүндөгү мүлдө макулукка таратты. Мына ошол бир бөлүк мээримдүүлүктү алган жандуулар бири-бирине мээримдүү болушат, ырайым кылышат. Маселен, кулунун эмизип жаткан бээнин арткы бутун керип, сүтүн ийип бериши жогоруда айтылган жүздөн бир бөлүктүн белгиси болуп эсептелет»* (Бухари, Адаб, 19; Муслим, Тооба, 15).

Чалкыган Мээримдүү Кудай Таала пенделеринин бири-бирине мээримдүү, күйүмдүү болушун талап кылат. Жаратылыш Нурунун *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарлык сыпаттарынын башында мээримдүүлүктүн турушу ушуга байланыштуу. Анткени Алла аны ааламдарга мээримдүүлүктүн жүзү катары Элчи кылып жиберген [48]. Тактап айтканда, Жараткан Алла ага Рауф (өтө боорукер) жана Рахим (өтө мээримдүү) деген сыпаттарынан үлүштү кеңири берген[49]. Аныгында мурунку пайгамбарлардын эч бирине жогоруда аталган сыпаттардын экөөн тең берген эмес[50] .

Жандуу-жансыз атпайга боорукер болуп, мээрим төгө билүү ыймандын ысык табына, бийик деңгээлине жараша болот. Чыныгы момун мусулман – көөдөй караңгы түндө жаркыган шам чырактай маңдайы жарык, камкор, кыраакы, ишке, убадага так, ырайымдуу, айкөл жана берешен инсан. Табиятындагы мээримдүүлүктү жээриген адамдар кудум суу жетпес какыраган талаага окшош.

Кутман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизге эскертүү берген:

*«Мээримин төккөндөргө Ырайымдуу Алла Таала мээрим төгөт. Көктөгүлөр ырайым кылсын үчүн силер жер жүзүндөгүлөргө мээримдүү болгула»* (Тирмизи, Бирр, 16/1924).

*«Мээрими жокко ырайым кылынбайт!»* (Бухари, Адаб,18; Муслим, Фадаил, 65).

*«Мээримдүүлүк зөөкүрдүн гана жүрөгүнөн алынат!»* (Тирмизи, Бирр, 16/1923; Абу Давуд, Адаб, 58/4942).

«Жандуу-жансызга Жаратандын назары менен кароо» деген даанышман ой Азирети Пайгамбарыбыздын берeги хадисинде так жана түшүнүктүү чечмеленген:

– *Кудурет Күчү менен напсимди кармап турган Алла Таалага ант этем! Бири-бириңерге мээримдүү болмоюн бейишке кире албайсыңар!* – дейт күндөрдүн биринде сахабаларына. Табышмактуу сөздөн чочулаган сахабалар:

– Оо, Алланын Элчиси! Биз баарыбыз мээримдүүбүз! – дешет жабыла.

*–Мен силер ойлогондой жөн гана бири-бириңерге болгон мээримдүүлүктү эмес, бүтүндөй макулукка бапестелген мээримдүүлүктү, ооба бүтүндөй макулукту кучагына алган мээримдүүлүктү айтым жатам!..*[51]

Мээримдүүлүк – бул момун мусулманды ыйманга байырлатып, напсинин азоолугунан жана өзүмчүлдүктөн куткарып, жандүйнөнү жумшарта турган касиеттүү сапат. Жоомарттык, сылыктык, камкордук, кечиримдүүлүк жана кызганычтан арылуу мээримдүүлүктүн таттуу жемиши. Азирети Пайгамбарыбыздан бир хадис:

*«Момун-мусулмандардын бири-бирине күйүмдүлүгүн, бири-бирин сүйгөнүн жана боорукерлик менен бири-бирин сыйлаган бир бүтүн дене сыяктуу болгонун көрөсүң. Бул дененин кайсы бир мүчөсү азап чеккен кезде башка мүчөлөрдүн да уйкусу качат, от-жалын болуп анын кыйналганын сезишет»* (Бухари, Адаб, 27; Муслим, Бирр, 66).

Пенденин жүрөгүнөн оргуштаган мээримдүүлүк бул дүйнөдө абийирдин, жандүйнөнүн бейпилдигин камсыз кылса, акыретте түбөлүк бакытка жетелейт. Бир адам Муаз бин Жабалдан *(Алла ага ыраазы болсун):*

– Мага насаат айтыңызчы! – деп өтүнөт. Алла Элчисинин ишенимине татыган кутман сахаба ага:

– Мээримдүү бол! Мен сенин бейишке киришиңе кепил болоюн! – дейт.

**Изгиликтин үлгүсү**

Бир чөлдүк бедуин ааламдарга ырайым катары жиберилген акыркы Пайгамбардын жаш наристелерди өпкөнүн көрүп таң калат:

– Жаш балдарды өпкөнүңүз мени абдан таң калтырды. Чындыгында биз буларды эң качан өппөйбүз.

Жүрөгү таштай катыган бедуинге боору ооруган Алла Элчиси эсине келээр деген максатта:

*«–Алла Таала сенин жүрөгүңдөн мээримдүүлүктү алып салса, мен эмне кылалмак элем!»* деп какшыктайт (Бухари, Адаб, 18; Муслим, Фадаил, 65).

***

Жаны кыйналып жаткан небересин көргөн Азирети Мухаммад Мустафа көзүнө жаш алат. Пайгамбардын ыйлаганын көргөн сахабалар таң калганын жашыра албай суроо узатышат:

– Пайгамбарым! Сиз дагы ыйлайсызбы?

*– Бул мээримдүүлүктүн белгиси. Алла Таала аны пенделеринин жүрөгүнө салган. Жараткан Алла жалаң мээримдүү пенделерине гана ырайым кылат* – дейт (Бухари, Жанаиз, 33; Муслим, Жанаиз, 11).

***

Бахрейнден кайткан Абу Усайд *(Алла ага ыраазы болсун)* бир топ туткундарды алдына салып алып Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* алдына келет. Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* туткундардын арасынан бир аялдын өпкөлөп ыйлаганына күбө болот. Кошкөңүлдүккө эгерим жол бербеген Пайгамбар туткундан сурайт:

– *Эмне үчүн ыйлап жатасыз?*

– Мына бул адам уулумду сатып жиберди!

Алла Элчиси Абу Усайдка айбаттуу карайт:

– *Чын эле сатып жибердиңби?*

– Ооба.

– *Кимге саттың?*

– Абс уруусуна – деп кыска жооп берген сахабага Пайгамбар кескин буйрук айтат:

– *Унааңа мингин дагы, дароо барып бул аялдын уулун алып келип бер!* (Али ал-Муттаки, IV, 176/10044).

***

Окуяны Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Бир жүрүштүн жыйынтыгында колго түшүрүлгөн туткундар Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* алдына алынып келинет. Туткундардын арасынан бир аял өз өлкөсүндө калган ымыркайына куса болуп, көз жашын тыя албай, жанындагы бирөөнүн баласын

көкүрөгүнө баса эмизип жатканын көрдүк. Ошондо Азирети Пайгамбарыбыз жанагы аялды нускап бизге кайрылды:

*– Бул аял өз баласын күйүп турган отко ыргыта алат деп ойлойсуңарбы?*

– Кудайга ант болсун! Эч качан ыргыта албайт! – деген жоопту уккан Акыркы Элчи:

*– Алла Тааланын пенделерине болгон мээримдүүлүгү мынабул аялдын перзентине болгон мээриминен алда канча күчтүү!* – деди» (Муслим, Тавба, 22).

***

Момун мусулмандар, душман болсо да, Алла Тааланын пенделерине мээримдүүлүк, ырайымдуулук, ынсаптуулук менен мамиле кылып келген. Мусаб бин Умайрдын биртууган иниси Абу Азиз каргашалуу Бадр согушунда мушриктердин желегин желбиреткен каарман желдет болгон. Айыгышкан согуштун аягында желек көтөргөн желдет туткунга түшөт. Абу Азиз мусулмандар тараптан күтүлбөгөн жакшылыкты көргөнүн мындайча эскерген:

«Бадр согушунда мен да туткунга түшүп калдым. Мени мурдатан Мединада жашап келген бир үй-бүлөгө тапшырышты. Ал үй-бүлө эртели-кеч бышырган тамагын мага берип, өздөрү кургак нан жана курма менен өзөк жалгап жүрүшкөнүн көрүп айран таң калдым. Анткени Азирети Пайгамбарым туткундарга коноктой жылуу мамиле кылууну бардык мусулмандарга буйруган экен. Кокустан ал үй-бүлөнүн колуна бир кесим нан тийип кала турган болсо, дароо аны мага беришчү. Мен чындап уялганымдан нанды кайтарып бергениме карабастан, ошону болсо да жеп коюшумду суранышканы күнү бүгүнкүдөй көз алдымда турат» (Ибн Хишам, II, 288; Хайсами, VI, 86).

***

Абу Вакиддин *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда, Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мединага көчүп келген кезде жергиликтүү тургундар тирүү турган төөнүн өркөчүн кесип, койдун санын тирүүлөй кескилеп, эттүү жерин бышырып жешчү экен. Бул абалга жаны кейиген Азирети Пайгамбар:

*«– Тирүү малдан кесилип алынган эт тарп (арам) болуп эсептелет жана аны жегенге болбойт!»* (Тирмизи, Сайд, 12/1480) деп кескин түрдө тыю салган.

Аалам атпайга мээрим катары жиберилген Акыркы Пайгамбардын данакерлиги менен жаныбарлар дагы азаптан кутулуп, бейпилдикте жашай башташкан.

***

Койду мууздоо үчүн кулагынан сүдүрөп жөнөгөн адамды көргөн аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* дароо токтотот да:

*«– Байкуш койдун кулагынан эмес мойнунан жетеле!»* деп эскертүү берет (Ибн Маажа, Забааих, 3).

Азирети Пайгамбарыбыз ошондой эле бычакты союла турган мал-жандыкка көрсөтпөй бүлөөнү:

*«Кимиңер мал мууздай турган болсоңор, бачым жана толук мууздагыла!»* деп буйруган (Ибн Маажа, Забааих, 3).

***

Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* жолдо баратып ат, качырларын минген абалда пайдасыз узун кепке кирип кеткен бир топ адамдарды көрүп калат. Алардын бул жоругунун зыянкечтик экенин эскертүү иретинде:

*«Мингичиңерди чарчатпай мингиле. Өз убагында үстүнөн түшүп жакшылап тыныктырып алгыла. Буларды жолдогу же көчөдөгү узун сөзүңөр үчүн отургуч кылып албагыла. Үстүндөгү адамдан да мартабалуу нечелеген жаныбар бар. Анткени жаныбар кожоюунуна караганда Алла Тааланы көп-көп зикир кылат»* (Ахмад, III, 439).

Адамдар жырткычтык, мыкаачылык өңүтөнөн биринен бири өтүп турган караңгылык доордо жадагалса жаныбарлардын да акы-укугу бар экендигин жар салышы Исламдын акыйкаттын, адилеттүүлүктүн жана боорукерликтин дини экендигин тастыктоо үчүн жетиштүү далил.

Айрыкча, кайдыгер адамдарга караганда минилип жүргөн жаныбарлардын Алла Тааланын даргөйүндө мартабасы бийик экенин жана Жаратканды көп зикир кылаарын дин Исламдын жар салышы адамзаттын жаныбарларга болгон мамилесинин жакшырышына өбөлгө түзгөн. Чындыгында макулук атпай өз туюму (интуиция) менен Жараткан Алла Тааланы такай зикир кылат. Адам пенденин сезүү, билүү, таануу жөндөмү чектелүү болгондуктан, алардын ички абалын сезе албай келебиз. Бул акыйкат Ыйык Куранда маалымдалган:

**«Жети асман жана жер, буларданы мүлдө зат Алла Тааланы даңкташат. Аны аруулап, мактабай турган эч нерсе жок. Бирок силер алардын зикирин түшүнө албайсыңар. Акыйкатта, Алла Таала – Сыпаа жана Кечиримдүү!»** (Исра сүрөсү, 44-аят).

***

Ачарчылык жондон басып турган кезде айрымдар Жусуп пайгамбардан (алейхиссалам) сурашат:

– Бардык азык-түлүк казыналары колуңузда турганына карабастан эмне үчүн өзүңүз ачка жүрөсүз, эч убакта тойо жегениңизди көрө элекпиз?

Азирети Жусуп аларга мындай жооп айтат:

– Өзүм тоюп алгандан кийин ачка жүргөндөрдүн абалын сезбей, алардын кейиштүү абалын унутуп каламбы деп корком![52]

***

Умму Кайс бинт Михсан *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Уулум дүйнөдөн кайтты. Мен эс-учумду жоготуп, абдан кайгырдым. Уулумду жууганы кирип бараткан адамдан өтүндүм:

– Кудай акы, уулумду муздак сууга жууй көрбө, аны дагы өлтүрөсүң!

Менин бул сөзүмдү иним Уккаша Азирети Пайгамбарыма айтса, ал мыйыгынан жылмайып:

– *Ошондой деп айтты деп кой! Андай болсо Алла Таала ага узак өмүр берсин!* – деп алкаптыр.

Бул хадистин раависи (хадисти алгачкы адамдан уккан адам): «Биз анчалык узак жашаган эч бир адамды көргөн эмеспиз» деп эскерет (Насаи, Жанаиз, 29).

Адамзааданын көзү өткөндөн кийин деле тирүүсүндөгүдөй сый-урмат көрсөтүү зарыл. Маселен, муз сыяктуу өтө муздак же өтө ысык суу менен маркумду жууганга тыю салынган.

Уулуна болгон мээримдүүлүгү себептүү Умму Кайстын өлүктү жууган адамга эскертүү бериши жана бул окуядан кабардар болгон Азирети Мухаммаддын боорукер энеге узун өмүр тилеши чындыгында өтө маанилүү жагдай. Башкача айтканда, боорукер жана мээримдүү инсандардын өмүрү узун болорун биз бул хадстен түшүнсөк болот.

***

Абдуллах бин Жаафар *(Алла ага ыраазы болсун)* узак сапардан кайтып келе жатып жол жээгиндеги курма бактын четине тыныгууну туура көрөт. Ары-бери көз салып олтуруп курма бактын кызматкери кара түстүү адам экендигин боолгойт. Аны жанына чакырып, экөө өткөн-кеткенден кеп салып олтурган маалда ашкана кызматкери түшкү тамак үчүн кулга үч тилим нан таштап кетет. Аңгыча кайдан чыга калганы белгисиз, тилин салаңдаткан бир ит пайда боло калат. Кул колундагы үч тилим нанды итке бирден берип салат.

Жолоочунун бул жагдайга кызыгы артат. Ошентип Абдуллах бин Жаафар менен кулдун ортосунда берегидей сукбат жүрөт:

– Сенин күнүмдүк канча акы аласың?

– Өзүңүз көргөн үч тилим нан.

– Анан эмне үчүн нандын баарын итке берип салдың?

– Бул тегеректе мындай ит жок эле. Баамымда узагыраак жактан келсе керек. Анын үстүнө ачкалыктан шимшиленгенине көңүлүм түткөн жок.

– Андай болсо, бүгүнкүнө эмне жейсиң?

– Сабыр кылам. Бүгүнкү акымды Алла Тааламдын ушу макулугуна бергениме ыраазымын.

Мындай изги ахлакка сугарылган адамгерчиликке таң калган Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун):*

«–Субханаллаах! Элдер менин абдан берешен адам экендигимди айтып жүрүшөт. Чындыгында сен менден да берешен экенсиң!» дейт. Ошентип толкундануу менен чыныгы мусулмандык чечкиндүүлүккө салып курма бакты да, кулду да сатып алат. Андан соң кулга азаттык берип, курма бакты тартуу кылат[53] .

***

Айтууларга караганда атактуу сопу Жунайд Багдадий бир шакиртин жагымсыз иш жасап жаткан жеринен кармап алат. Кылгылыкты кылган шакирт устаздарынын да, теңтуштарынын да бетин карай албай окуу жайдан кетет. Арадан бир топ убакыт өтөт. Өз алдынча жүргөн жаш улан өз ишине бушайман болуп, жандүйнөсү жабыркайт. Күндөрдүн биринде устазы Жунайд Багдадийди жана теңтуштарын базар аралап өтүп баратканын көрүп калат. Байкап калбасын деген ниетте эңкейип элди аралап артка кетенчиктейт. Анын мындай сактыгын көз кыйыгынан байкай койгон даанышман устат:

– Силер бара бергиле. Уямдан бир шумкарым качыптыр! деп табышмактуу сүйлөйт да, артын карабай качып жөнөгөн шакиртин көзөмөлгө ала баштайт. Абийир азабын чегип жүргөн жаш улан артынан ээрчип келаткан устазын көрөөрү менен басыгын тездетип, үйлөрдү аралап, туюк көчөгө кептелет. Качайын десе көчө туюк, үйлөр курчап турат. Аргасыздан бушайман болуп башын дубалга урат. Устазы жакындаган сайын иреңи кубарат. Коңур үндүү устат шакиртин жубатууга далаалат жасайт:

– Уулум! Кайда баратасың, кимден качып жатасың? Мугалимдин жардамы, көмөгү мына ушундай оор күндөрдө тийбесе, анан качан тийет... Кел... Жүрү кетели...

Башын шылкыйтып, ордунан араң турган шакиртин кучагына кысат. Устазынын мээримдүүлүгүнө туруштук бере албай айыпкер шакирт эрээркеп ыйлайт. Бутуна жыгылып, кечирим сурайт. Тооба кылганын айтып, ак батасын сурайт. Баары жайында болоорун эскерткен даанышман устат шакиртин окуу жайга ээрчитип кетет.

Окуядан маалым болгондой, Ислам дини айыпкерди коомдон четтетпейт. Тескерисинче, мээримдүүлүк менен жакындап, анын көңүл жарасын сыпаа жолдор менен айыктыруу чарасын көрөт. Анткени күнөөгө батып, абийир азабынан улам рухий жабыркоого тушуккан пенделер ар дайым боорукерликке, мээримдүүлүккө, анан, албетте, сылык-сыпаа чакырыкка муктаж.

***

Абу Бакрдын кызы Асма *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерет:

«Исламдан мурунку караңгылык доордо ачууланган Зайд бин Амрдын Каабага жөлөнүп элге эскертүү берип жатканын кулагым чалган:

– Эй, Курайш жамааты! Кудайга ант болсун, менден башка эч бириңер Азирети Ибрахимдин *(алейхис салам)* дининде эмессиңер!

Чындыгында Зайд элден бөтөнчө ахлактуу жан эле. Көр казып жаткан түркөй адамдар менен эптеп тил табышып, тирүүлөй көмүлө турган кыздарды куткарып алган учурлары болгон. Кыздарды өз балдарынан кем кылбай чоңойткондон кийин айрымдарын өз аталарына кайтарып берсе, айрымдарын өз колу менен турмушка узаткан (Бухари, Манакибул Ансар, 24).

Жүрөктөгү «ханиф-тавхид» ишеними Зайдды күнөөкөрлүктөн сактаган. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ал тууралуу:

*«Ал кыямат күнү Иса пайгамбар (алейхис салам) экөөбүздүн ортобузда өзгөчө бир үммөт болуп тирилет»* (Хайсами, IX, 416) деп айткан.

***

Азирети Мавлана «Мажалис-и Саб-а» аттуу чыгармасында төмөнкү ибараттуу икаяга орун берген:

«Насыяга эт саткан касап эсепти так жүргүзүү үчүн бир жаш жигитти эсепчилик кызматка алат. Жаңыдан кызматка алынган жаш жигитке мурдатан кимдер канча эт алганын бүт жаздырып, мындан кийинки эсепти так жүргүзүү талабын койот.

Күндөрдүн биринде сырттан учуп кирген канаттуу бир кесим этти тиштеп качат. Ишканага чычкан жорголотпогон сак касап:

– Этти көтөрө качкан жанагы канаттуууга да уялбастан жүз дирхам жаз! дейт катчысына.

Таттуу эттин даамын алган канаттуу эки-үч күндөн кийин эт жайылган дүкөнгө дагы учуп кирет. Бирок бул ирет касапчынын тузагына илинет. Мындан башка дагы эт жегиси келген канаттууларга да сабак болсун деген ниетте тузакка түшкөн чымчыктын башын кыя чабат да, көрүнөө жерге асып койот. Муштумдай чымчыкка боору ооруган эсепчи жигит касапчыны акыйкат сөз менен качырып кирет:

– Таксыр, мындан эки күн мурда бул чымчыктан ала турган аласаңызды дептерге жазып койгон элем. Эми, чымчыктын жан акысын мойнуңузга канча деп жазайын?!

Көр дүйнө деп чоң жаңылыштык кетиргенин кеч түшүнгөн касапчы абийирге бүлүк түшүргөн таасирдүү сөздү угаары менен буулугуп ыйлап жиберет:

– Эттин эсеби болбогон нерсе дечи, чыркыраган жандын эсебин кантип берээр экем акыретте?!

***

Айтууларга караганда таш боор адам музоону энесинин көз алдында союп салат. Музоосунан ажыраган уйдун каргышы тийип мерез адамдын колу шал болуп куурап калат.

Күндөрдүн биринде бул адам жолдо баратып уясынан кулап же баса албай, же уча албай кыйналып жаткан кызыл эт балапанды жана балапанын чарк айланып учкан канаттууну көрөт. Ырайымы келген адам балапанды уясына жайгаштырат. Мындай ырайымы үчүн Алла Таала анын колун айыктырат.

***

Ыймандуу аскерлердин Чанаккале согушундагы боорукерлиги, ырайымдуулугу жана мээримдүүлүгү диндеш бир туугандарыбызды гана эмес, курал көтөрүп, согушууга келген бөтөн диндегилерди да кучагына алган.

1930-жылы өздөрүнө таандык көрүстөнгө согушта курман болгон аскерлерди эскерүү үчүн келген француз генералы Гуро Чанаккале курмандыктарынын мүрзөсүнө зыярат кылууну каалайт. Зыярат учурунда өзүн коштоп келген жыйырмадан ашык ар кайсы багытта жогорку кызматтарда иштеген француздардын, түрк дипломаттарынын дана журналисттердин алдында мындай деген:

– Урматтуу мырзалар! Мусулман аскерлеринде чыныгы адамдык касиет, адамгерчилик сапат бар. Бул айткандарымды тастыктоо үчүн күнү бүгүнкүдөй эсимде сакталып, көз алдымда турган окуяны айтып берейин:

Күндүн шооласы кең таалаага жайылып бүт айланада жашоонун шарданы башталган кезде биз түрктөр менен бетме-бет согуша баштадык. Алардын саны бизге караганда көп, ошондой эле өтө мыкты ыкма менен салгылашышат экен. Күн батканга чейин согушкандан кийин жарадар болгондорду согуш талаасынан жыйнап кетүү үчүн согушту убактылуу токтото туруу тууралуу эки тараптуу келишим түздүк. Эки тарап тең өз-өзүбүзгө таандык жарадарларды артка алып чыга баштадык. Мен болсо обочо турган бийик дөңсөөгө чыктым. Чебер сүрөткер тарта алгыс бир көрүнүшкө назарым бурулганын өзүм да байкабай калыптырмын. Оюмдагы бүт нерсе заматта житип, бүт дитим ошол жака бурулду.

Бир түрк аскери өзүнүн жарасына топурак басып, кучагындагы аскердин жарасын өз көйнөгүн жыртып таңууга аракет кылып жатканын көрүп айран таң калдым.

Мырзалар! Өз жарасына топурак басып, жанындагы жардамга муктаж аскердин канын токтотуу үчүн кийип турган көйнөгүн таңгысы келген камкор, каарман аскердин кучагындагы ким болушу мүмкүн, билесиңерби?

Француз генерал сөзүнүн ушул жерине келгенде эчкирип ыйлап жиберди. Чөнтөгүнөн жүз аарчысын алып чыгып жашын сүрткөн соң, каргылданган үн менен:

– Мусулман түрк жигитинин кучагындагы жарадар француз аскери болчу! Француз аскери! – деп андан ары сөзүн уланта албай бетине жүз аарчысын жаап алып бир топко чейин ыйлады.

Окуяда баяндалган аскердин жароокерлиги, айкөлдүгү момун мусулмандын рухундагы нары терең, нары пакиза ыйманды чагылдырууга жетиштүү деп ойлойм. Мына, Жараткан Алла

үчүн жаратылган жандуу-жансызга бапестелген мээримдүүлүк, сүйүү жана ырайым Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өрнөк ахлагынын жемиши...

***

Пенделер тарабынан уюштурулган, түзүлгөн кайрымдуулук фонддор – Жаратkандын макулуктарына көрсөтүлгөн боорукерликтин жана мээримдүүлүктүн сыпайы, нары маңыздуу жүзү. Ислам тарыхындагы фонддордун дээрлик бардыгы коомго, айлана чөйрөгө көмөк көрсөтүү, социалдык маселелерди пайдалуу жагына чечүү максатында курулган. Бул түзүлүш Кудай Таалага болгон кулчулукту орундатууга өбөлгө түзөт жана аны иштеткен адамдарды албан соопко эгедер кылат.

Жакынкы эле тарыхты ала турган болсок, Ислам Осмон мамлекетинин тушунда түзүлгөн кайрымдуулук фонддорунун так санын чыгаруу өтө кыйын. Ошого карабай тарыхчылар соопчулук иштерин жүргүзгөн 26.300 фондду иликтеп чыгышкан. Бул да болсо Ислам динин негиз тутуп жашаган мусулман ата-бабаларыбыздын мээримдүүлүгүнөн кабар берет[54].

Осмон мамлекетинин тушунда 1.400дөн ашуун кайрымдуулук фонддордун аялдар тарабынан курулганы зор мааниге ээ. Мамекеттик деңгээлде демилге көтөрө алган мусулман айымдар байлык кууп, дүнүйө топтошкон эмес. Колундагы баалуу буюм-тайымдарын жыйнап Ислам дининин буйругуна ылайык ажырым кылбастан баарына тегиз мамиле жасашкан.

***

Жыйынтыктап айтканда, ыйманды баралына жеткирүү үчүн мээримдүүлүк, боорукерлик, жароокерлик өңдүү изги сапаттарды өнүктүрүүгө аракет жасашыбыз керек. Ошондой эле кандай гана жакшылык болбосун ибадат сезими менен чын ыкластан татыктуу орундатуу кажет. Жогоруда айтылган изги сапаттарга таянбастан, жеке кызыкчылык өңдүү башка максаттар менен көрсөтүлгөн кызматтардан акыбет табуу мүмкүн эмес. Эл керегине жарай турган кызматтардын түпкү пайдубалы – улуу сезимдер.

Асмандан ырайым, мээрим жана кут-береке жаасын үчүн биз жердегилерге мээрим төгөлү. Алла Тааламдын макулуктарына ырайым кылалы, ошондо Ал бизге ырайым кылат. Биз алсыз пенделер Анын теңдешсиз ырайымына, чалкыган мээримине кыяматка чейин муктажбыз!..

### б. Кайрымдуулук

Жараткан Кудай Тааланын жолунда, Анын ыраазылыгы алуу максатында мал-мүлктөн, колдогу мүмкүнчүлүктөн кайрым кылуу момун мусулмандын адамгерчилигин кемелине келтирип, коомдун өз ара ынтымагын бекемдейт жана камкордук сезимди күчөтөт.

Ислам дининин негизги максаты – Алла Тааланын жалгыздыгына бекем ишенимден кийин, кыраакы, сезимтал, мыкты сапаттарды өзүнө камтыган, көп өнөрдү өздөштүргөн инсанды тарбиялоо жана ар тараптан бейпилдикте жана бакубат турмушта жашаган коомду түзүү. Бул жетишкендик чындыгында көөдөндөн оргуштаган боорукерлик, мээримдүүлүк сезимдери жана мунун айкын далили катары саналган зекет менен кайрымдуулук аркылуу жүзөгө ашат. Андыктан момун мусулмандын жүрөгүндө Кудай Таала жараткан жаамы жандуу-жансызга болгон боорукерлик сезим болушу абзел.

Кайрымдуулук Ыйык Куранда 200дөн ашык жерде жанды, мал-мүлктү «Аллага арноо» деген аныктаманын негизинде айтылат. Башкача айтканда, Кудай Таала ыроологон сан миң нематты кайра эле Ал ыраазы боло турган жайларга сарптоо чыныгы кайрымдуулук болуп эсептелет. Демек, Куран-и Каримдин аныктамасына ылайык момун мусулман – жанын да, байлыгын да Аллага арнаган инсан.

Алла Тааланын 99 ысым-сыпаттарынын бири – **«ал-Ваххааб».** Бул ысым-сыпат «кай жерде болбосун, ар дайым бүт нерсени мол берген, акы талап кылбастан үзгүлтүксүз ыроологон» деген маанилерди туюнтат. Ал ошол себептен бүт жандууну «берүү, ыроолоо» өзгөчөлүктөрү менен кошо жараткан.

Маселен, аары өз муктаждыгынан миң, балким, миллион эсе ашыкча бал чогултуп, аны ажайып таң калаарлык тартип менен өз жайына төгөт. Чогулткан балынын аз гана бөлүгүн өзү жейт да, калганын адам баласына ыроолойт. Көптөгөн бак-даракатар өнүп-өсүү үчүн жыл сайын

тонналаган мөмө-жемиштерди берет. Ошол тонналаган мөмөнүн ичинен бирөөсү гана урук болуп берсе, ал дарактын өмүрү улана берет. Калганы адамдын жана башка жандуулардын муктаждыгы үчүн. Жаныбарлар жашоону улантуу үчүн жем-чөп жейт. Семиргенден кийин анын этин адам жейт. Ашкере кордолуп, ашкере тебеленип-тепселегенине карабастан, биз билген топурак берекелүү түшүмүн үзгүлтүксүз берип келе жатат. Адамзаада да эч болбосо ушу макулуктар өңдүү маңдай тер менен тапкан пайдасынын бир бөлүгүн өз муктаждыгына каржап, ашканын кайрым кылышы керек. Камкор, берешен болсун деген максатта Жараткан Алла Таала мунун миңдеген мисалын адамзаадага көрсөтүп койгон.

Алла Таала кайыр-садакалардын маанилүүлүгүнө басым жасоо иретинде, аны Өзү гана аларын Ыйык Куранда билдирген [55]. «Алланын ыраазылыгы үчүн!» деп кайрым кылган пенделеринин кылган жакшылыктарын жана кайыр-садакаларын «Карз-ы хасан: эң мыкты карыз» катары кабылдап, муну жеке Өзү төлөөрүн билдирген.

**«Намаз окугула, зекет бергиле жана чын ниеттен Алла Таалага ийги карыз (карз-ы хасан) бергиле. Өзүңөр үчүн алдын ала кандай гана жакшылык даярдабагыла, аны** (акыретте) **Алланын даргөйүнөн үзүрү менен дагы да эселеп көбөйгөн абалда табасыңар…!»** (Муззаммил сүрөсү, 20-аят).

Үммөтүн кайрымдуулукка үндөгөн Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Кайыр-садака эч убакта мал-мүлктү азайтпайт. Сунулган колдогу садака салих пенденин колуна тийе элек жатып Алла Тааланын колуна тийет…»* деген (Али ал-Муттаки, VI, 377/16134; Табарани, Кабийр, IX, 109).

Өз ыраазылыгы үчүн жасалган кайрымдуулукту карз-ы хасан (ийги карыз) катары кабыл этиши Алла Тааланын адам баласына ыроологон чоң сыйы болуп саналат. Жараткан Алла Таала Өзүнө жакын болуу үчүн жакшы нерселерден кайрым кылууну бизге мындайча билдирет:

**«Өзүңөр сүйгөн нерселерден кайрым кылмайын эч убакта жакшылыктын туу чокусуна** (бирр) **жете албайсыңар. Эмнени кайрым кылбагыла, Алла шексиз андан кабардар!»** (Аали Имран сүрөсү, 92-аят).

**«Жүзүн Чыгышка, же Батышка буруу эле жакшылык эмес. Жакшылык бул – Аллага, Кыямат Күнүнө, периштелерге, Китептерге, пайгамбарларга ыйман келтирүү. Жакындарына, жетимдерге, кедейлерге, жолоочуга, тилемчилерге, күң-кулдарга жакшы көргөнүнө карабай мал-дүнүйөсүн бергендер, намазды толук окугандар, садака бергендер; убада берип, убадасына бек тургандар; кедейлчиликте, кырсыкта жана согушта сабырдуу болгондор. Ушулар – чынчылдар, мына ушулар – такыбалар»** (Бакара сүрөсү, 177-аят).

Жакшылыкка, ак ниеттүүлүккө жана такыбаалыкка аныктама берген бул аятта, кайрымдуулукка да кеңири түшүндүрмө берилген.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алла Таала тарабынан айтылган берeги кудсий хадисти маалымдаган: ***«Эй, адам баласы! (Алла үчүн) кайрым кыл, сага да кайрым кылынсын!»*** (Бухари, Тафсир, 11/2; Нафакат 1; Муслим, Зекет, 36-37).

Мусулмандар алсырап, муктаж болуп турган мезгилдер кайрымдуулук үчүн эң кымбат учур болуп эсептелет. Заттык (материалдык) жана рухий муктаждыктар мукуратып, адамдар зарлап турган маалда кайрымдуулук кылган пенделерин көкөлөтүп, аларды «Жеңиштен алдын кайрым кылган жандар» деп мактоого алып, өзгөчө үлүш тартуулайт:

**«Силерге эмне болгон, Алла жолунда кайрым кылбай калгансыңар? Аныгында асмандагы жана жердеги мурастардын баары Аллага таандык. Өз араңардагы жеңиштен алдын кайрым кылгандар менен (башкаларга бет келип) согушкандар чогуу болбойт. Мына ошолор кийин кайырым кылган жана душман менен согушкандардан да мартабалуу болду. Ошону мене катар, Алла Таала алардын баарына эң жакшы нерсени убада кылды. Алла Таала бардык иш-аракетиңерден кабардар»** (Хадид сүрөсү, 10-аят).

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайрымдуулуктун бөтөнчө артыкчылыгын мындайча маалымдаган:

*«Күн сайын эрте менен эки периште түшөт. Алардын бири: «Оо, Жараткан! Жакшылык кылган пендеңе жакшылык кайтар!» десе, экинчиси: «Оо, Жараткан! Зыкымдык кылган*

*пендеңдин байлыгын бүлгүнгө учурат!» деп дуба кылат»* (Бухари, Зекет, 27; Муслим, Зекет, 57).***«Эй, адам баласы! Өз муктаждыгыңдан ашыгын кайыр-садага катары таратканың өзүңө жакшы, бербегениң жаман. Муктаждыгыңа жеткидейин колуңда кармагандыгың үчүн айыпталбайсың. Иралды өз карамагыңдагыларга жакшылык жаса. Сунган кол алган колдон ар дайым жогору (мартабалуу) турат»*** (Муслим, Зекет, 97; Тирмизи, Зухд 32).

*«Алла Таала адалдан башкасын кабылдабайт. Кимде-ким адал кирешесинен бир даана курмачалык кайыр-садака берсе, Алла Таала аны кабыл кылат. Андан соң аны тоодой болгончо чоңойтуп, камкордук менен ээсинин наамына жазат»* (Бухари, Зекет, 8; Тавхид 23; Муслим, Зекет, 63, 64).

Кайрымдуулук, садака, ак кызмат сыяктуу салих-жарамдуу амалдар сырттан башкаларга пайдалуудай көрүнгөнү менен, аныгында кишинин напсин аруулап, акыйкатты, жакшылыкты жана боорукерликти ширетет. Жакшылыктар ушундай жол менен көөдөнгө жайгашкандан кийин, адамдын руху менен ширелишип, айкалышып кетет. Зекет менен кайыр-садаканын мал-мүлктү, байлыкты жана жүрөктү тазалап кетери Ыйык Куранда маалымдалган[56].

Зекет менен кайыр-садаканы ошол эле маалда адампендени «аттиң» дедиртип, зарыктыра турган кыяматтын капшабы үчүн алдын ала көрүлгөн даярдык деп айтууга болот[57]. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа мындай деген:

*«Алла Тала баарыңар менен тилмечсиз сүйлөшөт. Ошондо адам оң жагына карайт, акыретке алдын ала жибергенинен башка эч нерсени көрө албайт. Андан соң сол жагына карайт, алдын ала акыретке жибергенинен башка эч нерсени көрө албайт. Алдына карайт, тозоктон башка эч нерсе көрө албайт. Андыктан жарым курма менен болсо да өзүңөрдү тозок отунан коргогула. Муну да таба албагандар эч болбосо, жакшы сөз сүйлөп өзүн коргосун»* (Бухари, Зекет, 9, 10; Муслим, Зекет, 67, 97).

Куттуу хадисте айтылгандай, кайыр-садака жана кайрымдуулуктар негизинен өз муктаждыгыбыздан ашканын берүү менен башталат. Колунда жоктор кур дегенде бир сындырым нан сыяктуу пайдалуу нерсени же көңүлгө өбөк болор жылуу сөзүн аябай Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн кайрым кылышы керек. Көрсөтүлгөн кайрымдуулук иштер ыкластуулукка жана берилгендикке жараша пендени тозок отунан коргой алат.

Мээримдүүлүк менен боорукерликтин нагыз натыйжасы саналган кайрымдуулук сезиминин ар бир мусулмандын жүрөгүнө ширелишин самаган Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул өңүттөн бардык момун мусулмандарды бай деп эсептейт. Анткени ал куттуу хадистеринде момундардын жакшылыкка багытталган чакырыгын, Жараткандын Жалгыздыгын даңазалашын, кордук көргөн жаралуу көңүлдөрдү жылуу сөз менен жубатып, аларга көрсөтүлгөн жардамдарды, жолдон алып салынган зыяндуу нерселерди, бейтаптардан кабар алганды, жадагалса зарыл учурдагы бир жылмаю сыяктуу бардык жакшы амалдар кайыр-садака деп эсептелээрин билдирген.

Күндөрдүн биринде Алла Элчиси:

*«–Бир дирхам (кадимий арап акча бирдиги) жүз миң дирхамдан ашып кетти»* деди. Табышматуу сөзгө түшүнө бербеген сахабалар мунун кандай чечмеленерин сурашканда, мындай деди:

*«– Бир адамдын эки дирхамы бар эле. Ал эки дирхамынын эң жакшысын кайрым кылды (т.а. мүлкүнүн жарымын берди). Экинчи (өтө бай) адам байлыгынан жүз миң дирхам гана чыгарып, кайрым кылды»* (Насаи, Зекет, 49).

Бул куттуу хадис багышталган дүнүйө-мүлктүн көлөмүнөн да кайырым ээсинин аруу ниетинин зор мааниге ээ экенин баса белгилейт.

Демек, чыныгы байлык дүнүйөнүн көптүгүндө эмес, көңүлдүн токтугунда, топуктуулукта. Башкача айтканда, чыныгы момун мусулмандар – кемибес топукка ээ болуп, мүмкүнчүлүккө ылайык кайрымдуулук кылган адамдар. Анткени кайыр-садага камкордуктун, эл-журтка күйүмдүүлүктүн жана мекенчилдиктин кашкайган белгиси.

Кайрымдуулук кылуу учурунда төмөндөгү заң-эрежелерди эске алуу зарыл:

1.Ыкластан тайбоо кажет. Эл көрсүн же башка кызыкчылыктарга жетеленбөө зарыл (крз: Бакара сүрөсү, 364-аят).

2. «Оң колдун бергенин сол кол туйбай калгыдай» таризде бериши керек. Насаатта айтылган эрежеге ылайык кайрым кылгандар – акыретте күнөөлөрү кечирилип, кыяматтын азаптуу күнүндө Арыштын көлөкөсүндө саялашат (крз:Бакара сүрөсү, 271-аят; Бухари, Азан, 36).

3. Алуучунун көңүлүн оорутуу, заарын чачып бетке чабуу сыяктуу жагымсыз жоруктар менен берилген садаканы текке кетирип албоо зарыл. Алла Таала мындай кордукка кескин түрдө тыю салган (крз: Бакара сүрөсү, 262-264-аяттар).

4. Экинчи тарап чын көңүлдөн албай турган эски-куску же сапатсыз нерселерден кайрым кылынбашы керек (крз:Бакара сүрөсү, 267-аяттар).

5. Эң негизгиси, кайрым кылган тарап алган тарапка ыраазы болушу керек. Анткени алар бардар адамдарды парз деп эсептелген ибадаттардан куткарып, албан сооп табышына өбөлгө түзүп жатат.

**Изгиликтин үлгүсү**

Мекке шаары каратылып, Ыйык Каабанын ачкычы колго тийгенде мусулмандардын жүрөгүн өйүгөн бир маселе чечилет. Ачкычты кимге тапшырат болду экен дегендей сахабалардын баары жардап калышат. Аныгында шарапаттуу ачкычты сактоо жана Каабанын жамынчын тейлөө вазийпасын бардык алдыңкы сахабалар каалап турган. Мурдатан бери ажыларга суу таратуу вазийпасын аткарып жүргөн Азирети Аббас (Алла ага ыраазы болсун) Сүйүктүү Пайгамбарыбыздан хижаба (Каабанын жамынчын шөкөттөө жана алмаштыруу) кызматын берүүсүн өтүнөт. Алла Элчиси ага:

*«–Мен сизге Алланын Үйүнө жиберилген жамынчы сыяктуу нерселер менен турмуш кечире турган вазийпаны эмес, өз байлыгыңыздан сарптоо жолу менен ажылардын сууга болгон муктаждыгын камсыздай турган нары сооптуу, нары түйшүктүү вазийпаны берип жатам!»* деп, мурунку кызматын уланта берүүнү буйруйт.

Азирети Аббастын айтылуу Таиф жергесинде жүзүм багы боло турган. Мурунку доордо да, Ислам келгенден кийин да жүзүм салынган зам-зам менен ажылардын суусунун кандыра турган. Кутман сахабанын көзү өткөндөн кийин бул алгы вазийпаны уулдары жана неберелери улантып кеткен (Ибн Хишам, IV, 32; Ибн Саад, II, 137; Вакиди, II, 838).

Бул тарыхый окуядан маалым болгондой, Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз жакындарына пайда алып келе турган кызматтарды эмес адамзатка кызмат көрсөтө турган вазийпаларды берген. Бул окуя жалган дүйнөдө машакаттуу жана оор көрүнгөн кайрымдуулук кызматтарынын акырет үчүн баа жеткис казына экенин көрсөткөн далил болуп эсептелет.

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүрүнүн акыркы күнү Азирети Аишага *(Алла ага ыраазы болсун)* үйдөгү алты-жети динарды колунда жок жакырларга таратып беришин буйурат. Азирети Аиша сыркоосу күчөп бараткан Алла Элчисин ойлоп олтуруп садаканы таратууну эстен чыгарып койот. Пайгамбарыбыз Азирети Аишаны туура түшүнөт. Динарларды алканына салат да:

– Алла Тааланын Пайгамбары Мухаммад буларды кедей-кембагалдарга бербей туруп Улуу Эгесинин алдына барууну эп көрбөйт!... деп ансардан [58]болгон беш жакыр үй-бүлөгө таратууну тапшырат. Ошондон кийин гана:

– *Жаным эми жай таап, эс алып калды!...* деп куш уйкуга кирет (Ахмад, VI, 104; Ибни Саад, II, 237-238).

Мына кайрымдуулук, мына үзгүлтүксүз кайыр-садага....

***

Азирети Хатижа *(Алла ага ыраазы болсун)* Мекке шаарынын алдыңкы байларынан болгон. Бүтүндөй мал-мүлкүн, жадагалса өз жанын Алла Элчисине арнайт. Ислам дини жаңыдан жайыла баштагандан тарта көзү өткөнгө чейин Алланын динине заттык жактан көмөк көрсөтүп, Азирети Пайгамбарыбызга дем-күч болгон. Ошол себептен оопалуулуктун жүзү саналган Жаратылыш Нуру

*(саллаллаху алейхи васаллам)* жубайынын жакшылыгын эч убакта унуткан эмес, аны ар дайым жакшы эскерүүлөр менен эстеген.

***

Азирети Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун)* соода-сатык менен шугулданган бардар адамдардын бири эле. Азирети Мухаммадга Пайгамбарлык келген кезде ал 40. 000 дирхамдан ашуун байлыкка ээ болгон. Азирети Абу Бакр башка уруулаш туугандарындай болуп Исламга каршы чыкпастан, тескерисинче Пайгамбарга аркажөлөк болуп, байлыгынын көбүн дин жолуна сарптаган. Маселен,Исламды кабыл кылгандыгы себептүү кожоюнунан токмок жеп,кордукка, кыйноого кабылган кулдарды көп каражатка сатып алып эркиндикке чыгарган[59]

Азирети Абу Бакрдын береги сөзү абдан даңазалуу:

«Бул дүйнөдөн мага үч нерсе сүйдүрүлдү: Алла Элчисинин жамалына талбай тигилүү, кызымды ага жубай кылып берүү жана мал-мүлкүмдү анын жолуна сарптоо».

***

Табук жүрүшүнө жөнөп жатып Алла Элчиси черүү муктаждыгы үчүн бардык мусулмандарды кайрымдуулукка чакырат. Ошо кезде Мединаны оор ачарчылык басып турганына карабай, кутман сахабалар чолок түшүнүктөн арылып, жарыша кайрымдуулук кылышып, нагыз ыймандуулукту тастыкташат. Ошондо Азирети Абу Бакр керекке жарай турган байлыгынын баарын дин Ислам үчүн аскер муктаждыгына сарптайт.

Мына ушул сыяктуу кайрымдуулуктарга чын дилден баа берген Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул ардактуу сахабаны баалап:

*«Абу Бакрдын мүлкүнөн пайдаланганымдай башка эч кимдин мүлкүнөн пайдаланган эмесмин»* деген.

Бул сөздөн таасирленген Абу Бакр көпкө ыйлайт. Ал буга чейин Алла үчүн кандай түшүнүктө кайрымдуулук кылып келе жатканын береги сөзү менен даршан этет:

«–Пайгамбарым! Мен жана менин байлыгым жалгыз сизге арналып, сизден айланалы?!» (Ибн Мажа, Мукаддима, 11).

***

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* буларды баян эткен:

«Азирети Пайгамбарым баарыбызга кайрымдуулук кылууну буйруган. Ошол күндөрдө менин кыйла мүлкүм бар эле. Өз оюмда «Абу Бакрдан өтө турган болсом ушу бүгүн өтө алам» деп мүлкүмдүн жарымын алып бардым. Пайгамбарым менден сурады:

– *Үйүңө эмне калтырдың?*

Мен ага:

– Ушу алып келгенимдин жарымын калтырдым – дедим. Ал күнү Азирети Абу Бакр мал-мүлкүнүн баарын алып келиптир. Алла Элчисинин:

– *Бала-бакыраңа эмне таштадың, эй, Абу Бакр?* – деген суроосуна ыймандын чалкыган толкуну менен:

– Алла Тааланы жана Анын Элчисин таштадым, Пайгамбарым! – деди. Ошондо ичимден өзүмө: «Кудайга ант болсун! Эч убакта андан өтө албай калдым көрүнөт!» дедим аргасыздан (Тирмизи, Манакыб, 16/3675).

***

Абдурахман бин Хубаб *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Табук жүрүшүнө камылга көрүү үчүн сахабаларын кайрымдуулук кылууга чакырганда мен анын жанында элем. Мусулмандар мечитке жык толгон. Ошондо Осмон бин Афван *(Алла ага ыраазы болсун)* ордунан туруп:

– Оо, Алланын Элчиси! Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн токулгалуу жүз төө менден!

Азирети Пайгамбарыбыз дагы ким бар дегендей мааниде баарыбызды сыдыра тиктеди. Азирети Осмон ордунан кайра туруп:

– Оо, Алланын Элчиси! Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн токулгалуу дагы эки жүз төө менден! – деди.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз жамаатка дагы кайрылды. Азирети Осмон бул ирет дагы ордунан атып туруп:

– Оо, Алланын Элчиси! Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн токулгалуу үч жүз төө менден! – деди.

Алла Элчисинин минбардан түшүп баратып:

*«Мындай берешендиги үчүн Усманга мындан кийинки эч бир иши (байкоостон кетирген жаңылыштыгы) зыян келтире албайт! Усманга мындан кийинки эч бир киши зыян келтире албайт!»* дегенин угуп калдым» (Тирмизи, Манакыб, 18/3700, Ахмад, V, 63).

Бул риваят Азирети Осмондун жоомарттыгын жана Алла ыраазылыгы дегенде жанын аябаган берешен сахаба болгондугун тастыктайт.

Азирети Осмон үч жүз төө менен эле чектелип калбастан бул кайрымдуулук өнөктүгүнө дагы миң динар салым кошкон (Тирмизи, Манакыб, 18/3700).

***

Турмуш оорлоп, эл карайлап турган учурда зарыл болгон бул жүрүшкө салым кошо албай калган сахабалар деле «колдо бар болсо бүт баарын берсек кана атаганат!» деп, кайрым кылууга эки көзү төрт эле. Булардын бири Абу Акил *(Алла ага ыраазы болсун)* түнү бою уктабай иштейт да, эки торбо курма табат. Тапканынын жарымын бала-чакасына таштап, жарымын жүрүштү камсыздоо өнөктүгүнө тапшырат. Анын жагдайын уккан Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Акилди алкайт: «Алла Таалам сенин кошумчаңа да, үйүңө калтырганыңа да береке берсин!» (Табари, Тафсир, X, 251).

***

Укба бин Амр *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерген:

«Садага туурасындагы аят[60] түшүрүлгөн кезде колубуздан келген салымыбызды кошууга аракет кыла баштадык. Ошол күндөрү бир адам Алла жолуна деп көп садага багыштап кетти. Эки жүздүүлөр момун мусулмандардын Исламга берилгенин көрө албай: «эл көрсүн үчүн кылып жатат» деп чыгышты. Дагы бир адам келип бир торбо курма садага кылды. Мында да эки жүздүүлөр жөн турбай: «Мунун бир торбо курмасына Кудай муктаж болуп калган имиш...» деп келеке кылышты. Бул окуядан улам төмөнкү аят түшүрүлгөн эле:

**«Кайрыр-садака маселесинде чын көңүлдөн багыштагандарды жана маңдай тери менен** (эптеп) **таап келгендерди шылдыңдаган эки жүздүүлөрдүн шермендесин Алла Өзү чыгарат** (кор кылат). **Алар үчүн жан чыдагыс азап бар»** (Тооба сүрөсү, 79-аят)[61].

***

Улба бин Зайд кембагал мусулмандардан эле. Ал түн бир оокумда намаз окуган соң Кудай Таалага жалбарат: «Оо, Жараткан Кудай Таалам! Жихатка чыгууга буйурдуң, Сен үндөдүң. Бирок Элчиң менен бирге жихатка минип чыга турган унаа бербедиң. Элчиңе да мен үчүн унаа таап бербедиң! Мен ар дайым өзүмө жараша колуман келген садаганы берип келген элем. Оо, Жараткан! Мага насип буюрган мына бул буюмду садага чаптым!»

Улба таңдан туруп Алла Элчисине келип:

– Пайгамбарым! Колумда садага кылчу жарытарлык нерсе деле жок. Мына бул буюмумду садага кылам. Анүчүн мени санаага салган, мага акарат сөз айткан жана мени маскара кылган адамды да кечирдим! – дейт.

Алланын Элчиси:

*Алла садагаңды кабыл кылсын!* – дейт. Пайгамабарыбыз эртеси күнү Улбага:

– *Мен сенин садагаңды кабылдадым. Сүйүнчү! Кудуреттүү Жараткан Аллага ант болсун! Сен садагасы кабылдангандардын катарына кошулдуң!* – деп куш кабар айткан экен (Ибни Хажар, ал-Исаба, II, 500; Ибни Касир, ас-Сира, IV, 9; Вакиди, III, 994).

***

Хайбардагы жеңиште Азирети Умардын үлүшүнө мол түшүм бере турган кара топурактуу жер тилкеси тийет. Дин Ислам үчүн өтө керетүү маалда Азирети Умар Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* келет:

– Пайгамбарым! Хайбар казатында менин үлүшүмө бир жер тийген эле. Ушу кезге чейин андай мыкты жерге ээ болуп көргөн эмесмин. Аны эмне кылсам экен, кандай кеңеш бересиз?

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз сахабага берегидей кеңеш берет:

– Каалаңаң анын эл кызматына ыйгарып сал.

Кеменгер Пайгамбардын кеңешин уккан Умар бин Хаттаб жер тилкесин төмөнкү шарттардын негизинде кайрымдуулук максатында эл кызматына ыйгарат: «Жер тилкеси эч убакта сатылбайт, бирөөнүн наамына ыйгарылбайт жана ага эч ким мураскор боло албайт. Бул жер тилкеси жакырлар, жакын туугандар, кул азат кылууну каалагандар, Алла жолунда кызмат көрсөткүсү келгендер, жолдо калып кеткендер жана меймандар үчүн кызмат кылат. Аны иштете билгендер иштете берсин. Анын түшүмүн үй-бүлөңөргө да, жоро-жолдошторуңарга бергиле» (Бухари, Шурут, 19; Васая, 28; Айман, 33; Муслим, Васият, 15).

***

Окуяны Анас *(Алла ага ыраазы болсун)* маалымдайт:

«Медина шаарында ансар мусулмандарынын арасынан курма бактын эң чоңу Абу Талхага таандык эле. Абу Талха Байруха аттуу бул курма багын абдан жакшы көрчү. Алла Элчиси кээ-кээде курмазарга барып саялап, андагы таттуу суудан ичип чаңкоосун басчу.

**«Өзүңөр жакшы көргөн нерселерден кайрым кылмайынча жакшылыктын туу чокусуна жете албайсыңар...»** (Аали Имран сүрөсү, 92-аят) маанисиндеги аят түшөрү менен Абу Талха Азирети Пайгамбарга келип, пикирин ортого салат:

– Оо, Алланын Элчиси! Жараткан Алла сизге: **«Өзүңөр жакшы көргөн нерселерден кайрым кылмайынча жакшылыктын туу чокусуна жете албайсыңар...»** деген аятты жибериптир. Өзүңүз билгендей, мен Байруха аттуу курма багымды жакшы көрөм. Бул аятты уккандан кийин Байруханы Алла ыраазылыгы үчүн эл кызматына багыштагым келип турат. Мен бул ишке жалгыз Алла ыраазылыгы, соопчулук жана акыреттик бакыт үчүн барып жатам. Мындан ары аны Алла Таалам буйруган тариздe колдоно бериңиз.

Сахабасын муюп угуп олтурган аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* бакчаны кантип колдонуунун мерчемин дароо айтты:

*«– Сени куттуктайм! Пайдалуу мүлк деген мына ушул болот. Пикириңди уктум Абу Талха. Аны (колунда жок) туугандарыңа багыштап койгонуң ылайыктуу го деп ойлоп турам».*

Алла Элчисинин пикирине ыйнанган Абу Талха курмазарды туугандарына бөлүп берет (Бухари, Зекет, 44, Васая 10, 17, 26, Тафсир, 3/5; Муслим, Зекет 42, 43).

***

**«Ким Аллага жакшы карыз берсе, Алла аны арттырып берет. Алла Таала (ырыскыны) кесе да, арттыра да алат. Акыр-аягында сөзсүз Ага кайтарыласыңар!»** (Бакара сүрөсү, 245-аят).

Алла Таалага ийги жол менен карыз берүү тууралуу жогорудагы аят түшкөнүн угары менен Абу Дарда *(Алла ага ыраазы болсун)* Алла Элчисине келет:

– Оо, Алла Элчиси! Алла Таала сизден карыз сурап жатабы?

Маселенин төркүнүн түшүндүрүү үчүн Азирети Пайгамбар:

– *Ооба, Абу Дарда, Алла Таала карыз сурап жатат!* – деп жооп берет.

Абу Дарда Азирети Пайгамбардын колун кармап туруп:

– Андай болсо 600 курма дарагы бар чоң багымды Аллага карызга бердим! – дейт. Убакытты создуктурбастан бакка жетип барат. Ошол маалда жубайы да, балдары да курмазарда жүрүшкөн. Жакшылыкты жандай сүйгөн сахаба баарын чогултуп:

– Баарыңар уккула. Бактан тез арада чыгып кетели. Анткени мен бул жайды Алла Таалага карызга бердим! – дейт толкундана. Жубайы кубанганын жашыра албай үнү каргылдана абышкасын кубаттайт:

– Абу Дарда! Өтө пайдалуу соодалашууга барыптырсың! (Табари, Тафсир, II, 803 (Бакара сүрөсүнүн 245-аятынын тафсирине караңыз); Хаким, Мустадрак, II, 24/2194; Рази, VI, 166).

***

«Экөөнүн экинчиси» деген улуу мартабага арзыган Азирети Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун)* колундагы 40. 000 динарынын он миңин түнү, он миңин күндүзү, он миңин жашыруун, акыркы он миңин болсо көрсөтүп ачык, т.а. баарын кайрым кылат. Анын мындай камкорлугу, жароокерлиги себептүү береги аят түшүрүлөт:

**«Мал-мүлкүн күнү-түнү жашыруун да, ачык да сарптагандардын сообу – Улуу Жаратკандан берилет. Аларга** (эч кандай) **коркунуч жок, ошондой эле алар кайгырышпайт»** (Бакара сүрөсү, 274-аят) (Алуси, Рухул Ма-ани, III, 44).

Дал ошол учурда Азирети Алинин колунда төрт дирхамдан башка эч нерсеси жок болгондуктан, анын бирөөсүн түнү, экинчисин күндүзү, үчүнчүсүн жашыруун, төртүнчүсүн ачык берет. Алла Элчисинин:

– *Эмне үчүн мындай кылдың?* – деген суроосуна жоомарт сахаба:

– Алла Таалам убада кылган үзүр-соопко эгедер болуу үчүн – деп жооп берет. Ошондо жүзүнөн нур тамылжыган жарыктык Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* жалуу жылмая:

– *Сен болжогонуңа жеттиң!* – деп сүйүнчү айтат (Вахиди, 95).

***

Күндөрдүн биринде шаар кезген кайырчы Азирети Алиден кайыр сурайт. Кайырчыны жылуу кабыл алган сахаба уулуна буйруйт:

– Үйгө чурка балам. Энеңе айт, мен берген алты дирхамдын бирөөн берсин.

Уулу үйгө барып куру кол келет да, мунун себебин минтип түшүндүрөт:

– Энем сиз берген алты дирхамды ун сатып алуу үчүн катып койгонун айтты.

Азирети Али бул ирет уулуна бираз өкүм сүйлөдү:

– Пенде өз колундагы нерсеге караганда Алла Тааладан боло турган жакшылыктарга чын дилден ишенмейин ыйманы толук болбойт! Энеңе барып айт, алты дирхамдын баарын берсин!

Атасынын акыйкат сөзүн жеткирип барган уулу алты дирхамдын баарын алып келет. Азирети Али аларды кайырчыга берет. Үйгө келип эми босогосун аттап жатканда артынан бирөө үн салат. Артына кылчайса, төө жетелеген адам турган болот. Ал киши төөнү сатып алууну Азирети Алиден өтүнөт. Колунда каражаты жок болгондуктан Азирети Али атайы келген адам менен соодалашкысы келет.

– Бул төөңө канча сурап жатасың?

– Жүз кырк дирхамга сатам.

– Акчасын бир топ убакыттан кийин алууга көнсөң, төөнү тиги мамыга байлап кой.

Өз оюндагы наркка сатканына кубанган адам Азирети Али менен коштошуп үйүнө кайтат. Азирети үйдү көздөй бурулганда артынан башка бир адамдын үнү чыгат. Саламдашып, амандык сурашкандан кийин экөөнүн ортосунда берегидей сөз жүрөт:

– Бул төө кимдики?

– Меники.

– Мага сатпайсыңбы?

– Макул сатайын.

– Канчага сатасың?

– Эки жүз дирхамга.

– Келе колуңду, төөнү алдым – дейт да, эки жүз дирхамды санап берип байлануу турган төөнү жетелеп кетет. Азирети Али болсо жүз кырк дирхамды төөнүн алгачкы ээсине берет да, калган алтымыш дирхамды жубайы Азирети Фатиманын колуна карматат. Азирети Фатима бул акчанын кайдан келгенин сурайт.

– Бул Алла Тааланын: **«Кимде-ким бир жакшылык кылса, ага өзүнүкүнөн он эсе көп жакшылык бар»** (Анаам сүрөсү, 160-аят) деп Акыркы Элчиси аркылуу бизге берге убадасынын жемиши – деди Азирети Али (Али ал-Муттаки, VI, 572-573/16976).

***

Кимде-ким чын ыкластан кайрымдуулук кылса, ашкере Берешен, ашкере Жоомарт Алла Тааланын сүйүүсүнө ээ болот. Бул акыйкатты Азирети Пайгамбарыбыз береги хадисинде даршан эткен:

*«Бир жолоочу чөлдө бараткан эле. Аңгыча асман тараптан: «Паланча адамдын жер тилкесин сугар!» деген үндү угат. Шашкалактап башын көтөрүп үзүктөй болгон булутту көрөт. Үндүн ошол булуттан чыкканына толук көзү жетет. Жолоочу айран таң калат. Ооба, таң калбаска аргасы жок эле. Жүрөгү менен кеңешип булутту ээрчип жөнөйт.*

*Кара топурактуу, таштак жерге келгенде көктөгү булут жамгырды төгүп жиберди. Жамгырдын суусу кичинекей көлмөгө топтолду. Көлмөдөгү суу андан бөлүнүп чыккан арык менен кайдадыр агып жөнөдү. Жолоочу бул ирет арыктын кайда кеткенин билүү үчүн арыкты жээктеп басты. Саамчалык жүргөндөн кийин алдынан бир бак чыкты. Колундагы күрөк менен сууну ары-бери буруп, жерин сугарып жүргөн сугатчыны көрүп, ээси ушул адам болсо керек деп боолгоду. Жакын барып ага суроо узатты:*

*– Эй, Алла Тааланын пендеси, атың ким?*

*Сугатчы бираз мурда жолоочу булуттан уккан ысымды айтты. Жолоочунун абалына кызыккан сугатчы кайра өзүнө суроо узатты:*

*– Эмне үчүн менин атымды сурап жатасың?*

*–Мындан бираз мурда жамгырды төккөн булуттан сенин атыңды уктум. «Паланчынын жер тилкесин сугар!» деген буйрук келди. Мен болсо булуттун багытын ээрчип олтуруп бул жерге келдим. Ошол себептен ысмыңды сурап жатам. Сен Алла Тааланын мындай улуу жакшылыгына кантип жеткенсиң?*

*Жердин ээси ага буларды айтты:*

*– Сурап калдың эми, айтып берейин. Ушу өзүң көрүп турган түшүм бышып-жетилген кезде отуруп алып өзүмчө эсебин чыгарам. Түшүмдүн үчтөн бир бөлүгүн кайыр-садака үчүн муктаждарга таратам. Үчтөн бир бөлүгүн бала-чакам менен чогуу өзүмө алып калам, үчтөн бир бөлүгүн үрөөн үчүн сактап койом. Менин бар кылган ишим ушул. Мындан башка эч нерсе деле жок»* (Муслим, Зухд, 45; Ахмад, II, 296).

***

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейх васаллам):*

*«–Аиша! Кайырчыны куру кол кайтарба! Жарым курма болсо да бер!»* – деп буйруган. Бул куттуу хадистен илхам алган маркум атам Муса Топбаш сурамчылыкты кесипке айлантып алгандарга да садака берчү. Анан өтө маанилүү жагдайды:

***«– Зыкымдыкка көнүп калбоо үчүн аз да болсо берүү зарыл!»*** деп эскертчү.

***

Жыйынтыктап айтканда кайрым кылуу Кудай Тааланын касиеттүү ысым-сыпаттарынын бири. Ошол себептен кайрымдуулукту сүйгөн пенделер Жаратකан Алланын улуу ахлагынан үлүш алууга кадам таштаган болуп эсептелет.

Алла Таала пенделеринин кайрымдуу, мээримдүү болушун арзуу кылат. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* төмөнкү кудсий хадисте Улуу Жаратkандын: **«Сен кайрымдуу бол, мен да сага кайрымдуу болоюн!»** деп буйруганын маалымдап, бул айтымды терең түшүндүрүү үчүн мына бул хадисин айткан:

*«Алла Таала өтө бай. Адамдардын ичип-жегени менен сарптаганы Анын казынасынан эч нерсени кемите албайт. Ал өтө Жоомарт. Күн-түн дебей пенделерине байма-бай кайрым кылып келет. Жер, асмандар жаратылгандан бүгүнкү күнгө чейин Алла Тааланын канча кайрым кылганын эми, бир ойлонуп көр. Өтүмүштөгү берилген ырыскылар да Анын мүлкүнөн эч нерсени кемиткен эмес!»* (Бухари, Тавхид, 22).

Пенделерине кайыр-садаканын жолдорун жеңилдеткени – Жаратkандын кулдарына болгон ырайымы. Акыркы Элчи (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деген:

*«Диндеш бир тууганыңа жылмайганың бир садака. Жакшылыкка чакырып, жамандыкты тыйганың садака. Жолдон адашканга жол көрсөткөнүң садака, көзү көрбөгөн азизге көрсөткөн жардамын садака, жолду таштан, тикенден, сөөктөн тазалаганың садака, бир тууганыңдын чакасына өз чакаңдагы сууну куюп бергениң садака»* (Тирмизи, Бирр, 36/1956).

Чынын айтканда, мейли кембагал болсун, мейли бай болсун каалоо болсо сөзсүз садака кыла турган нерсе табылат. Тактап айтканда, мүмкүнчүлүгүнө жараша мал-мүлкүнөн, жанынан, убакыттан, күчүнөн, тилинен, жүрөгүнөн жана дубаларынан кайрым кылганга болот.

### в. Алла Тааланын жолундагы кайрат

Дин үчүн күйүп-жануу, кайраттан жазбаган аракет Ислам067 динде **«Жихад»** деп аталат. Жихад сөзү дин Исламды коргоону, анын терең кулач жайышына салымын кошууну түшүндүргөн иш-аракеттерди камтыган кең мааниге ээ. Ошол себептен жихадды колго курал алып душман менен согушуу деп түшүнүү – түпкүлүгүндө жаңылыштык.

Бул маселе тууралуу Куран менен хадиске үңүлгөн чакта деле мал-мүлк жана жан менен жихад кылуу деген кең алкактуу маанини көрө алабыз. Мында бир тарапка согуш ачуу же, душман менен салгылашуу деген максат жок. Албетте, курал көтөрүүдөн башка жол калбай калган учурда гана заалымдыкты жоюп, адилеттүүлүктү орнотуу үчүн акыркы чара катары барыла турган жол.

Жихаддын максаты – **багынтуу**... Эмнени багынтыш керек? деген суроо албетте туулбай койбойт. Чын-чынына келгенде адамдардын жандүйнөсүнөн, жүрөгүнөн түнөк табуудан өткөн улуу жеңиш болбосо керек. Алган илим-билимиңди мейли ооз эки түрдө, мейли жазуу түрүндө эл-журтка жеткирүү, элди жамандыктан сактап, жакшылыкка чакыруу, тагыраак айтканда, Исламды жатык тил, ахлактуу жүрүм-турум менен жеткирүү жүрөктөрдү багынтууга жол ачат. Мына ушуну гана анык багынтуу десек жарашат.

Тарыхка акыйкат көз менен карай турган болсок, ошол жихат тууралуу аяттар Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* Меккеде жашап жүргөн кезде, Мекке доорунда түшүрүлгөн. Бул өткөөл мезгилде жаңыдан гана Исламды кабыл алып жаткан момун мусулмандардын колунда курал-жарак да, башкаларды басып алгыдай күч дагы жок болгон. Аларда бар болгону ошол караңгы доордун түркөй адамдарынын заалымдыгына, зорду-зомбулугуна каршы адамзатты, акыйкатты, адилеттүүлүктү коргоп, дин Исламдын чыныгы акак жүзүн көрсөтө ала турган бийик адамгерчилик, кеменгер акылмандык, кыраакы баам-парасат жана солк эткис сабырдуулук гана болгон. Ошол себептен алардын бул абалы Ыйык Куранда **«чоң жихад»** деп сыпатталган.

Жихад мындай кеңири мааниси менен мусулмандар үчүн өтө маанилүү вазийпа болуп эсептелет. Мунун канчалык маанилүү экендигин төмөнкү аныктамадан көрүүгө болот: Жараткан Алла Таала айрым жоопкерчиликтерди буйруганда анын өлчөмү, эрежеси, сан-сапаты тууралуу маалымат берген. Айталы, зекетти бере турган адам белгиленген өлчөмдөгү мал-мүлккө ээ болушу керек. Намазда да, орозодо да ушул өңдүү канча жашта, кандай абалдарда орундатылаары айкын маалымдалган. Буларды белгиленген эреже же чен-өлчөм менен орундаткан момун мусулман мойнундагы карызынан кутулат да, көңүлү бейпил тартат. Бирок жихад үчүн жогоруда айтылгандай өлчөм, даража, же калып так маалымдалган эмес. Ошол себептен колдогу мүмкүнчүлүктү жеке муктаждыкты эске алуу менен бирге эң жогорку деңгээлде Алла жолуна арноо, сарптоо зарылдыгы бар.

Андай шартта бүгүнкү күндө мусулмандык милдеттердин ичинен жихатка кошкөңүл мамиле болуп жатканын баса белгилеп кою зарыл. Астейдил аңдап баксак, парздардын ичинен эң биринчи тизмеде жихаддын турганын көрүүгө болот. Коомчулукта адамдардын көпчүлүгү Исламды коргоо же жайылтуу максатында болор-болбос иш кылып, жоопкерчиликтен кутулдум дегендей магдырап, өзүн-өзү жубатып коюп жүрүшөт. Көптөгөн мусулмандар бул жаатта чен-өлчөмү билинбеген вазийпанын бар экендигин капарына албай келишет. Чыныгы момун мусулман бул улук немат – ыйманды бизге жеткирген ата-бабалардын кайратын, мээнетин барктоо менен бирге келечек муунга татыктуу жеткирүү үчүн зарыл чараларды көрүшү керек. Өзүн мусулман эсептеген ар бир мусулман өзүн коомдун багытынан жоопкер сезип, элди жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосо турган иш аракеттерди жүргүзүшү керек. Башкача айтканда, бүгүнкү күндө дин Исламды өзүнүн турмушу, илим-билими, жашоо ыңгайы, жүрүм-туруму, адеп-ахлагы менен таанытуу жана жеткирүүдөн артык жихатка зарылдык жок.

Алла Тааланын жолунда күйүп-жанып, кайраттан жазбай иш алып баруу ар бир момун мусулмандын негизги милдети жана анык таалайы. Эң кирешелүү соода-сатык (каймана түрдө) Жараткандын ыраазылыгы үчүн мээнет кылууда жатканын Алла Таала Өзү маалымдаган:

**«Эй, ыймандуулар! Силерге өзүңөрдү азаптан куткара турган соодалашууну көргөзөйүнбү? Алла Таалага жана Анын Элчисине ишенсеңер, мал-мүлкүңөр жана жаныңар менен Алла жолунда жихадка чыккыла. Эгер билсеңер, мына ушул өзүңөр үчүн эң жакшы!»** (Сафф сүрөсү, 10-11-аяттар).

Жараткан Алла ошондой эле дин Исламдын илгерилөөсү үчүн мээнет кылып, бир туугандай ынтымакта иш жүргүзгөн кулдарын сүйөөрүн билдирге[62] жана аларга төмөнкүдөй сүйүнчү айткан:

**«Биз үчүн астейдил аракеттенгендерди туура жолго салабыз. Акыйкатта, Алла Таала жакшылык кылуучулар менен бирге!»** (Анкабут сүрөсү, 69-аят).

Ансыз деле аяттагы өзгөчөлүккө ээ болгон адамдар гана Алла Тааланын ырайымына жана мээримине татыктуу болалышат[63].

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир күнү сахабалары менен баратып тык токтойт да, мындай дейт:

*«Куран аяттарын алуу жана элге жеткирүү жаатында астейдил аракет кыганымдай эле араңарда Куранды чечмелөө жана жетик түшүндүрүү жаатында мыкты иштерди жасай турган инсандар бар!»* (Ахмад, II, 82).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз муну менен Алла Тааланын дини үчүн аракет кылган момун мусулмандарды мактап, аларды бул улуу жолдун жоопкерчиликтүү мураскери катары көрөрүн билдирген.

Кандай шартта болбосун Кудай жолунда жанды, мал-мүлктү, убакытты курмандыкка берүүнүн зарылдыгын Азирети Мавлана мындайча түшүндүрөт:

«Мейли жай жүрсүн, мейли шашып чуркасын, издеген киши акыры келип көздөгөнүн табат. Оо, Алла жолуна түшкөн инсан! Арзууңа, мүдөөңө бек бол! Анткени каалоо – мыкты жол көрсөткүч. Мейли чолок бол, мунжу бол, мейли уйкусурап көзүңдү ушала, ал тургай айыптуу бол, бирок, Анын жолунан чыкпа! Аны изде, Ага карай жыла бер, кыбырап, кыр ашкандар болгон.

Шамал айдаган камгак сыяктуу Алланын ак жолуна багыт ал! Кээде сүйлө, кээде унчукпа, кээде жытта, иши кылып Акыйкат Падышасынын кут-береке жытын ар тараптан сезе бил!

Уйкуң келсе да ушул Ак жолдо укта, жолдон калба! Алланын жолунда уктап жатканыңда, балким, кемелине келген бир жолоочу кезигип, сени кайдыгерликтен, жалган түштөрдөн, кыялдардан куткарат».

Сахабалардын бирөө жихадка кайсы ибадат тең келерин Алла Элчисинен сурайт. Пайгамбарыбыз ага андай ибадаттын жок экендигин айтканына карабастан сахаба суроону кайра-кайра жаңыртат. Акырында Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дейт:

*«Алланын жолунда жихадка чыккан адамдын кандай өзгөчөлүгү болорун айтайынбы сага? Согушка кирген жигит үйгө кайтканга чейин тынбай намаз окуйт, саарлыксыз орозо кармайт, Алла Тааланын аяттарына кынтыксыз моюн сунат. Сен ушуларды орундата аласыңбы?»* (Бухари, Жихад, 1; Муслим, Имара, 110; Тирмизи, Фадаилул жихад, 1).

Алла жолунда күйүп-жануу ар бир адамдын жеке мүмкүнчүлүгүнө жана жөндөмүнө жараша болот. Бул маселеде бүтүндөй мусулмандар бир гана нерседен жоопкер эмес. Бирөөлөр мал-мүлкү менен, башкалар иш-аракети, пайдалуу насааттары, дагы бирөөлөр болсо илими, күч-кудурети менен Жараткан Алланын ыраазылыгын алууга жан үрөйт. Момун мусулман чын ниеттен жасаган ар кандай изги иштердин арты менен Анын ыраазылыгына ээ болот. Өмүрдү ак ниет менен жашаган адамдын тамактануусу, чаңкоосун кандырышы, эмгек кылышы, жадагалса укташы да Алланын жолунда деп эсептелет. Башта айтылгандай ырыскыны адалдан табуу үчүн алакан жоорутуп иштөө, перзенттерине Ислам тарбиясын берүүгө кам көрүү, Жаратканга кулчулук кылуу үчүн жеп-ичүү, ойлонуу, булардын баары ибадат болуп эсептелет. Ошондой эле мүмкүнчүлүгүнө жараша Ислам дининин ирдениши үчүн салым кошкондор (илими же акчасы

менен), же бул жаатта мээнет кылып жүргөн диндештерине колдоо көрсөткөндөр өз динин сүйгөндүгүн, Алланын ыраазылыгын табууну самагандыгын тастыктайт.

**Изгиликтин үлгүсү**

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ушунчалык жароокерлик менен Алла үчүн деген бардык ишке жан үрөгөн. Ошо кезде мамлекет башчысы болуп турганына карабастан «Пайгамбар Мечитин (Набавий)» курууда сахабалары менен тең жарышы кыш ташыган. Иш үстүндө:

*«Бул жүк Хайбардын жүгү эмес. Оо Жараткан! Бул Өзүңө арналган, Сенин даргөйүңдө кала турган, эң мыкты жана таза иш!»* деп айтуу менен оор иштин жеке кызыкчылык үчүн эмес экендигине, айрым пенделер соода-сатык максаты менен Хайбардан ташып келген курма, мейиз өңдүү заттардан алда канча пайдалуулугуна жана эмгектеги ниеттин маанилүүлүгүнө басым жасаган.

Азирети Пайгамбарыбыздын беш-алтыдан кыш ташып жүргөнүн көргөн сахаба:

– Пайгамбарым! Уруксат бериңиз, сиздин ордуңузга мен ташыйын! – дейт. Ага Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– Сиз барып, башкасын ала бериңиз. Сиз деле мендей болуп Алла Таалага муктажсыз! – дейт[64].

Демек, баарыбыз Аллага муктажбыз. Анын ыраазылыгы үчүн колдон келген жакшылыктын баарын жасашыбыз керек. Ошондуктан мен мусулманмын дегендер мүмкүнчүлүгүнө жараша улуу ыраазылыкты көздөп, чын ыкластан изги иштерди жасашы керек. Алла Таала пенделерине дарамет жепегидей оор жоопкерчиликти эч убакта жүктөбөйт, бирок колдон келип турган жакшылыкка кайдыгер мамиле жасагандарды суракка алып, жазага кириптер кылат.

***

Пайгамбар Мечитинин курулушу жүрүп жаткан маал. Акыркы Элчи баш болуп ашарга келгендин баары дубалды кынаптап жаткандарга кышты бирден ташып берип жатышкан. Азирети Пайгамбарыбыз Аммар бин Ясиндин *(Алла ага ыраазы болсун)* кышты экиден ташып жатканына күбө болот. Аны жанына чакырат да, үстүндөгү чаңды өз колу менен кагып:

*– Аммар, сен эмне үчүн кышты эл сыяктуу бир-бирден эмес, экиден ташып жатасың?* – деп сурайт. Ал ушунчалык толкундануу менен Алла Тааладан акыбет күтөрүн айтат. Азирети Пайгамбарыбыз Аммарды кубаттап:

– *Сумаййа уулу Аммар! Бул адамдар үчүн бирден жакшылык, а сен үчүн эки жакшылык бар!* – дейт (Ахмад, III, 91: Ибн Касийр, ал-Бидая, III, 256).

***

Абдулла бин Авфа *(Алла ага ыраазы болсун)* дүйнө салган жубайынын жаназасы окулуп болгон соң көрүстөнгө алып баратып кыскача эскерип өтөт. Анын төмөндөгү эскерүүсү кутман сахабалардын Алла Тааланын жолундагы күжүрмөн кайратын айгинелеп турат:

«–Анын табытын көтөрөлү. Көтөргөндө да ушунчалык ышкы менен көтөрөлү. Анткени пайдубалы такыбаалык менен түптөлгөн Пайгамбарыбыздын Мечитинин курулушунда менин жубайым үй кызматчылары менен түнчүндө кыш ташыган. Биз эркектер болсо күндүзү эки-экиден ташычу элек» (Хайсами, II, 10).

***

Жаш улан сахабалардын Алла Тааланын ыраазылыгына болгон ышкысын төмөнкү окуя таасым чагылдырып турат:

Пайгамбарыбыз Мединага бир чакырым алыстыкта жайгашкан Буйутус-Сукия деген жерде жоокерлерин токтотот. Жаш уландарды артка кайтарат. Саад бин Абу Ваккас *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай эскеретет:

«Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жаш уландарды Мединага кайтарып жаткан. Тууганым Умайрдын жашынып жатканын көрдүм:

– Эмне болду сага? - дедим.

– Алла Элчиси мени али жашсың деп үйгө кайтарып жиберишинен коркуп турам. А мен болсо чабышка жандилим менен баргым келет. Алла Таала мага да шейиттиктин шербетинен

насип кылар деген үмүтүм чоң! – деди. Чынында Алланын Элчиси инимди өтө жаш деп тапкандыктан артка кайтууга буйруйт. Умайр көнбөй ыйлап, калтырбоону өтүнөт. Азирети Пайгамбарыбыз анын мындай берилгендигин эске алып, уруксат берет. Ошентип ал 16 жаш кырчын курагында Бадр казатында шейит кетет» (Вакиди, I, 21; Ибни Саад, III, 149-150).

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабалары менен Бадр казатына чыкканда төөлөрдүн саны жетишсиз болгондуктан бир төөгө кезектешип үч кишиден минип жол жүрүшөт. Пайгамбарыбыз өз унаасына Азирети Али, Абу Лубабалар менен кезектешип минет. Жөө басуу кезеги Пайгамбарыбызга келгенде:

– О, Алланын Элчиси! Сураныч, мине бериңиз! Биз сиздин ордуңузга басабыз! – дешет.

Алла Элчиси алардын айтканына көнбөй:

– *Силер жөө басууга мендей болуп чыдай албайсыңар. Асыресе, силер тапкан соопту мен да тапкым келет!* – дейт (Ибн Саад, I, 21; Ахмад, II, 422).

Алланын Элчиси бул кадамы менен Жаратканга болгон сүйүүсүн, Алла Таалага жакындоого канчалык ышкылуу болгондугун көрсөткөн. Ошону менен катар барча инсаниятты адилеттүүлүккө, акы-укукту сыйлоого чакырган.

***

Мухаммад Пайгамбарыбыз Ухуд чабышына аттанар алдында колго көз салып жаткан эле. Чабышка жарамдууларга уруксат берип, жашы кичине уландарды кошуундан бөлүп жаткан эле. Самура бин Жундаб менен Рафи бин Хадиж да кошуундан чыгарылган уландардын катарында болот. Зухайр бин Рафи:

– Оо, Алла Элчиси! Рафи жааны жакшы атат! – деп казатка барышын суранат. Рафи бин Хадиж окуянын калганын өзү мындай түшүндүрөт:

«Бутумда маасы. Бутумдун учу менен тик туруп узун көрүнөйүн дедим. Алланын Элчиси чабышка барышыма уруксат берди. Самура бин Жундаб мага уруксат берилгенин угуп өгөй атасы Мурай бин Сининге кайрылып:

– Атакебай! Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Рафиге уруксат бериптир. Мени болсо кошуундан бөлүп койду. А мен Рафини күрөштөн жыгам – деди. Мурай *(Алла ага ыраазы болсун):*

– Пайгамбарым, менин уулумду кошуундан чыгарып, Рафиге уруксат берипсиз. А чындына келгенде эми менин уулум Рафини күрөштөн жеңет – деди. Алланын Элчиси Самура экөөбүзгө:

– *Кана, күрөшүп көргүлө!* – деди.

Экөөбүз күрөшө кеттик. Айткандай эле Самура мени жыкты. Ошентип Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ага да уруксат берди» (Табари, тарих, II, 505-506; Вакиди, I, 216).

***

Ухудда туура жетимиш сахаба шейит кетет. Булардын арасында Азирети Хамза *(Алла ага ыраазы болсун)* өңдөнгөн тайманбас эр жүрөк алптар, Мусаб бин Умайр *(Алла ага ыраазы болсун)* сыяктуу, эрен эр азаматтар да болот.

Мусулмандардын асабачысы Мусаб бин Умайр *(Алла ага ыраазы болсун)* Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* коргоп жатып шейит кетет. Бул кезде асмандан бир периште түшүп Мусабдын кебетесине кирип асабаны колго алат. Пайгамбарыбыз али анын шейит кеткенинен кабары жок болгондуктан, баягы асабачыга кайрылат:

– *Эй, Мусаб! Алга!*

Асабачы периште аны жалт караары менен Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мусабдын шейит кеткенин аңдайт. Кийин Мусабдын куттуу сөөгү майдан талаасынан табылат. Бирок аны жерге берээрде кепинге жетчү бөз табылбайт (Ибн Саад, III, 121-122).

Акырында аз да болсо кепин табылат. Аны менен кутман шейиттин баш тарабы жабылса, бутунун учу, буту жабылса, башы ачык калат. Сахабалар арга кеткенде Алла Элчисине кайрылышат. Пайгамбарыбыз шейиттин баш жагын толук жаап, бутунун ачык калган бөлүгүн жыпар жыттуу чөп менен жаап койууну буйурат (Бухари, Жанаиз, 27).

***

Мусулмандар Бардга келип жайгашышат. Курайштын билермандары Умайр бин Вахб менен атчандар тобунун башчысы Абу Усаманы Ислам кошуунуна чалгынга жөнөтөт. Чалгындан кайткан бу эки тыңчы мындай маалымат таратышат:

«– Ант болсун! Алардын чабышка болгон даярдыгы өтө начар! Төөлөрү да, аттары да, жоокерлери да аз! Бирок алар артка чегинүүнү эмес, өлүмдү эңсеп турушат! Алардын жоо жарактары жокко эсе. Болгону шамшарлары гана бар. Андан башка эч нерселери жок!» (Вакиди, I, 62).

***

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун)* Бадр казатындагы изгилик элесин мындайча эскерет:

«Бутпарастар жакындай баштаганда Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– Көк-асман менен жердин ортосундагы мейкиндиктей кең бейишке кадам таштоо үчүн тикеден-тик туруп белен болгула! – деди. Ансарлардан Умайр бин Хумам *(Алла ага ыраазы болсун):*

– Оо, Алла Элчиси! Көк-асман менен жердин ортосундагы мейкиндиктей кең бейишкеби? – деп сурады. Пайгамбарыбыз:

– Ооба.

– Кандай гана керемет, кандай гана бакыт!

*– Эмне болду?*

– Пайгамбарым өзүң күбө бол, Жараткан Аллага ант этем! Мен муну бейишке кирчүлөрдүн катарында кошулгум келген үчүн айтып жатам. Мени мындан башка максатым жок!

*– Эч калетсиз сен бейишке киресиң!*

Азирети Пайгамбарыбыздын бул сөзүн уккан Умайр баштыгынан бир канча курма алып чыгып жей баштайт. Аңгыча чабыш башталып калат.

– Эгер мына бул курмаларымды жеп бүткөнчө жашасам, чындыгында бул узун жашоо! – деп, колундагы курмаларды таштап, чабыш майданына бет алат. Ошентип, ал да бутпарастар менен бар күчүн аябай салгылашат. Акырында ага да шейиттик насип болду» (Муслим, Имара, 145; Ахмед, III, 137).

***

Ансарлардан Салим уруусунун башчысы Амр бин Жамух буту чолок киши эле. Төрт уулу коштоп, чабыштарда Алла Элчиси менен бирге болор эле. Ухуд казатына аттанаарда Амр да баргысы келет. Уулдары:

– Сиз жихадка жооптуу эмессиз. Алла Таала сизди үзүрлүү деп кабылдайт. Сиздин ордуңузга биз барабыз! – дешет.

– Силер Бадр казатында да мага бейишке кирүүмө жолтоо болгонсуңар. Аллага ант болсун! Мен бүгүн соо калсам да, башка бир күнү шейиттик шербетинен даам татып, бейишке кирем! – дейт.

– Элдин баары шейит кетип жатса, мен силердин жаныңарда кантип отурам?! – деп жубайына да наалып алат. Акырында чыдамы кетет. Ордунан тура калып калканын алып: «Оо, Жараткан Алла Таалам мени алып кал, үй-бүлөмө кайра кайтарба!» деп дуба кылат. Токтоосуз Акыркы Элчиге *(саллаллаху алейхи васаллам)* келип арыз-муңун айтат:

– Балдарым мени Мединада таштап кеткилери бар. Сиздин жаныңызда болушума, бутпарастарга каршы салгылашуума жолтоо болуп жатышат. Аллага ант болсун! Мен мына бул аксак бутум менен бейишке кадам таштагым келет!

Ошентип, Азирети Пайгамбар экөөнүн ортосунда берегидей сөз жүрөт:

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Сени үзүрүң бар экеин Алла Таала билет. Жихад сага парз эмес..*

– О, Алла Элчиси! Сиз менин Жараткан Алланын жолунда өлөөр-өлгөнчө (каапырлар) менен чабышып шейит кетип, мына бул чолок бутум менен бейишке кадам таштоомду эп көрбөйсүзбү?!

*– Албетте, (сенин бейишке кадам ташташыңды) каалайм!*

Алла Тааланын жолу үчүн деп ак эткенден так эткен сахабасынын назарын сындыргысы келбеген Пайгамбар ага уруксат берет. Уулдарына:

–*Эми атаңарга жолтоо болбогула! Алла Таала ага да шейиттикти насип буюруп калгысы бардыр! (Кудай буюрса! )*– деп буюрат.

Амр кыбыла тарапка бурулуп:

«Оо, Жараткан Алла! Мага шейиттикти насип эте көр! Мени колумду куру кайтарып (көксөп келген максатыма жеткирбей), өксүтүп бүлөмө кайтара көрбө!» деп көз жашын көлдөтүп дуба кылат. Ошентип, Амр кашкөйлөнүп жатып капсаландуу Ухуд чабышына катышат.

Шейиттикти жан дили менен көксөгөн бул сахаба Ухуд казаты башталгандан тарта «Аллага ант болсун! Мен бейишти абдан көксөп турам!» деп каармандарча салгылашат. Уулу атасын жоодон коргоого бар күчүн жумшап, жан үрөй аракет кылат. Акырында Амр өзүн коргоп жүргөн уулу менен бирге шейит кетет. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Амр жөнүндө мындай деген:

*«Мени кудурет-күчү менен кармап турган Аллага ант этем! Аксак буттуу Амрдын бейиште жүргөнүн көрдүм!»* (Вакиди, I, 264-265; Ибни Асир, Усдуль-Гааба, IV, 208).

***

Алгач өз уруусунун дин Исламды кабылдашына каршы чыгып, кийин жаңылыштыгын сезип бушайман болгон Усайрам мыкты куралданган абалда, Алла Элчисине келет:

– Мухаммад! Алгач сени менен бирге чабышка барайынбы же мусулман болоюнбу?

Алла Элчиси:

– *Иралды мусулман бол, андан кийин чабышка катыш!* – деп буюрат. Ошентип, Усайрам келме келтирип мусулман болгондон кийин жаалданып чабышка кирип кетет. Алла Таала насип буйруган экен, шейиттердин кербенине кошулуп кете берет.

Азирети Пайгамбарыбыз Усайрам жөнүндө мындай дейт:

«Аз иштеди, бирок албан ийгиликке жетти!» (Бухари, Жихад, 13; Муслим, Имара, 144).

Жараат алгандардын арасында жатканда кызыгуу менен карап тургандарга акыркы деми менен:«Мен мусулман болуу үчүн келдим. Алланын жана Анын Элчисинин жолунда салгылашып, жарат алдым!» деп жаткан эле.

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* сахабаларга бул адамга ишаарат кылып, табышмак иретинде:

– Айткылачы, жашоосунда бир да жолу намазга жыгылбай, бейишке кирген киши ким? – деп суроо салат. Сахабалар аң-таң калат. Арга кеткенде кайра өзүнөн сурашат. Абу Хурайра:

– Ал Усайрам, толук аты Амр бин Сабит! – деп жооп берет (Ибни Хишам, III, 39-40; Вакиди, I, 262).

***

Жабир бин Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Ухуд казатынан мурунку түнү атам мени жанына чакырып: «– Сахабалардын ичинен алгачкы шейит болуп мен кетет окшойм. Бу дүйнөдө Алла Элчисинен кийин эле эң жакшы көргөн адамым сенсиң. Карыздарымды ээлерине кайтарып бер. Бир туугандарыңа дайыма жылуу мамиле жаса!» деп керээзин айтат.

Айтууга караганда ыйман жолунун бул каарманы уулуна мындай деген: «– Жабир! Үйдө кароого муктаж болгон мына бул кыздар жок болгондо сенин да шейит болушуңду каалар элем...»

«Эртең менен чыбыш башталды. Өзү айткандай, атам Ухуд казатында эң алгачкы шейит болду. Дагы бир шейит менен чогуу атамды бир кабырга койдум. Кийин аны өзүнчө койсомбу деген ой менен алты айдан кийин кабырды ачтым. Ошондо көргөн көзүмө ишенбедим: Кулагынан (бир бөлүгүнүн кесилгенин эске алынбаганда) башка бүт дене-турпаты жерге берилген күнү кандай болсо, дал ошондой жатыптыр! Ошентип аны башка бир кабырга койдум» (Бухари, Жанаиз, 78).

***

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун)* башка бир риваятта берегі окуяны айтып берген:

«Бир жолу капаланып, Алла Элчисинин алдынан чыгып калдым. Мындай абалда эч кимди кыя бастырбаган кыраакы Пайгамбар:

– Эмне үчүн капа болуп жүрөсүң? – деп сурап калды.

– Атам Ухудда шейит кетти. Артында кароого муктаж болгон үй-бүлөнү жана бир топ карызды калтырып кетти – дедим[65]. Аталык мээрим төккөн Пайгамбарым мага кыялга сыйбас чоң сүйүнчү айтты:

«–Алла Таала атаңды кантип тосуп алганын айтып берейинби. Алла Таала негизинен эч ким менен бетме-бет туруп сүйлөшпөйт. Ал пенделерине ар дайым көшөгөнүн артынан сүйлөчү. Бирок, Алла Таала атаңды тирилткенден кийин бетме-бет сүйлөштү:

– Эй, кулум! Каалаганыңды Менден сура, заматта берейин!

– Оо, Жараткан! Мени тиги дүйнөгө кайтар, Сенин жолуңда кайрадан шейит болоюн!

– Бирок, Мен өлгөн адамдардын аркы дүйнөгө кайтпашына өзгөргүс өкүм чыгарганмын[66].

– Оо, Жараткан! Андан болсо менин абалымды артымда калгандарга билдирип кой – деп атаң Алла Тааладан өтүндү. Анын талабы боюнча мына бул аят түшүрүлдү:

**«Алла жолунда өлгөндөрдү өлүк деп атабагыла. Алар – тирүү. Алар Жараткандын алдында ырыскыга бөлөнүшөт. Алар Алланын мээрими менен өздөрүнө (Бейиште) берилген нерселерге кубанган абалда, артта кошулбай калгандарды да: “Аларга коркунуч жок. Алар кайгырышпайт”, – деп сүйүнчүлөшөт»** (Аали Имран сүрөсү, 169-170-аяттар) (Ибн Маажа, Мукаддима, 13/19).

***

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)* энебиз сахабалардын Алла жолунда күрөшүүгө болгон ышкысын төмөнкү окуя менен баян этет:

«Хандак казаты. Кошуундун артынан мен да бараткам. Аңгыча арт тараптан бир үн келди. Саад бин Муаз менен бир тууганынын уулу Хариса бин Авс экен. Турган жеримден жылбадым. Саад өзүнө кичине соот кийип алыптыр, колдору чолойуп чыгып турат. Жихадка үндөгөн, Алла жолунда ажал табуу учурунда өлүмдүн таттуулугу тууралуу бир ыр окуп жатты. Апасы ага:

**–Уулум! Чурка, Алла Элчисине жетиш! Кечигип калдың, бол эми!** – деп жаткан эле.

Мен Сааддын энесине:

– Сааддын сооту бармактарына чейин бардык денесин жаап турушун каалар элем – дедим. Анткени Сааддын ачык калган колунан жарат алышынан корккон элем.

Сааддын энеси:

– Алла Таала өкүмүн орундатат! – деди. Саад ошол күнү эле жарадар болуп калды» (Ахмад, VI, 141; Ибн Хишам, III, 244)

Саад *(Алла ага ыраазы болсун)* катуу жарат алганына көз жетип:

«Оо, Жараткан! Эгер Курайш бутпарастары менен мындан кийин да салгылашуу боло турган болсо, ал чабышка да катышкым келет! Андыктан мени аман-эсен калтыра көр! Анткени Алла Элчисине зордук-зомбулук көрсөткөн, аны жалганчы атаган, өз жеринен кууп чыккан Курайш уруусу менен салгылашууну каалаганымдай, башка эч бир уруу менен салгылашкым келбейт. Эгер мындан кийин алар менен салгылашпай турган болсок, бу жараатымды шейиттикке себеп кыла көр! Мени өз алдыңа алып кет! Курайза уруусу өз жазасын алганын көрүп көкшүнүм сууганга чейин жанымды ала көрбө!» деп Аллага жалынып жалбарат (Вакиди, II, 525; Ибни Саад, III, 423).

Саад *(Алла ага ыраазы болсун)* дуба кылып бүтөр замат каны токтоп, жадагалса бир тамчы кан чыкпай калат[67] .

Карайза уруусунун жазаланганын өз көзү менен көргөндөн кийин Сааддын жарасы кайрадан ырбайт. Бир топ убакыт өткөндөн кийин Азирети Пайгамбарыбызды жандай көргөн бул сахабанын дубасы кабылданып шейиттердин катарына кошулат да, Жараткан Алла Таалага кайтат[68] .

***

Табук - Медина менен Шамдын (Дамаск) ортосунда орун алган шаар. Табук жүрүшү Азирети Пайгамбарыбыз катышкан эң акыркы жүрүш эле. Бул жүрүш Мута чабышынын уландысы катары маалым. Византия императору Мута чабышынан калган өчүн алуу үчүн убакытты текке кетирбей, мусулмандар күчкө толгонго чейин бүтүндөй Арапстанды өзүнө каратып алуу ниетинде

болот. Анүчүн христиан араптарды колдонгусу келет. Муну ылайык көргөн Гассанилер да эбактан эле мындай жүрүш үчүн даяр турушкан. Мединага келген соодагерлер мусулмандарга душмандардын катуу даярдык көрүп жаткандыгын билдирип, жакында Мединага катуу чабуул коюларын айтышат.

Ошентип, Алланын Элчиси жалпы мусулмандарга жар салат. Ардактуу сахабалар Алла Тааланын жолунда жанын берүүгө даяр болушкан. Жүрүшкө аттанганда унаа жетишпегендикт бир төөгө экиден, үчтөн адам кезектешип минишет. Ошого карабай кошуунга кошулууну, ар дайым Алла Элчиси менен чогуу болууну чын дилден эңсеген, кембагал сахабалар да бар эле. Тилекке каршы, кембагал сахабалар минүүгө такыр унаа таба алышпайт. Арга түгөнгөндө Алланын Элчисине келип абалды түшүндүрүшөт. Көптөгөн аракеттерге карабай, чара табылбайт. Капаланып, көз жашын чуурутуп аргасыздан артка кайтышат. Алла жолунда төгүлгөн бул көзжаш Жараткандын уруксатына жол ачат. Аятта:

**«Жүрүшкө унаа сурап келгендерге: «Мен (аргасыздан) силерге унаа таап бере албайм» деп айтканыңда жүрүшкө сарптай турган нерсе табалбай, көз жаш төгүп, армандуу кайткандарга күнөө жок»** (Тооба сүрөсү, 92-аят).

Аталган аятта Кудайы ырайымга эгедер болуп, Алла Элчисинин жанынан көз жашын чуурутуп артка кайтып бараткан сахабалардын муктаждыгын Ибн Ямин, Азирети Аббас жана Азирети Осмон (Алла бул инсандарга ыраазы болсун) камсыздап, унаа таап беришет. Калгандарын кийинчерээк Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзү унаа менен камсыз кылат (Бухари, Магази, 78).

Жүрүштөн калганы аз келгенсип, Сүйүктүү Пайгамбардан оолактоо ашкере оор келген бул сахабалардын арыз-муңу Кудай Таалага жетип, акырында дагы башка жароокер сахабалардын көмөгү менен жүрүшкө катышышат.

***

Кошуун Мединадан кыйла узап кетет. Арадан бир кыйла убакыт өткөн соң өрөпкүгөн Абу Зар кошуунга арттан жете келет. Араң жан унаасынын баса албай калышы анын артта калышына себеп болот. Мүңкүрөп олтуруп калбастан анысын жолго таштап, толгон-токой машакатка карабастан жөө-жалаңдап келип кошуунга кошулат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Зарды көрүп, ууртунан жылмайып:

*«Жараткан Алла Абу Зарды өз ырайымына бөлөсүн! Ал жалгыз жашап, жалгыз өлүп, жалгыз өзүнчө тирилтилет»* деп буюрат.

Алла Элчисинин бу айткандары убакыттын өтүшү менен жүзөгө ашып, Абу Зар жалгыз жашап, жалгыз каза болот (Вакиди, III, 1000).

***

Алла Тааланын бул улуу жолунда адамдык жоопкерчиликтен, күтүлгөн жароокерликтен качуу, кайратты башка нерселерге жумшоо инсандын рухий өңүттөн азап чегишине, жабыркашына себепкер болушу толук мүмкүн. Ырас, Табуктагы каапырларга каршы тирешүү, айкаш өтө оор сыноолордун бири болгон. Андагы кыйынчылыкка көкүрөк тоскусу келбеген Абу Хайсама Мединада калып калат. Күндөрдүн биринде бакчадагы чарпаяга үй-бүлөсө дасторкон даярдап койгон болот. Абу Хайсама дасторконду көрүп бир кыйла маашырланат, бирок, машакат чегип, оор күндөрдү баштан кечирип жүргөн Алланын Элчисин жана сахабаларын ойлоп, жүрөгү сыздап, зээни кейийт. Ичинен:

«Алар мээ кайнаткан аптапта Алла жолунда нечендеген кыйынчылыкты баштан өткөрүп жүргөн чакта менин бул жерде отурушум туурабы?» деп, бушайман болуп, дастаркондон даам татпай казатка аттанат.

Абу Хайсаманын жетип келгенини жана андагы бушаймандыкты жүзүнөн окуган Алланын Элчиси ыраазы болгон таризде:

**– Эй, Абу Хайсама! Жок болушуңа аз калган эле!...** – деп, анын кечирилишин тилеп алакан жаят (Ибни Хишам, IV, 174; Вакиди, III, 998).

***

Күндөрдүн биринде Харис бин Хашам менен Сухайл бин Амр (Алла бул инсандарга ыраазы болсун) Азирети Умарга барышат. Экөө халифанын эки жагына олтуруп эми кепти баштайын деп жатканда мечитке алгачкы мухажирлер (Ислам үчүн Меккеден Мединага көчкөн мусулмандар) кирип келишет. Азирети Умар жанындагыларга: «Сухайл алкакты бираз кеңейтип олтуралы, Харис бир боорум жылып ал бираз!» деп мечитке келгендерди жанына отургузат. Аңгыча сырттан ансарлар (Меккеден көчүп келген мусулмандарга жардам берген Мединанын жергиликтүү тургундары) кирип алкакка кошулушат. Ансарлар келээри менен алгачкылардан болуп мечитке кирген Сухайл менен Харис четке сүрүлүп калышат. Эскерте кетчү нерсе, Азирети Умар ар дайым жыйынга же дилмаекке келген адамдарды Исламга алгачкылардан болуп киргендигине жана ыкласмандыгына жараша төрдөн орун берчү.

Жыйын аяктаган соң сыртка чыккан Харис Сухайлга даттанып кирет:

– Халифанын бул кылыгын кантип түшүнсөк болот? Эмне үчүн бизди өзүнүн жанынан оолактарып, башкаларга орун бошоттуруп берди?

Маселенин тереңинде жаткан аяр сырды баамдай койгон Сухайл Хариске мындай дейт:

– Мага кулак сал тууган! Аны сындаганга акыбыз жок! Чындыгында буга өзүбүз айыптуубуз. Өзүбүзгө өзүбүз кылдык. Сырттан кирип эле халифанын жанынан орун алган адамдар Исламга экөөбүздөн алдын киришкен, чакырыкты дароо кабылдашкан. А экөөбүз эмне кылдык? Чакырыкка салкын мамиле кылып, арсар абалда калдык, ыкшоо тартканыбыз жалпыга маалым болду.

Жамаат биротоло тарап кеткенден кийин бул экөө халифанын жанына кайрадан кирип, агынан жарылды:

– Оо, момундардын башчысы! Бүгүнкү жагдай бизге чоң сабак болду. Буга себеп болгон айыптын баары өзүбүздө экенин сездик. Ошондуктан кетирген кемчилигибизди канткенде жууй алабыз, айтыңызчы?

Мусулмандарды сабырдуу тыңдаган Азирети Умар:

– Муну ушундай жол менен гана жууп салууга болот! – деп Византия жакта болуп жаткан согушка ишаарат кылды. Сөз төркүнүн дароо аңдаган бул эки мусулман токтоосуз жихадка аттанып шейит болушат.

***

Абу Аюб ал Ансари *(Алла ага ыраазы болсун)* Исламга караманча каршылыгын көрсөткөн Византия падышалыгына каршы башталган казатка катышат. Жолдо баратып ооруп калып, барган сайын саламаттыгы начарлай баштайт. Ичээр суусунун аз калганын сезген кутман сахаба жолдошторунан өтүнөт:

– Диндеш бирбоорлорум! Эгер мен көз жумсам, жеткен жериңерге чейин ала баргыла. Душманды кайсы жерден жеңсеңер, ошол жерге көмүп кеткиле!... (Ахмад, V, 416-419).

Бул тарыхый окуядан маалым болгондой, Абу Аюб ал Ансари дин Исламды кабыл алгандан тарта өмүрү бою Алланын жолунда казатта жүргөн. Өлүм алдында айткан керээзи менен өзүнөн кийинки муунга максаттын улуулугун, дин үчүн-күйүп-жануунун зарылдыгын баса белгилеп кеткен.

***

Осмон мамлекетинин бийлиги чыныгы мамлекеттик өзгөчөлүккө Орхан Газинин доорунда жетишкен. Кыраакы Орхан атасы Осман Гази сыяктуу «каапырларга каршы газават (күрөш)» деген ураан менен жашап өткөн. Улуу максатка умтулган Орхан Гази Истамбулдан туруп тээ узак мейкиндиктерге көз жүгүрткөн. Ошол себептен ага «марзбанул афак (мейкиндиктердин ээси)» деген наам ыйгарылган. Бул кыраан аскербашы бир жерде бир айдан ашык турбай Алланын динин жеткирүү максатында талыкпай жихадда жүргөн. Орхан Гази жалаң гана кылыч менен жеңиш жолун эмес, адамдардын жүрөгүн Исламдын изги касиеттери аркылуу багынтууну туура деп билгендиктен:

«Адамгерчилик казаттан жогору турат!» деген.

Жыйынтыктап айтканда Жараткан Алла Тааланын: **«Сага якин (өлүм) келгенге чейин Алла Таалага ибадат кыл!»** (Хижр сүрөсү, 99-аят) деген буйругуна ылайык өмүрдүн акыркы көз

ирмемдерине чейин Анын даңазалуу жолунан тайбай, болгон күч-кайратыбызды жумшашыбыз керек. Анткени бул дүйнө азык даярдоо (рухий кампаны толтуруу) жайы, а акырет болсо бул дүйнөдө тапкан соопторду үзүрүн көрө турган жай. Бул дүйнөдө амал дептерибизди канчалык көп соопко, канчалык көп жакшылыкка толтура турган болсок, акыретте ошончолук зор бак-таалайга ээ болобуз.

Ошону менен катар жасап жаткан жакшылыктарыбызга, үмүтүбүздөгү соопторго ашкере ишенип, башка маанилүү жагдайларды эстен чыгарып койбошубуз керек. Анткени Кудуреттүү Кудай Тааланын кечирими, айкөлдүгү, мээримдүүлүгү жана ырайымдуулугу пенделер жыйнаган бүт нерседен жогору турат[69]. Мындай аяр кадам Алла Тааланы чын жүрөктөн ар дайым зикир кылууга жана ыкластуу кайратка байланыштуу.

### г. Алла Тааланын жолунда бүт нерсеге даяр болуу

Сүйүүнүн эң айкын белгиси – бул берилүү. Сүйүүнүн күчү, дарамети сүйүлгөн тарап үчүн көрсөтүлгөн этибар жана кыйышпас ыклас менен өлчөнөт. Сүйгөн тарап сүйүлгөндүн көңүлүн табуу үчүн эч нерсени аябоого жана анын ысык-суугуна чындоого мажбур. Алла Таалага жана Анын даңазалуу Улуу Жолуна сүйүү бапестеген момун мусулмандар жеке милдеттерден жана моюндагы парздардан тышкары көптөгөн жакшылыктарды, кайрымдуулуктарды жасап, пайдалуу иштерге себепчи болушу керек. Акыл калчай турган болсок, ансыз деле Алла Тааланын ак жолунан, Анын ыраазылыгынан башка сарптала турган, каржала турган пайдалуу жер деле жок.

Азирети Мавлана мындай деген:

«Дүнүйө-мүлк да, дене-мүчө да түбү келип чирип жок болоору бышык. А бирок алар Алланын жолуна жумшала турган болсо, Жараткан Алла баарын соопко айлантат. Ыйык Куранда: **«Алла Таала бейишти берип, момун мусулмандардын жанын да, байлыгын да сатып алды» деп айтылат»** (Тооба сүрөсү, 111-аят).

Мавлана олуя айткандай, эгер жаныбызды, байлыгыбызды Алла Таала сатып алган болсо, алар ээрибейт да, чирибейт. Тескерисинче, кайра эле соопко, үзүргө айланып, эки дүйнөдө өзүбүзгө гана пайда келтирет.

Улуу Алла Таала пенделеринен кыйын-кысталыш кезеңдерде берилгендикти, кыйышпастыкты күтүп келет. Пенделеринин арнаган жакшылыгын, Куранда айтылгандай, **«карзы-хасан/ийги карыз»** деп атап, мунун акысын эселеп кайтараарын убада кылат.

Кыйышпас ыкластуулук – чыныгы момун мусулмандыктын белгиси. Кыйышпас жароокерлик – пендени Жараткан Аллага жакындаткан изги касиет. Ыйык Куран бизди Жараткан Алланын ыраазылыгына татыктуу болуу үчүн кыйышпас ыкластуулук менен жакшы иштерди жасоого чакырат.

Ыйман жолунун чыныгы ээлери жакшылыкка талбай умтулуп, бүтүндөй изги сыпаттарды боюна сиңиргендиктен жоомарт, мээримдүү, сылык-сыпаа, камкор жана адамдын жандүйнөсүн айыктыра ала турган көрөгөч, көсөм болушат. Ошондой эле ыйман жолундагы тайманбас эрлер кайрымдуулукту сүйүшөт жана сый-урматты жайына коюшат. Өзү муктаж болуп турганына карабай диндеш биртууганынын жыргалчылыгын самаган кең пейил болушат.

Адал жолдогу момун мусулман – кандай гана иш болбосун, Алла Таала үчүн делген кызматтын баарын чын дилден бериле өтөгөн үмүт шамы, ыйман булагы. Бул бейне качан болбосун жан дүйнөгө жагымдуулук тартуулаган изги иштерде алдыңкы саптардан орун алат. Алтургай, сүйлөгөн сөзү, жүрүм-туруму жана үлгүлүү адеп-ахлагы менен Алла Тааланын ыраазылыгын талыкпастан издегени-издеген. «Ыйман» деп ураан чакырган чыгаандар башына мүшкүл түшкөн пенденин дартын угуп, жалгыздардын жана туңгуюкка кептелген үмүтсүздөрдүн жашоосуна дем берет.

Үлгүлүү муун деп таанылган кутман сахабалардын жашы да, карысы да Алла Таалага жана Анын ардактуу Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* чын жүрөктөн сүйүү бапестеп, өздөрүнүн чындап берилгендигин көрсөтө алышкан.

Азирети Пайгамбарыбыздын чет эл падашаларына жазган чакырык катын жеткирүү вазийпасын алуу үчүн сахабалар өлүмгө да баш байлашкан. Ошондой эле Жаратылыш Нурунун

*(саллаллаху алейхи васаллам)* бир каалоосун орундатуу үчүн кандай гана машакат болбосун кайыл болуп, шылтоосуз, так аткарганга жан үрөшкөн. Бийик тоо, ээн талаа, эрме чөлү басып өтүп, карөзгөй каракчылардан, заалим аскерлерден коркпой, барган жердин падышасынын алдына тайманбай кирип, чакырык катты так окуп бериши алардын Жараткан Аллага жана Анын акыркы Пайгамбарына бапестеген чалкар сүйүүсүнүн далили болуп эсептелет.

Жогоруда айтылган акыйкатты Азирети Мавлана Диван-и Кабийр аттуу чыгармасында сезимди туйлата мындайча чечмелеген:

«Чыныгы сүйүүнүн улуулугу үчүн Жалгыз Сулууга (Алла Таалага) тартуу кылынбаса, кунарсыз жаның, алтын, маржан, акагың тыйынга арзыбайт!»

Мындайча айтканда, адамдын дүнүйө-мүлкү, жадагалса жаны да Алланын жолуна арналып, бейиш үчүн Жаратканга сатылганда гана эсепсиз баага арзыйт. Керисинче, пайдасыз нерселерге жумшала турган болсо, ысырапчылык деп бааланат.

**Изгиликтин үлгүсү**

Азирети Мухаммад Мустафа Ислам динине элди чакыра баштаганда ага мушриктер тарабынан көп байлык, жогорку мансап жана напсиге майдай жага турган нерселер сунушталган. Жалгыз Алла Тааладан гана корккон акыркы Пайгамбар бардык сунуштарды токтоосуз четке кагып, чакырыкты уланта берген.

Акырында мушриктердин кордугу чектен ашып, мыккаачылык менен көзүн тазалоо мерчемделгенин угаары менен мал-мүлкүн, үйүн[70] жана туулуп-өскөн мекенин таштап, Алла жолунда Мединага көчүүгө аргасыз болгон. Мушриктердин куугунтугунан качып баратып Хазвара деген жерге келгенде куттуу Мекке шаарына муңдуу карап, буулуккан үнү менен: *«Сен Алланын даргөйүндө шаарлардын эң сүйкүмдүүсүсүң. Куулбаганымда сенден чыкмак эмесмин. Сенден башка жерге журт которуп, башка жайга башкалкаламак эмесмин...»* деген (Ахмад, IV, 305; Тирмизи, Манакыб, 68/3925).

Ошентип Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* жакырлыгы себептүү Медина шаарында кичинекей бөлмөдө жашап калат. Оопалуулуктун туу чокусун багынткан Азирети Мухаммад Мекке шаарын каратып алганына карабай ансарлардын көңүлүн оорутуп албоо үчүн Алла Таала үчүн да, өзү үчүн да эң сүйкүмдүү болгон ыйык Меккеде калган эмес.

***

Алла Тааланын жолуна убакыт бөлүп, колдогу байлыкты сарптоо, күч-кайратты жумшоо бейишке кирүү үчүн негизги эки шарт болуп эсептелет. Төмөндөгү риваят бул чындыкты ортого чыгарат:

Башр бин Хассасия *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчисине байат (Исламга киргендигимди тастыктоо үчүн кол берүү расмы) кылуу үчүн бардым. Ал Алла Тааладан башка кудай жок экендигин жана Мухаммад Анын Элчиси экендигине ишенүү, намаз окуу, зекет берүү, Ислам эрежелерине ылайык ажылык парзды аткаруу, Рамазан айында орозо кармоо жана Алла Тааланын жолунда жихадка чыгуу негизги шарт экенин айтты. Мен көпкө ойлонуп:

– Оо, Алланын Элчиси! Ушу айткандарыңыздын ичинен жихад менен кайыр-садака берүүгө күчүм жеткидей эмес. Жихаддан качкан адам Жараткандын каарына каларын угуп жүрөм. Ошол себептен жихадка чыгып алып, анан душман качырып киргенде өлүмдөн коркуп, согуш майданынан качып кетип балээге калып жүрбөйүн.

Ал эми кайыр-садакага келе турган болсок, менде болоор-болбос койум, он чакты төөм бар. Мен ошолорду багып, сатып үй-бүлөмдү араң багып жүрөм.

Менин айткандарыма тынч гана кулак салып олтурган Пайгамбар сөз кезеги келгенде:

*«– Жихад жок болсо, кайыр-садака жок болсо, анда бейишке кантип киресиң?!»* деди. Бул сөздү угаарым менен напси чынжырын үзүп салып:

– Пайгамбарым! Андай болсо сизге байат кылдым! – дедим да, бардык шарттардын негизинде дин Исламды кабыл кылдым (Ахмад, V, 224).

***

Кыйышпас ыкластуулук жаатында Азирети Ибрахим *(алейхис салам)* пайгамбар да чоң сыноолордон өткөн. Ал Алла жолунда бүтүндөй мал-мүлкүн момундардын пайдасына чегерип салган. Ошондой эле алоолоно күйүп жаткан отко ыргытылганына карабай ыйманын сактап, Жараткан Кудуретке жанын арнаган. Алтургай Алла Таала үчүн деп уулун тайманбастан курмандыкка чала тургандыгын көрсөткөн. Ушундай чоң сыноолордон татыктуу өткөндүктөн, Алла Тааланын: **«Убадасына бек турган Ибрахим»** (Нажм сүрөсү, 37-аят) деген мактоосуна татыктуу болгон.

***

Ислам дининин алгачкы жылдарда эле тездик менен жайыла башташына ичи күйгөн каапырлардын айласы кетет. Башка жол менен токтото албасын сезгендиктен зорду-зомбулук, кыйноо жолун тандашат. Мусулмандарга тарттырылган азап, заалымдык, кыйнап-кыстоолор күндөн күнгө күчөй берет. Меккеде чыдап жашоого мүмкүн болбой калат. Ошол себептен Азирети Абу Бакир да башка мусулмандарды ээрчип Хабашистанга (Эфиопияга) көчүү үчүн Азирети Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* уруксат алат. Ошентип, узак сапар жолго чыгат.

Эки күндөй жол жүргөн соң алдынан Кара уруусунун башчысы Ибн Дагина чыгат. Жагдайды уккан Ибн Дагина ага:

– Абу Бакр! Сен сыяктуу адам өз журтунан эч убакта чыкпашы керек жана чыгарылбашы керек. Ант болсун, сен коомчулуктун жана өз урууңдун билерманысың! Ушу кезге чейин элге жакшылыгыңды сунуп, туугандарыңды коргоп келгенсиң. Колунда жоктордун түйшүгүн жеңилдетип, муктаждыгын камсыздаган адам элең. Эл сенин жакшылыгыңды билет. Кайт артыңа. Меккеге баргандан кийин сага кепил болуп, өзүм коргооого алам! – деди.

Ибн Дагина мындан башка да көп нерселерди айтып акырында Азирети Абу Бакирди көндүрөт. Меккеге жеткенден кийин Ибн Дагина Азирети Абу Бакирди карамагына алгандыгын, ага өзү кепил болоорун бүтүндөй Курайш уруусуна жар салат.

Мындан көп өтпөй Курайш уруусун бир тизгинде кармап турган карөзгөй билермандар Ибн Дагинага мындайча шарт коюшат:

«–Абу Бакирге айтып кой, Кудайына ибадат кыла турган болсо, үйүнүн ичинде кылсын! Намаз окугусу келсе, үйүнө кирип каалашынча окусун, Куран окусун! Бирок үйүнөн сыртта намаз же Куран окуп биздин тынчыбызды албасын! Бала-чаканы өзүбүздүн динибизден тартып кетеби деп чочулаганыбыздан айтып жатабыз. Сен бизди туура түшүн».

Өзүнүн камын ойлогон Ибн Дагина мушриктердин шартын Абу Бакрга маалымдайт. Ал макулдугун билдирген тейде тек гана башын ийкеп койот. Үйүнүн алдына чакан гана намазкана курат да, ошол жерде намаз окуп, ибадат кыла баштайт. Пакиза дилдүү, аккөңүл адам болгондуктан, Куран окуган кезде маанисине жараша кээбир аяттарды окуганда сүйүнүп, айрым аяттарды окуганда көз жашын токтото албай ыйлап алчу. Ал Куран окуган кезде үнү нары муңдуу, нары мукамдуу чыккандыктан, эшик-эликтеги мушриктердин балдары да, аялдары да берилип тыңдаша турган. Бул көрүнүш мушриктердин үрөйүн чындап учурат. Өз ара кеңешип алган соң Ибн Дагинага кайрылып, Абу Бакирдин мындай жоругуна тыюу салууну же анын үстүндөгү кепилдикти кайтарып алууну талап кылышат.

Ал:

–Абу Бакир! Мен бир топ түйшөлүп турам. Андыктан сага эки жол сунаштаймын. Ушу экөөнүн бирин тандашың керек. Же үйүңдө отуруп үн чыгарбай намазыңды оку, же менин кепилдигимден баш тартканыңды калайыкка жар сал! – деп аргасыздан ырсайат.

Аны деле кыстоого алынганын сезген кеменгер сахаба Алла Таалага гана тобокел кылып, Аллага гана моюн сунгандыгын билдирип төмөнкү жоопту билдирет:

«Кепилдигиңди өзүңө кайтарып жатам. Мага Алла Тааланын коргоосу жетиштүү!» (Бухари, Манакыбул-Ансар, 45; Ибн-и Хишам, I, 395-396).

***

«Темирди кызуусунда чап!» дегендей, кандай гана кырдаал болбосун ыкластуулукту, берилгендикти, жароокерликти өз учурунда көрсөтө билүү зор мааниге ээ. Жаратылыш Нуру

*(саллаллаху алейхи васаллам)* ыйман үчүн, дин Ислам үчүн туулган жерин таштап башка жакка көчкөн сахабаларын ар дайым урматтаган, оопалуулукту көрсөткөн.

Усама бин Зайд *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерет:

«Мен Алла Элчисинин жанында отургам. Али менен Аббас келип Пайгамбарыбыздын алдына кирүүгө уруксат сураштy. Алла Элчиси менден сурады:

– Эмне жумуш менен келиптир?

– Билбейм! – дедим.

– Мен билем, киришсин! – деп буюрду. Ичкери ээрчитип кирдим. Ошентип суроо-жооп иретинде баарлашуу уланды:

– Оо, Алланын Элчиси! Жакындарыңыздан сизге ким эң сүйкүмдүү экенин билгибиз келет!

*– Жакындарымдан өзүмдүн кызым Фатима.*

– Өз үй-бүлөңүздүн тышындагы жакындарыңыздын ичинен кимди абдан жакшы көрөсүз?

*– Туура жолго түшүп, Жараткандын жакшылыгына ээ болгон, азаттыкка чыгарып, өзүмө уул кылып алган Усаманы!*

– Андан кийин ким?

– *Али!* – деди. Абасы Аббас :

– О, Алланын Элчиси! Абаң эң акырында калып кетти бейм?

*–Анткени Али (Алланын ыраазылыгы үчүн) Мединага сизден мурда көчкөн!* – деп жооп берди Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)»* (Тирмизи, Манакиб, 40/3819).

***

Алланын Элчиси Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* кандайдыр бир нерсе тууралуу буйурган кезде бардык сахабалар: «Ата-энем, жаным курман сага, оо, Алланын Элчиси!» дешип Пайгамбарыбыздын эң эле жөнөкөй суранычын да «жарлык» деп билишкен. Мединага көчүп кетүүгө бөгөт болгон бутпарастарга катып койгон байлыгын айтып болсо да Мединага көчүп келген Сухайб бин Синан (Сухайби Руми) *(Алла ага ыраазы болсун)* буга эң сонун мисал:

Алла жолунда оор машакаттарга, зордук-зомбулуктарга баш байлаган мусулмандардын бири Сухайб Мединага көчүп кетүү үчүн жолго чыгат. Меккеден бир топ бутпарастар изине түшкөнүнүп сезет. Убакытты текке кетирбей төөсүнөн түшүп жапыз тоонун боорундагы борчук ташка жашынат да, жаасын октоп куугунчуларды күтөт. Акмалап келаткан куугунчулар бир ок атым жерге жеткенде Сухайб аларга үн салат:

– Эй, Курайш куугунчулары! Менин көзгө атар мерген экенимди баарыңар жакшы билесиңер. Аллага ант болсун! Огум түгөнгүчө атышам, аман калганыңды кылычтын мизинен өткөрөм. Жаам менен кылычым колумда турган чакта мага жакын келе албайсыңар. Булар колумда жок болсо, мени тосушңар мүмкүн. Ошондой болсо да, Меккеде калтырган байлыгымдын кай жерде катылганын айтам, жолумду ачып койгула!

Көзү канталаган бутпарастан Сухайбдын сунушун дароо кабылдашат[71] . Ошентип Сухайб мал-дүйнөсүнүн катылган жерин айтат да, сапарын улантат. Бул учурда Жараткан Алла Таала Пайгамбарына:

**«Адамдардын арасында Алланын ыраазылыктарына жетүүнү көздөп жанын да, малын да аябай тургандары бар. Алла Таала пенделерине (абдан) Ырайымдуу»** (Бакара сүрөсү, 207-аят) деген аятты түшүрөт. Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул кыйышпас сахабасын жылмайып тосуп алган соң:

*– Сухайб утукта! Сухайб утукта! Эй, Абу Яхия! Соода оңунан чыкты! Соода оңунан чыкты!* – дейт.

Таң калган Сухайб:

– Пайгамбарым! Жолдо менден озуп кеткен эч ким болбоду. Демек, башыма түшкөн окуяларды сизге Жабраил *(алейхис салам)* билдирген болушу керек – дейт (Хаким, III, 450, 452).

***

Муаз бин Амр Бадр согушундагы каармандыгын мындайча эскерет:

«Абу Жахилди кылычым менен чапканымды көргөн уулу Икрима жете келип колумду шылый чапты. Колум теримде салаңдап калды. Ал күнү колум салаңдап турганына карабастан

эптеп салгылаша бердим. Бирок салгылашууда чынында кыйналып жаттым. Ушунчалык жүдөтүп жибергендиктен колумду бутума басып үзүп таштадым!» (Ибни Хишам, II, 275-276).

Бул мисал Алла жолунда көрсөтүлгөн күжүрмөн ыкластуулуктун, каармандыктын туу чокусу. Жихатка тоскоол болгон шылынган колун үзүп салып салгылашууга кирип кеткен бул кутман сахаба жандын кыйналып ооруп жатканын ыймандын толкуну менен басып, ак кызматын уланта берген.

***

Мусаб бин Умайр *(Алла ага ыраазы болсун)* Меккедеги тектүү, бардар үй-бүлөдөн болгон. Ал кийимдин эң мыктысын, эң кымбатын кийип, баалуу атырларды себине турган. Меккедеги өзү менен тең балардардын бардыгы анын мындай мыкты жашоосуна тамшанып, суктаныша турган. Жадагалса бойго жеткен кыздар ал өткөн жолдорго суу чачып турушар эле. Ал акырында бутпарас үй-бүлөсүнүн мажбурлаганына карабай дүнүйө-байлыгынан, мурасынан да баш тартып, Алланын Элчиси менен, мусулмандар менен болууну эп көрөт. Ал Мухаммад Пайгамбарыбызга баа жеткис сүйүү бапестеген каарман сахаба болгон.

Азирети Али ал тууралуу мындайча эскерет:

«Биз Пайгамбарменен чогуу мечитте отурган элек. Аңгыча Мусаб бин Умайр чыга келди. Анын үстүндө тери менен жамаачыланган желегинен башка көзгө көрүнө турган эч нерсеси жок экендигине күбө болдук. Азирети Пайгамбарым анын бул кейпин Меккедеги бардарчылык жашоосуна салыштыра ыйлап жиберди. Жанына чакырып отургузган соң жалпыбызга мындай деди:

*– Кимиңер болбогула, таң эртелеп башка кийим, түштөн кийин башка кийим кийип, алдына бир табак коюлган соң экинчиси алына турган болсо жана үйүңөрдү Каабадай кылып (баалуу) көшөгө менен жаба турган болсоңор ( дүнүйөгө ашкере берилип кетсеңер), абалыңар чатакка айланат!*

– Оо, Алланын Элчиси! Ошо сиз айткандай жашасак, турмушубуз бүгүнкүдөн жакшы болбойт беле. Бүгүнкүдөй кыйналбай, өзүбүздү ибадатка арнамакпыз – деди арабыздан бирөө. Баш чайкаган Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Тескерисинче, бүгүн силер ошол бардарчылыкта жашаган күнгө салыштырмалуу (рухий өңүттөн) алда канча жакшы абалдасыңар»* (Тирмизи, Кыямат, 35/2476).

***

«Агния-и шакирин– өзгөчө шүгүрчүл пенделер» деп эсептелген Абдуррахман бин Авф *(Алла ага ыраазы болсун)* орозо кармап жаткан эле. Күндөрдүн биринде уулу дастарконго түркүн тамак-аш, даам-татым жайнатып даярдап койгон болот. Абдуррахман дал ушул мезгилде Мусабды эстеп:

– Мусаб Ухуд казатында шейит кетти. Ал менден да жогору эле. Бирок бир чапандан башка эч нерсеси жок кетти жарыктык. Анысы менен башын жапканда буту, бутун жапканда башы ачык калган. Андан кийин бизге бул дүйнөгө таандык бардык жакшылык ыроолонуп келе жатат. Чынында да, жакшылыктарыбыздын мөмөсү бул дүйнөдө гана берилип калышынан коркуп турам – деп, көзүнөн жашы чертиле түшөт. Ошентип, алдына коюлган тамакты жебей туруп кеткен экен (Бухари, Жанаиз, 27) .

***

Абдуллах бин Сахл бир тууган иниси Рафи *(Алла бул инсандарга ыраазы болсун)* экөө Ухуд согушунда Пайгамбарыбыздын жанында чабышып жүрүп оор жаракат алгандыктан Мединага кайтышат. Жоонун артынан түшүүгө чакырган Алла Элчисинин чакырыгын угар замат бул эки сахаба:

– Аллага ант болсун! Унаабыз жок, катуу жаракат алдык. Бирок Алла Элчиси баштаган жүрүштөн кантип калабыз?! – деп, ошол замат жолго чыгышат. Жеңилирээк жаракат алганы, оор жаралуу бир тууганын жөлөп-таяп шашыла Алла Элчисине келишет (Ибни Хишам, III, 53).

Мусулман аскерлеринин арасында булар сыяктуу бири-бирине күйгөн дагы көптөгөн сахабалар бар эле. Алла Таала мусулмандардын ушундай ынтымак-ырашкерлиги, ак ниеттүүлүгү себептүү Өз ырайымына бөлөөрүн маалымдайт:

**«Алар (согушта) соккуга кабылгандан кийин да, Алланын жана Анын Элчисинин чакырыгына оң жооп беришет. Жакшы иштерди жасагандарга жана такыбаларга – улуу сыйлык (бар)!»** (Али Имран, 171-172).

***

Абу Муса ал-Ашари *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алланын Элчиси менен бирге биз да жүрүшкө катыштык. Бир төөгө алты киши кезектеше минип бараттык. Узак жолго жөө баскандыктан таманыбыз тилинип, ойулуп кеткен. Менин да буттарым жарылып, тырмактарым түшүп калган эле. Буттарыбызды чүпүрөк менен ороп алганбыз. Мына ушул чүпүрөктөн улам бу жүрүш «Затур-Рика»- деп айтылып калган»

Бу окуяны баян эткен Абу Бурда:

«Абу Муса ал-Ашари ушуларды айтты. Бирок кийин кылган ишине өзү ыраазы болбоду. Ал: «буларды айтуу менен мен жакшы иш кылган жокмун» деп, бушайман болгонун билдирди. Менин оюмча, ал Алла үчүн көрсөткөн эрдигин ачыкка чыгаргандыгынан улам өзүн жемелеп, кайгырды көрүнөт» дейт (Бухари, Магази, 31).

Жокчулук жана ачарчылык сахабаларга озуйпаларын орундатууда, Алла жолунда жихад кылууда эч кандай тоскоол болалган эмес. Ошону менен катар жасаган жакшы иштерди жашыруун кармоо, Аллага моюн сунуу максатында чеккен азабын ачыкка чыгарууну эп көрбөй, этияттык кылышкан. Алар мындай нерселерди зарылчылык учурда гана, максаттын жүзөгө ашышы үчүн, үлгү алынсын, амал кылынсын, же карыптарга жубатуу болсун үчүн түшүндүрүшөр эле.

***

Абу Хурайра баян этет:

«Табук сапарында аскерлердин азыгы түгөнөт. Айоосуз салгылашта дарман куруп калбасын деген айрым сахабалар бир, эки улоону союп жесек деген оюду билдиришет. Көп нерсени баштан өткөргөн кыраакы Умар буга кескин түрдө каршылыгын билдирип, Пайгамбарыбыздан уруксат бербөөнү өтүнүп, башка чара сунуштайт:

– Пайгамбарым! Эгер төөлөрдү союуга уруксат берсеңиз, кошуунда төөлөр кескин азаят. Кааласаңыз, аларга колдорундагы азыктарды алып келүүлөрүнө буйрук бериңиз, андан соң ага береке берүүсү үчүн Аллага дуба кылыңыз. Алла Таалам берекесин төгөөр.

Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* анын оюн туура көрөт да, териден жасалган көрпөнү жерге жайдырат. Андан соң болгон азыктарды алып келүүнү буюрат. Сахабалардын бир даары бир ууч таруу, айрымдары бир ууч курма кылып колунда бар күлазыгын ортого төгөт. Чынында күлазык өтө эле аз чогулат. Алланын Элчиси Жараткан Аллага алакан жая дуба кылган соң:

– Жанбаштык, куржунуңарга бул күлазыктарды салгыла! – деп буюрат. Жоокерлер жанбаштык, куржундарын толтурат. Толбой калган бир да куржун, бир да баштык калбайт. Андан соң Ислам колу дастарконго отуруп тойгончо жешет. Ошого карабай дастаркондо бир кыйла күлазык артып калат. Анан Алла Элчиси мындай буюрат:

*– Алладан башка кудайдын жоктугуна жана Алланын Элчиси экендигиме күбөлүк берем. Алланын жалгыздыгына жана Мухаммаддын Пайгамбарлыгына ишенбей Алланын алдына барган адам, арийне, бейишке кирбейт!»* (Муслим, Иман, 45).

Алланын ыраазылыгын гана көздөп каптап келаткан душманга каршы чыгып жүргөн мусулмандардын дээрлик көпчүлүгү ошол кездерде жакыр жашачу. Айрымдарында жегенге курмасы жок болгондуктан, курманын данегин соруп, шилекей менен ашказанды алдаганга аргасыз болчу. Мына ушундай алсыздыкка, жакырлыкка карабай алардын баары дин үчүн жанын аябаган жароокер, кыйышпас, ыкласман инсандар болушкан.

***

Абу Ахмад бин Жахш аттуу сахаба Ислам душманы Абу Суфяндын күйө баласы эле. Жахштан тарагандын баары Меккедеги үйлөрүн таштап динди, ыйманды сактоо үчүн Мединага көчүшөт. Буга жаалданган Абу Суфян куда-сөөк болгондугуна карабастан алардын там-ташын талап-тоноп, күйө баласынын үйүн Амр бин Алкама аттуу адамга төрт жүз дирхамга сатып

жиберет. Муну уккан Абу Ахмад ыр менен кайнатасын катуу сынга алат (Ибн Хишам, II, 79; Азраки, Ахбару Макка, II, 244, 245).

Бул зат Мединага эң акыркы болуп көчкөндөрдөн эле. Анын үстүнө көздөрү да азиз болот. Анын көчүү тууралуу оюн жубайы жактыра бербейт. Ошол себептен Пайгамбар жашап жаткан шаарга эмес, башка жакка баралы деп каршы чыгат. Жубайынан жарытаарлык колдоо таппаган Абу Ахмад Мекkeden жашырынып чыгып Мединага сапар алат (Хайсами, VI, 63).

Убакты-сааты келгенде муңканып турган Мекке дагы каратылат. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* жеңиш кутпасын окуп болгон соң, төө минген көзү азиз Абу Ахмад Харам Мечитинин каалгасынын алдына турат да:

– Эй, Абдулманнафтан тарагандар! Кудай акы, ортобуздагы антташууну сактагыла! Кудай Таала үчүн үйүмдү мага кайтарып бергиле! – деп кыйкырып туугандарын каарыйт.

Элден четте турган Алла Элчиси Азирети Осмонду жанына чакырып, кулагына бир нерселерди шыбырайт. Заматта жүзүн кубаныч чайган Азирет Осмон Абу Ахмаддын кулагына сүйүнчү кабарды шыбырайт. Кабарды угуп көңүлү жайлана түшкөн Абу Ахмад төөсүнөн түшүп, көпчүлүктүн катарынан орун алат. Бул көзү азиз сахаба ошол бойдон көзү өткөнгө чейин талоонго түшүп, сатылып кеткен үйү тууралуу эч кимге даттанбайт да, ооз ачпайт (Вакиди, II, 840; Ибн Саад, IV, 102).

Азирети Пайгамбарыбыз ошол күнү Абу Ахмадды жетелеп Мекkenin бир топ жерин кыдыртып келет. Табиятынан ыр жандуу болгон азиз сахаба төмөнкүдөй мазмундагы ырды айткан:

Куттуу Мекке туулган жерим, алтын калаам.
Сени аралап жардамчысыз өзүм деле баса алам.
Кабар алып сүйүнткөндөр абдан көп,
Казыгым сенде кагылуу оо садагам! (Хайсами, VI, 64).

Кийинчерээк Азирети Пайгамбарыбыз эмне деп сүйүнчү айтканын кызыгып сурагандарга:

«– Алланын Элчиси: «Эгер сабыр кыла турган болсоң, өзүңө жакшы. Бул арзыбаган үйүң үчүн бейиште сага арналып даярдалган кооз үй бар!» деди» деп жооп узатат (Вакиди, II, 841; Ибн Саад, IV, 102).

Мына, ажал келип алкымдан алганга чейин момун мусулмандар дин үчүн, Жараткандын ыраазылыгы үчүн ой-тилекти тазартып, эркти желек кылып желбиретип жашап өтүшкөн....

***

Табук жүрүшүндө Абдуллах бин Музани *(Алла ага ыраазы болсун)* аттуу бир гана сахаба шейит кетет. Бул инсан Музани уруусунун ичинен Ислам динин кабылдаган жалгыз адам болот. Жаштайынан атасынан ажырайт. Атасы мураска эч нерсе калтырган эмес эле. Абдуллахтын абасы бай адам болот. Ал абасынын колунда тарбия көрүп чоңоёт. Алла Элчиси Мединага көчкөн кезде Абдуллах мусулман болууну самайт. Тилекке каршы абасынын бутпарастыгы себептүү Ислам динине кире албай калат. Азирети Пайгамбарыбыз Меккени колго алып, Мединага кайткан кезде Абдуллах абасына агынан жарылат:

– Аба! Мусулман болушуңду ушул күнгө чейин күтүп келдим. Бирок сенин дале болсо Мухаммадка ишенбей жүрөсүң! Эч болбосо, менин мусулман болушума уруксат берсең боло?

Абасы ниетинен кайтаар деген ойдо:

– Эгер сен Мухаммадка моюн сунсаң, сага берген байлыгымды, жадагалса кийимиңден өйдө чечип алам! – деп катуу эскертет.

Абдуллах:

– Кудайга ант болсун! Мухаммадка моюн сундум! Ташка, бутка табынуудан баш тарттым! Мендеги байлыгыңды алсаң ал! – деп так кесе жооп кайтарат.

Кудай урган бутпарас айтканынан кайтпай, кийиминен өйдө бергенинин баарын кайтарып алат. Абдуллах апасынын жардамы менен калың таарды экиге бөлүп, жарымы менен белинен төмөн жагын жаап, экинчи бөлүгүн үстүнө жамынчы кылып алат. Ошол замат Мединага барып Алла Элчисине жолугууну жан дилден эңсейт. Ислам дининин изгилиги Абдуллахты өзүнө тартып тургандыктан, узак жолдун азап-тозогуна кайыл боло Мединага жол тартат. Ошентип өз журтунан чыгып, ошол түнү жолго түшөт. Ачкалык алдан тайдырат, суусуздук дарманды курутат, тили

оозуна батпай чаңкайт. Мединага да жакындап келет. Өтө катуу толкунданат. Бирок үстүндөгү жаман жүн кездеме менен бар аалам Мырзасынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* алдына баруудан уялат. Алла Элчиси менен жолугуу ышкысына күйү жана Набави мечитине келет. Таң атканча мечитте эс алат. Азирети Пайгамбарыбыз багымдат намазына келип, намазын окуп болгон соң, жамаатка көз кырын салып үйүнө кайтаарда Абдуллахты көрөт. Ырайым пайгамбары Азирети Мухаммад бул кутман сахабага өзүнүн мухит сымал чалкыган мээрими менен кучагын жаят. Абдуллахтын аты алгачкы Абдулузза эле. Пайгамбарыбыз:

– Сен Абдуллах зуль-Бижадайнсың (жүн кездеме ээси)! Мага жакын жерде бол! Тез-тез менин жаныма келип тур! – деп буюрат. Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун)* асхабы суффадан Кураны Карим окуп, үйрөнүп, бир топ сүрөлөрдү жаттайт.

Алла Элчисине жан дилден моюн сунган бул кутман сахабада Жаратқандын жолунда жүрүп жан берүү деген ары бийик, ары тунук арзуусу бар эле. Табук жүрүшүнө баратканда шейиттик насип болуусун суранып жүрүп Азирети Пайгамбарыбыздын ак батасын алат. Пайгамабарыбыз:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Анын канын каапырларга арам кыл!»* деп дуба кылат.

Абдуллах:

– О, Алланын Элчиси. Мен аны сураган эмесмин! – дейт.

Алланын Элчиси:

*-Сен Алла жолунда чабышка чыгып, хуммага кармалып өлсөң шейитсиң! Мингениң сени жерге кулатып мойнуңду сындырса да шейитсиң! Эч кабатырланба! Мунун кайсынысы болсо да сен шейит деп эсептелесиң!* – дейт.

Чынында да, анын шейит кетиши мужизалык түрдө Алла Элчиси айткандай жүзөгө ашат. Кошуун артка кайтуу үчүн даярдык көрүп жаткан түнү Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар *(Алла аларга ыраазы болсун)* бир маркумдун сөөгүн көтөрүп келишет. Шейит кеткен инсан Абдуллах Зул-Бижадайн эле.

Муну суктануу менен карап турган Абдуллах бин Масуд мындай дейт:

«Түнүчүндө сахабалар курган чатырдын бир бурчунан чыккан жарыкты көрдүм. Өйдө туруп артынан түштүм. Карасам, Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар Абдуллах Зул-Бижадайндын сөөгүн көтөрүп баратышыптыр. Бир жерге барып, көр казышты. Алланын Элчиси көргө түштү. Абу Бакир менен Умар маркумдун сөөгүн ылдыйга түшүрүү үчүн даярданышты.

Алланын Элчиси:

– *Боордошуңарды мага жакындаткыла* – деп буюрду. Ошентип маркумду жерге берген соң Жаратканга алакан жая:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Мен ага ыраазымын, ар дайым ыраазы болуп келдим, Сен да ага ыраазы боло көр!..»* деп дуба кылды».

Абдуллах бин Масуд *(Алла ага ыраазы болсун)* кайра кайра:

«Буга абдан суктандым. Зул-Бижадайнга абдан суктандым. Ошол кезде:

**«Эмне болмок, бул кабырдын ээси мен болгондо! Аттиң, ошол жерге Пайгамбардын купулуна толуп көмүлгөн мен болгонумда кана, атаганат!» деп чындап суктанганмын!»** дейт (Ибни Хишам, IV, 183; Вакиди, III, 1013-1014; Ибни Асир, Усдул-Гааба, III, 227).

Алланын жолунда көрсөтүлгөн ак кызмат.. Жана бул кыйышпас ыкласмандыкка жараша Алла Элчисинин купулуна толуу, анын сүйүүсү жана оопалуулугу чынында суктанарлык нерсе. Бул таржымалды уккан же окуган ар бир мусулман Абдуллах Зул-Бижадайнга көрсөтүлгөн сүйүүгө, жагымдуу мамилеге суктанбай койо албайт. Мындай жогорку сыпайыгерчиликке, сый-урматка татыктуу болуу үчүн аталган сахаба өңдөнүп напсинин каалоолоруна кол шилтеп салып, эрдикке кылуусу кажет. Дин Ислам үчүн көрсөтүлгөн жароокерлик ушундай улуу шарапатка жеткирет.

***

Азирети Алинин *(Алла ага ыраазы болсун)* берeги экерүүсү Алла Элчисинин жана сахабаларынын сөзгө сыйгыс жароокерлигин, берешендигин жана берилгендигин кашкайта далилдеп турат:

«Ансарды (Мединанын жергиликтүү тургундарын) сүйбөгөн чыныгы момун мусулман эмес! Алардын акысын аяк асты кылгандар чыныгы момун мусулман эмес! Кулунун коргоого алган жылкы сымал ансарлар Меккеден көчүп келген мухажирлерди канатына калкалап, күч-кайраты, убактысы, тили жана жоомарттыгы менен дин Исламды көтөрүштү.

Ажылык маалында Меккеге келген арап урууларын Азирети Пайгамбарыбыз Исламга чакырган. Тилекке каршы, эч бири анын чакырыгына оң жооп берген эмес. Акыркы Пайгамбар буга арданып же маанайы чөгүп калбастан Мажжана жана Указ аттуу чоң-чоң жармаңкелерге келген уруулар менен жолугуп, Алла Тааланын динин, Исламдын максатын түшүндүргөндөн тажаган эмес. Үгүт-насаатчылыкты жыл сайын кайталап тургандыктан айрым наадандар:

«– Бизден алигече үмүтүң үзүлө элекпи?!» деп заарын чачып, жемелегенге чейин барган.

Бул жагдай Мединадан келген бир уруунун Исламды кабылдашына чейин уланган. Бул бактылуу адамдар ыйманга келээри менен өз милдеттерин так орундатып, чукул аракетке өтүшөт. Арадан көп өтпөй бир шаар толук бойдон мусулмандарды бооруна кысат, көчүп келгендер менен үй-жайын, байлыгын, мүлкүн бөлүшөт. Алла Таалам аларга опол тоодой үзүр берсин!

Биз алардын шаарына бардык. Алардын үйлөрүндө чогуу жашап калдык. Бизди конокко чакыруу үчүн өз ара талашып, айрым учурларда чатакташа кетишчү. Мединанын меймандос калкы кээде конокко чакыруу үчүн чучукулак тартышчу. Кийин (халифалык Меккеден көчүп барган мухажирлерге берилгенде) алардын өз мал-мүлкүнөн көп жолу пайдаландык. Ошондо да эч бир ичи тарлык кылып же каршылык кылышкан эмес. Исламды толук түшүнгөндөн тарта байлык мындай турсун Алла Элчиси үчүн жанын берүүгө даяр абалга келишти. Пайгамбарыма салават, аларга саламатчылык тилейм![72] »

***

Момун мусулмандардын амандыгы, ынтымак-ырашкерлиги үчүн, керек болсо мансаптан, бийликтен баш тартуу, Алла жолунда жасала турган жароокерлик болуп саналат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын небереси Азирети Хасан алты ай халифалык жүргүзгөндөн кийин үммөттүн биримдигин сактап калуу максатында бийликти Муавияга өткөрүп берет. Пайгамбардын небереси бул эрдик кадамы менен саясий коогаландын чыгышын жана бири-бирине тиш кайрагандардын ортосунда кан төгүлүп кетишин токтотуп калган.

***

Дин жолунда курман болуунун дастанга айланган мыкты үлгүсүн Фатих Султан Мехмед хандын аскерлери көрсөтө алган. Алар: *«Истамбул албетте багынтылат. Аны багынткан аскер башы да, аскерлер да кандай гана мыкты инсандар!...»*[73] деген хадис мазмунундагы шарапатка татыктуу болуу үчүн өлүмгө кайыл болуп, казатка аттанышкан. Душмандын чокко кызытылган жебелери жана кайнатылган майлар үстүнө төгүлүп жатканына карабай, Византиянын чебине шаты менен көтөрүлүп баратып: «Шейиттиктин кезеги бүгүн бизде!» деген ураан менен өлүмдү баатырларча тосуп алышкан.

***

Байазид мечити курулуп жаткан учурда берeги окуя болуп өткөн:

Мечиттин курулушунда иштеген усталардын бир күндүк акысы такталган соң, аны бир кумурага салып ачык жерге коюп коюшчу экен. Жумуш аяктаган соң үйлөрүнө кайтып бараткан ар бир жумушчу кумурадан өз акысын алып кетчү. Бирок курулуш башталган күндөн тарта кумуранын түбүндө бир адамдын акысына жеткидей акча калат. Бул көрүнүш беш-алты жолу кайталангандан кийин адилеттүүлүктү талап кылган башкы уста өз акысын албай жүргөн адамды изилдөөгө өтөт. Акырында куруучулардын ичинен эң кембагал адам өз акысын албай жүргөнү маалым болот. Көрсө, ал жумуш аяктаган соң акысын албай жолго түшчү экен. Мунун себебин кызыгып сурашат. Ошондо ал бул жакшылыктын сырынын айкын болушун каалабаганын билдирет. Баары жабалактап кыстап туруп алгандыктан аргасыздан:

«– Менде эч кандай мал-мүлк жок. Ошол себептен бул жалганда башкаларчылап кайыр-садага бере албаганыма капаланып келем. Эч болбосо ушул мечиттин курулушуна акысыз иштеп берип, күчүмдөн садага кылайын деп ойлогом...» дейт.

Жан дүйнөсүнүн камын ойлоп жүргөн бул кембагалга башкы уста:

«– Замандаш! Бул иштердин баары падышанын кайрымдуулук ниети менен курулуп жатат. Андыктан өз акыңды алып жүр. Эгер кааласаң, акчаны өз колуң менен каалаган жерге кайрым кылсаң да болот!...» деп кеңеш берет.

***

Явуз Султан Селим хан 1517-жылдын 22-январында Риданияда Мамлюктарды жеңип алат да, Мисирди (Египетти) бүт бойдон Осмон мамлекетине кошуп алат. Осмон мамлекетинин Султаны Явуз Мамлюктардын падышасынын сөөгүн өзү баш болуп көтөрүп, зыйнатын кылып жерге берет.

Мисирди каратуу менен иш токтобойт. Жаалданган Мамлюк аскерлери көчөдөн көчөгө жашынып, тирешүүнү улантат. Айрым жан аябастар Явузду өлтүрүүнү максат кылып; «Явузду эле өлтүрсөк болду, жеңиш биз тарапта!» деп өз ара чечимге келишет. Муну уккан Синан пааша абалды Явузга маалымдайт. Коргонуу чарасын көрүү үчүн эптеп көндүрүп Явуздун кийимин кийет. Ачык айкашка чыгып Мамлюк аскерлеринин көңүлүн өзүнө бурат. Явуз жан аябас жаагерлер арттан келип курчоого алгыча Синан пааша шейит кетет.

Ошентип Явуз Султан Салим хан Мисирге маанайы суз абалда кирет. Жанындагыларга:

«– Мисирди алдык, бирок, Синан пааншаны жоготуп алдык!..» деп муңканат. Ал бул сөздү айтуу менен нары аалым, нары тайманбас баатырдын өлүмүн Мисирдин оңбогондой машакаттуу жеңишине тете көргөн.

Бул баатыр падышадан: «Кайрат адамды жеңишке, чечкинсиз сапат кооптуулукка, коркооктук өлүмгө алып барат» деген накыл калган.

Бийликке келгенден тарта өмүрүн Алла жолундагы катар-катар казаттар менен өткөргөн жана хан сарайда жамбаштап бейгам жатууну эп көрбөгөн Явуз Салим ханга, дин жолунда күрөшкөн падышаны коргоо үчүн жан берген Синан паашага канчалык суктанбайлы аздык кылат.

***

Кануни Султан Сулейман Зигерварга жүрүшкө жөнөп жаткан маалда уруксат сурап Садразам Сокуллу кирет.

– Султаным! Үммөткө көптөгөн жеңиштерди алып келдиңиз. Эми чарчасаңыз деле керек. Эр жеткенден бери ат үстүнөн түшпөй өмүрүңүздү дин Исламга арнап келе жатасыз. Улгайган чакта мындай жүрүшкө чыдай албас бекенсиз. Жүрүшкө биз аттаналы, сиз Истамбулда калып бийликти жүргүзө турсаңыз кантет? – деп сунушун айтат.

Улуу Каган Кануни Сокуллуга мындай дейт:

– Сокуллум! Мага жакшылап кулак сал! Менин бул айткандарымды келечек муунга билдирип кой. Падыша деген сапарда болобу, жүрүштө болобу, ар дайым аскеринин алдында жүрүшү керек. Анткени падышаны көргөн аскердин демине-дем кошулат. Падышанын сүрү болот. Колдун алдында турган падышаны көрөр замат ким болбосун деми сууп, кайраты сынат. Жеңишти негизинен рухий дем камсыз кылаарын билип кой!

Мамлекетти башкарууда жашыбызга тең карт тажрыйбабыз бар. Айрыкча ушундай түйшүктүү казаттарда карт тажрыйбанын пайдасы тийбей койбойт. Болбогон бир көз ирмемчелик убакытты текке кетирүү же пайдаланып калуу жеңиш нугун өзгөртүп жиберген учурлар болгон. Ошол себептен улгайганыма карабай казатка катышам!...

Сарайда калып жылуу төшөктө жан бере турган болсом, эртең Жараткандын алдына барганда жана ыйман жолунда кеткен ата-бабаларыма эмне деп жооп берем?!

Маселедеги аяр сырды аңдаган Сокуллу:

Чечим падышанын өзүндө! – дейт.

Бир нече айга сүргөн узак сапарга улгайган чакта кантип ат үстүндө жүрө алат? Вазирлер мына ошол себептен тик турган абалда аскерлерге буйрук, дем берип турсун деп ат үстүнө чарпая сымал чоң так курушат.

Машакаттуу узак сапар. Мезгил жаан-чачындуу болгондуктан жолдун баары ылай, баткак. Анын үстүнө даңкыйган оор замбиректер ылайга батып бир топ машакатты жаратат. Аны баткактан чыгарганга унаалардын күчү жетпейт. Колдун дээрлик көпчүлүгү алга кетет. Баткакка батып калган замбиректердин жанында аз сандагы адам калат. Артка тизгин бурган падыша жете келип абалдын оорлугуна күбө болот. Мындан бир гана менен жол чыгып кетсе болоруна көзү жеткен падыша буйрук берет:

– Жогорку аскер даражасындагы жарандар! Баарың баткакка кирип замбиректерди түртүп чыгаргыла!

Падышанын буйругунан рухий күч алган саркер, миңбашы, кол башылардын баары чечине салып баткактан замбиректерди чыгарып алышат. Ошондо падыша артында турган тарыхчыга буйруйт:

«Келечек муун бул окуяны окуп, турмушта пайдалансын!.. Канунинин кол башы, миң башы, саркер, даткаларынын баары баткакка тыгылган замбиректерди сүйрөп чыгарды. Алла Тааланын уруксаты менен бул мүшкүлдөн ушундайча кутулдук деп жаз!»

Улуу Каган Зигетварга барганда алакан жайып Жараткандан жардам тилеген:

«Оо, Жараткан Алла Таалам! Көп мезгилдер бери мага далай жеңишти тартууладың! Тилегимди да, максат-мүдөөмдү да Өзүң жар болуп кабылдап келдиң! Сүйүктүү Пайгамбарыңдын урматы үчүн Өзүңдүн теңдешсиз сулуу жамалыңды көрүүнү алсыз кулуңа насип кыла көр!»

Бата тиленгенден чай кайнам өтпөй Кануни Сулайман падыша сапар учурунда жан берип, Алла Тааланын алдына кайтат. Ал жүрүштөрдө каза болгон Осмон мамлекетинин төртүнчү падышасы катары тарыхтан орун алган.

***

Жыйынтыктап айтканда, жароокерлик жана кыйышпас мекенчилдик динибиздин изги ахлагы болуп эсептелет. Ким болбойлу, мүмкүнчүлүк таап, динге кызмат кылып, бул улуу ахлактан өз үлүшүбүздү алышыбыз керек. Анткени Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн Исламга өтөлгөн ак кызматтын акыбетин Жараткан Алла Өзү эселеп кайтарат. Мүмкүнчүлүк колдо турганда Алла үчүн жароокерлик кыла албасак, кийин бушайман болуп, абийир азабын чегерибиз шексиз. Акыретке барганда бушайман болуунун эч кандай пайдасы жок экенин дагы бир жолу эсибизге түйүп алалы.

Тарых чыйырына карай турган болсок, кыйышпас жароокерликтин, жан аябас берилгендиктин натыйжасында Ислам дини бизге чейин сак-саламат жеткен. Биз ата-бабалар өңдүү Алланын алдындагы милдетибизди так өтөп, Ислам динин келечек муунга татыктуу өткөрүп беришибиз керек. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* коштошуу кутбасында Куран менен сүннөттү бизге аманат кылып таштаган.

## 4. Кайгылуу, азалуу адамдардын жанында болуу

### а. Мусулмандардын арыз-муңун угуу жана камкордук

Алла Таала адампендени алсыз жараткан. Ошону менен катар соопчулук үчүн бири-бирибизге көмөк көрсөтүп, коом болуп жашоону буйруган. Алл бизди бул жалганга сыноо үчүн жаратхандыктан, өзүмчүлдүктөн арылып, жеке кызыкчылыкты бир четке коюп, жүрөктү камкордукка тарбиялоону талап кылат. Жараткан Кудурет диндеш бир тууганынын жеңилин жерден, оорун колдон алып, муктаждыгын камсыздоого жардам бергендин көзү жалдырап турган кезде Өзү колдоорун, башка түшкөн мүшкүлдү Өзү жеңилдетээрин убада кылган.

Жараткан Алла Таала акыркы Пайгамбары *(саллаллаху алейхи васаллам)* аркылуу жалпыбызга: **«...Момун мусулмандарга кол соз!»** (Хижр сүрөсү, 88-аят) деп буйруп, кайгы тартып, аза күткөндөрдүн жанында болууну, колдоо табаар бекем деген илгери үмүт менен келгендердин арыз-муңун угууну, негизи эле адам баласына күйүмдүү, боорукер болууну буйруган.

Ушундай изги ахлакты туу туткан адамдарга Азирети Пайгамбарыбыз береги сүйүнчүнү айткан:

*«Алла Таала пенделеринин муктаждыгын камсыздоо үчүн башка педелерди да жараткан. Муктаж болгон адамдар аларга чуркашат. Алла Тааланын азабынан ошолор гана кутулушат»* (Хайсами, VIII, 192).

Мусулмандардын көйгөйүн өзүнүн көйгөйүндөй көргөн, кыйын күндөрдө боордошторунун жанында болгон момун мусулман иралды Алла Тааланын, анан, албетте, Азирети Пайгамбарыбыздын сүйүүсүнө татыктуу болот. Ал пенде мындай изги ахлагынын шарапаты менен такай сооп табат. Эл-журттун ичиндеги жардамга муктаждарга кол созгондорго кандай сыйлык берилээрин Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз хадисинде маалымдап кеткен:

*«Кээде адамдар менден зарыл болгон нерсени сурайт. Мындай учурда араңардан бирөө жарым суурулуп чыгып анын муктаждыгын камсыздап сооп тапсын деген ниетте мен алардын талабын атайлап кечиктирем. Ооба, муктаж болуп турган адамдарга жардам бергиле, сөзсүз сооп табасыңар!»* (Насаи, Зекет, 65).

*«Мусулман мусулманга бир тууган. Ал диндешине заалымдык кылбайт, аны душмандын колуна салып бербейт. Диндешинин муктаждыгын камсыздаган пенденин муктаждыгын Алла Өзү камсыздайт. Мусулмандын бир мүшкүлүн жоюга жардам берген пенденин бир мүшкүлүн кыяматта Алла Өзү жок кылат. Мусулмандын айыбын жашырган пенденин айыбын кыяматта Алла Өзү жашырат»* (Бухари, Мазалим, 3; Муслим, Бирр, 58).

Алла Таалага жакын болууну самаган пенде кыйналып, зар какшап жардамга муктаж болуп турган адамдардын жанында болушу керек. Айтууларга караганда, күндөрдүн биринде Муса пайгамбар *(алейхис салам):*

– Оо, Жараткан Алла Таалам! Сени кайсы жерден издейин? – деп мунажат кылат. Алла Таала ага:

«– Мени жүрөгү ооруп тургандардын жанынан изде!» деп буйруйт (Абу Нуайм, Хиля, II, 364).

Жогоруда айтылган акыйкатты тунук акылы менен таамай аңдаган Азирети Алинин мына бу сөзү зор мааниге ээ:

«Мен билген эки баалуу немат бар. Алардын кайсынысы мен үчүн дагы да сүйкүмдүү экенин алигече билбей жүрөм. Биринчиси: Жардамга муктаж болгон адам үмүт артып мага келип, чын дилден менден жардам сураса деген тилек.

Экинчиси: Ал адамдын каалоосун Алла Таалам мен аркылуу жүзөгө ашырса же жеңилдетсе деген тилек.

**Опол тоодой алтын-күмүшүм болгончо, бир мусулмандын муктаждыгын камсыздайын деген боорукер сезимим болгону жакшы»** (Али ал-Муттаким, VI, 598/17049).

Өз көмөчүнө күл тартып, жеке кызыкчылыктын туткунунан чыга албоо жана чөйрөнүн абалына кайдыгер мамиле жасап, кайрымсыз болуу мусулманга эгерим жарашпаган жорук. Анткени аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Коңшусунун ачкалыгына кайдыгер болуп, ток жашаган адам момун мусулман эмес»* деп буйруган (Хаким, II, 15).

Эми, Алланын сүйүктүү пенделеринин жана кайып билгиндеринин даанышман сөздөрүнө кезек берели:

«Муктаждарга жакшылык кылуу адамды апааттардан, балээлерден сактайт» *(Азирети Абу Бакр).*

«Жан дүйнөңдүн жабыркап калышын каалабасаң, барып жүрөгү канап тургандарды кыйынчылыктан куткар!» *(Саади, Ширази).*

«Дары– ааламда дарттан башка эч нерсе издебейт» *(Азирети Мавлана).*

«Чыныгы момун мусулман башкалардын жүгүн көтөрүшү керек, бирок башкаларга жүк болбогону абзел. Жапа чеккендердин көңүлүн алып, жашоо отун жандырып, кайрат бериши керек» *(Жусуп Баласагын).*

**Изгиликтин үлгүсү**

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азирети Абу Бакр менен мусулмандардын көйгөйлөрү тууралуу түн бироокумга чейин сүйлөшөөр эле. Көп учурларда мен алардын жанында болчумун» (Тирмизи, Салат, 12/169).

Ардактуу Пайгамбарыбыз эс алуу үчүн башын жастыкка койгондо да үммөтүнүн камын ойлонуп, минтип дуба кылчу:

*«Бизди жедирип-ичирген, коргоп, пааналап турган Алла Таалага чексиз алкыш! Коргой турган, калкалай турган жакыны жок канчалаган адамдар бар»* (Муслим, Зикир 64; Абу Давуд, Адаб 98).

***

Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* чөйрөсүндөгү адамдарга көңүл буруп, алардын арыз-муңун угуп, бейтпатарды айыктыруунун чарасын көрчү. Бир адамдын бир жери ооруса, же жарадар болсо, баш бармагын топуракка тийгизип көтөргөн соң минтип дуба кылчу экен:

*«– Улуу Алла Тааланын ысмы менен баштайм! Бул өзүбүздүн түкүрүгүбүз менен аралашкан, ата-журтубуздун топурагы. Жараткан Алланын уруксаты менен оорулуугарга пайда берет»* (Бухари, Тыб 38; Муслим, Салам 54; Абу Давуд, Тыб 19; Ибн Маажа, Тыб 36).

Бул жерде оорулуунун шыпаа табышы үчүн төмөнкү үч нерсе болушу керек:

1. Шыпаа берүүнү Алла Таала каалашы керек.
2. Дубаны окуган адамда ыкластуулук болушу керек.
3. Дуба багышталып окулуп жаткан бейтапта «Кудайым буйруса айыгым кетем!» деген ыклас жана ишеним болушу керек.

***

Ислам динин жана ыйманды сактап калуу максатында Эфиопияга көчүп барган адамдарды жергиликтүү эл жакшы кабыл алып, колунан келген жардамын берип, көмөк көрсөткөнү тез эле Меккенин элине да, ашынган дин душмандарына да жетет. Мушриктер бул кабарды чочулоо менен кабыл алып, мыкаачылыктын дагы башка түрлөрүн ойлонууга өтүшөт. Ушундан тартып мусулмандарга каршы заалымдык, кордук мурункудан алда канча күчүнө кирет.

Жакын тууганы Валид бин Мугиранын кепилдиги астында бейпил турмуш кечирип жаткан Осмон бин Мазун Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана сахабаларынын акыл-ойго сыйгыс заалымдыкка кабылганын, кээ бирлеринин отко какталып, куйкаланып, айрымдарына учуна коргошун куюлган балак урулганын көрүп терең ойго батат:

«Аллага ант болсун! Алланын Ак жолунда жоро-жолдошторум тартып жаткан албан түрлүү азаптарды тартпай дин душманы саналган бир мушриктин канатында бейгам өмүр кечирип жаткандыгым чоң кемчилик! Буга караганда Алланын коргоосу дагы да шарапаттуу, дагы да ишенимдүү эмеспи!» деп бир бүтүмгө келген соң карамагына алган тууганына барат да:

«Осмон тууган! Убагында сен мени өз карамагыңа алдың. Каанаттууга мактырбай, тырмактууга тарттырбай жакшы карадың! Мындан ары сенин карамагыңдан чыгып, Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанына барууну чечтим. Пайгамбар менен сахабалары мен үчүн эң изги үлгү! Мени Курайш кыйындарынын алдына алып барып, өз кепилдигиңди кайтарып алганыңды жар сал!» дейт тайманбай[74].

***

Азирети Умардын уулу *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Атам халифа болуп турган жылдардын биринде элди катуу ачарчылык каптады. Эл ошол жылды «ачарчылык жылы» деп атады. Атам ошондо казынага жыйналган азык-түлүктүн баарын, анан калса төөлөрдү да өзү баш болуп бүт элге таратты.

Күн ысып, ачарчылыктын катуу жүргөнүн ушундан билиңиз, тоо-таштагы жашыл чөптүн баары куурады. Ошондо атам:

«–Оо, Жараткан Кудай Таалам! Элдин ырыскысын тоого бере көр!» деп дуба кылды.

Бүткүл элдин жана халифанын дубасы кабылданып жамгыр жаады. Жамгыр менен кошо көздөн жашы чертилген атамды элдин камы ушунчалык катуу түйшөлткөн экен:

«– Аллага чексиз алкыш айтам! Кудай Таалам бул мүшкүлдү жойбогондо, мүмкүнчүлүгү барлар канча жан болсо, муктаждардан ошончо адамды үйлөрүнө киргизип бермекмин. Ошондо бир кишиге жеткидей тамак-ашты эки кишиге жеткирүүгө мажбур болмокпуз!» деген (Бухари, ал-Адабул муфрад, №562).

***

Азирети Умар бир топ адам менен жолдо баратып улгайган Хавлага *(Алла ага ыраазы болсун)* кезигип калат. Улгайган кемпир халифаны токтотуп, бир маселе тууралуу сөзгө тартат. Азирети Умар болсо Хавланы бир топко дейре ынтаалуу тыңдап, маселесин оң жагына чечип бергенден кийин күтүп турган адамдарга карай басат. Топтогу адамдардын бирөө:

– Момундардын башчысы! Ушул карыган кемпирдин арыз-муңун угуу үчүн Курайштын билермандарын күттүрүп койду ээ?!

– Билесиңби, ал ким болот?

– Жок, билбейт экем!

– Андай болсо, билип ал! Ал кемпир жети кабат асмандан туруп Алла Таалам Өзү кулак салган Хавла бинти Салаба болот! Алла Таалага ант этем, эгер күүгүмгө чейин даттанса да чын дилден кулак салып тура бермекмин! (Ибн Хажар, ал-Исаба, IV, 290).

***

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* кутман Пайгамбарыбыздын Мечитинде итикафта[75] олтурган. Күндөрдүн биринде тааныш бир адам мечитке кирип, маанайы суз салам айтат. Көңүлү түтпөгөн Ибн Аббас суроо узатат:

– Тууган, сен эмнегедир капалуудай көрүнөсүң, эмне болду сага?

– Туура айтасың. Паланчанын менде аласасы бар. Мына бул мүрзөдө жаткан Алла Элчисинин акы үчүн сага айтып жатам, ошол бересемди төлөй албай жүрөм.

– Ушул маселе тууралуу аны менен сүйлөшөйүнбү?

– Өзүң билесиң.

Ушул сөздөн кийин Ибн Аббас бут кийимин кийип жөнөп калды.

– Тууган, сен итикафта отурганыңды унутуп калдыңбы?

– Жок, унуткан жокмун. Мен арабыздан жаңы эле айрылып, азыр мына бул мүрздө жаткан кадырман инсандан уктум. Ал мага: *«Кимде-ким диндеш бир тууганынын көйгөйүн угуп, аны жөнгө салып берсе, он жыл итикафта отургандан да абзел иш жасаган болуп эсептелет. Кимде-ким Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн бир күн итикафка отурса, Алла Таала ал адам менен тозоктун ортосуна үч аң казат. Казылган ар бир аңдын ортолугу чыгыш менен батышчалык узактыкта болот»* деди. Ибн Аббас буларды айтып жаткан учурда көзүнөн мөлтүлдөп жаштар агып турду. (Байхаки, Шуаб, III, 424-425).

***

Абу Абдуррахман Челеби баян этет:

«Исламды жок кылууну көздөгөн бир коомго каршы уюштулурлган жүрүш учурунда Абу Аюб ал-Ансари *(Алла ага ыраазы болсун)* менен чогуу элек. Биздин топтун башчысы Абдуллах бин Кайс эле. Абу Аюб ал-Ансари олжо бөлүштүрүлүп жаткан жерге барып, бир аялдын ыйлап жатканына күбө болот. Казатта туткунга түшкөндөрдүн бири экенин баамдайт. Анын эмне себептен ыйлап жаткандыгын териштирет. Көрсө, аскерлер элди туткунга алынып жаткан кезде эч болбосо перзенти аман калса экен денен үмүт менен баласын башкалардын колунда калтырып койгон экен.

Абу Аюб ал-Ансари ыйлуу аялдын баласын дароо таптырып колуна тапшыртат. Туткун сахабаны алкап, ыраазылыгын билдирет. Олжо бөлүштүрүү кызматынын башчысы бул окуяны Абдуллах бин Кайска маалымдайт. Абдуллах бин Кайс биздин башчыбыз болгондуктан, Абу Аюбтан мунун себебин сурайт да, берегидей жоопту алат:

– Мен Азирети Пайгамбарыбыздын: *«Эне менен баланы бири-биринен ажыраткан пенделерди Алла Таала кыяматта бүтүндөй жакшы көргөнүнөн ажыратат!»* деп буйруганын өз кулагым менен уккам (Ахмад, V, 422; Тирмизи, Бую, 52/1283).

***

Адаттагы түндөрдүн биринде Азирети Умардын өз үйүнөн чыгып, башка үйгө кирип кеткенин Талха *(Алла ага ыраазы болсун)* көрүп калат. Эки чай кайнамдай убакыттан кийин ал үйдөн чыгып башка үйгө кирет. Халифанын түн ичиндеги мындай ишине таң калган сахаба чындап эле кызыгып калат. Ошонун эртеси кызыгууга жетеленип халифа кирип чыккан үйгө баш багат. Үйдө оорудан улам көзү көрбөй, төшөк тартып калган бир аялдан башка эч ким жок экендигин көрөт.

– Айым! Үйүңүзгө кечөө түнү белгилүү бир адам эмне үчүн кирип чыкты эле? – деп суроо салат. Бейтап Азирети Талхага мындай деп жооп берет:

– Менин көзүм көрбөй калган мезгилден бери ал инсан мага жардам берип жүрөт. Күн сайын мага тамак-аш алып келип жедирип, үстү-башымды тазалап кетет (Абу Нуайм, Хиля, I, 48).

***

Адилеттүүлүгү, калыстыгы, камкордугу, диндарлыгы менен Ислам тарыхында өзгөчө орунду ээлеп калган Умар бин Абдулазиз атайын жарчыларды жалдап:

«Карызы барлар барбы? Колунда жоктор, жетимдер, үйлөнүүгө каражат таппай жүргөн кембагалдар, кордук көргөндөр барбы? Эй, муктаждар, мамлекетте акысы бар жарандар! Падышанын алдына келип өз акыңарды алып кеткиле!» деп жар салдырчу экен.

***

Улуу устат Убайдулла Ахрар кыш күнүндө суукка тоңот. Шаркирттери от жагып жылытууга канчалык аракет кылбасын майнап чыкпайт, титирегени титиреген.

Дал ошол маалда суу толтурулган аңга түшүп кеткендиктен кийими суу болуп, тоңуп калган бир шакирти араң кыймылдап сырттан кирет. Ичкеридеги окуучулардын баары аны отко кактап ысыткандан кийин Убайдулла Ахрардын чекесин майда тер басып, өзүнөн-өзү ысып чыгат.

Мусулман диндешинин дартын өз көйгөйүндөй сезе билүү, менимче, мына ушундай таризде болушу керек.

***

Алланын сүйүктүү кулу Баязид Бистами баян этет:

«Биздин заманда миңдеген олуялар бар эле. Ошого карабай кылымдын рухий көсөмү деген вазийпа Абу Хафс аттуу бир зергер, темир устага ыйгарылат. Мунун себебин билүү максатында атайы анын дүкөнүнө бардым. Чындап эле башкалардан өзгөчө түрү бар экен. Тоо көтөргүс оор кайгы-муңу бардай маанайы өтө эле суз көрүндү. Эмне себептен мындай абалга түшүп калганын сурадым. Ал мага:

– Билбейм, менден өткөн санаасы оор адам бар бекен бул заманда. Аллага сыйынып жүргөнү менен кыяматта оор азап чеге турган сан жеткис адамдардын кейиштүү абалын ойлогон сайын жегеним желим, ичкеним ириң болуп, санаам санга бөлүнөт – деп агынан жарылды. Башын чайкап, бир маалда эчкирип ыйлап кирди. Мени да ыйлатты.

– Ар ким өзү үчүн жооп берет. Ошого да жаныңызды кыйнап азап чегисизби? – деп сурадым.

– Менин табиятым мээримдүүлүк жана боорукерлик уюкусу менен уютулуптур. Эгер бүтүндөй тозокко түшкөндөрдүн баардык азабы мага тарттырылып, алар тозоктон азат кылынганда, мен ал оор азапты жан деп кабылдамакмын. Ошондо бул санаам дагы тынчымак – деди.

Мен ошондо Абу Хафс мырзанын башкаларчылап **«өзүмө болсун, өзүмө»** дегендерден эмес, Азирети Пайгамбарымды жандай сүйүп, анын жолун жолдогондуктан **«диндешим, диндешим»** деген журт сүйөрлөрдөн экенин түшүндүм. Өтүнүчүмдү туура кабылдап, өзү менен белгилүү убакытка чейин чогуу болушума уруксат берди.

***

Сарий-и Сакати (Алла аны ырайымына алсын) адаттагыдай сабак учурунда: «Момун мусулмандардын кайгысына ортоктош боло албагандар, мусулман эмес» деген хадисти чечмелеп жатканда сырттан өрөпкүп бир окуучусу кирет.

– Устат! Бүтүндөй айыл өрттөнүп күл болду. Жалгыз гана сиздин үйүңүз аман калды – дейт. Устат капилет айтылган кабардан толкунданып кетип:

– Кудайга шүгүр! – деп жиберет.

Арадан отуз жыл өткөндөн кийин сырдаш досуна буларды айтат:

«– Мен ошондо Алланын каарына калып үйү күйгөндөрдүн ичинен үйүмдүн аман калгандыгы үчүн капыстан «Кудайга шүгүр!» деп жиберип, көз ирмемге өз кызыкчылыгымды ойлонуп, кайдыгерлик кылып койгондугум үчүн отуз жылдан бери тообо кылып келе жатам! – дейт.

***

Күндөрдүн биринде бирөөлөр Алланын сүйүктүү пендеси Фудайл бин Ыяздын ыйлап жатканын көрөт.

– Эмнеге ыйлап жатасыз? – деп сурашат.

Ал:

– Мага заалымдык кылган бир байкушка боорум ооруп ыйлап жатам! Эми, ал менин айымдан кыяматта шерменде болот, азап чегет... – дейт көңүлү руханиятка көлкүгөн сопу.

Мына, Алланын сүйүктүү пендесинин рухий көрөңгөсү.... Өзүнүн кордук тарткандыгын ойлобостон, заалымдык кылган адамдын акыретин ойлоп ыйлап жатат.

***

Абдулхамит хандын катчысы өз эскерүүлөрүндө төмөнкү урунттуу окуяны баян этет:

«Күүгүм. Нөөмөткө туруу кезеги мага келгендиктен, келген каттарды, телеграммаларды, рапортторду жана расмий иш кагаздарды иретке келтирип жаттым. Тыныгууга чыгайын деп жатсам, бир телеграмма келип калды. Бул Истамбул шаарына караштуу Лалелик почта бөлүмүнүн бир кызматкерин ханга жиберген телеграммасы экен....

Байкуш кызматкер телеграммада ушул түнү жубайынын көз жарый турганын, табыптар төрөттүн оор болоорун эскерткенин, бирок аны жеңил төрөтүп алуу үчүн колунда эч кандай мүмкүнчүлүк жок экендигин маалымдаптыр.

Мен бул телеграммага анчейин деле маани бербей падышага бериле турган каттардын арасына кошкон жокмун. Толтура кагаздарды көтөрүп алып палышанын алдына кирдим. Баарына үстүртөн көз жүгүрткөндөн кийин:

– Башка эч нерсе жокпу? – деп сурады.

– Анчейин деле маанлүү эч нерсе жок.

– Сен мага маансиз деп эсептегендериңди да айт!

– Бираз мурда бир телеграмма келди. Бирок аны сиздин алдыңызга алып кирүүнү туура көрбөдүм – деп анча маани бербегенимди айттым.

– Дал ошону дароо алып кел! – деп буйруду.

Падыша телеграмманы кунт коюп окуган соң мен ойлогондун тескерисинче ак сарайдын жеке табыбын чакыртты. Табып келген соң мага буйруду:

– Азыр, Лалелиге токтоосуз жетип баргыла да, төрөй турган аялга керектүү жардамдарды бергиле!

Падышанын буйругуна ылайык ак сарайдын дарыгерин коштоп телеграмма ээсинин үйүн көздөй жөнөп калдык. Биз вазийпабызды орундатып сарайга келгенибизде таң агарып калган эле. Каалганын үнүнөн биздин келгенибизди туйган падыша терезеден «Ичкери киргиле!» деп колу менен ишаарат кылды. Падышанын иш бөлмөсүнүн жарыктары күйүп турганына күбө болдук. Демек, таң атканча ибадат кылып, зикир чалып чыккан экен деп боолгоп койдум. Каалганы аяр чертип ичкери кирдик. Тапшырманын натыйжасын сурады. Болгонун болгондой айтып бердим:

– Падышам! Төрөт бир кыйла оор болду. Кудайга шүгүр, бейтапканадагы төрөтчү айымдардын мол тажрыйбасынын натыйжасында аял да, бала да аман калды. Эркек бала жарык дүйнөгө келди. Ата-энеси наристенин ысмын сиздин урматыңызга Абдулхамид деп коюшту. Байкуштар таң атканга чейин көз жаш төгүп өлкөбүзгө тынчтык, бакубат турмуш, өзүңүзгө узун өмүр тилеп дуба кылып чыгышты...

Бизди тик турган абалда тыңдаган журтчулуктун мээримдүү атасы жагымдуу кабарга сүйүнүп, *«Кудайыма шүгүр!»* деп терең дем алды. Андан соң бизге уруксат берип эки ирекет шүгүр намазын окуу үчүн жайылып турган жайнамазын көздөй басты.

***

Яман Деде аттуу агайым Христиандыкка ичи чыкпай кийинчерээк Исламды кабыл алган. Ал Азирети Мавлананын Маснави аттуу чыгармасын окуган соң мусулман болуп, ал тургай Ислам Пайгамбарын жандилден сүйгөн чыныгы момунга айланган. Мындай карасаңыз кудум Пайгамбардын өзүнөн таалим алган сахабадай ахлактуу, нары сылык, адамгерчиликтүү жан эле. Береги окуя анын бул абалын таамай чагылдырат:

Күндөрдүн биринде сабак учурунда окуучулардын бирөө:

– Устат, сизде эки тандоо укугу бар дейли. Биринчиси оор күнөөгө батуу, экинчиси ала ооруусуна кабылуу. Сиз кайсынысын тандайт элеңиз?

Яман Деденин жообу мындай болду:

– Алла Тааланын пенделеринин көңүлүн ирээнжитип алуудан жана кайдыгерликтин айынан күнөөкөр болуп ыйманды тебелегенимден көрө тирүүлөй көмүлүүнү каалайм!

Мына, Ислам дининин адамзаадага ширеткен камкордугу, мээримдүүлүгү жана сүйүүнүн даркан мейкиндиги...

***

Истамбулда кылмыш, талап-тоноочулук өөрчүгөн кездерде болуп өткөн мына бул окуя кыйналган жана муктаж пенделерге мээримдүүлүк кылып кол созуунун артында албан жакшылыктар катылуу экендигин даана чагылдырат. Бул окуя «жакшылык кылсаң, каракчыдан да жакшылык көрөсүң» деген накыл кептин бул дүйнөдө жүзөгө кантип ашканын баян этет:

Беш-алты тоноочу ири дүкөнгө киришет. Андагылардын баарына курал кезеп, дүкөндүн ээсин опуза кылып кассадагы акчанын баарын баштыкка салууга буйруйт. Улгайган дүкөн ээси алдастап олтуруп аргасыздан ачкычты таап акча салынган сейфке карай жөнөп калат. Дал ошол маалда сыртта кароолдо турган каракчы улгайган адамдын кордук көрүп жатканын байкай коюп дароо ичкери кирип, колундагы куралын шериктерине кезеп кыйкырып калат:

– Бул жерден бир тыйын албастан чыгып кетишибиз керек!

Мындай кокустук өзгөрүү шашкалактап турган каракчыларды таң калтырат. Каракчылардын бирөөсүүнүн жаны кашаят:

– Сага жин тийдиби? Буга чейин канчалаган дүкөндөрдү, үйлөрдү карактап, тоноп жүрбөдүк беле! Эми эле каршы чыгып калганыңды кантип түшүнсөк болот? Жолтоо болбо, тезирээк чыгып кетели!

Ушул сыяктуу какшык аралаш ачуу сөздөрдү башка шериктери да айтканына карабай аларды чыгарып кетүү үчүн чечкиндүү үн катат:

– Жок! Айтпадымбы силерге, бул жерден бир тыйын да албайбыз! Менин айткандарыма каршы чыга көрбөгүлө! Менин кадыр-баркыма түкүрөм десеңер өзүңөр билгиле, баарыңа бирден ок белек кылам да, өзүм чыгып кетем. Бул байкуш абышканын ким экенин билесиңерби? Мен көп жыл бою кумарканадан, арак-шараптан башым чыкпай талаалап жүргөн мезгилде бул аксакал менин үй-бүлөмө чоң жардамдарды берип, балдарымды окутуп, аларды өз баласындай тарбиялаган. Ошондогу сөз менен жеткире алгыс жакшылыктарын кантип унутайын?!

Шеригинин айтканына көнгөн каракчылар башты шылкыйткан бойдон кечирим сурап, дүкөндөн чыгып кетиштет.

Мына, Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн көрсөтүлгөн көмөктүн, кайрымдуулуктун бул дүйнөдө тийген пайдасы. *«Кайыр садака балээлерди жок кылат* [76]*»* деген акыйкат сөздүн ибараттуу көрүнүшү.

Андыктан колунда жоктор колунан келишинче, байлар байлыгына жараша садака берип Алла Тааланын ыраазылыгын табуунун аракетинде болушу керек. Баарыбыз алдыдагы балээлерге, апааттарга, кыскасы, ар кандай жамандыктарга каршы калкан даярдашыбыз керек.

***

Мугалим башкалардан айырмаланып турган жаш өспүрүм кыздын акылынын сергектигин, боорукерлигини мындайча баян этет:

Босня согушу тутанып, күчөп турган кез. Класстагы окуучуларым менен бул күндөрдөгү күчөгөн заалымдык, адамдын суудай аккан каны, талкаланган үйлөр тууралуу сүйлөшүп жатканбыз. Окуучуларымдын бири:

– Агай, биз дагы ал жакка жардам жиберели – деп калды. Мен:

– Макул жардам берели, бирок ата-энеңерден акча талап кылбагыла – дедим. Ошентип кол эмгек сабагынан үйрөнгөн өнөрү менен ар кимиси бир нерселерди жасамай болушту. Мен болсо Босняга жардам иретинде уюштурулуп жаткан жарманкеде алардын эмгектеринин сатылышын камсыздай турган болдум.

Арадан бир апта өткөндөн кийин көлөмү кичинекей көрүнгөнү менен алакан жоорутуп жасаган өтө баалуу эмгектерин сабак учурунда мага тапшырышты. Төрт-бешөө гана толук жасап болгон соң кийинки сабакка алып келээрин айтышты. Класстагы эң жоош, бирок, жакшы окуган окуучубуз Сонгүл сабак бүткөнгө чейин башын көтөргөн жок. Качан гана коңгуроо кагылып, окуучулардын баары сыртка чыгып кеткенде гана жаныма келип:

– Агай, мен Боснядагы биртуугандарыма жардам катары мына бул нерсени гана жибере алам, башка нерсе таба албадым, Кудайым буйруп иштерине жарап калаар... – деп анчейин билине бербеген бир нерсени алаканыма салып коюп чыгып кетти. Алаканымды ачсам, автобуска түшчү билет экен. Боснядагылар да ушундай билет менен автобуста жүрүшөт деп ойлогон болсо керек.

Мектептен чыкканымда жамгыр чакалап куйгандай төгүп жатыптыр. Унаамды жүргүзүп бир топко кызыттым. Эрте менен келе жатканымда жол оңдоочулар чоң жолду оңдоп жаткандыктан башка көчөгө салып үйгө карай бет алдым. Жамгыр ушунчалык нөшөрлөп жаап жаткандыктан, айнек аарчыгычтар тазалаганга үлгүрчүдөй эмес. Алды жак араң гана көрүнөт.

Ээн көчөдө бирде чуркап, бирде шашып бара жаткан 12-13 жаштагы кызды көрөөрүм менен жол жээктей айдадым. Жамгыр өтмө катарына өтүп, кийими сыгып алгыдай суу болуптур. Терезини ылдыйлатып карасам, Сонгүл экен.

Бул жандүйнөсү кардай таза, нары сезимтал кыз автобуска түшө турган акыркы билетин Боснядагы биртуугандарына тартуу кылгандыктан, нөшөрлөгөн жамгырда үйүнө жөө кетип бараткан экен. Унаама отургузуп үйүнө жеткирдим. Атасы жана үч биртууганы менен чогуу турган үйдүн кейиштүү абалын көрүп, чындыгында өтө оор турмушту баштан кечирип, кыйналып жашап жаткан тура деген ойго келдим. Төрт чакырымдай жол жүрүп өзүмдү жакшы эле кармангандай болгонум менен Сонгүлдүн үйүнө жетип калганда өзүмө ээ чыга албай ыйлап алдым.

Белгиленген күнү биз күткөн жарманке да башталды. Жарманкенин ачылышына келген облус жетекчисине жана аны коштоп келген бийик даражалуу конокторго автобус билетинин баянын айтып бердим. Окуядан таасирленген облус жетекчиси билетти аукционго койдурду. Ошентип Сонгүлдүн билети жарманкеде сатылган бардык буюм-тайымдардан түшкөн каражатка тең келе турган көп акчага сатылды.

***

Жыйынтыктап айтканда, Жараткан Алла Тааланын ыраазылыгына татыктуу болууну самаган момун мусулман колунда жоктордун, кайгы-муңдуу адамдардын дартын, абалын сезе билип, ким болбосун аларга жардам берүүнү көнүмүш адатка айлантуусу керек. Мындайча айтканда, Алла Тааланын ыраазылыгын көңүлү ооруган, жүрөгү кайгылуу адамдардын жанынан издөө кажет. Анткени бир пендеге кызмат кылуу Алла Таалага кызмат кылуу, үммөткө кызмат кылуу Алланын сүйүктүү Элчисине кызмат кылуу дегенди туюнтат.

Башта айтылгандай, мусулмандын дартына чара көрүү Жараткан Кудуреттин ыраазылыгына жеткире турган ибадат болуп эсептелет. Ал эми эч кимден бейкапар «Өгүзүм өлбөсүн, арабам сынбасын» деген түшүнүк менен өмүр кечирүү Аллага жакпаган жат көрүнүш, акыретте мусулмандар өз акысын бербеген адамды жакалайт. Дененин бир жери ооруса, башка мүчөлөр да кыйналган сыңары бардык мусулмандар бир дене сыяктуу ынтымак болуп, бирибиздин дартыбызды, мүшкүлүбүздү башкаларыбыз сезе билип, ыкшоо тартпай сергек болушубуз керек.

### б. Жетим, жесирлерге көңүл буруу

Коомчулук болгон жерде канаты сынган, тиреги жыгылган адамдар да болот. Бул иштер Кудайы сынактын бир белгиси. Алла Таала мына ушулардын урматына башкаларга ырыскы берип, Өзү жар болуп келет. Тилекке каршы көптөгөн адам бул акыйкатты биле беришпейт. Тек гана «Өлгөн өзүнүн шору, жетимдин азап чекпөөгө аргасы жок» деген кайдыгерликтен бошоно албай, өз көмөчүнө күл тартуу менен убара. А аныгында Алла Таала коомчулуктагы тирегинен айрылгандарга заттык өңүттөн да, рухий өңүттөн да колдоо көрсөтүүнү мүмкүнчүлүгү бар пенделерине вазийпа катары жүктөгөн. Ыйык Куранда мындайча буйрулат:

**«Жок!** (Силер Алла Тааладан үзгүлтүксүз сый көрүүнү каалайсыңар да) **жетимдерге көңүл бурбайсыңар, аларга жакшылык кылбайсыңар! Муктаждарды тойгузууну колго албайсыңар!»** (Фажр сүрөсү, 17-18-аяттар).

Эл ичиндеги кароосуз калгандарга, жакыр адамдарга жардам берген жана алардын муктаждыгын чын ыкластан орундаткан пенделер чындыгында Алла Тааланын ыраазылыгына татып, эки дүйнөдө тең бактылуу болушат.

Коомчулуктагы күлкүсү аз, ыйы көп кайгылуулар – булар оор жоготууга учураган жетим-жесирлер болуп эсептелет. Алар ошол каран күн башка түшкөндөн тарта жылдар өтүп унутулганга чейин канаты сынгандыктан абада кайкып учалбаган канаттуу сымал өздөрүн бактысыз, таалайсыз сезип, күйүттө үмүтсүз өмүр кечиришет. Алардын заттык кем-карчын бүтөп, рухий өксүгүн толтуруу, жубатып-сооротуу үммөттүн мойнундагы карызы. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Жесирлер менен жакырларга жардам берген адам Алланын жолунда жихадка чыкканчалык соопко эгедер болот».*

Бул хадисти өз кулагы менен уккан сахаба: «Жаңылышпасам, ошондо Азирети Пайгамбарым буга кошумчалап: *«Ал (жардам берген камкор) адам түнү бою талыкпастан ибадат кылып, күндүзү кечке чейин үзгүлтүксүз орозо кармаган мусулман сыяктуу (сооп табат)» деген»* дейт (Бухари, Нафакат, 1, Адаб, 25, 26; Муслим, Зухд 41).

Жараткан Алла көптөгөн аяттарда жетимдердин акысынын корголушун Өзү камсыз кылаарын жана аларга сылык мамиле кылууну буйруган[77] . Жетимдерге көңүл буруп, муктаждыгын камсыз кылгандарды ашуусу бийик дабаанды ашкан менен барабар деп сыпаттаган[78] . Ашуусу бийик дабаанды ашып, Алланын ыраазылыгын алуу максатында өзү муктаж болуп турганына карабастан кедей-кембагалдарга, жетим-жесирлерге жана туткундарга жардам берген пенделерин мактаган [79].

**«Жетимге кордук көрсөтүүдөн сактан!»** (Духа сүрөсү, 9-аят).

**«...Жетимдердин акысын адилеттүүлүк менен көзөмөлдөгүлө! Кандай жакшылык жасабагыла, Алла Таала аны сөзсүз билет!»** (Ниса сүрөсү, 127-аят).

Ата-энесинен же күйөөсүнөн ажырап, жүрөгү канап тургандарга арка-жөлөк болуунун ордуна, аларга кордук көрсөтүп, акысына сук колун матыруу ашкере күнөөкөрлүктүн, кесирликтин жана ташбоорлуктун белгиси. Алла Таала Ыйык Куранда мындайларга эскертүү иретинде:

**«Динди** (сот күнүн жана эсеп берчү маалды) **жалган деп эсептегендерди кара! Ал жетимди кагып-силкет, жакырларды тойгузууга аракет кылбайт!»** дейт (Маун сүрөсү, 1-2-аяттар).

Жетимдерге боорукерлик менен мамиле кылган момун мусулмандарга Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* эң улуу сүйүнчү айткан:

*«Мен жетимдерди коргогон жана колдогон адам менен бейиште мына бул экөө сыяктуу чогуу болом»* деп сөөмөйү менен ортонунун арасын бираз ачып көрсөттү (Бухари, Адаб, 24, Талак 14).

Жана ошондой эле кадырман Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* үммөтүн коомчулуктагы колдоого муктаждарга колдон келген жардамды аябоого шыктандырган:

*«Жетимге жакшы мамиле кылынган үй-бүлө мусулман коомчулугундагы эң жакшы үй-бүлө болуп эсептелет. Жетимге орой мамиле кылынган үй-бүлө мусулман коомчулугундагы эң жаман үй-бүлө болуп эсептелет»* (Ибн Маада, Адаб, 6).

*«Кимде ким мусулмандардын арасындагы бир жетимдин курсагын тойгузуу үчүн өз үйүнө жетелеп барган болсо жана ошондон кийин кечирилгис оор күнөө жасабаган болсо, Алла Таала ал инсанды сөзсүз бейишке чыгарат»* (Тирмизи, Бирр, 14/1917).

*«Кимде ким жалгыз Алланын ыраазылыгы үчүн гана жетимдин башын сыласа, (колу канча тал чачка тийген болсо,) ошончолук сооп жазылат»* (Ахмад, V, 250).

Жүрөгүнүн мерездиги тууралуу даттанган сахабага Алланын сүйүктүү Элчиси:

*«Эгер жүрөгүңдүн жумшарышын кааласаң, кембагалды тойгуз, жетимдин башын сыла!»* деп кеңеш берген (Ахмад, II, 263, 387).

Абдуррахман бин Абза *(Алла ага ыраазы болсун)* Мухаммад Мустафанын: *«Жетимге мээримдүү ата сыяктуу жылуу мамилежаса!»* деген насаатын айтып калтырган (Хайсами, VIII, 163).

Бул жарык дүйнөгө жетим болуп көз ачкан Аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* үммөтүнүн жетимдерине өзү чуркап кам көргөн. Жалпы адамзат үчүн эң мыкты үлгү экендигин чагылдырган анын береги сөздөрүнөн анык изгиликти көрүүгө болот:

***«Мен бардык момун мусулмандарга өтө-өтө жакынмын. Дүйнөдөн өткөн адамдын артында калган мал-мүлкү өзүнүн жакын туугандарына таандык. Ал эми артында карызы же жетимдери калган болсо, ал карызды мен төлөйм, жетимдерди багуу менин вазийпам!»*** (Муслим, Жума, 43; Ибн Маажа, Мукаддима, 7).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын бул сөздөрү үммөт болуу бактысына тушуккан ар бир момун мусулманга теңдешсиз мээримдүүлүктү, боорукерликти, камкордукту жана жоопкерчилик сезимин үйрөтөт.

**Изгиликтин үлгүсү**

Башир бин Акраба *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Атам Акраба Ухуд согушу башталган күнү шейит кеткен. Мен тирегимден айрылганыма өпкөлөп көпкө ыйладым. Мага боору ооруган кутман Пайгамбарым:

– Ээ, каралдым! Ыйлаба, сабыр кыл! Мен атаң болоюн, Аиша энең болсун, ушуга ыраазы болосуңбу? – деди.

Мен:

– Ата-энем сенин жолуңдун курмандыгы болсун! Албетте ыраазы болом! – дедим. Пайгамбарым куттуу колу менен башыман сылап койду. (Азыр) эми, чачыма ак түштү. Бирок Алла Элчисинин куттуу колдору тийген жерлер азыркыга чейин капкара бойдон» (Бухари, ат-Тарихуль-Кабир, II, 78; Али аль-Муттаки, XIII, 298/36862).

***

Мусулмандар умраны өтөп Меккеден Мединага аттанып жөнөгөндө Азирети Хамзанын кызы Умама ала кетер бекен деп үмүт кылып Пайгамбарыбызга:

–Аба, абакебай! – деп үн катат. Азирети Али Умаманы Фатимага тапшырат:

–Абаңдын кызын жаныңа ал! – дейт. Мединага келгенде Умаманы багуу үчүн Али, Зайд жана Жафар үчөө талашат. Азирети Али:

– Ал менин абамдын кызы болот! – дейт.

Жафар:

–Ал бир жагынан абамдын кызы, бир жагынан менин жубайым анын таежеси болот! – деп чыгат.

Зайд болсо:

– Ал менин бир тууганымдын кызы! – деп көшөрөт (Алланын Элчиси аны Хамза менен бир тууган деп жарыялаган эле).

Алланын Элчиси Умаманы таежесинин жанында болуусун эп көрүп:

– Таеже эне даражасында! – деп буюрат. Андан соң Азирети Алиге кайрылат:

– Сен менденсиң, мен да сенденмин!

Жафарга кайрылып:

–Жаратылышың, табиятың жана кулк-мүнөзүң мага кандай гана окшош! – дейт.

Зайдка кайрылып:

– Сен биздин бир тууганыбызсың, экинчиден мавлабызсың (эркиндикке чыгарганымсың) ! – деп ар бирин өзүнчө орду бар экендигин айтат (Бухари, Магази, 43; Умра, 3; Муслим, Жихад, 90).

Азирети Али бул окуяны минтип эскерген:

«Алланын Элчиси Зайдды алкаганда Зайд абдан кубанды. Ал өйдө болуп, бир бутунун учуна туруп Пайгамбарыбызды айлана баштады. Жафарды алкаганда ал да Зайддын аркасынан басты. Мени алкаганда сүйүнгөнүмдөн мен да Жафардын артынан бир буттап секирип кирдим» (Ахмад, I, 108; Вакиди, II, 739).

***

Азирети Жафардын жубайы Асма бинти Умайс баян этет:

«Жафар жана достору шейит болгондо Алланын Элчиси үйүбүзгө келди. Ошол күнү кырк тери ашаткан элем. Камыр жууруп болгон соң балдарымдын жүзүн жууп, чачтарын тарап майлап койгом. Алланын Элчиси мага:

– Асма! Жафардын уулдары кайда? – деп сурады. Балдар келген соң аларды кучагына алып, өөп жыттады. Өөп жатканда көзүнөн жашы чууруп ыйлаганын көрдүм.

– О, Алланын Элчиси! Ата-энем улуу жолуңдун курмандыгы болсун! Эмне үчүн ыйлап жатасыз? Эмне үчүн менин балдарыма жетимдердей мамиле жасап жатасыз? Деги тынчылыкпы, же бир суук кабар келдиби? – дедим.

Алланын Элчиси:

– Ооба! Алар бүгүн шейит болушту!

– Эх, мырзам! Эх, Жафарым! – деп чаңырып ыйлап жибердим. Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* кызы Фатимага:

– Жафардын үй-бүлөсү үчүн тамак даярдагыла! Алар бүгүн азалуу – деди».

Ошентип Жафардын үй-бүлөсүнө үч күн бою тамак жеткизилип турду. Ааламдардын сыймыгы Пайгамбарыбыз Жафардын үйүнө үч күн барган жок, аларды өз жайына койду. Төртүнчү күнү барып:

– Боордошума эми ыйлабагыла! Бүгүндөн кийин тууганымдын балдарын кароо менин мойнумда! – деп буюрат.

Азирети Жафардын уулу Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси бизди үйүнө алып барып чачтарачты чакыртты. Чачыбыз кыскартылгандан кийин колун жогору көтөрүп:

«Оо, Жараткан! Жафардын үй-бүлөсүнө Өз ырайымыңды төк! Соода-сатык жаатында Абдуллахка береке бер!» деген тилекти үч жолу кайталады.

Энебиз келгенде баарын айтып бердим. Ал абдан сүйүндү. Азирети Пайгамбарыбыз ага:

– Сен бул балдарыңдын келечегин ойлоп көп санаага бата берբе! Дүйнөдө жана акыретте алардын өкүлү менмин! – деп буюрду» (Ахмад, I204-205; Абу Давуд, Таражжуль, 13/4192; Ибн Хишам, III, 436; Вакиди, II, 766; Ибни Саад, IV, 37).

Абдуллах бин Жафар *(Алла ага ыраазы болсун)* Пайгамбарыбыздын өзү менен жакындан алакадар болгон. Төмөнкү окуяны буга далил катары көрсөтсөк болот:

«Мен Азирети Аббастын Кусам жана Убайдулла аттуу эки уулу менен көчөдө ойноп жаткам. Бир маалда Алланын Элчиси төө минип жаныбызга келди. Мени көрсөтүп:

– Муну мага алып бергиле! – деди. Ошентип мени алдына өңөрдү. Кусамды айтып:

– Тигини да алып бергиле! – деп, аны учкашрырды.

Азирети Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* перзенттериненУбайдулланы жакшы көрө турган. Алланын Элчиси абасынан тартынган жок. Андан соң үч жолу башыман сылады. Ар бир сылаган сайын:

«Оо, Жараткан! Жафардын балдарына Өзүң жар көр!» деп дуба кылды» (Ахмад, I, 205; Хаким, III, 655/6411).

***

Абу Усама аттуу сахаба дүйнө салаардан алдың Кабша, Хабиба жана Фариа аттуу үч кызын Алланын ардактуу Элчисине алып барып аманат кылат. Абу Усаманын көзү өткөндөн кийин

Азирети Пайгамбарыбыз бул үч кызды өз карамагына алып, бардык муктаждыктарын өзү камсыздап турду.Ошону менен катар жеке өзү тарбия берди (Ибн Саад, III, 610).

***

Алла Элчиси менен баш кошкон жесир аялдардын жетегинде жетим балдары болгон. Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) аларга ата ордуна ата болуп, татыктуу тарбия берген. Маселен, Умму Салама энебиз көп баласы бар экенин билдиргенде аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«– Аларды багуу биздин милдет!»* деп буйруган (Насаи, Никах, 28).

Алланын буйругу менен Азирети Пайгамбарыбыздын тарбиясында өсүп чоңойгон жетимдер кийин хадис, укук сыяктуу Исламий илимдерди өнүктүрүү жаатында бараандуу салым кошкон чоң алым болушкан.

***

Анас *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерген:

«Көз жумар алдында Азирети Пайгамбарыбыздын жанында болчубуз. Ал бизге үч жолу:

*«–Намаз маселесине келгенде Алла Тааладан корккула!»* дегенден кийин сөзүн кайрадан улады:

*«Кол алдыңардагы адамдарга асти орой мамиле жасай көрбөгүлө! Жылуу мамиледе болгула! Алладан корккула! (Аларды кийим-кечеден кем кылбагыла! Ач калтырбагыла! Текеберленбей алар менен адамча сүйлөшкүлө!)»* (Абу Давуд, Адаб, 123-124/5156; Ибни Мажа, Васая, 1).

Ушинтип изгиликти осуяттагандан кийин кайрадан: «Намаз, намаз» деп кайталай баштады. Кут тамылжыган эриндери кыймылга келбей калганча кайталады жарыктык Пайгамбарым» (Байхаки, Шуаб, VII, 477).

***

«Жакшынын тийет шарапаты» дегендей Алла Элчисинен таалим алган Азирети Аиша энебиз өзүнүн Мухаммад аттуу бир тууган агасынын жетим калган кыздарын өз карамагына алып, аларга мыкты таалим-тарбия берген (Муватта, Зекет, 10).

***

Азирети Умар баян этет:

«Азирети Абу Бакр халифа болуп турган кезде Медина шаарынын четиндеги конуштардын биринде улгайган, көзү азиз кемпир жалгыз жашачу. Анын бардык муктаждыгын күн сайын камсыздап, көмөк көрсөткүм келчү. Ушундай жакшы ой менен барсам, качан болбосун бирөө менден алдын барып тамактандыруу, тазалык сыяктуу сооптуу иштерди орундатып, кароосуз калган кемпирдин бардык муктаждыгын жай-жайына келтирип койгонун көрүп ичим ачышчу болду.

Күндөрдүн биринде: «Бул камкор пенде ким болду экен?» деген кызыгуу менен таң эртелеп барып кемпирдин үйүнө жакын жерге бекинип алып аңдып жаттым. Аңгыча ылдам басып бир адам келип көзү азиз кемпирдин үйүнө кирип кетти. Көрсө, ал Азирети Абу Бакр экен! Аны көрөөрүм менен эмне дээримди билбей:

«Ант болсун! Бул камкор инсан сен турбайсыңбы!» дегенден башка эч нерсе айта албадым[80].

***

Бул окуяны Аслам аттуу сахаба *(Алла ага ыраазы болсун)* баян эткен:

«Күүгүм кирип калган. Адаттагы күндөрдүн биринде Мединадагы Вакым адырларында жүргөн элек. Аңгыча адырга жакын жайгашкан бир үйдүн алдынан энесин этектеп ыйлаган балдарды көрдүк. Очоктогу отко, асылуу казанга көзүбүз түштү. Жүрөгү түтпөгөн Азирети Умар ошол үйгө карай басты. Артынан мен да бардым. Балдардын эмне үчүн ыйлап жатканын энеден сурады. Маанайы суз аял байкуш:

– Ачкалыктан! – деп жооп берди.

Балдарын алаксытып олтуруп эптеп уктатуу үчүн казандагы сууну кайнатып жатканын укканда Азирети Умар чыдай албай ыйлап жиберди. Дароо ээрчишип алып зекет жыйналган

кампага бардык. Ал жерден бир кап ун жана башка түрдүү азыктарды бир капка каптап алып жонуна көтөрүп жөнөдү. Унду мен көтөрүп алайын деп канчалык өтүнсөм да болбой:

– Аслам! Мени жайыма кой. Баарын өзүм көтөрөм. Анткени акыретте береги ыйлаган балдардын сурагы менден суралат! – деди.

Ошентип артка кайттык. Кембагал жесирдин үйүнө баргандан кийин тамак жасоону да, от жагууну да халифа өз мойнуна алды. Ким болбосун, Азирети Умардын үммөткө болгон күйүмдүүлүгүн ушул жерден даана көрө алмак. Ал бир карасаң чокту үйлөп, бир карасаң казан-аякка аралашып жүргөн болот. Акырында тамакты бышырып өз колу менен балдарга жедирди. Курсагы тойору менен чыт курсак балдар оюн салып кирди. Бат эле күлкүсү чыгып, кылыгы чыккан балдарды бир топко дейре карап олтурду. Дене түзүлүшү локуюп олбурлуу, жүзүндөгү сүрү арстан сыяктуу айбаттуу эле. Бир нерсе дештен да тартынып турдум. Чай кайнам убакыттан кийин ордунан турду, үйгө кайттык. Ал мага:

– Аслам! Алардын маңдайында эмнеге отурганымды билесиңби? Алгач көргөнүмдө алар ыйлап жаткан. Байкуштардын күлкүсүн укмайын үйгө кайткым келбеди. Курсагына бир нерсе барган соң күлкүсү чыкканын өз көзүм менен көргөндөн кийин гана санаам тынчый түштү... – деди» (Али ал-Муттакий, XII, 648/35978).

***

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* бир торбо арпага келишим түзүп түнү бою бирөөнүн курма багын сугарат. Күн чыккандан кийин өз акысын алып үйүнө кайтат. Жубайы арпаны жаргылчакка тарткандандан кийин «Хазира» делген тамакты жасайт. Тамак бышырылып, эми дасторконго коюлуп жаткан кезде бир тилемчи «өзөк жалгаганга жарты нан болсо да» деп көзү жашылданып эшик кагат. Кайрымдуулук кылуу мүмкүнчүлүгүн колдон чыгаргысы келбеген момун мусулман бүлө бышкан тамакты ошол бойдон кайырчыга салып беришет да, маңдай тер менен таап келген арпанын дагы бир бөлүгүн жаргылчакка тартып тамак жасашат. Бул ирет да тамак бышкан кезде ачкалыктан иреңи кубарган жетим кайырчы эшик кагат. Жетимдин абалына көңүлү түтпөгөн камкор сахаба бышырылган тамакты бүт бойдон жетимге салып берет. Өздөрү ачка болгондуктан торбонун түбүндө калган акыркы арпадан тамак бышырышат. Аңгыча эшик чертилет. Сырка чыгып карашса, мушриктердин колунда жүргөн бир туткун экен. Туткун дагы өзөк жалгаганга бир нерсе сурап келгенин айтат. Аллага тобокел кылган Алинин бүлөсү акыркы тамакты туткунга берип, жаңы башталган күндү ачка өткөрүшөт.

Башка бир айтымда Азирети Алинин үй-бүлөсү ооз ачарга деп бышырган тамактарын үч күн катары менен кембагалга, жетимге жана туткунга берип, өздөрү суу менен ооз ачышкан. Мына ушул ажайып берешендиктин артынан береги аят түшүрүлгөн:

**«Алар өздөрү ачка отурса да жетимдер, туткундар жана жакырлар менен ырыскыларын бөлүшүшөт жана: «Биз силерден ыраазылык да, сый да күтпөстөн Алланын ыраазычылыгы үчүн гана силерди тойгузабыз, Биз Эгебизден жана азабы оор Күндөн коркобуз»** (дешет). **Алла аларды ал Күндүн жамандыгынан сактап, нурдуу жана кубанычтуу кылды»** (Инсан сүрөсү, 8-11-аяттар) (Вахиди, 470-бет; Замахшари, VI, 191-192; Раази XXX, 244).

Аятта баяндалгандай, Алла Тааланын мактоосуна арзыган пенделер кайрымдуулук кылганда: **«Биз силерден ыраазылык да, сый да күтпөстөн Алланын ыраазычылыгы үчүн гана силерди тойгузабыз»** деген ой-максат менен беришет тура. Ал берешен пенделер бул айтымдарды кайырчынын бетине айтпастан, көөдөндөгү ыйман тили менен айтып, Алла Таалага тобокел кылышкан. Мына ушул нерсеге басым жасоо максатында «дешет» деген айтым түздөн-түз эмес, каймана түрдө маалымдалган.

***

«Эл ичинде бир жетим бар эле. Азирети Умардын уулу Абдулла *(Алла ага ыраазы болсун)* ар дайым аны дасторконго чакырып, чогуу тамактанаар эле. Адаттагы тамактануу учурунда Абдулла аны издетип тапыра албайт. Үй-бүлө мүчөлөрү тамактанып болгон соң курсагы ачкан оюнкарак жетим сырттан кирип келет. Тилекке каршы, казанда тамак калбай калгандыктан, куурулган ун менен бал салып келишет. Дасторконго коюлган насипти көрсөтүп:

– Буларды жеп, курсагыңды тойгузуп ал. Чынын айтайын биз деле мындан жакшы нерсе жеген жокпуз – дейт.

Бул окуяны баяндаган сахабалар жана алардан кийинки муундун замандашы залкар аалым Хасан Басрий (Алла аны Өз ырайымына бөлөсүн) мындай деп кошумчалайт:

«Аллага ант болсун! Умардын уулу ал сөздөрдү айтуу менен албан соопко эгедер болду» (Бухари, ал-Адабул Муфрад, №134; Абу Нуайм, Хиля, I, 299).

***

Окуяны Сарий-и Сакатий маалымдаган:

«Айт күнү даңазалуу устат Маруф-и Кархийдин көчөдө курманын данегин топтоп жүргөнүн көрүп таң кала суроо узаттым. Ал мага буларды айтты:

– Ушул конушту аралап баратып кичинекей өспүрүмдүн ыйлап жатканын көрдүм. Жанына барып эмне үчүн ыйлап жатканын сурасам, чогуу ойногон достору сыяктуу кийими, оюнчугу жок жетим экендигин айтты. Анын дартын укканымда жүрөгүм зыркырап кетти. Ошол себептен көчөдөн курманын данегин чогултуп жүрөм. Эми, буларды көбөйтүп саткандан кийин жанагы балага кийим-кече, оюнчук алып бербесем болбойт...

Устаттын кичи пейилдиги, ак ниеттүүлүгү, айткан сөздөрүнүн таасири көөдөнүмдү элжиретип салды. Устаттан уруксат сурадым:

– Айланайын устат, эгер уруксат берсеңиз сиз айткан жетимдин муктаждыгын өз чөнтөгүмдөн каржылайын. Чын көңүлдөн бул ишти мага коюңуз!

Анын нускоосу менен жетимдин бардык муктаждыгын камсыздадым. Бул азыноолак салих амал көңүлүмдү булактай тазартып, көөдөнүмө бир башкача нурду пайда кылгансыды. Ошентип бул кичинекей кызматтын арты менен жаным жай алып, рухий жыргалга баттым...»

***

Жыйынтыктап айтканда, өлүмдүн бар экендиги акыйкат. Ал бизден жогору турган чындык, аны эч ким чана да, тана да алган эмес. Өлүм баарыбыздын башыбызга келет. Өзүбүз дүйнө салгандан кийин бала-бакырабыздын кыйналбай жашашын арзуу кылсак, анын арыгын азыртан чабышыбыз керек. Баштан бери айтылгандай, айылыбыздагы, шаарыбыздагы жетимдерге ээ чыгып, аларга заттык жана руханий жактан колдон келген жардамдарды беришибиз керек. Аларды Алла Тааланын бизге калтырган аманаттары деп билгенибиз абзел. Аларга Исламий илимди, таалим-тарбияны үйрөтүш биздин мусулмандык вазийпабыз. Асыресе, алардын тилегинде, дубасында Алла Тааланын чалкыган берекеси катылуу экенин эгерим эстен чыгарбаганыбыз оң. Акыретке азык камдагысы келген мусулман сөзсүз жетимдердин муктаждыгын камсыздаганга жан үрөсүн. Анткени мындай изги амал кулпендени Алла Таалага жакындата турган эң маанилүү вазийпалардын бири болуп саналат.

### в. Оору-сыркоолорго кам көрүү

Коомчулукта жардамга муктаж инсандардын катарына ооруп жүргөн, илдетке чалдыккан адамдар да кирет. Баарыбыз билгендей, ден-соолук жана саламаттык – бул Алла Тааланын пендесине ыроологон эң улуу нематы. Тилекке каршы, адамзаада качан ооруп калганда гана ден-соолуктун, саламаттыктын баркын сезет. Кандайдыр бир илдетке чалдыккан же табы качып ооруп калган чакта гана кулпенденин жүрөгү жумшарып, рухий туюму Алла Таалага жакындайт. Ошол себептен «Ден-соолук кадырын ооруган жан билет» деген накыл калса керек. Чындыгында дартка кабылган адамдар үчүн жандын кыйналып ооруганы өзүнчө бир машакат болсо, экинчиден убакыттын кыбырап өтпөй туруп алышы буга кошул-ташыл болот. Белгисиз акын оорулуунун ушул көйгөйүн төрт сап ырга салган:

Кою түндүн узундугун төлгөчү да билбейт жылдыз санаган.
Билбейт анын мүшкүл жагын усталар да мукумдап саат жасаган.
Чындыгында оору азап, анан дагы жылбагансыйт убакыт,
Билет аны бейтап гана жан сыгыла, уйку көрбөй таң ашкан.

Жай турмушта жашап жүрүп, анан бир күн капыстан алсыз-дармансыз жатып калгандыгы себептүү көңүлү жукарып калган оорулуулар, албетте, жакын санаалаштарынын, досторунун,

туугандарынын жана колу-коңшуларынын зыяратка келишин арзуу кылат. Жандүйнөсү жабыркап турган мындай адамдардын ал-абалын сурап кою жана кайрат берүү Алла Тааланын ыраазылыгына медер боло турган ибадат, нары ак пейилден өтөлгөн кызмат болуп эсептелет.

Бейтапка зыяратка барып, акыбалын сурап кою – муаккад[81] сүннөт. Айрым аалымдар зыяратка барууну «важип» деп да жүрүшөт. Ошол себептен ооруп жаткан бейтаптан өз айылдаштары же жердештеринен эч ким кабар албай, муктаждыгын камсыздоо чарасын көрүшпөсө, баардык Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Мусулмандын мусулманда беш түрдүү акысы бар: Саламга алик алуу, бейтаптын абалын суроо, жаназа намазга катышуу, чакырган жерге баруу, чүчкүргөн диндешине «Ярхамукаллах-Алла сени мээримине бөлөсүн!» деп тилек айтуу»* (Бухари, Жанаиз, 2; Муслим, Салам, 4).

жергиликтүү мусулман тургундар бирдей жоопко тартылат.

Ооруган адамдын ал-абалын суроонун изги амал экендигин Азирети Пайгамбарыбыздын төмөндөгү хадистери тастыктап олтурат:

*«Ооруп жаткан бейтаптын абалын сураганы барган, же Алла үчүн сүйгөн адамына зыярат кылган адамга көктөгү periште:*

*«Сен кандай гана бактылуусуң! Жолуң, таштаган кадамдарың пайдалуу болду. Бейиштен өзүңө башпаанек даярдап алдың!» деп ага сүйүнчү айтат»* (Тирмизи, Бирр, 64/2008; Ибн Маажа, Жаназа, 2).

*«Бейтаптан кабар алганы барган адам (үйүнө) кайтканга чейин бейиштин жолунда»* (Муслим, Бирр, 39).

*«Мусулман пенде ооруп жаткан диндешинин ал-абалын сураганы барса, кайтканга чейин бейиштин хурфасынын ичинде болот».*

– Пайгамбарым. Хурфа деген эмне? – деген суроого ал: *«– Бейиштин жемиши» деп жооп берди».* (Муслим, Бирр, 40-42).

Бул маанилүү вазийпаны аткарбай кою мусулман үчүн чоң жоготуу жана жоопкерчиликсиздик. Бул тууралуу сүйүктүү Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Алла Таала кыяматта:*

*– Эй, Адам баласы! Мен ооруп калган элем, сен Менден кабар албадың! – деп пендесине доомат койот.*

*Ошондо адам баласы суроо узатат:*

*– Оо, Жараткан Кудай Таалам! Сен ааламдарды жараткан Улуу Эгебиз болсоң, мен Сага кантип зыярат кылмак элем?*

*Алла Таала:*

*– Паланча аттуу кулум ооруп калган эле, сен ага зыяратка барган эмессиң. Анын абалын сураганы барганыңда Мени сөзсүз анын жанынан тапмаксың! Ушуну билбейт белең?!» деп зекийт»* (Муслим, Бирр, 43).

Аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* бейтаптын дубасы периштелердин дубасындай таасирлүү экенин маалымдап мындай деген[82] :

*«Бейтаптарга зыяратка баргыла жана алардын ак батасын алгыла. Анткени оорулуунун батасы сөзсүз кабылданат. Күнөөсү да кечирилет»* (Суюти, ал-Жамиу-с Сагийр, II, 57).

Бейтаптын жанында турган адам жакшылыктан үмүт кылышы керек жана Азирети Пайгамбарыбыздын мына бул осуятына баш ийиши керек:

*«Бейтаптын же одүйнө салган адамдын жанында турган маалда жакшы сөздөрдү сүйлөгүлө. Анткени периштелер силердин дубаңарды «оомийн!» деп колдоп турушат»* (Муслим, Жанаиз, 6; Абу Давуд, Жанаиз, 15).

Эгер ооруган адам өлүм алдында жаткан болсо ага *«Лаа илааха иллаллаах»* дедиртип, талкин айттыруу зарыл [83]. Бирок ошол эле маалда келмени айттыруу үчүн аны кыстоо да туура эмес. Анткени бир жагынан сай-сөөгү сыздап, көңүлү жукарып калган бейтап ачуусу келип келмени айтпай коюшу ыктымал. Мындай учурда анын келме айтпастан өтүп кетишине биз себепкер болуп калабыз. Кудайым Өзү сактасын!

Эскерте кетчү жагдай, ооруган адам жаны кыйналгандыгы себептүү ызы-чууну каалабай калган учурлары болот. Андыктан ал-жайын сурагандан кийин кайра тезирээк кайткан жакшы. Кандайдыр бир муктаждыгы болсо жандилден орундатуу керек.

**Изгиликтин үлгүсү**

Ааламдардын султаны Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир коомдун өкүлү катары өз элинин ичиндеги бейтаптарга зыяратка барган, алар үчүн кандай гана кызмат болбосун майын чыгара аткарган. Бүтүндөй үммөтүн ушундай изгиликти орундатууга чакырган.

Окуяны Азирети Салман *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчиси ооруп төшөк тартып калган бир мусулмандан кабар алганы барды. Анын маңдайына колун койду.

– *Өзүңдү кандай сезип жатасың?* –деп сурады бейтаптан. Бейтаптан жооп болбойт. Жанында тургандардын ичинен бирөө:

– Оо, Алланын Элчиси, баамымда ал сизди байкабай жатат шекилди – дейт. Бул ирет Азирети Пайгамбар жанындагылардан өтүндү:

*– Андай болсо, бизди жалгыз калтыргыла!*

Баары чыгып кеткенден кийин бейтап колуңузду дагы коюңузчу дегендей ишаарат кылды.

*– Өзүңдү кандай сезип жатасың?*

– Жакшы сезе баштадым. Жаныма эки адам келди. Бири кара, экинчиси ак экен.

*– Алардын кайсынысы сага жакын турат.*

– Кара түстүүсү дагы да жакын.

*– Демек, жакшылыктар аз, жамандыктар көп тура.*

Бул учурда бейтап Азирети Пайгамбарга жалдырады:

– Пайгамбарым! Мен үчүн бир дуба кылыңыз. Ак батаңызды пайдаланып калайын!

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Көпчүлүгүн кечир, аз болгонун толукта!»* деп Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* дуба кылды да, кайра суроо салды:

*– Эми, эмне көрүнүп жатат?*

– Ата-энем ак жолуңдун курмандыгы болсун Пайгамбарым! Жакшылыктарды көрүп жатам, жакшылыктарды!!! Жакшылыктар улам көбөйүп, жамандыктарым азайып жатат. Кара адам менден алыстап кетти.... – деп жеңилдегенсип терең үшкүрүнүп алды.

*– Кайсы амалың сага ээ чыккыдай?*

– Мурдалары элге суу таратчумун. Ошол амалдарым... – деп жооп берди бейтап» (Хайсами, II, 322, 324).

***

Ибн Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* Азирети Пайгамбарыбыздын бейтаптардан кабар алганын минтип эскерген:

«Баарыбыз чогуу олтурганбыз. Аңгыча Ансар мусулмандарынан бир адам сырттан кирип жалпыбызга салам айтты. Саламга алик алынган соң Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* андан сурады:

*– Эй, Ансарлык мусулман! Тиги Саад бин Убада тууганымдын абалы кандай болуп калды?*

– Жакшы жагына баратат – деп жооп берди ал. Жоопту уккан Алла Элчиси:

*– Кимиңер бейтапка зыярат кылууга мени менен кошо барасыңар?* – деп ордунан туруп жөнөп калды. Он, он бештей киши кошулуп жөнөдүк. Ошол маалда бутубузда бут кийимибиз да, баш кийимибиз да, үстүбүздө жарытылуу көйнөгүбүз да жок болчу. Какыраган талаа аркылуу жол жүрүп акырында көздөгөн жерге жетип бардык. Сааддын туугандары Пайгамбарга жана бизге жол бошотушту (Муслим, Жанаиз, 13).

Башка бир риваятта Ибн Умар окуяны минтип баяндаган:

«Саад бин Убада *(Алла ага ыраазы болсун)* ооруп калган экен. Алланын Элчиси, Абдуррахман бин Авф, Саад бин Абу Ваккас жана Абдуллах бин Масуд менен чогуу Сааддан кабар алууга бардык. Оорулуу дал ошол маалда адбан кыйналып жаткандыктан туугандары үйүлүшүп калыптыр. Азирети Пайгамбарыбыз:

– *Көз жумдубу?* – деп сурады.

Өтө катуу кыйналып жатканын айтышты. Сааддын оор абалына күбө болгон Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* капа болуп ыйлады. Тегеректеп тургандардын баары Пайгамбардан таасирленип бир катар ыйлап алышты. Азирети Пайгамбарыбыз ошондо:

*«– Көздөн аккан жаш жана жүрөктүн кайгырышы себептүү Алла Таала адампендени кыйнабай турганын билбейсиңерби. Бирок (колу менен тилин көрсөтүп) ушунун айынан адамды азапка да салат, кечирип да жиберет»* деди.

Кадырман Пайгамбарыбыз бул насааты менен өлгөн адамдын артынан жагымсыз сөздөрдү айтуу жана бети-башын дубалга уруп, чачты жулуп ашкере чектен чыгуу мусулманга жарашпай турган жорук экенин баса белгилеген. Башка салганга кайыл болуп, Алланын ырайымына баш калкалоо жана сабырдуу болуу өлгөн адам үчүн да, тирүүлөр үчүн да Жаратkандын ырайымынын ыйгарылышына себеп болоору айтылган.

***

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Хандак кагылышында Саад бин Муаз колунан жаракат алат. Алла Элчиси бат-баттан кабар алып туруу жана тез арада айыктыруу максатында мечиттин коргонуна курдурган чатырга аны алдырат» (Бухари, Магази, 30).

***

Алланын акыркы Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* кызмат кылып жүргөн бир жөөт бала бар эле. Күндөрдүн биринде бул өспүрүм ооруп калат. Муну уккан Азирети Пайгамбарыбыз анын ал-абалын сураганы барат. Ал-жай сурашып аркы-беркиден бир топко сөз кылынгандан кийин жаш өспүрүмгө:

– *Мусулман болсоң жакшы болоор эле!* – деп кеңеш салат.

Жанында турган атасына кандай кылалы деген маанайда суроолуу карайт. Көп жылдардан бери жалаң гана жакшы жагын көрүп келгендиктен Алла Элчисине ишаарат кылып:

– Уулум, Касымдын атасына (Азирети Мухаммаддын Касым аттуу перзенти болуп, бирок көп жашабай чарчап калган) моюн сун! – дейт. Атасынын уруксатын угаары менен өспүрүм мусулман болот. Алла Элчиси жаңы гана мусулман болгон өспүрүмдүн үйүнөн чыгып баратып чын дилден кубанганын жашырбай:

*«Аны от-жылындан куткарган Алла Таалага чексиз алкыш!»* дейт (Бухари, Жанаиз, 80).

***

Кутман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ооруп калган сахабаларынын айрымдарына Алла Таалага кантип жалбаруу керек экендигин үйрөткөн. Ооруп жүргөнүн айтып даттанган Осмон бин Абул Аска Азирети Пайгамбарыбыз төмөнкүдөй кеңеш берген:

*«–Ошол ооруп жаткан жериңе колуңду койуп үч жолу «Бисмилла» деп, жети жолу «Мендеги бул оорунун жана мен сактанган нерселердин жамандыгынан Алла Тааланын Улуулугуна жана Кудуретине пааналайм!» деп айт».*

Жаратылыш Нурунун *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул кеңешин дал өзүндөй орундаткан Осмон бин Абул Ас мындай деген:

«Алла Элчиси кандай үйрөткөн болсо дал ошондой орундаттым. Натыйжада, Алла Таалам мага шыпаа берди. Эми, мындан кийин ушул дубаны өз үй-бүлөмө жана башка диндештериме үйрөтөм» (Абу Давуд, Тыбб, 19).

Эскерте кетчү нерсе, ошо айтылган дубалар, тилектер чын дилден чыгып, бекем ишенич жана ыкластуу амалдар менен коштолушу шарт. Ыкластуулуктун коштоосунда суралган кандай гана тилек болбосун Алла Таалам Өз Берешендиги менен сөзсүз кабылдайт.

***

Абдулла бин Аббастын айтуусуна караганда Алла Элчиси бир бейтапка зыярат кылат. Кобурашып олтуруп андан сурайт:

– *Жаның эмнени каалап жатат?*

– Буудайдын нанын жегим келип жатат.

Ошондо Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларына:

– *Кимде буудайдын наны болсо сыркоолоп турган бир тууганына алып келип берсин!* – деп буюрду.

Азирети Пайгамбарыбыз андан кийин мынабул хадисин айткан: *«– Оорулуу жакыныңардын жаны эмнени каалап турса, ага ошондон жедиргиле!»* (Ибн Маажа, Жанаиз, 1).

***

Азирети Анастын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда:

Алланын Элчиси күнөрдүн биринде бир оорулуу адамга зыяраттап барды. Абалын көрүп аяп кетти белем оорулууга суроо салды:

– *Алладан бир нерсе тилеген учуруң болду беле?*

– Ооба болгон. Оо, Жараткан! Акыретте бере турган жазаңды алдын ала бу дүйнөдө эле бер! деп дуба кылчумун.

– *Алла аруу! Буга сенин күчүң жетпейт, Андыктан:* **«...Оо Жараткан! Бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылыгыңды бер. Тозок азабынан сактай көр!** (Бакара сүрөсү, 201-аят) *деп дуба кылсаң болбойт беле* – деп кейип алды.

Бейтап пенде Пайгамбар үйрөткөн дубаны айтып, Жараткандан жакшылык тилеп олтуруп акырында шыпаа тапты (Муслим, Зикир, 23; Тирмизи, Дааваат, 71/3487).

***

Алланын Ардактуу Элчиси төшөк тартып калган бейтап чабандан кабар алат. *«Алла шыпаасын берсин! Бул оору күнөөлөрүң үчүн каффарат болор Кудайым буйруса!»* деп чабанды жубатып, ага саламатчылык тиледи (Бухари, Тавхид, 31).

***

Салман *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Ооруп жаткам. Алла Элчиси менден кабар алганы келди. Ал-жай сурашкандан кийин үйүнө кайтып жатып: *«Эй, Салман! Алла Таалам кыйынчылыгыңды жеңилдетип, күнөөлөрүңдү кечирсин. Өлгөнгө чейин диниңе күч-кубат, өзүңө саламаттык берсин!»* деп батасын берди» (Хайсами, III, 299).

***

Саад бин Абу Ваккас *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Коштошуу ажылыгы болгон жылы Меккеде катуу ооруга чалдыктым. Азирети Пайгамбарым менден кабар алганы келиптир. Мен ага:

– Пайгамбарым! Өзүңүз көрүп тургандай катуу ооруп жатам. Менде бир кыйла байлык бар. Анын үстүнө бир кызымдан башка мураскерим жок. Ошондуктан мал-мүлкүмдүн үчтөн эки бөлүгүн кайыр-садака катары кембагалдарга таратсам дейм, кандай дейсиз? – деп кеңеш салдым. Азирети Пайгамбар:

– *Жок!* – деди.

– Анда жарымын таратайын.

– *Жок!*

– Эч болбосо үчтөн бир бөлүгүн таратууга кандай дейсиз?

– *Мейли, ошончолук ыклас кылган соң үчтөн бир бөлүгүн таратсаң тарат. Бирок бул деле көптүк кылат. Мураскерлерди башкага муктаж кылып, тилемчиликке жеткирүүгө караганда аларга байлык таштап кеткениң дагы да абзел. Алланын ыраазылыгын көздөп жасаган бардык иш-аракеттериңе үзүр-сооп берилет* – деди.

Мени кыжаалат кылган ою тууралуу сурадым:

– Пайгамбарым! Жоро-жолошторумдун баары кетип, мен бул жерде каламбы?

– Жок, сен бул жерде калбайсың. Алланын ыраазылыгы үчүн көптөгөн изги иштердин арты менен бийиктейсиң» (Бухари, Жанаиз, 36, Васая, 2, Нафакат, 1, Марда 16, Дааваат, 43, Фараиз, 6; Муслим, Васиййат, 5).

Чындыгында Пайгамбар айткандай Азирети Саад ал оорудан кийин дагы 45 жыл өмүр сүргөн. Дин Ислам үчүн, мусулмандар үчүн көптөгөн алгылыктуу кызматтарды көрсөтүп, каапырларга каршы далай согуштарга катышкан.

***

Азирети Аишанын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда үй-бүлө мүчөлөрүнөн бирөө жарым ооруп калган кезде Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* анын ошол ооруган жерин сылап минтип дуба кылчу экен:

*«Бүтүндөй адампенденин Ээси болгон Улуу Алла Таалам! Мунун оорусун айыктыра көр! Шыпааны берүүчү жалгыз гана Өзүңсүң! Сенин шыпааңдан башка шыпаа жок. Оорунун изи калбагыдай шыпаа бер!»* (Бухари, Марда, 20, 38, 40; Муслим, Салам, 46-49).

***

Азирети Абу Бакрдын чыныгы мусулмандык касиетине бейтаптар да далай ирет күбө болгон. Күндөрдүн биринде Алла Элчиси жамаатка суроо салат:

– Араңардан бүгүн орозо кармагандар барбы?

– Мен орозомун! – дейт Абу Бакр.

– Кимиңер бүгүн жаназа намазына катыштыңар?

– Мен катыштым Пайгамбарым! – дейт Абу Бакр.

– Кимиңер бүгүн бир кембагалды тойгуздуңар?

– Мен! – дейт Абу Бакр.

– Бүгүн бир бейтаптын ал-абалын сурагандар барбы араңарда?

– Мен кабар алдым! – дейт Абу Бакр.

Мындай суроолор менен үммөтүн жалаң гана изгиликке чакырган Азирети Пайгамбарыбыз*:«Кимде-ким мына ушул салих-изги амалдардын баарын бир учурда орундата турган болсо, ал сөзсүз бейишке чыгат»* деди (Муслим, Фадаилус-Сахаба, 12).

Чындыгында намаз жана орозо сыяктуу жекече ибадаттар менен жаназа намазы, жакыр адамдарга каралашуу, бейтаптын ал-абалын суроо өңдүү орчундуу (социалдык) ибадаттарды айкалыштыра өмүр кечирүү кандай гана бактылуулук. Ансыз деле Алла Таала пенделеринен ушул нерсени гана талап кылат...

***

Саид бин Илка баян этет:

«Азирети Али колумдан тартып: – Жүрү, экөөбүз чогуу барып Хасандын абалын сурап койолу! – деди. Хасандын жанына кирсек, Абу Муса да бар экен. Ал-жай сурашкандан кийин Азирети Али сурады:

– Эй, Абу Муса. Сен бул жерге бейтапка зыярат максатында келдиңби же өтүп баратып эми ушунча келген соң бир сурап койойун деп кире калдыңбы?

– Бейтаптан кабар алайын деп атайылап ниет кылып келдим.

– Андай болсо дурус. Анткени мен Алла Элчисинин мындай дегенин уккам, деп Азирети Али төмөнкү хадисти айтты: *«Мусулман пенде ооруп жаткан мусулман диндешинин ал-абалын эртелеп сурай турган болсо, кечке чейин жетимиш миң periште ал адамга мээримдүүлүк тилейт. Эгер күүгүмдө зыяратка барса, таң атканга чейин ал үчүн жетимиш миң периште (Алла Тааладан) кечирим тилейт. Бейиште ага жыйналган мөмө-жемиш бар»* (Тирмизи, Жанаиз, 2/969; Абу Давуд, Жанаиз, 3; Ибн Мажа, Жанаиз, 2).

***

Раби бин Абдуллах баян этет:

«Катаданын ооруп жатканын угуп Азирети Хасан экөөбүз зыяратка бардык. Азирети Хасан баш жагына олтуруп бейтаптын абалын жакшылап сурады. Катаданын үйүнөн чыгып жатып: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Анын жүрөгүнө да, ооруган жерине да шыпаа бер!» деп дуба кылды (Бухари, ал-Адабул Муфрад, №537).

***

Улгайып, саламаттыгы начарлап калган бейтап Маруф Кархинин үйүнө мейман болот. Мейман чындыгында чачы төгүлгөн, ирeңи кубарып, дарманы кетип калган бир байкуш эле. Муруф Кархи уктап эс алсын үчүн ага төшөк салып берет.

Карыя оорунун катуулугуна чыдайбай онтоп кирет. Ал онтоп, кээде жөөлүгөн сайын үйдөгүлөрдүн үрөйү учат. Алда не болуп кетер экен деп санаага баткан үй-бүлө мүчөлөрү такыр уктай албай коюшат. Онтоп, кыйкырганы аз келгенсип жанында өзүнө кам көрүп жаткан

адамдарды кагып-силкип, зекип алардын да тынчын алат. Сабырсыз абышканын оройлугуна чыдай албаган бала-бакыра, келин-кесек бирден, экиден болуп башка үйлөргө качышат. Бейтаптын жанында Маруф Кархи менен байбичеси гана калат.

Түнү бою кирпик ирмебей тажаал карыянын оорусу менен алпурушуп Маруф Кархи бир топ күндү өткөрөт. Акырында анын да бир мүнөткө болсо да уктап алгысы келип жаны жер тартып калат. Ошого карабай муздак сууга малынган чүпүрөктү оорулуу карыянын маңдайына коюп аны сергитүүнүн айласын кылып олтуруп көзү илинип кетет. Муну байкап калган бейжай чал өзүнө мээрим төгө, өз атасындай көңүл бөлүп жаткан салих инсанга ырахмат айтуунун ордуна акаарат айтып жинденет:

– Бул эмне деген адамгерчиликсиз дервиштик, ыя?! Буларыңдын тышкы көрүнүшү менен шейх деген аты гана болбосо, анык элкөрсүн үчүн жашашат! Булардын бардык иши көйрөңдүк! Тышы таза көрүнгөнү менен ичи былгып кеткен. Башкаларга такыбаалыкты буйрушат да, өздөрү аткарышпайт. Жаным зыркырап ооруп жатсам, мени ойлобостон кыйшайып уктап баратат. Өз курсагын тойгузуп уйкуга кеткен көрпенде канча күндөн бери уйку бетин көрбөй кыйналып жаткан байкуштун абалын түшүнмөк беле!

Сабырдуу Маруф Кархи карыянын акааратына, оор сөзүнө жооп кайтарбайт. Укмаксанга салып койот. Бирок сабыры түгөнгөн жубайы чыдай албай күйөсүнө шыбырайт:

– Бул жосунсуз чалдын эмне дегенин өз кулагыңыз менен уктуңуз. Мындан ары аны үйүбүздө кантип кармайбыз? Өзүбүз да кыйналып бүттүк, айрыкча азабын сиз тартып жатасыз. Чыдай албайм буга! Айтып коюңуз кетсин бул жерден! Жакшылык кылчуларды башка жактан издесин! Жакшылыкты сезген, билген адамга жасаса болот. Жакшылыкты билбеген кесир кайра минтип боорго тебет. Азыр биз жамандын коногу бийлейттен болуп жатабыз. Мындай пас немелерди тим койсоң өтүгүн төргө илишет!

Унчукпай байбичесин уккан Маруф Кархи жагымдуу жылмая жооп кайтарат:

– Анын айткандарын көңүлүңө алба, капа да болбо. Ал кыйкырган болсо мага кыйкырып жатат, ачууланган болсо мага ачууланып жатат. Анын сага жагымсыз сезилген сөздөрү мен үчүн балдай таттуу. Өзүң көрүп турасың, ал бул жерге келгенден бери жанын койорго жер таппай кыйналып, азап чегип жатат. Кара, соо адамдай дем алалбай жатат, же уктай алса, байкуш. Чыныгы боорукерлик, нукура адамгерчилик мына ушундайлардын кыйынчылыгын тарта билүүдө жатканын билип кой!

***

Алла Тааланын теңдешсиз берекеси менен Убайдуллах Ахрар аттуу даңазалуу олуяга оомат келип, төрт түлүгүнүн туягы көбөйүп, байлыгы артат. Анын байыганын ушундан билиңиз, эгин талаасында миңдеген адамдар иштей баштайт. Ал орошон ооматка азгырылбай «элге кызмат!» деген ураан менен жашайт. Рухий улуу жолдо баралына жетүү үчүн тааныган-таанибагандын баарына жылуу-жумшак мамиле жасап, колдон келген жакшылыгын аябайт. Ошондой ак кызматтардан бир мисалды өзү айтып берген:

«Самарканд шаарындагы Мавлана Кутбиддин медресесинде жаткан төрт бейтапка кызмат кылууну өз мойнума алдым. Алардын оорусу күч болгондуктан жаткан жерин булгап койчу. Мен алардын төшөнчүсүн, шейшептерин жана кийим кечелерин жууп, кургагына алмаштырып, тамак-аш, дары-дармектерин убагында жедири-ичирип жүрдүм. Убакыттын өтүшү менен алардын оорусу мага да жукту. Мен да алсырап, боюмду араң токтотуп жүргөнүмө карабай аларга кылган кызматымды уланта бердим».

Дагы бир Алланын сүйүкүү пендеси Махмуд Сами Рамазаноглу да шал оорусуна чалдыккан Жидданын эски муфтийи Хусайнга толук бир жыл кызмат кылган.

Алланын сүйүктүү олуяларын олуялыкка жеткирген нерсе – кызматты ак дилден кылгандыгында. Алар качан болбосун жалгыздардын, кароосуздардын жана колдоого муктаж бечаралардын жанында болгон жана эч ким башбакбаган дүкөндөрдөн соода кылган.

***

Маркум Муса мырза Алланын сүйүктүү пендеси болгон. Анын табияты, адамгерчилиги кудум мээримдүүлүктүн уюткусу менен уютулгандай өзгөчө асыл жан эле. Бул киши кедей-

кембагалдар үчүн бейтапкана куруу демилгесин көтөрүп чыгып, жакын туугандарынын көмөгү менен Худайи атындагы клиниканы курдурган. Улгайып ыкчам кыймылдай албай калганына өкүнө:

– Күч-кубатым жайында болгондо барбы, барып ооруларга өз колум менен кызмат көрсөтмөкмүн. Жакындары жок кароосуз калгандарды канатыбызга калкалап, аларга кызмат кылышыбыз керек. Алла Тааланын алдында биз аларга кам көрүүгө милдеттүүбүз – деп калчу экен жарыктык киши. Асыресе Худайи «бейпилдик үйүн» ишке киргизилиши анын чындыгында мээримдүү, боорукер инсан экендигин тастыктап турат.

***

Батыш саякатчысы Хунке өзүнүн саякат наамасында мусулмандардын бейтапканасында жаткан жаш жигиттин атасына жазган катынан үзүндү келтирет. Катта айтылган акыйкаттар чынында эле мусулмандардын ооруларга өзгөчө көңүл буруусун кашкайта чагылдырып турат.

«Сага акча керекпи? дептирсиң. Атаке! Мага ушу тапта эч кандай акчанын кереги жок. Эгер бейтапканадан чыга турган болсом, мага бул жерден баштан аяк кийим кече жана дагы бир кыйла убакыт бою тыныгуум үчүн беш даана алтын акча беришет. Ошол себептен жандыктарды сатайын деп убара чекпей эле кой...

Чынын айтсам бул жерден чыккым келбей жатат. Керебеттерге салынган матрацтар абдан жумшак, шейшептер ап-аппак, сүлгүлөрдүн тазалыгын, жумшактыгын айтпай эле койоюн. Ар бир бөлмөдөн суу чыгат. Аба-ырайы сууп кеткен күндөрү бардык бөлмөлөрдү жылытышат. Бизди абдан мээримдүү, өтө сылык дарыгерлер айыктырып жатат. Бул жерде күн сайын эки маал үй канаттууларынын жана кой этинен жасалган түрдүү тамактарды беришет. Мени менен бир бөлмөдө жаткан адам балапан куурдактан дагы жеш үчүн бир аптадай айыкпагандай түр көрсөттү. Бирок башкы дарыгер ага бир нан менен бир бүтүн тоокту жедирип көргөндөн кийин анын бейтапканадан чыгышына уруксат берди. Анын сыңарындай жакынкы күндөрдө отко какталган тоо эти акыркы жолу алдыма коюлуп калышы ыктымал. Ошого чейин жетип кел!»

***

Жыйынтыктап айтканда, Жаратkандын пенделерине көрсөтүлгөн ыкластуу кызматтар сөзсүз Анын ыраазылыгын жана биздин акылыбызга сыйбай турган жемиштүү үзүр алып келет. Анын үстүнө ооруган адамдын көңүлү чөгүп, нерви жукарып калат. Ушул өңүттөн алып караганда айрыкча коомчулуктагы ооруп же кандайдыр бир илдетке чалдыгып калган диндештерибизден кабар алып, колдон келсе алардын айыгып кетиши үчүн чара көрүү жалпыбыз үчүн маанилүү вазийпа болуп эсептелет.

Оорудан жаны кыйналып, азап чегип жаткан адамдардын ордунда биз дагы болуп калышыбыз толук ыктымал экенин эч убакта эстен чыгарбашыбыз керек. Ошол себептен өз саламаттыгыбыздын, амандыгыбыздын жана бакубат турмушубуздун акысы катары карыптарды, кароосуздарды, ач калган кембагалдарды ар дайым Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн колдой жүрүү зарыл. Ошондо биз нечелеген көңүлдү ыраазы кылган болобуз. Алсыздар ыраазы болсо көңүлүбүз ток болуп, рухубуз жай алат, асыресе алар акыретте кайра эле өзүбүзгө жардамга келет, жакшылыгыбызга кепил болуп, бейишке киришибизге себепкер болоор Кудайым буйруса. Андыктан колдо бар мүмкүнчүлүктөрдү зарыккан муктаж пенделер менен тең бөлүшөлү!

### г. Муктажга, карызы барга жана жолдо калган мусапырга жардам берүү

Алла Таала бул дүйнөнү сынак дүйнөсү кылып, ошондой эле аялуу сырлардан улам адампендени түрдүү деңгээлде жараткан. Куранда мындай деп айтылат:

**«Эгеңдин жакшылыгын алар бөлүп беришеби? Дүйнө тиричилигиндеги ырыскыны аларга Биз бөлүштүрүп бердик. Биринин ишин бири кылсын (маңдай тер менен акысын алсын) үчүн айрымдарын айрымдардан көтөрүп койдук. Эгеңдин Ырайымы алар жыйнаган нерселерден албетте жакшы»** (Зухруф сүрөсү, 32-аят).

Ошол себептен тиричилиги дурус бардар инсандар «Кудайы тагдырды» жеткиликтүү аңдап, ибадат кылып жатам деген изги сезим менен колунда жоктор, көмөккө муктаж адамдарга жардам бериши керек.

Алла Таала Ыйык Куранда көбүнесе «Рахман» (Мээримдүү) деген көзөл ысымына басым жасаган. Мээримдүүлүк – бул жокчулуктун айынан кыйналып турган адамга өзүңдөгү бар нерсени ыраа көрүү, берүү, башкалардын көңүлүн көтөрүү, кайгысын кубанычка алмаштыруу максатында өзүң жакшы көргөн нерсени тең бөлүшүү. Ошол себептен ыймандын теңдешсиз таттуулугун мээримдүүлүктөн табууга болот. Жардамга муктаждар болуп тургандарга кол созуу – мээримдүүлүктүн жемиши.

Кыйын-кысталыш кырдаалга кириптер болгон, карызга баткан жана сапарда жүрүп каражаты түгөнүп же унаасы бузулуп калган пендеге жардам берүү Ислам дининин нары камкор, нары маанилүү эрежелеринин бири болуп эсептелет. Тиричиликке зарыл нерсени таба албай карызга баткан адамга жардам берүү – динибиздин данакер буйругу. Мындай шартта каражат берүүчү тарап карыз болгон тарапка узун убакытка карыз катары, же болбосо берген каражатынын жарымынан көбүн же баарын кайтарымсыз жардам катары берсе болот. Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир жолу:

–*Садака берүү ар бир мусулмандын вазийпасы* – дейт. Сахабалар:

– Садака бергенге жарагыдай эч нерсе таба албагандарчы? – деп сурашат.

– *(Маңдай тер төгүп) иштесин, бул өзү үчүн пайдалуу, ошондой эле садака да бере алат* – дейт.

Сахабалар суроону кайра жаңыртышат:

– Буга да күчү жетпесечи (иш таба албаса)?

– *Кыйын-кысталышта калып жардамга муктаж болгон адамга жардам берсин.*

– Буга да күчү жетпесечи?

– *Башкаларды жакшылык кылууга чакырсын.*

– Аны да жасай албагыдай абалда болсочу?

– *Анда, өзү жаман иштерден оолак болсун. Мына ушунун өзү садака болуп эсептелет* – деди Пайгамбар (Бухари, Зекет, 30, Адаб, 33; Муслим, Зекет, 55).

Кыскасы, мусулман баласы кандай гана шартта болбосун диндешинин камын ойлоп, керектүү жардамды берүү үчүн аракетти көрүшү керек. Чын-чынына келгенде ар ким өз күчүнө, өз мүмкүнчүлүгүнө жараша жакшылык кыла алат. Алла Таала адамзааданы кандай гана жакшылык болбосун майын чыгара жасаганга ылайыктуу кылып жараткан.

Дүнүйө-мүлк же кандайдыр бир зат менен кимдерге жардам берүү керектиги Куранда ачык айтылган:

«(Эй, Мухаммад!) **Алар сенден** (Алла жолунда) **кимдерге, эмнени кайрым кылуу керектигин сурашат. «Кайрымдуулук үчүн бере турган нерсеңер ата-энеңер, туугандар, жетимдер, кедейлер жана жолоочу үчүн болушу керек. Эмне жакшылык кылбагыла Алла аны Билүүчү» – деп айткын»** (Бакара сүрөсү, 215-аят).

*«Ошондой эле тууган-туушкандын, жакырдын, жолоочунун акысын бер. Керексиз нерселерге чачып сапыра бербе!»* (Исра сүрөсү, 26-аят).

Чыныгы мусулман кандай гана жакшылыкка бел байлабасын Алла Тааланын ыраазылыгын максат кылышы керек. Куттуу хадисте ушундай улуу максатты көздөгөндөргө сүйүнчү айтылган:

*«Бир мусулманды кыйынчылыктан алып чыккан адамды Алла Таала кыяматта кыйынчылыктардан куткарат. Кысталышта калган жанга жардам берген мусулманга Алла Таала эки дүйнөдө тең жеңилдик берет. Диндешинин кемчилигин, айыбын жашырган мусулмандын эки дүйнөдөгү айыбын Алла Таала жаап-жашырат. Момун пенде диндешине жардам берген убакыт ичинде Алла Таала ал пендесине болгон жардамын үзбөйт...»* (Муслим, Зикир, 38; Ибн Маажа, Мукаддима, 17).

Жардамга көзү чачырап тураган адамга карыз, же кайтарымсыз түрдө жардам берүү өтө маанилүү, нары пайдалуу амал болуп эсептелет. Азирети Пайгамбарыбыздын хадисине көз жүгүртөлү:

*«Миражга чыкканымда бейиштин каалгасынан мындай деген жазууну окудум: «Садака он эсе көбөйтүлүп кайтарылат. Насыя акча болсо он сегиз эсеге көбөйтүлөт...»*

Мен:

*– Эй, Жабраил! Эмне үчүн садакага караганда насыя көбөйтүлүп берилет? – деп сурадым. Ал мага:*

*– Анткени кайырчы (көпчүлүк учурда) жанында акчасы бар туруп садака сурайт. Ал эми карыз сураган адам (акчасы калбай) зарыгып калгандыктан сурайт – деп жооп берди»* (Ибн Мааже, Садакат, 19).

Ошол себептен карызга баткан адамдарга колдон келишинче жеңилдик көрсөтүү зарыл. Эгер карыз алган адам канчалык акниеттен төлөгөнгө аракет кылганы менен оң натыйжа чыкпай жаткан болсо, ага убакыт берүү керек. Алла Таала:

**«Эгер карыз адам жокчулуктан кыйналып жаткан болсо, жеңилдеп калганга чейин күткүлө. Эгер билсеңер, кайрымдуулук өзүңөр үчүн дагы да жакшы нерсе»** (Бакара сүрөсү, 280-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз бул хадистерди айткан:

*«Кимде-ким карызы бар адамга (карызды төлөө үчүн) убакыт берсе, ар бир күн үчүн өзүнчө сооп табат. Кимде-ким төлөө убактысы келгенине карабастан карызды кайтаруунун убагын артка жылдырса, ошончо күн бою (канча аласасы болсо ошончо) садака жазылып турат»* (Ибн Мааже, Садакат, 14).

*«Алым-сатымда болсун, же карызды талап кылууда болсун, жеңилдик көрсөткөн адамга Алла Таалам мээримин төксүн!»* (Бухари, Бую, 16; Ибн Мааже, Тижарат, 28).

*«Алла Таала силерден мурунку үммөттөрдүн ичинен бир адамды кечирди. Анткени ал бир нерсе сатканда, бир нерсени сатып алганда же бирөөдөн аласасын талап кылууда жеңилдиктин тандап алчу»* (Тирмизи, Бую, 75/1320; Насаи, Бую, 104; Ибн Мааже, , Тижарат, 28).

*«Кыяматта Алла Тааланын кыйынчылыктардан куткарышын каалаган пенде карызын төлөй албай калган адамга убакыт берсин же аласасынын (өзү каалаган) бир бөлүгүн кечип жиберсин»* (Муслим, Мусакат, 32; Ахмад, II, 23).

Бирок карызы бар адам көрсөтүлгөн жакшылыкка кыянаттык кылбашы керек. Алган карызын ак ниеттен төлөөнүн камын көрүшү зарыл. Болбосо коомчулуктагы жакшылыкка себеп болор данакер сезимдердин өчүп, көптөгөн адамдардын зыянга учурашына себепчи болот. Азирети Пайгамбарыбыз төмөнкү хадистерин айткан:

*«Шексиз, силердин эң жакшыңар – алган карызын жакшы жол менен (өз маалында) төлөгөн инсан»* (Бухари, Истикраз, 4, Вакалат 6, Хиба 23; Муслим, Мусакат 120).

*«Бардар адамдын карызды кечиктириши – бул заалымдык...»* (Бухари, Хавалат, 1, 2, Истикраз 12).

Имам Раббаний бул маселе тууралуу: «Бир тыйын болсо да карызды төлөө максатында ээсине кайтарганың алтындан көп садака кылгандан да жакшы».

Ааламга мээримдүүлүктүн жышааны кылынып жиберилген сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* качан болбосун сахабаларынын мүшкүлүн, көйгөйлөрүн чечүүнүн камын көрүп, колдон келген жардамын берип өткөн. Мүмкүнчүлүгү боло калганда мойнунда карызы болгон абалда дүйнөдөн кайткан үммөттүнүн карызын төлөп, анын үй-бүлөсүн оор көйгөйдөн куткарган. Ал мындай деген:

*«Мен жаамы момун мусулмандарга эки дүйнөдө тең эң жакын адаммын. Кааласаңар мына бул аятты окугула: **«Пайгамбар момундарга өз жанынан да жакын...»** (Ахзаб сүрөсү, 6-аят). Кайсы момун мусулмандын артында малы калып көзү өткөн болсо, мураскерлери келип аны бөлүп алсын. (Эгер өлгөн адамдын) артында карызы же карoого муктаж болгондору болсо, мага келишсин. Мен алардын жакынымын»* (Бухари, Тафсир 33/1, Кафалат, 5, Фараиз 4, 15, 25; Муслим, Фараиз 14).

**Изгиликтин үлгүсү**

Караңгылык, түркөйлүк доордо Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* дитин коюп катышкан уюм – Хылфул-Фудул уюму болгон. Анткени бул накта адилеттүүлүктүн уюму эле. Ошону менен аласасын ала албай кыйын абалга кириптер болгон башка элден келген бейтааныш соодагердин акысын алып берүү максатында курулуп өз ишин ырааттуу уланткан. Бул заалымдыкка жана адилетсиздикке бөгөт болуу, жолдо калган жолоочуларга жана колдоого

муктаждар жарандарга жардам берүү үчүн курулган уюм эле. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* пайгамбарлык келгенден кийин бул уюм тууралуу төмөнкүдөй оюн билдирген:

*«Абаларым менен бирге Абдуллах бин Жудандын үйүндө Хылфул-Фудулду түздүк. Ошол жыйналышка ушунчалык сүйүндүм дейсиң, мага анын ордуна кызыл төөлөр (т.а. ошол доордун эң кымбат унаасы, байлыгы) берилсе да, анчалык сүйүнбөс элем. Ошол антташууга чакырылчу болсом азыр да баш тартпай, катышаар элем»* (Ибн Касийр, ал-Бидая, II, 295-296; Ибн Саад, I, 128-129).

***

Жабир бин Абдуллахтын айтуусуна караганда атасы шейит боло электе бир жөөттөн отуз васк (салмак өлчөмү) карыз алат. Ошентип Жабирдин атасы шейит кетет, карызды төлөө мөөнөтү келип жетет. Азирети Жабир төлөөнүн мөөнөтүн узартууну өтүнөт. Көшөргөн жөөт анын сунушуна көнө койбойт. Жаны кашайган сахаба аргасы түгөнгөндө Алланын Элчисине келип карызды төлөөнү жөнгө салууга ортомчу болуп берүүнү суранат. Азирети Мухаммад жөөткө отуз васк үчүн бир курма бакты көрсөтүп, ошонун мөмөсүн терип алууну сунуштайт. Бактан отуз васкка тең келе турган мөмө чыгышынан күмөнсүгөн жөөт анын сунушун четке кагат. Акырында Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* курма бакты аралап бираз басат да, Азирети Жабирге буйруйт:

– *Курманы терип (канча болсо) карызыңды төлөп ал!*

Азирети Жабир курманы терип жөөткө болгон карызын төлөйт. Себетте дагы он жети васк курма ашып калат. Абалды кабарлап кою үчүн Алла Элчисине келет. Ал учурда мусулмандардын Пайгамбары намаз окуп жаткан болот. Намаз аяктагандан кийин курманын ашып калганын маалымдайт. Ал муну Азирети Умарга билдирүүнү буйруйт. Кабарды уккан Умар:

– Алла Элчисинин бакты аралап жүргөнүн көрөөрүм менен курманын берекеге тунуп калышын ошондо эле боолгогон элем – дейт (Бухари, Истикраз, 9).

***

Ислам кошууну Затур-Рика казатынан кайткан кез. Жабир *(Алла ага ыраазы болсун)* төөсү арык болгону үчүн жолдошторунан артта калат. Алланын Элчиси Жабирдин жанына кайрылып:

– *Эй, Жабир эмне болду?* –деп сурайт. Азирети Жабир абалды түшүндүргөн соң Пайгамбарыбыз бир таяк алып, төөнү бир канча ирет акырын чаап койот. Ошентип Жабирдин унаасы Алла Элчисинин унаасы менен жарыша тургандай абалга келет.

Алланын Элчиси жолката Азирети Жабир менен баарлашат. Жабирдин жаңы үйлөнгөнүн, ошол себептүү көп карызы бар болгонун билген Алланын Элчиси, колунда эмне мал-дүйнөсү болгондугун сурайт. Жабир болгону жалгыз төөсү бар экендигин айтат. Үммөтүнүн көйгөйүнө жүрөгү түтпөгөн Алланын Элчиси аны карыздарынан кутултуу үчүн төөсүн сатып алаарын билдирет. Мединага барган соң Жабир төөсүн Алла Элчисине сатат. Азирети Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* аталык мээримдүүлүгүн, чалкыган айкөлдүгүн ушул жерден даана көрүүгө болот. Анткени ал төөнүн акчасын берет да, ошол эле маалда төөнү кайра Жабирге тартуу кылат (Бухари, Жихад, 49; Муслим, Мусакат, 109).

Жабир *(Алла ага ыраазы болсун)* бул окуяны минтип эскерген:

«Алланын Элчиси төөмдүн акчасын берип, төөнү кайра мага белек катары тартуу эткен кезде, тааныш бир жөөткө жолугуп калдым. Муну ага айтып бердим. Баягы жөөт айран таң кала: - Демек, төөнүн акчасын да берип, анан кайра төөнү сага кайтарып белек кылып тартуулады де?! – деп кайталап турду.

Мен:

– Ооба! – деп жооп бердим» (Ахмад, III, 303).

***

Жабир *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерет:

«Сапар учурунда Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* көпчүлүк учурда элдин артынан бастырчу. Артта калып кыйналган алсыздарга жардам берип, аларды өз унаасына мингизип, батасын берчү» (Абу Давуд, Жихад, 94/2639).

***

Карызга баткандарга жардам берип, эсепсиз үзүр тапкан адам тууралуу төмөнкү окуяны Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* баян эткен:

*«Жан алгыч периште силерден мурда жашап өткөн коомдордун биринде жашаган пенденин жанын алууга келет. Ошондо экөөнүн ортосунда берегидей сөз жүрөт:*

*– Эмне жакшылык жасадың?*

*– Билбейм.*

*– Жакшылап ойлонуп көр (балким эстеп калаарсың).*

*– Эсиме эч нерсе деле түшпөй жатат. Бирок эл менен болгон мамилелеримде (карызды төлөө үчүн) байдын мөөнөтүн узартып, кембагалга (кемчиликтерин кечирип) жеңилдик кылчумун – дейт.*

*Ошентип мындай жакшылыгы себептүү Алла Таала аны бейишке киргизет»* (Бухари, Бую, 17-18; Муслим, Мусакат, 26-31).

Башка риваятка назар салсак, анда булар айтылган:

*«Адамдарга акчалай карыз берген бир пенде бар эле. Ал кызматкерине:*

*– Кысталышта калган кембагалга барчу болсоң аны кечирип (карызды кечип) жибер. Алла Таала, балким, биздин күнөөлөрдүздү кечирер – деп насаат айтат.*

*Акырында ал пендени (күнөөлөрүн) Алла Таала кечирди»* (Бухари, Анбия, 54; Муслим, Мусакат 31).

***

Абдуллах бин Умарга бир адам келип так маалымат алуу үчүн олуттуу маселени ортого койот:

– Мен бир адамга карызга акча бердим. Бирок бергенимди көбөйтүп берүү шартын коштум.

Абдулла *(Алла ага ыраазы болсун)* ага:

– Мунуң анык сүткорлук! – дейт.

– Диндешим, айтчы эмне кылышым керек?

– Карыз үч түрдүү берилет:

а. Алланын ыраазылыгы үчүн карыз бересең болот. Сен муну менен Алланы ыраазы кылган болосуң жана сооп табасың.

б. Досуңду ыраазы кылуу үчүн карыз берсең болот. Мындай учурда досуңдун көңүлүн алып, аны кубанткан болосуң.

в. Адал каражатың менен арам каражат алуу үчүн карыз бергениң сүткорлук болот.

– Демек, мен ошондо эмне кылышым керек?

– (Көбөйтүп алуу деген шарт жазылган) баракты айрып салууну сунуш кылам. Канча берсең, ошончону кайтарып берем десе, ага макул бол. Эгер алганынан аз алып келген чакта аны кабыл кыла алсаң үзүр, сооп табасың. Эгер сенден алганды өз каалоосу менен ашырып берсе, аны ыраазылык катары кабыл эт. Айрыкча мөөнөттү узарткан болсоң, сага сөзсүз сооп жазылат» (Муватта, Буйу, 92).

***

Азирети Мавлана жардамга муктаж болгон жана жолдо калган мусапырга жардам берүүнүн маанилүүлүгүн икая аркылуу даршан этет:

«Олуя Баязид Бистами ажылык жана умра ибадаттарын аткарып келүү максатында Меккеге карай сапар тартат. Жолдогу шаар, айыл-кыштактарга токтоп рухий деңгээли бийик момун мусулмандарды издей жүрөт. Жолуккандардан: – Бул аймакта рухий парасаты бийик инсандар барбы? – деп сурайт.

Анткени кайсы жакка барбасын, иралды Алланын сүйүктүү досторун табуунун зарылдыгы анын алгы максаттарынын бири эле. Мунун себеби ал ар дайым Алла Тааланын:

**«... Эгер билбесеңер зикир өкүлдөрүнөн сурагыла!»** (Нахл сүрөсү, 43-аят; Анбия сүрөсү, 7-аят) деген буйругунун негизинде көңүлүндөгү түпөйүл соболдорго жооп издөө эле.

Тарыхтан маалым болгондой, Азирети Муса пайгамбар *(алейхис салам)* дагы ладунний илим[84] ээси болгон Кызырды *(алейхис салам)* табуу, зыярат кылууга буйрулган.

Жолоочу Байазид бир жерден жаңырган ай сыяктуу сырдуу, узун бойлуу бир инсанга кезигет. Андан олуялыктын айрым белгилерин байкайт. Ал көзү дүнүйөгө сокур, жүрөгү күн сыяктуу жаркыган жан экен. Ал:

– Эй, Байазид, кайда баратасың? Кусалык жүгүн кайда алып баратасың? – деп сурайт.

– Ажыга баруу максаты менен жүрөм. Жанымда эки жүз дирхамым бар.. – дейт Байазид. Андан соң рухий көсөм Байазидке каймана сөздүн каймагын айтат:

– Мени ук, Байазид! Колуңдагы дүнүйөнүн бир бөлүгүн Алланын жолунда муктаждарга, карыптарга жана бейчараларга тарат! Жандүйнөңдүн ак сезимдери ачылсын үчүн алардын көңүлүнөн түнөк тап. Ыралды жандүйнөң ажылыкты аткарсын! Андан соң агарган жүрөк менен аруу максатыңдагы назик сапарга жөнөй берсең болот!

Анткени Кааба Алла Тааланын Ыйык үйү. Ага ажылык кылуу парз. Айрыкча албан соопко эгедер кылган куттуу Үй. Бирок инсандын жүрөгү аяр сыр, сырдуулуктун казынасы.

Кааба – Азердин уулу Ибрахим пайгамбар курган имарат. Ал эми жүрөк болсо Улуу, Даңазалуу Алла Таала назар бура турган, Ага арналган азиз жай.

Күнөөдөн арылган, арууланган көңүл ажылыгын өтөсүн деп Алла Таала көзгө көрүнгөн ошол Ыйык Каабаны тооп кылууну баарыбызга буйруган.

Сен Алла Таала назар сала турган, Ал байырлаган жүрөктү ыза кылып, көңүлдү кирдетип алгандан кийин мейли Каабага жөө бар, бирок тапкан сообуң ооруган жүрөктүн оорлугуна тең келе албайт.

Ошол себептен колуңдагы болгон мүмкүнчүлүктү берип болсо да ажылыкка жүрөгүңдү даярда! Анүчүн башкалардын ыраазылыгын тап! Ошол ыраазы болгон жүрөктөр, сүйүнүч-кубанычтар караңгы көрдө сага тийген жарык болсун!

Кыраакы Байазид момун көсөмдүн айткандарын илгиртпей түшүнөт. Дилмаек аны ого бетер толкундатат. Кайыр-садака кылганы себептүү көңүлү көлкүп ажылык сапарын улайт».

Азалууларга көңүл айтуу, канаты сынган куш сыяктуу эл ичиндеги жардамга, мээримге муктаж адамдарды кубантуу, карызга баткандыгы же жол азабын тарткандыгы себептүү кыйналган инсандарга жардам берүү сыяктуу ибадаттар пендени асыл адамгерчиликке, көсөмдүккө тарбиялай турган вазийпалар болуп эсептелет.

***

Ахмад ар-Рыфаи кимге кезикпесин сөзсүз салам айтчу. Өзү жашаган жерде бирөө жарымдын ооруп калганын угаар замат бейтаптын ал-абалын сурабай койчу эмес. Жолдо баратып алдынан чыккан көзү азиздерди жана улгайган инсандардын жүгүн колунан алып бараар жерине чейин жеткирип койчу. Ар дайым жоро-жолдошторуна Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) мына бул хадисин насаат кылаар эле:

*«Кимде-ким улгайгандарга урмат көрсөтүп, жардам берсе, урмат көрсөтүп, жардам бере турган жанды улгайган чакта Алла Таала ага насип кылат»* (Тирмизи, Бирр, 75/2022).

Ахмад ар-Рыфаи көпчүлүк учурда саякаттан кайтканда атайлап тизгинди токойго буруп, улоосуна отун жүктөй келип, аны өз айылындагы жетим-жесирлерге, кароосуз калгандарга же кембагалдарга түшүрүп берчү экен. Акылынан ажыраган же ордунан тура албаган майыптардын кийимин тазалап, өз колу менен аларга тамак жедирип, аларды зериктирбей кээ учурда көпкө кобурашчу. Мына ошолордун чын жүрөктөн алкаган батасынын берекеси менен Ахмад ар-Рыфаи Алланын сүйгөн пендесине айланып, кыяматка чейин жакшы эскерүүлөр менен эскериле турган инсандардын каратынан орун алган. Ал өз шакирттерине:

«–Алсыздардан кабар алуу мустахап эмес, важип!» дечү экен.

***

Түштүк Албанияда кембагал аял жашачу. Ал ызгаарлуу кыш күнүндө титиреген жаш баланы көрүп, боору ооруйт. Берээрге жарытылуу эч нерсеси жок болгондуктан, тешилейин деп калган бут кийим таап кийгизет да, баланы башынан сылап жөнөтөт.

Закымдап учуп замандар өтөт арадан. Баягы бала аскерге чакырылат. Ошол бойдон Осмон мамлекетинин сарайында кызмат кылып, көтөрүлүп олтуруп Аяз Паша деген наам менен белгилүү инсан болуп чыга келет.

Жогорку мансапка отурган Аяз Паша жаштайынан тарткан кыйынчылыкты, баштан өткөргөн машакаттуу, азаптуу күндөрдү унутта калтырбайт. Эски бут кийимди сактап койгон жеринен алып чыгып ичин алтынга толтурат да, ыраазылыгын билдирип кембагал албан аялга жөнөтөт. (Илбер Ортайлы, Османлыйы йениден кешфетмек, 30 с).

Бул тарыхый окуя колдоого муктаждарга жардам берүүнүн бул дүйнөдөгү пайдасын көрсөтүү үчүн айтылды. Акыреттеги пайдасын Алла Таала гана билет...

***

Жыйынтыктап айтканда, алардын ордунда биз, биздин ордубузда алардын болуп калышы мүмкүн экенин эске түйүү менен бирге ар дайым жардамга чуркап, Алла Тааланын ыраазылыгын табуу жолдорун издешибиз керек.

Ошону менен катар өзүмө гана болсун деген калпыс түшүнүктөн арылып, карызга берүү жөрөлгөсүн жандандырышыбыз керек. Эртеңки Сот Күнүндө байдын колунда ушу азыркыдай мүмкүнчүлүк, кембагалдын жүзүндө ушу азыркыдай жалдыроо болбойт. Андыктан колдо бар алтындын баалуулугунан акыретке азыртадан азык камдап, болбогон шылтоолорду таштап зарыккандарга карыз беришибиз керек. Ал эми карыз алгандарыбыз болсо турмуштун өйдө-ылдыйына сабыр кылып, муңканып олтуруп албай, белди бекем бууп алган карыздарыбызды өз убагында төлөп, бакубат жашоого жеткенге аракет кылышыбыз керек.

Ошондой эле жолдо калган адамдарга жардам берип, алардын алкышын, ак батасын алышыбыз керек. Анткени кыйналып турган чакта инсандын жүрөгү Алла Таалага абдан жакындайт. Ошол себептен алардын дубасы албетте кабыл болот. Жараткан Алла сапарда жүргөн мусапырга маани берип, бир топ жеңилдиктерди ыйгарган. Маселен сапарда жүргөн жолоочу бай адам болсо да, каражатка муктаж болсо берилген зекетти алса болот.

### д. Ач адамды тойгузуу, чаңкага суу берүү

Алла Таалага кулчулук кылууга милдеттендирилген инсандын эң маанилүү муктаждыгынын бири – бул азыктануу. Адам баласы бул муктаждыкты камсыздай албаса, жашоосу токтойт, демек, жашоо токтогондон кийин жаратылуу максатын, Кудай Тааланын алдындагы кулчулук вазийпасын өтөй албайт. Ошол себептен ач калгандарды тойгузуу, чаңкагандарга суу берүү киши өмүрүнө кызмат кылуу болуп эсептелет. Ислам аалымдары: «Сыйдын же тартуунун эң баалуусу – тамак берүү. Анткени адам баласынын заттык түзүлүшү азыктануу менен жашай алат» деп айтышкан.

Ач калгандарды тойгузуунун өзүндө Алла Таала койгон өзгөчө бир сыр бар. Курайш уруусуна Өзү берген жакшылыктарды эскерткен Алла Таала:

**«Ач калганда тойгузган жана ар кандай кооптуулуктан сактаган мына бул Үйдүн Ээсине кулчулук кылышсын!»** (Курайш сүрөсү, 3-4-аяттар) деп буйруп, бул ибадаттын маанилүүлүгүнө басым жасаган.

Жараткан Алла жаамы макулукту жедирип, ичирип жатканын, Өзүнүн мындай алсыздыкка муктаж эмес экенин билдирип, ошону менен катар «тойгузуу» деген этиштин башаты Өзүнө гана таандык экенин маалымдаган[85] . Демек момун мусулман ач калгандарга ар дайым ак ниетте дасторкон жайып, суусагандарга суу берүү жолу менен албан соопко эгедер болот жана Кудай Тааланын буйругуна жуурулуша жашаган болуп эсептелет.

Алла Таала пенделерин бул касиеттүү артыкчылыкка үндөө максатында чалына турган курмандыктар тууралуу:

**«...Андан** (курмандыктын этинен) **өзүңөр да жегиле, кедей-кембагалдарга да бергиле»** (Хаж сүрөсү, 28-аят).

**«Алардын этинен өзүңөр да жегиле, ошондой эле муктаж экендигин жашырган жана жашырбаган кембагалдарга да бергиле...»** (Хаж сүрөсү, 36-аят).

Ислам дининин укуктук өңүтүн кунт коюп окуган адам жаза тартуу маселесинде кембагалдарга тамак-аш берүү өңдүү ырайымдуу чечимдерге күбө болот. Маселен, бир мусулман ант берип же касам ичкенден кийин анысын бузуп койсо, жаза катары он кембагалды[86] , ажылык учурунда ихрам кийген абалда тыю салынган жандыктарды өлтүрүп алган адам жаза катары

кембагалдарды тойгузууга милдеттүү [87]. Ошондой эле орозо кармаганга күчү жетпеген адам да жогоруда айтылгандай бир кембагалдын курсагы тойо турганчалык каражат берүүгө милдеттүү [88].

Азирети Пайгамбарыбыз өз хадисинде:

*«Бейтаптан кабар алгыла, ач калгандардын курсагын тойгузгула, туткундарды куткаргыла!»* (Бухари, Жихад 171, Атима 1, Никах 71, Марда 4).

Ач калган адамдардын курсагын тойгузуунун зарылдыгын Алла Элчиси төмөнкү кудсий хадис аркылуу маалымдаган:

*«Алла Таала кыямат күнү пендесинен сурайт:*

*– Эй, Адам баласы! Мени тойгузабы дедим, тойгузбадың!*

*– Сен ааламдардын Жаратуучусу болсоң, мен сени кантип тойгуза алмак элем?*

*– (Эсиңдеби?) Паланча кулум сенден (жегенге) тамак-аш сураган эле, а сен берген эмессиң. Эгер ошондо анын курсагын тойгузганыңда, бергениңдин үзүрүн сөзсүз Менин даргөйүмдөн таба алаарыңды билбейт белең? Эй, Адам баласы! Сенден суу сураганымда берген эмес элең!*

*– Оо, Жараткан! Сен ааламдардын Жаратуучусу болсоң, анан кантип сага суу бере алмак элем?*

*– (Эсиңдеби?) Паланча кулум сенден суу сураган эле. Ошондо сен ага суу берген эмессиң. Эгер сураганын бергениңде жакшылыгыңдын сообун Менин даргөйүмдөн таба алаарыңды билбейт белең? деп сурактайт»* (Муслим, Бирр, 43).

Демек, Алла Таала ач калган пенделердин курсагын тойгузууну ар дайым арзуу кылат. Мындай социалдык вазийпаны аткарган ыкластуу пенделерин Ал мындайча мактап өткөн:

**«Алар өздөрү ачка болуп турса да, жетимдер, туткундар жана жакырлар менен ырыскысын бөлүшүшөт: «Биз ыраазылык да, сый да күтпөстөн Алланын ыраазычылыгы үчүн гана силерди тойгузабыз, биз Эгебизден жана бетти бырыштыруучу оор Күндөн коркобуз»** (дешет). **Алла Таала аларды ал Күндүн жамандыгынан сактап, жүздөрүнө нур, (көңүлдөрүнө) кубаныч тартуулады»** (Инсан сүрөсү, 8-11-аяттар).

Бул буйрукка салкын мамиле жасоо Курандын айтымы менен айтканда **«тик ашуудан аша албоо»** дегенди билдирет.

**«Ал (пенде) ашуудан аша албай койду. Сен ал "ашуунун" эмне экенин билесиңби? "Ашуу" дегени кулду азаттыка чыгаруу, ачарчылык күндөрдө өз жакындарынын жетимдеринин, же ач-жылаңач кембагалдын курсагын тойгузуу».** (Балад сүрөсү, 11-16-аяттар).

Башта айтып өткөндөй, жетимдердин жана колунда жоктордун курсагын тойгузуу кыйын болгону менен абдан берекелүү жана көңүлгө бейпилдик тартуулай турган изги кызмат. Мындай берекелүү мүмкүнчүлүктү колдон чыгарып, напси деген тик ашууну аша албаган жандар акыретте сөзсүз аттиң деп өкүттө калат. Алардын кейиштүү кайгысын жана бушаймандыгын сүрөттөгөн бир аятта мындай деп айтылат:

**«Амал дептери оң жагынан берилгендер бейиште күнөөкөрлөр тууралуу бири-биринен сурашат: «Силер бул алоолонгон отко эмне себептен түшүп калдыңар?» Алар жооп беришет: «Биз намаз окубадык; бей-бечараларга тамак бербедик; биз пайдасыз бузукулукка баткандар менен бирге болдук; Кыямат Күнүн жалган дегенбиз. Аңгыча бизге өлүм келди». Мындан ары аларга колдоочуларынын колдоосу да жардам бербейт!»** (Муддассир сүрөсү, 39-48-аяттар).

Эл-журту үчүн күйгөн момун мусулман мүмкүнчүлүгүнө ылайык ач калгандарды тойгузууга аракет жасашы керек. Ал өзүнүн аракети аркылуу башка колунда барларга да үлгү боло алышы керек. Эгер өзүнүн сылык-сыпаа аракети менен башкаларды да мындай соопчулукка тарта аласа, коомчулук ойгонот, эл ичиндеги бардар инсандар өзүнүн дагы бир маанилүү вазийпасы бар экенин сезе алышат. Алла Таала Ыйык Куранда колунда бар туруп өзүнүн мусулмандык вазийпасын өтөбөгөн инсандар мындай турсун, ушундай жигердүүлүккө башкаларды чакырбаган, шыктандырбаган адамдарды зекип эскертүү берген:

**«Жокчулуктан** (баштан өткөрүп араң жашап жаткандардын) **курсагын тойгузууга бири-бириңерге өбөлгө болбойсуңар!»** (Фажр сүрөсү, 18-аят).

Ошондой эле амал дептери сол жагынан берилип анык кейиште калган күнөөкөрлөр тууралуу:

**«Кембагалды тойгузууга чакырчу эмес!»** (Хакка сүрөсү, 34-аят) деп айтылса, акыретке ишенбөөчүлөрдүн эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири катары: **«Кембагалды тойгузууга чакырбайт эле!»** (Маун сүрөсү, 3-аят) деп буйрулат.

Демек, ач калгандарды тойгузуп, аларга көмөк көрсөткөндөрдү чыныгы момун мусулман деп айтууга негиз бар. Күндөрдүн биринде сахабалардын бири:

– Мусулмандардын кайсы амалы дагы да жакшы? – деп сураганда Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Тааныган, тааныбагандын баарына (колдон келген) тамак берүү жана салам айтуу –* деп жооп берген (Бухари, Иман, 6, 20, Истизан, 9, 19; Муслим, Иман, 63).

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* башка хадисинде:

*«Кырк түрлүү жакшылык бар. Сүтүнөн пайдалансын деп башка адамга сүтүү эчкини убактылуу (болсо да) берип туруу (ушу кырк жакшылыктын) эң мыктысы болуп эсептелет...»* (Бухари, Хиба, 35; Абу Давуд, Зекет, 42) деп буюрган.

Жүрөгүнүн мерездиги тууралуу даттанган сахабага Азирети Пайгамбарыбыз мындайча сунуш айткан:

*«Жүрөгүңдүн жумшарышын кааласаң кембагалды тойгуз, жетимдин башынан сыла!»* (Ахмад, II, 263, 387).

Алла Тааланын чалкыган ыраазылыгы кайсы амалда катылуу экенин пендезат биле бербейт. Анын ыраазылыгы майда-барат көрүнгөн же көп мээнетти талап кылган түйшүктүү амалда, же көп кыйынчылыкты туудурбаган орточо бир иште катылуу болсо керек. Ошол себептен пенде эч убакта ачкөздүккө бой таштабашы керек. Башкача айтканда жарты нан сураган адамды тойгузууну же чаңкаган адамдын суусунун кандырып коюну этибарга албай койбошу керек. Алланын Элчиси суусаган жанга суу берүүнүн артыкчылыгын төмөнкү ибараттуу окуя менен түшүндүрөт:

*«Кыяматта бейиш эли казкатар тизилип турушат. Дал ошол маалда тозокко түшкөндөрдүн бирөөсү бейишке киргизилген бир момунга жолугат да: «– Эй, паланча! Эсиңдеби, бир кездерде чаңкап келгенде мен сага суу берген элем» дейт (ал ошентип андан шафаат сурайт). Момун мусулман ал адамга шафаат кылат...»* (Ибн Маажа, Адаб, 8).

**Изгиликтин үлгүсү**

Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* качан болбосун өзүн эмес, сахабаларын ойлогон. Анткени ал Ыйык Куран тастыктагандай, абдан мээримдүү, абдан боорукер жан болгон. Сахабалары тоймоюн, эч качан өз камын ойлогон эмес. Колундагы азыктын баарын сурагандарга бергендиктен, Ислам өлкөсүнүн жетекчиси Азирети Мухаммаддын үйүндө бир топ күн бою очокко от жагылган эмес, жадагалса бир тиштем нан табылбай калган күндөр болгон. Ислам тарыхында муну тастыктаган окуялар абдан көп учурайт.

Абу Хурайра баян этет:

«Жалгыз Алла Таалага ант этип туруп айтып жатам, мен кээде ачкалганда курсагымды жерге коюп үстөмөн жатчумун, кээде курсагыма таш байлап алчумун. Күндөрдүн биринде курсагым ачып арга түгөнгөндө сахабалар өтө турган жолдун боюна олтуруп алдым. Бир маалда жолдон Азирети Абу Бакр өттү. Үйүнө чакырып курсагымды тойгузаар деген ниетте Алла Тааланын Китебинен бир аят сурадым. Сыпаа гана жооп узаткандан кийин унчукпастан кете берди. Анын артынан Азирети Умар келип калды. Кара курсактын айынан үмүт кылып бир аят тууралуу суроо сурадым. Суроомо жооп бергенден кийин ал дагы унчукпай басып кетти. Ирецим керсары тартып, эриндерим кеберсип, эмне айла кылаарымды билбей ойлонуп олтурсам жолдон Азирети Пайгамбарыбыз өтүп калды. Ал мени көрөөрү менен жүрөгүмдөгү арзууну окуп койгондой жылмая карап:

– Абу Хурайра! Мени менен чогуу жүр! – деди. Ичимден кудуңдап сүйүнө ээрчий бастым. Азирети Пайгамбар үйүнө баргандан кийин ашкана жакты издеп жүрүп бир идиштеги сүттү таап чыкты.

– Бул сүт кайдан келди? – деп сурады жубайынан. Ал болсо:

– Паланча деген адам ичип койсун деп сизге таштап кетти – деп айтты. Идиштеги сүттү колуна кармаган Алла Элчиси мага кайрылды:

– Абу Хурайра! Барып суффа өкүлдөрүн чакырып кел!

Ахли суффа Исламдын кут коногу эле. Алардын баш калкалачу үйү, үй-бүлөсү, мал-дүйнөсү, туугандары да болгон эмес. Мечитке кандайдыр бир кайыр-садага келип калса, Алланын Элчиси аны ошол бойдон жакыр мусулмандарга жиберип, өзү андан эч нерсе алчу эмес эле. Эгер Пайгамбарыбыздын өзүнө деп белек тартууланса, өзү андан бираз гана алып, калганын асхабы суффага жөнөтө турган. Ошентип Пайгамбарыбыз келген белектерди алар менен тең бөлүшөр эле.

Алла Элчисинин болоор болбос сүткө суффа өкүлдөрүн чакырганын анчейин жактыра бербедим. Үйдөн чыгып баратып: «Аз гана сүт бир топ суффа өкүлүнүн кимисине жетет болду экен! Ал сүт менен азыктануу башкаларга караганда биринчи кезекте менин акым болчу. Эми, азыр аларды чакырып келе турган болсом, Алла Элчиси мага буйруйт, мен аларга сүт куюп берип отурам. Акырында өзүмө жетпей калсачы?! Бирок Алла Тааланын сүйүктүү Элчисинин буйругун орундатпай коюга мүмкүн эмес!» деп кобурап алдым ичимден.

Мен барып асхаб-ы суффаны Алла Элчисинин үйүнө ээрчитип келдим. Уруксат сурап ичкериге киргенден кийин баары тегиз чөк түшүп олтуруп калышты. Пайгамбарымдын буйругу боюнча келген меймандарга сүт куюп бере баштадым. Менин көзүмө аз көрүнгөн сүттөн меймандардын баары кангыча ичти. Акырында кесени үй ээсине узаттым. Ал мага күлүмсүрөй карады:

– Абу Хурайра!

– Кулагым сизде Пайгамбарым!

– Акырында экөөбүз калдык окшойт.

– Туура айттыңыз.

– Отуруп сүттөн кенен ичип ал! – деди. Ичимден кудуңдап култулдата жутуп кирдим. Бир кыйла ичкенден кийин идишти Алла Элчисине сундум. Ал башын чайкап: – Дагы ич… – деди. Бир чети Пайгамбарымдын көңүлүн кыя албай дагы ичтим. Экинчи ирет сунсам: – Дагы ичип ал! – деди. Ашказаным бат эле толуп калгандыктан:

– Болду! Сени акыйкат Пайгамбар катары жиберген Алла Таалага ант болсун, иче турган жерим калбады! – дедим да, кесени өзүнө карматтым. Жараткан Алла Таалага алкыш жана бисмилланы айткандан кийин калган сүттөн өзү ичти (Бухари, Рикак, 17).

***

Абдуррахман бин Абу Бакр (Алла аларга ыраазы болсун) төмөнкү окуяны баян этет:

«Асхабы Суффа чыныгы кедей адамдар эле. Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз мындай деди:

*«Эки кишиге жеткидей тамагы бар адам (асхабы суффадан) үч адамды; төрт адамга жеткидей тамагы бар адам аларга кошуп дагы бир же эки адамды үйүнө алып кетсин!»*

Атам Абу Бакр асхабы суффадан үч адамды үйгө ээрчитип келди. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* болсо он кишини үйүнө алып барып сыйын көрсөттү.... Алла алдында касам ичем! Жеген сайын тамагыбызга береке кирип, көбөйүп жатканына өз көзүм менен күбө болдум. Ошентип, кут меймандарыбыз да, биз да тойгуча жедик. Тамак болсо баягы жаңы алып келгенден дагы ашып-ташып турду. Атам тамакты көрүп апама кайрылды:

– Эй, Фирас уруусунун кызы! Бул эмне?

– Чынын айтайын, тамак азыр мурункусунан үч эсеге көп! – деди» (Бухари, Мавакыт, 41, Манакиб, 25, Адаб, 87-88; Муслим, Ашриба, 176-177).

Атам артып калган тамакты Азирети Пайгамбарыбызга жеткирди. Алла Элчиси жегенден кийин деле бир кыйла артып калган тамак менен маанилүү келишимди бекитүүгө келген бир уруунун өкүлдөрүн сыйладык. Келген коноктордун баарына биз бышырган тамак кадимкидей

жетти. Бул окуя ыкласмандыктын, жоомарттыктын, марттыктын береке үчүн эң сонун себеп экендигин даана, ачык-айкын көрсөтүп турат» (Бухари, Мавакит, 41, Манакыб, 25, Адаб, 87-88; Муслим, Ашриба, 176-177).

***

Сиздерге баяндай турган бул окуя ач адамдарды тойгузуунун зарылдыгын жана мыкты таалим-тарбия усулун үйрөтөт деп терең ишенебиз.

Аббад бин Шурахбил *(Алла ага ыраазы болсун)* маалымдайт:

«Тээ бир кездерде жокчулук абдан кысты. Кембагалчылыктын айынан кара курсакты тойгузуу үчүн Мединадагы бирөөнүн эгин жайына кирдим. Жерге түшкөн машактарды укалап, данын чыгарып жедим. Курсак бираз тойгон кезде мойнума аса келген баштыкка сала баштадым. Эгин жайдын ээсинин жете келгенин байкабай калган окшойм, чуркап келип кармап алды. Уруксатсыз киргендигим үчүн эстен кеткис кылып токмоктоп, баштыгымды тартып алды да, мени дегдеңдетип жетелеп Алла Элчисине даттанып барды.

Алла Элчиси эгин жайдын ээсине туура эмес кылып жатасың дегендей:

*– Бул караңгы адамдарды тарбиялабадың, эми, ач калганда тойгузбадың!* – деп айыпты өзүнө жүктөдү. Баштыгымды андан алып берген соң үйүнө алып барып курсагымды тойгузду» (Абу Давуд, Жихад, 85/2620-2621; Насаи, Кудат, 21).

Азирети Пайгамбарыбыздын сөзүнө таянсак, мусулмандар карапайым адамдарга Исламдан, ыймандан, адал-арамдан кабар берүүгө милдеттүү. Айрыкча жокчулук, ачарчылык адам баласын аргасыздыкка, арамга кол созууга түртөөрү айдан ачык. Ошол себептен ач адамды тойгузуу эң маанилүү вазийпаларыбыздын бири экенин унутта калтырбасак. Ошону менен катар жакшылыштык кетирип койгондорго ар дайым сылык-сыпаа эскертүү берүү жана аларга жакшылык тилеп дуба кылуу керек.

***

Ааламдардын Мырзасы *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн муктаждыгынан да сахабаларынын жыргалчылыгын жогору койоор эле. Окуяны Азирети Али баян этет:

«Пайгамбар ата кызы Фатиманы үй-бүлөсүндө баарынан жакшы көрөр эле. Жаргылчак тартуу, чаначка суу ташуу Фатиманын милдети болгондуктан, колу туурулуп, мойну канталап, айрыкча үйдү көп шыпыргандыктан үстү-башын чаң басып калар эле. Анын түйшүгүнүн оорлугу мени да түйшөлтчү. Күндөрдүн биринде Алла Элчисине бир канча туткунду алып келишет. Мунун кабарын угаарым менен жубайыма кайрылдым:

– Атаңа барып, үй кызматына бир күң алып келсең жакшы болгону турат?!

Менин сунушумду оң көргөн Фатима атасына барат. Пайгамбарыбыздын бирөөлөр менен сүйлөшүп жатканын көрөт да, артка кайтат. Эртеси күнү Алланын Элчиси Фатимага келип:

– Кызым, кечээ эмнеге келдиң эле? – деп сурайт. Фатима унчукпайт. Мен ортого кирип:

– Мен айтып берейин! – деп жагдайды түшүндүрүп бердим. Анда Алланын Элчиси:

*– Эй, Фатима! Аллаһдан корк! Алланын парздарын орундат! Үй-бүлөлүк жумуштарыңды өзүң аткар! Жатаарда жаздыкка баш койгондо отуз үч жолу субханаллах, отуз үч жолу алхамду лиллах, отуз төрт жолу Аллаху акбар деп айт! Ошондо баары биригип жүз болот. Булар сен үчүн кызматкерден алда канча пайдалуу!* – деп буюрду.

Акылы зирек Фатима атасынын нускалуу сөзүнө муюп:

– Аллага да, Алланын Элчисине да ыраазымын! – деди. Ошентип, Алланын Элчиси ага кызматкер берген эмес» (Абу Давуд, Хараж, 19-20/2988).

Ушул эле окуя тууралуу башка баяндамада Пайгамбарыбыз:

*«Алла Таалага ант болсун, ачкалыктан курсагына таш байлаган ахли суффага бергенге жарытарлык бир нерсе таппай турганда силерге кызматкер бералбайм. Туткундарды бошотуу үчүн алардан фидия (баш акы) алып, аны Асхабы Суффага сарптайм»* (Ахмад, I, 106) деген тура.

***

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

Душмандан коргонуу үчүн Мединаны шаарын тегерете ор казып жаткан элек. Алдыбыздан чоң таш чыкты. Канчалык аракеттенбейли чоң ташты чагып алмак тургай ордунан козгой албадык. Сахабалар абалды Пайгамбарыбызга түшүндүрүштү. Бизге басып келген Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– Мен коого түшөм – деди. Ошондо ал ачкалыктан курсагына таш байлап алган эле. Биз үч күн бою эч нерсе жебей ошол жерде болгон элек. Пайгамбарыбыз керилип туруп барскан менен береги чоң ташты урду. Таш кудум жерге түшүп, майда талкаланган айнек идиштей болуп кумга айланып чаңып жатып калды. Мен:

– О, Алланын Элчиси! Уруксат берсеңиз, үйгө барып келсем? – дедим. Үйгө барып жубайымдан сурадым:

– Алла Элчисин алсырап калды. Өзөк жалгаганга эмнең бар? – деп сурадым.

Ал:

– Бираз арпа, анан бир улак бар – деди.

Улакты союп, арпаны жаргылчакка тарттым. Этти казанга салдык. Нан бышып, казан кайнап жатканда Алланын Элчисине бардым:

– Пайгамбарым! Бираз сыйым бар эле, бир-эки киши менен бирге биздикине жүрсөңүз – дедим.

Алланын Элчиси:

– Канча тамагың бар? – деп сурады. Мен болгонун айттым. Жүзүн жылмаю чайган Пайгамбарыбыз:

– *-Абдан көп, абдан сонун экен. Жубайыңа айт, мен барганга чейин казанды очоктон чыгарбасын, нанды да чыгарбай койо турсун!* – деди да, сахабаларга:

– *Эй, Хандак жоокерлери! Жабир бизди конокко чакырып жатат. Кана эмесе, жүрүгүлө!* – деп бийик үнү менен жар салды. Сахабалардын баары менин үйүмө карай агылып келе баштады. Мен шашып үйгө карай чуркадым. Өрөпкүп жатып араң дегенде өзүмө келдим да, жубайымдан сурадым:

– Эми эмне кылабыз? Пайгамбарыбыз бүтүндөй мухажир жана ансарларды ээрчитип биздикине келатат.

– Алланын Элчиси сенден тамагыбыз жөнүндө сурадыбы?

– Ооба!

– Анда кабатырланбай эле кой.

Биз даярдык көрүп жатканда Алла Элчисин коштогон жоон топ адам сырттан кирип келди. Азирети Пайгамбарыбыз:

– Кысылышпай киргиле! – деп буйурду. Он-ондон болуп кирышти. Пайгамбарыбыз нанды сындырып, үстүнө эт коюп сахабаларга узатып жатты. Казандан эт алган сайын казандын капкагын, тандырдан нан алган сайын тандырдын оозун жаап турду. Ошондо бери дегенде миң киши бар эле. Жоокерлердин баары курсагы тойгончо жешти. Казандагы тамак артып да калды. Алла Элчиси жубайыма:

– *Мындан өзүңөр да даам таткыла, кошуналарыңарга да бергиле. Ачарчылык өкүм сүрүп, элди бүлгүнгө салды!* – деп койду (Бухари, Магази, 29; Муслим, Ашриба, 141; Вакиди, II, 452).

Ошентип, бир канча кишилик тамак менен (Алланын уруксат-буйругу менен) миң киши тоюп, алтургай ашып калганын кошуналарга да бердик. Келген конокторду сыйлоо учурунда казаныбыз дегеле азайган жок, айрыкча чарадагы түгөнгүс камырдан буту-бутуна тийбей шыпылдап эки аял нан жаап турду» (Муслим, Ашриба, 141).

***

Адамдарды гана эмес, башка жандыктарды да тойгузуу жана сугаруу өтө сооптуу иш. Сурака *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Күндөрдүн биринде Алла Элчисинен *(саллаллаху алейхи васаллам)* сурадым:

– Атайын өз төөлөрүмдү сугаруу үчүн курган көлмөмө бирөөнүн жоголгон төөсү келсе, мен аны сугарсам, мага сооп жазылабы?

Ал мага:

– *Ооба, кандай гана жаныбар болбосун, аны сугарган адамга жакшылык жазылат* – деп буйруду (Ибн Маажа, Адаб, 8).

***

Абу Зар (Алла аларга ыраазы болсун) Исламдан мурунку караңгылык доордо да буттарга табынган эмес, таза жүргөн. Дин Исламды кабыл алып калышын мындайча баяндаган:

«Мен Гыфар уруусунан элем. Меккеде бир адам, өзүнүн пайгамбар болгондугун айтып чыгыптыр деген кабарды угуп калдым. Убакытты создуктурбай, күлазык камдап, чаначыма суу толтуруп алып Меккеге карай жол тарттым. Бир топ жол жүргөндөн кийин Меккеге да жетип келдим. Бирок Алланын Элчисин тааныбагандыктан бирөө жарымдан сурагандан бир чети кооптонуп, бир чети тартынып турдум. Каабага барып, зам-замдан кангыча ичип, бир кыйла күтүп турдум. Аңгыча алсыз бир адам мен тарапка келди. Андан Пайгамбардын дарегин сурасам, «Динин чанган адам!» деп мени бираз узакта турган бир топ адамга ишаарат кылып койду. Топтолушуп тургандар элдешкис душманын көргөндөй албууттана жете келип мени токмоктоп кетишти. Мен ошентип зам-замдан башка эч нерсе ичпестен Меккеде толук отуз күн жүрдүм. Акырында Алла Элчиси менен Азирети Абу Бакрды көрдүм. Азирети Пайгамбарым менин келгениме канча болгонун сурады.

– Отуз күндөн бери Меккеде жүрөм – дедим.

– *Бул мезгил ичинде кимдин үйүнөн тамактанып жүрдүң?*

– Эч кимдикине барган жокмун. Жалаң гана зам-зам ичип жүрдүм.

– *Зам-зам тоюмдуу, айрыкча, берекелүү жана ар кандай дартка дабаа.*

Сөзгө Абу Бакр аралашты:

– Пайгамбарым, бүгүн мусапырдын курсагын мен тойгузайын. Үйүмө алып кетүүгө уруксат бериңиз.

Үчөөбүз бир кыйла бастык. Анан Абу Бакрдын үйүнө бардык. Ал биздин алдыбызга Таиф ширесин койду. Ошентип бул менин Меккеде жеген алгачкы тамагым болду (Муслим, Фадаилус-Сахаба, 132).

Адам баласына мээримдүүлүктүн жана боорукерликтин үлгүсү катары жаратылган кадырман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Зар менен таанышкан соң дароо анын курсагынын ач же ток экенин сураган, а анын эң жакын досу саналган Абу Бакр болсо алгачкы мүмкүнчүлүктү колдон чыгаргысы келбей Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн ач курсакты тойгузуунун камын көргөн.

***

Азирети Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун)* мүмкүнчүлүк табылды дегиче жакыр мусулмандардын курсагын тойгузуп, тамак-аш жагынан кайрымдуулук кылууну жакшы көргөн сахаба болгон. Мындай кайрымдуулуктун арты менен мусулмандардын санынын өсүп баратканына ичи күйгөн дин душманы Абу Жахил аны келекелегиси келет:

– Эй, Абу Бакр! Алла Тааланын ушу жакырларды тойгузаарына ишенесиңби?

– Ооба!

– Айтканың ырас болсо, эмне үчүн аларга көз көрүнөө тамак бербейт, курсагын тойгузбайт?

– Алла Таала айрым пенделерин кембагалдык менен, айрымдарын байлык менен сынап келет. Ошон үчүн кембагалдарга сабырдуулукту, байларга кембагалдарды тойгузууну буйруйт.

Акылы, аң-сезими каапырлыктын кою караңгылыгында калган Абу Жахил:

– Эй, Абу Бакр, ант болсун! Менин баамымда, ушу сен алжып калгансың! Буларды тойгузууга Алла Тааланын күчү жетсе, а эмне үчүн сен жаныңды кыйнап жүрөсүң дейм да! – деп өз ой жүгүртүүсүнүн өтө тайыз экендигин ашкерелейт.

Бул кайым айтышуудан кийин Азирети Пайгамбарыбызга береги аят түшүрүлөт:

**«Алла Таала силерге берген ырыскылардан сарптагыла!» деп айтылса, ыймансыздар ыймандууларга: «Силерди биз тамактандырмак белек? Алла кааласа силерди Өзү тамактандырмак! Силер чындап адашкансыңар!» дешет»** (Ясин сүрөсү, 47-аят), (Куртуби, XV, 26).

Бул жерден маалым болгондой, кедей-кембагалдарды тойгузуу Азирети Абу Бакрдын, жакырлардан жүз үйрүү Абу Жахилдин сапаты экенине күбө болдук. **Абу Бакр сымал эл-журту үчүн күйүмдүү, камкор жана боорукер инсан болууну Алла Таала баарыбызга насип кылсын! Оомийн...**

***

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун):*

«Элдин баары «Абу Хурайра өтө көп хадис баян этти» - деп таң калып жүрүшөт. Мунун себеби, ач калганыма карабай ар дайым Алла Элчисинин жанында болгондугумда. Мен көп учурда атайын көптүрүлүп бышырылган нан жебедим, элге окшоп жарашыктуу кооз, жаңы кийимдерди кийбедим. Мага илим алып жатыптырсың деп эч ким кызмат көрсөтпөдү. Ач калганда көбүнесе курсагыма таш байлап алчумун. Үйүнө алып барып тойгузаар бекен деген үмүт менен өзүм билген айрым аяттарды сахабалардан атайлап сурачумун.

Мен билген адамдардын ичинен эң эле жакшысы Жафар эле. Ал бизди үйүнө алып барып тапкан-тутканын алдыбызга жайнатчу. Кээде эч нерсеси жок болуп калганда май салган чаначты алдыбызга коюп берчү. Биз анын ичинде калган-каткан майларды колубузду салып жалачубуз (Бухари, Асхабун-Наби, 10).

***

Убайдуллах бин Ахрар баян этет:

«Күндөрдүн биринде базар аралап жүрсөм, бир киши жаныма келди.

– Тууган! Курсагым абдан ачты. Жегенге эч нерсе таба албадым! Алланын ыраазылыгы үчүн курсагымды бир тойгузуп койчу! – деди. Алланын ыраазылы деген сөздү укканымда кадимкидей чыйрала түштүм. Кашайып дал ошол маалда чөнтөгүмдө бир тыйыным жок болчу. Болгону селдеме оролгон эски кездеме бар эле. Бир ашканага кирип ашпозчуга кайрылдым:

– Мусулман бирбоорум! Ач жүргөн бул адамды тойгузуп койчу, байболгур. Мына бул кездемени ал, эски болгону менен таза. Балким, идиштерди арчууга керектеп калаарсың.

Жүрөгүндө ыйман уялаган ашпозчу айткандарыма макул болуп, тиги адамга тамак салып берди да, мен берген кездемени кайтарып бергиси келди. Алланын ыраазылыгына арнаган буюмду кайра алууну эп көрбөдүм. Ошол маалда өзүм да ач болгонума карабай тиги киши тамактанып болгонго чейин күтүп турдум».

***

Бүтүндөй жан жаныбарларга жасалган жакшылыкка Алла Таала албан соопторду ыролой турганын ааламдардын асыл сыймыгы болгон ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* маалымдаган. Анын сөзүн көңүлүнө бек түйгөн мусулмандар жан-жаныбарлардын, айбанаттардын курсагын тойгузууга, өсүмдүктөргө аяр мамиле кылууга маани беришкен.

Маселен, Осмон мамлекетинин тушунда ата-бабаларыбыз «жигерчилик» деген кесипти турмушта колдонушкан. Бул кесиптин ээлери чоң-чоң касапканалардан алган малдын боор-өпкөсүн узун жыгачка байлап, жыгачты болсо мойнуна асып алып «кимге өпкө-боор керек...» деп шаар аралап элге сатышчу. Жакшылыкты сүйгөн инсандар Алла Тааладан үмүттөнө алардан боор сатып алып көчөдөгү жүргөн мышыктарга, жолбун иттерге бөлүп беришчү экен [89].

***

Түпкү насили италиялык саякатчы Риколдо де Монте Кросе 13-кылымдын экинчи жарымында Ислам ааламына саякат жасап, көп нерсеге таң калып, алардын бир тобун кагаз бетине түшүргөн:

«Мусулмандар вакыф-фонд куруу, фонддордун жигердүү иш алып барышына берешендик менен салым кошуу жагынан дүйнө элдеринин ичинен өзгөчөлөнүп турат. Алар жадагалса жакшылык үчүн христиан туткундарды, кулдарды сатып алып азаттыка чыгарышат да, сообун көзү өткөн ата-энелеринин арбагына багышташат. Мусулмандар мал сойгондо да короосундагы итине тийиштүү үлүшүн сөзсүз беришет. Түркиянын жана Ирандын көптөгөн шаарларында аталарынын «иттерди ар дайым ток кармагыла» деген осуятын орундатуу үчүн иттерин атайын ит баккан жайларда бактырган адамдарды кезиктирдим [90]».

***

Жыйынтыктап айтканда, адамдын болобу, жан-жаныбардын болобу, ач курсагын тойгузуу нары изги, нары сооптуу амал болуп эсептелет. Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнүн куттуу хадисинде:

*«Оо, калайык! Бири-бириңерге салам бергиле, бири-бириңерге тамак бергиле, түнкүсүн эл уктап жаткан кезде намаз окугула! Эгер ушуну такай орундатсаңар, күлүп-жайнап бейишке киресиңер!»* (Тирмизи, Атима, 45, Кыямат 42; Ибн Маажа, Икаамат 174, Атима 1).

Дагы ошондой эле кутман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* тамак бышырылып турган жана келген коноктorго тамак берилген үй ар дайым берекенин, токчулуктун, молчулуктун ичинде болоорун маалымдаган (Ибн Маажа, Атима 55).

Каргышка калгыр шайтан ушул жерде да «бар тапканың түгөнүп жакыр болуп каласың!» сыяктуу азгырык ойлор менен адамдын изги сезимин уурдаганга аракет жасап, жакшылыктан оолактаткысы келет. Андыктан кедей-кембагалдарга кайыр-садага берүүдө, алардын курсагын тойгузууда жогоруда айтылгандай азгырык сезимдерге эч убакта алдыра көрбөйлү.

Ааламдын жаркын нуру, ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жасалган тамакта береке болooруна басым жасап мына бул хадистерин айткан:

*«Эки кишинин тамагы үч кишиге, үч кишинин тамагы төрт кишиге жетет»* (Бухари, Атима, 11; Муслим, Ашриба, 178).

*«Бир кишинин тамагы эки кишиге, эки кишинин тамагы төрт кишиге, төрт кишинин тамагы сегиз кишиге жетет»* (Муслим, Ашриба, 179-181).

Динибиздин ач калгандарды тойгузуу буйругу жалаң гана адам баласын эмес, үй жаныбарларын да камтыйт. Айтылган хадистерге кылдат назар бурсак, адам болсун, айбан болсун, азыкка муктаж болгон бардык жандуунуну тойгузуу мусулмандын мойнундагы вазийпасы экени айкын болот. Эгер бир жаныбар ачкалыктын айынан өлүм алдында турган болсо, аны тойгузуу ошол жерде жашаган мусулмандардын мойнуна парз. Эгер өлө турганчалык деңгээле эмес болсо, анда аны тойгузуп кою сооптуу иш болуп эсептелет.

### е. Жаназа намазын окуу жана маркумду акыркы сапарга узатуу

Исламдагы бир тууганд ыктын белгиси жана мусулмандык ибадаттардын бири – бул көзү өткөн мусулман диндешибизге зыйнатын кылып, татыктуу түрдө акыркы сапарга узатуу жана үй-бүлөсүнө көңүл айтуу.

Алла Таала бул вазийпанын үлгүсүн адам баласына турмушта көрсөткөн (Маида сүрөсү, 31-аятын окуңуз). Жаназа намазын окуу жана аны мүрзөгө кою парз, ал эми калган вазийпалар сүннөт жана мустахап болуп эсептелет. Бул вазийпа орундатылбаган чакта, бүтүндөй аймак эли буга кош көңүл мамиле жасагандыгы себептүү күнөөгө батат.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* маркумду ишенимдүү, такыбаа адамдар сууга алышын сунуштап, акыркы сапарга узатууга тийиштүү бардык кызматтардын так аткарылышын каалаган. Аталган вазийпанын маанилүүлүгүнө басым жасоо иретинде мындай деген:

*«Маркумду жууп жатып, көзгө урунган жагымсыз көрүнүштөрдү жаап-жашырган адамды Алла Таала кырк жолу кечирет. Маркумду кепиндеген мусулманга (акыретте) жибектен кийим кийгизет. Мүрзө казып, маркумду жерге бергендерге бир кембагалды кыяматка чейин жашай турган үйгө жайгаштырганчалык үзүр-сооп берет»* (Хаким, , 506/1307).

*«Мусулмандын мусулманда беш акысы бар: Саламга алик алуу, бейтаптын абалын суроо, маркумдун артынан (көрүстөнгө чейин) басуу, чакырыкка жооп берүү жана чүчкүргөн адамга «яархамука-Аллах» деп каалоо айтуу»* (Бухари, Жанаиз, 2; Муслим, Салам, 4).

Кайтыш болгон мусулманга эң алгачкы жардам анын жаназа намазына катышуу болуп саналат. Андан кийин мүмкүнчүлүк таап, анын кечирилишин тилеп дуба кылуу, анын наамына жакшылыктарды, кайрымдуулуктарды жасап, сообун багыштоо – чыныгы диндештиктин белгиси. Кадырман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп буйруган:

*«Жаназа намазы окулган кезде өлгөн адам (кечирилишин, сурагынын жеңил өтүшүн тилеп) үчүн чын ыкластан дуба кылгыла»* (Абу Давуд, Жанаиз, 54-56/3199).

Ошондой эле Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Кайсы мусулмандын жаназа намазына Алла Таалага шерик кошпогон кырк киши катыша турган болсо, алардын маркумга арнаган шапаатын (тилеген тилегин) Алла Таала сөзсүз кабыл кылат»* деп сүйүнчү айткан (Муслим, Жанаиз, 59).

Хадистеги 40 деген сан бул жерде көпчүлүктү туюнтуу үчүн айтылган. Анткени башка бир хадисте жүз (100) киши деп айтылса[91] , дагы башка булакта жок дегенде үч катар турган жамааттын болушу зарыл деп айтылат.

Акыркы риваятты айткан Малик бин Хубайра *(Алла ага ыраазы болсун)* жаназа намазына катышкан адамдар азыраак болуп калса, дароо жамаатты үч катарга тизип, анан намазды баштачу экен (Абу Давуд, Жанаиз, 38-39/3166).

Мусулмандардын жакшы эскерүүсүнө татыктуу болуу үчүн Алла Таала ыраазы боло турган туура жолдон тайбай өмүр кечиришибиз керек. Анткени жамааттын жаңылыш же ката нерсе тууралуу бир пикирге келиши өтө кыйын иш.

Өзүн мусулманмын деп эсептеген инсан ар дайым өлүмгө даяр боло жүрүшү абзел жана карызды төлөбөй туруп өлүп кетүүдөн коркушу керек. Карызын төлөбөй шейит кеткен каармандын да бейишке кире албашын унутпоо кажет (Насаи, Буйу, 98; Ахмад, V, 289).

Маркумду көпкө күттүрбөй дароо жерге берүү талап кылынат. Бул тууралуу Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Өлүктү көтөргөндө ылдам баскыла. Жакшы адамдар үчүн бул абдан пайдалуу. (Тактап айтканда) маркумду мүрзөдөгү үзүр-сообуна тез жеткирген болуп эсептелесиңер. Эгер маркум жаман адам болсо, ал да жагымсыз иш. Жерге тез бергениңер, вазийпаңардан тез арада кутулганыңар»* (Бухари, Жанаиз, 51; Муслим Жанаиз, 50, 51).

Умму Атия *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

«Аялдарга жаназа намазына катышууга тыю салынды. Бирок маркумду коштоп бираз басууга кескин түрдө тыю салынбады» (Бухари, Жанаиз, 29, Итисам 27; Муслим, Жанаиз 34-35).

Жакын адамын жоготуп, кайгы-муңга батып олтурган жанга, же кандайдыр бир кырсыкка кабылгандарга көңүл айтып, сабырдуулукка чакыруу маанилүү пенделик вазийпалардын бири. Азирети Пайгамбарыбыз бул тууралуу мындай деген:

*«Кайгы-муңга баткан же кырсыкка кабылган диндешине көңүл айткан момун мусулманга Алла Таала кыяматта жоомарттык кийимин кийгизет (шарапат ыроолойт)»* (Ибн Маажа, Жанаиз, 56).

Ансыз деле алсыз жаратылган адам баласы башына каран күн, мүшкүл түшкөн жагдайларда башкалардын колдоосуна, дем-кайратына муктаж. Ошол себептен көңүл айтуу, жаназа намазын окуу, маркумду жерге берүү өңдүү иш-аракеттер адамдык өтө маанилүү вазийпа болуп эсептелет. Бул айтылгандардан качуу же көңүлкош мамиле кылуу чоң кемчилик болуп эсептелип, кайра эле ошол кайдыгер адамдын өзүн зыянга кириптер кылат. Маселен, бүгүн бир диндешибизге зыярат кылууга, же көңүл айтууга чоло таба албасак, эртең эле өзүбүз анын ордунда болуп калышыбыз толук ыктымал. Бүгүн жакшы ниеттер менен терең тамырлай турган көчөт отургуза албасак, эртең кайгы-муңдун сазына батып көздөр жалдырап турган чакта колго илине турган тал таппай калаарыбыз бышык.

**Изгиликтин үлгүсү**

Азирети Пайгамбарыбыз башкаларга караганда жаназа намазына, маркумду акыркы сапарга узатуу расмине, бейтаптарды зыярат кылууга көп катышып, чакырган адамдардын көңүлүн калтырган эмес. Абу Саид ал-Худри *(Алла ага ыраазы болсун)* сахабалардын сезимталдыгын айкындаткан окуяны минтип эскерген:

«Алланын Элчиси Мединага жаңы келген кезде арабыздан бирөө-жарым катуу сыркоолоп жаткан болсо, келип кабар берчүбүз. Ал дароо жетип барып өлүм алдында жаткан адамдын башына өтүп, истигфар айтар эле. Адам көз жумган соң чогуу баргандар менен үйгө кайтчу. Кээде мүрзөгө койгонго чейин жамаат менен чогуу болор эле.

Жаратылыш Нурун *(саллаллаху алейхи васаллам)* кыйнап коюп албайлы деген ой менен өз арабызда:

– Оорулуу адам көз жумганга чейин Азирети Пайгамбарыбызга эч нерсе айтпай туралы. Көз жумгандан кийин гана кабар берели. Болбосо, чарчатканыбыз аз келгенсип убактысын алып жатабыз – деп сүйлөшүп алдык.

Ошондон тарта бирөө көз жумганда гана кабар бермей болдук. Пайгамбарыбыз жаназа намазын окуп, истигфар айтып, анан кайтып жүрдү. Кээде жерге бергенге чейин күткөн учурлары да болду.

Бул көрүнүшкө да көңүлүбүз ыраазы болбоду. Өз арабызда дагы кеңешип көрдүк:

– Кудай акы, муну өзгөртөлү туугандар. Алла Элчисин чарчатып жатабыз. Кокус бирөө жарым каза боло турган болсо, жерге берерден алдын үйдүн алдына алып баралы да, жаназасын ошо жерден чогуу окуйлу. Ушундай кылсак, балким, аны чарчатпасбыз. Жүйөбүз андан ары ушу бойдон уланып кетти.

Бул хадисти риваят кылган Мухаммад бин Умар:

«Жаназа намазын окуган жер маанисин туюнткан «мусалла» деген аталыш ошондон калган. Ошондон тарта жаназа дал ушундай усул менен окулмай болду. Бул усул Алла Элчисинин көзү өткөндөн кийин да улантылып келет» (Ибн Саад, I, 257;Ибн Хишам, I, 519/1349).

***

Талха бин Бараанын *(Алла ага ыраазы болсун)* ооруп, абалы начарлап калганын уккан Алла Элчиси андан кабар алганы келет. Абалын сурап, көңүлүн жубатып чыккандан кийин: *«Ажалы жакындап калгандай көрүнөт. Кокус көз жума турган болсо, мага кабар бергиле. Акыркы сапарга узатуу расмин тездеткиле. Мусулмандын өлүгүн үй-бүлөсүнүн жанында көпкө калтыруу туура эмес»* деп буйруйт (Абу Давуд, Жанаиз, 34).

Көп өтпөй Талха көз жумат. Андан бираз мурда Талха: «– Мени тез арада жерге берип, Раббиме тапшыргыла. Пайгамбарыма жөөттөр зыян келтирип койобу деп корком. Алланын Элчисине менин зыяным тийип калышын каалабайм» деп керээз айтат.

Түн кирип кеткендиктен Алла Элчисине кабар берилбей Талха жайга узатылат. Анын эртеси акыркы Пайгамбарга кабар берилери менен маркум Талханын мүрзөсүнүн башына барат да:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Ал Сенден ыраазы. Өзүң андан ыраазы болуп, аны жылуу кабыл кыла көр!»* деп тилек тилейт (крз: Ибнул Асийр, Усдул-гааба, II, 29).

***

Сахабалардан Абу Салама *(Алла ага ыраазы болсун)* о дүйнө салат. Ааламдардын Султаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* анын жанына кирип, көздөрүн жаап мындай дейт:

*«Көздөр жан чыкканга чейин адамды көзөмөлгө алат!»*

Бул учурда Абу Саламанын үй-бүлөсүнүн айрым мүчөлөрү айкырып ыйлай баштайт. Азирети Пайгамбарыбыз аларды жубатуу үчүн жана мындай абалда мусулмандар эмне кылышы керек экендигин маалымдайт:

*«– Мындай учурда өзүңөргө жакшылыктан башка нерсени тилебегиле. Periштелер кокус дубаңарга «оомийн!» деп коюшу ыктымал!»*

Кайгырып турган үй-бүлөгө көңүл айткандан кийин акыркы Пайгамбар минтип дуба кылган:

*«Оо, Жататкан! Абу Саламаны Өзүң кечир! Анын даражасын туура жолго түшкөндөрдүн даражасындай кылып көтөр! Артта калган бала-бакырасына Өзүң кепил бол! Оо, ааламдардын Жаратуучусу! Бизди да, аны да Өзүң кечир! Анын мүрзөсүн кең кылып, нурга толтур!»* (Муслим, Жанаиз, 7).

***

Окуяны Усам бин Зайд *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

– Уулум өлгөнү жатат. Бизге бир келип кетсин, сураныч! – деп Зайнап *(Алла ага ыраазы болсун)* атасына кабар берет. Акыркы Пайгамбар сахабалары менен иш үстүндө болгондуктан:

– Берүүчү да, алуучу да Алланын Өзү. Бүт нерсенин убакты-сааты Анын ыктыярында. Сабыр кылып, үзүрүн Алладан күтсүн! – деген жоопту кызына жолдойт.

Кызы болбой көшөрүп, экинчи адамдан чакыруу жөнөтөт.

Барбай койсо болбосун аңдаган Азирети Мухаммад *(саллаллоху алейхи васаллам)* Саад бин Убада, Муаз бин Жабал, Убай бин Кааб, Зайд бин Сабит жана башка сахабаларды ээрчитип кызынын үйүнө барат. Ымыркайды таятасына беришет. Ал деми кысылып араң гана дем алып жаткан эле. Кадимкидей чертилген көз жаштар Пайгамбардын бул көрүнүшкө туруштук бералбай ыйлаганына күбө эле. Көз жашка күбө болгон Саад бин Удаба эмне болгонун сурады, байкамаксанга сала.

*«– Бул Алла Өзү каалаган пендесинин жүрөгүнө ыроологон мээрмандык сезим. Алла мээрман пенделерине мээримин төгөт»* деди Пайгамбар (Бухари, Жанаиз, 33, Айман 9, Марда 9; Муслим, Жанаиз 9, 11).

Кутман Пайгамбарыбыздын кызына берген алгачкы жообу жана берген кеңеши башка түшкөнгө ыраазы болуу дегенге жатат. Ошондой оор кезеңде оор жоготууга, же ачуу муңга, жазмышка ыраазы болу – анык изгилик. Тескерисинче, тагдырга кине коюп, өкүрүп-бакырып, жанын кыйнап, бетти тытып же чачты жулуп ыйлап, Пайгамбарыбыз тыю салган ишти жасоо мусулманга жарашпас чекилик.

***

Азирети Мухаммад Пайгамбарыбыздын кызы Азирети Зайнап *(Алла ага ыраазы болсун)* дүйнө салган күн. Мусулман энелерден Азирети Савда, Умму Салама, Умму Айман жана Умму Атиййа аны сууга алат. Сууга алуу расминен алдын Азирети Пайгамбарыбыз аларга:

*«Иралды аны сол тарабынан баштап жуугула! Сидр*[92] *чыланган суу менен бир жолу, үч, беш же жети, зарыл болсо андан да көп ирет жуугула. Акыркы жуушта сууга кафур*[93] *салгыла. Сууга алып болгон соң мага кабар бергиле!»* деп буйруйт.

Маркум жуулуп болгон соң Жаратылыш Нуру (саллаллаху алейхи васаллам) өз кийимин чечип берет да:

*«– Муну Зайнаптын кепинине ички көйнөк катары пайдалангыла!»* (Бухари, Жанаиз, 8-17; Муслим, Жанаиз, 36; Ибн Саад, VIII, 34-36).

Алла Элчиси кызынын жаназа намазын окугандан кийин маанайы чөккөн абалда мүрзөгө кирип кетет. Көп өтпөй көңүлү жайына түшкөн адамдай болуп жайдары маанайда тышкары чыгып:

*«– Зайнаптын алсыздыгын ойлоп, мүрзөсүнүн кең болушун жана кабыр азабынын жеңил болушун Алла Тааламдан тиледим. Алла Таалам дубамды кабыл кылып анын кабыр азабын жеңилдетти»* дейт (Ибн Асийр, Усдул-гааба, VII, 131).

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзү жандай көргөн жана учурунда дин Ислам үчүн көптөгөн жакшы иш-аракеттерди жасап, дин үчүн күч-кайрат сарптаган такыбаа, Пайгамбар кызы көр азабына дуушар болсо, биздин абалыбыз эмне болоор экен? Андыктан келечекти ойлоп, сүйлөгөн ар бир сөзүбүздү, кылган ишибизди алдын ала таразалоого мажбурбуз.

***

Авф бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Азирети Пайгамбарыбыз бир адамдын жаназа намазын окуйт. Бул жаназа намазында минтип дуба кылганын жаттап алгам*: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Бул пендеңди Өзүң кечир, ага ырайым кыл, аны азаптан жана кыйынчылыктардан сакта! Кетирген кемчиликтерин кечир! Бейиштен ага орун насип буйру, мүрзөсүн кең кыл! Аны суу, кар жана муз менен жуулгандай кылып Өзүң аруула! Кирден тазаланган ак түстүү кийим сыңары аны күнөөлөрдөн аруула! Ага (акыретте) өз үйүнөн да жакшы үй, өз бүлөсүнөн да жакшы бүлө, жубайынан да жакшы жубай бер! Аны бейишиңе жайгаштыр, кабыр жана тозок азабынан сакта!»*

Ушул дубаны укканымда «Атаганат, ушу өлгөн адамдын ордунда мен болуп калсам кана!» деп ичимден арман кылдым» (Муслим, Жанаиз, 85).

***

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир топ сахабанын жанында турган маалда жакын жерден көрүстөнгө карай маркумду көтөрүп жөнөгөн адамдар өтөт. Сахабалар ал маркумду жакшы эскерүүлөр менен эскеришти. Алардын сөзүн тыңдап турган акыркы Пайгамбар:

– *Важип болду, аныкталды!* – дейт. Аңгыча жоон топ адам жанагы жол менен дагы бир маркумду көтөрүп өтүшөт. Сахабалар бул ирет маркумдун жаман адам экендигин эскеришти. Пайгамбарыбыз кайра:

– *Важип болду, аныкталды!* – деди. Сөз төркүнүнө түшүнө бербеген Умар бин Хаттаб *(Алла ага ыраазы болсун)* суроо узатты:

– Оо, Алла Элчиси! Аныкталды деп эмнени айтып жатасыз?

– *Биринчи өткөн маркумду жакшы эскерүүлөр менен эскердиңер, ошол себептен анын бейишке кириши аныкталды. Экинчи болуп өткөн маркумдун жаман адам экендигин айттыңар, бул ирет анын тозокко кириши аныкталды. Анткени силер (момун мусулмандар) Алла Тааланын жер жүзүндөгү күбөлөрүсүңөр!»* деди Мухаммад Мустафа (Бухари, Жанаиз, 86; Муслим, Жанаиз, 60).

***

Медина шаарынан сыртта жүргөндө Муаз бин Жабалдын уулу көз жумат. Азирети Пайгамбарыбыздын Муаз бин Жабалга жазган береги каты көңүл айтуунун мыкты үлгүсү болуп эсептелет:

*«Бисмиллаа хиррохмаан ниррохийм!*

*Алла Тааланын Элчиси Мухаммаддан Муаз бин Жабалга...*

*Сага Алланын саламы болсун!*

*Алла Тааладан башка кудайдын жок экендигин сага билдиргим келет. Эми Жараткан сага акыбет берсин, анүчүн сага албан сыйлыктарды ыроолосун жана сабыр берсин! Жалпыбызды шүгүрчүлөрдөн кылсын! Жан, мал-мүлк, бала-бакыра, мунун баары бизге нары Улуу, нары Даңазалуу Алла Таала тарабынан убактылуу берген аманат болуп саналат.*

*Перзентти берүү менен Ал сени сүйүндүргөн. Эми болсо чоң үзүр каршылыгында аны сенден кайтарып алды. Ал үчүн Кудай Тааланын ырайымын, кечиримин жана жакшылыгын алгың келсе, сабыр кыл! Бейжай кайгы-муңуң үзүр-соопту жок кылбасын! Болбосо, бушайман болуп каласың! Билип кой, ыйлап-сыздаган менен эч нерсе артка кайтпайт, кайгыңды да жеңилдете албайт. Акыры башка түшө турган иш, түштү! Саламатта бол!»* (Хаким, III, 306/5193).

***

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайтыш болгондордун жакындарына көңүл айтуу менен эле чектелбестен, ар кайсы жаатта көмөк көрсөткөн жароокер жан болгон. Маселен, Жафар бин Таййаар *(Алла ага ыраазы болсун)* шейит болгондо акыркы Пайгамбар сахабалары менен демилгелүү иш алып барып:

– *Жафардын үй-бүлөсү үчүн тамак жасагыла! Анткени алар мындай учурда ашканада олтура албайт!* – деген (Абу Давуд, Жанаиз, 25-26; Ибн Хишам, III, 436).

Аны менен эле жөн калбастан Азирети Жафардын жетимдерин канатына калкалап, аларга тарбия берген.

***

Абу Талибдин зайыбы бактылуу Фатима абдан пазилеттүү жана кеңпейил аял болгон. Ааламдардын Сыймыгы *(саллаллаху алейхи васаллам)* Исламды кабылдап, дин үчүн Мединага көчүп барган экинчи апасынан бат-баттан кабар алып, кээ-кээде анын үйүндө куш уйку салар эле.

Бактылуу Фатима көз жумганда Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* акактай болгон көзүнөн жаш кеткен. *«Бүгүн менин энем дүйнө салды!»* деп көйнөгүн ага кепиндикке берген. Жаназасын өзү окуган соң, кабырына бир саам узанып жаткан. Анын мындай иш-аракетинин сырын сурагандарга минтип жооп берген:

*«Абу Талиптен кийин бул аялзаты жасаган жакшылыкты мага эч бир адам жасаган эмес! Акыретте бейиштин кийимин кийсин үчүн көйнөгүмдү ага кепин кылдым. Мүрзөсүндө жылуулук болсун үчүн ал жерге бир саам жаттым!»*

Азирети Пайгамбарыбыз кайгысын тең бөлүшүү үчүн кайрат айткандарга мындай деген:

*«Ал мага энемден кийин эне болгон! Өз балдарынын курсагы ачып сумсайып турган кезде да, эң оболу менин курсагымды тойгузуп, чачымды тарап, гүлдүн майын сүртүп турган. Ал менин энем эле!»* Андан соң ал бактылуу аял үчүн минтип дуба кылган:

*«Алла сени кечирсин жана жакшылыгы менен сыйласын! Энеке! Алла Таала сага мээримин төксүн! Сен мага энемден кийинки эне болдуң! Өзүң ач турсаң да, мени тойгуздуң! Өзүң кийбей мага кийгиздиң! Эң таттуу нематтарды мага таттырып, өз напсиңди куру калтырчу элең! Мына ушулардын баарын Алланын ыраазылыгын жана акырет журтуңдун үзүрлүү болушун көздөп жасайт элең!...»* (Хаким, III, 116-117; Хайсами, IX, 256-257; Якуби, II, 14).

***

Абу Бакр ас-Сыддык *(Алла ага ыраазы болсун)* чыныгы момун мусулмандыгынын белгиси катары жакындарын жоготкон адамдарга кайрат айткан. Жазма булактарга катталып калган анын береги сөзү абдан ибараттуу:

«Сабырдуулук кайгынын жүгүн жеңилдетет. Сыздап жанды кыйнагандын эч кандай пайдасы жок. Ажал келгенге чейинки жашоо абдан оңой, эң кыйыны өлүмдөн кийин башталат. Кайгыңарды жеңилдетүү үчүн жана үзүр-соопко эгедер болуу үчүн Алланын Элчисин жоготуп алган күндү эстегиле!..» (Али ал-Муттакий, XV, 744/42958).

***

Кадырман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир хадисинде:

*«Кимде-ким сооп болооруна ишенип жана акыбетин Алла Тааладан гана күтүп мусулмандын жаназасын окуп, көрүстөнгө барып, жерге бергенге чейин күтсө, Ухуд тоосунун көлөмүндөй эки кырат [94] соопко эгедер болот. Кимде-ким жаназа намазын окуган соң, (маркум) жерге бериле электе артка кайтса, бир кырат соопко эгедер болот»* – деп буйруган (Бухари, Иман, 35).

Абдуллах бин Умар Саад бин абу Ваккас менен чогуу олтурган. Аңгыча бул экөөнүн жанына Хаббаб бин Арат келет да, жогорудагы хадисти Абу Хурайрадан укканын айтат. Муну уккан Азирети Абдуллах:

– Абу Хурайра деле Пайгамбар менен көп ирет чогуу болгон – деп, бул хадистин чын-бышыгын иликтеп келүү үчүн Хаббабды Азирети Аишага жиберет.

Хаббаб кеткенден кийин Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун)* бир нерсеге кыжырлангансып жерден уучтап алган майда таштарды ары-бери калчай баштайт. Көп өтпөй Хаббаб да жетип келет. Азирети Аишанын:«Абу Хурайра туура айткан. Алла Элчисинин ошондой дегенин мен да укканмын...» деген дубай-саламын уккандан кийин мүмкүнчүлүктөрдү колдон чыгаргандыгы үчүн колундагы таштарды ачуулана жерге таштап:

Далай кырат соопту качырдык десеңер! – деди (Муслим, Жанаиз, 56).

Бул жерде убада кылынган сооптун өлчөмүнөн да маркумдун жакындарына көңүл айтуунун маанилүүлүгүнө басым жасагыбыз келди. Анткени Алла Таала жүрөктөгү ниеттин калыстыгына, анан албетте ыкластуулукка жараша амалдарыбызга баа берет.

***

Касым бин Мухаммад *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Жубайым кайтыш болгон эле. Көңүл айтууга Мухаммад бин Кааб ал-Куразий келди. Бир топко сүйлөшүп олтурдук. Ал мага мына мындай окуяны айтып берди:

Жөөт элинде бир ибадаткөй аалым жана кайраттуу инсан болуптур. Ал жубайын абдан сүйчү экен. Ажал айдап аалымдын жубайы да дүйнөдөн өтөт. Бул орду толгус жоготуу аалымды кайгы-муңга салып, жүрөгүн сыздатат. Бул кайгылуу окуяга көңүлү чөккөн аалып үйдөн чыкпай, жалгыз отурууну тандайт. Колу-коңшу менен алакасын кесет, эч ким менен сүйлөшпөй калат. Бул кейиштүү кабарды уккан бир жөөт аял бетме-бет жолугуу максатында аалымдын үйүнө келет. Каалганы күзөтүп турган адамдарга:

– Укуктук зарыл маселе боюнча аалымдын көз карашын алышым керек. Ага кабар берип койгула, мени кабыл алсын. Болгондо да, жалгыз өзү менен жолугушушум керек – дейт.

Күзөттөгү жигит аалымдан уруксат алган соң аялдын ичкери киришине уруксат берет. Сылык саламдашкандан кийин төшөктүн четине олтуруп келген максатын түшүнүрүү үчүн сөз баштайт:

– Сенден сурай турган зарыл бир маселе бар. Мындан бир топ ай мурда мен коңшумдан билеригин сурап алгам. Убактылуу алганымдан бери аны көп тагындым. Учурда билерикти

кайтарып алуу үчүн коңшум аны менден сурап жатат. Мен ошондо эмне кылышым керек, билерикти кайтарып беришим керекпи?

– Ант болсун! Сен бирөөнүн билеригин алганыңдан кийин аны сөзсүз ээсине кайтарып беришиң керек.

– Бирок билерик көптөн бери менде жүрөт, анын үстүнө ал мага абдан жагат.

– Сен аны убактылуу алдыңбы, демек, убагы келгенден кийин өз буюмун кайтарып алууга ээсинин сөзсүз акысы бар! – дейт аалым туура айтып жатканын тастыктай башын ийкеп. Ушуну гана күтүп тургай кексе аял учурдан пайдаланып аалымга буларды айтат:

– Кудайым сага Өзү жар болсун! Аманат катары бергенин кайра алыптыр, ага сен ушу күнгө чейин капаланып, эл менен алаканы үзгөнгө чейин барыптырсың. Кайгыга мүңкүрөп үйдөн чыкпай жатып алышка акым бар деп ойлойсуңбу?! Өзүң айткандай Кудай сага аялды аманат катары берди, убакты-сааты келген экен кайтарып алыптыр. Өзү жашоо берген кулун Өзү каалаган убакытта кайра кайтарып алууга Кудай албетте акылуу!

Ушул өңдүү дагы башка нерселерди айтып аалымды кыйла жубаткан айым үйүнө кайтат. Аалым бул сөздөрдөн сабак алат. Акыйкатты сезип өзүнө келет. Ошентип, Кудай Таала чоң аалымга карапайым бир аялдын сөзүн дабаа кылат» (Муватта, Жанаиз, 43).

***

Мавлананын даңазалуу Маснавий аттуу чыгармасын кубулжута ырдаган булбул үндүү акын Тахирул Мавлавий деген инсан өткөн. Төрөт учурунда эгиз ымыркайы менен одүйнө салган бир эненин кайгылуу тагдыры бул акынга катуу таасир берет. Кайтыш болгон аялдын тууган-уруктарын таап, аларга: «Дүйнөдөн кайткан бул үчөөнүн мүрзөсүнө таш тигип ага ыр жазгым келип турат. Мага уруксат бергиле» дейт. Уруксат алган соң Тахирул Мавлавий эне жүрөгүнүн мээримдүүлүгүн даңазалап төмөнкүдөй мазмундагы ыр саптарын жазган экен:

«Кан-жанымдан жаралган балдарымды, тойо-тойо искегенге шум ажал мага мүмкүнчүлүк бербеди. Ошондуктан эки наристемди жетелеп Өзүңдүн алдыңа келдим...»

***

Жерге берилген маркум баткакка батып калган адамга окшош болот, башкалардан жардам күтөт. Ибн Аббастын айтуусуна караганда Алланын акыркы Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деген:

*«Мүзөдөгү өлүк – деңизге чөгүп бараткaнда жардам сурап кыйналган адамга окшош. Ата-энесинин, бир туугандарынын, түбөлүктүү делинген досторунун дубасын күтөт. Эгер күткөнү келген болсо, дуба ал үчүн дүйнөдөгү бүт нерседен кымбат жана сүйкүмдүү болуп көрүнөт. Тирүүчүлүктө жашап жаткандардын кылган дубасынын берекеси менен Алла Таала мүрзөдөгүлөргө тоодой жакшылык берет. Тирүүлөрдүн маркумдарга жибере турган эң мыкты белеги – алар үчүн истигфар-кечирим тилөө жана алардын атынан кайыр-садака берүү»* (Дайлами, IV, 103/6323; Али ал-Муттакий, XV, 694/42783; XV, 749/42971).

Кайра эле Ибн Аббастын айтуусуна көңүл буралы:

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанаша жаткан эки мүрзөнүн жанынан өтүп бара жатып тык токтойт да, алар тууралуу мындай дейт:

*«Булардын экөө тең кабырда азап чегип жатышат. Бирок (булардын тирүүлүктөгү ою боюнча) ал чоң деле күнөө эмес болчу. Бирөө ары-бери сөз ташыгандыгы себептүү, экинчиси болсо заара ушаткандан кийин талаптагыдай тазаланбагандыгы себептүү азап тартууда».*

Жаратышыл Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул сөздөрдү айткандан кийин эки тал чыбыкты сураттырды. Андан соң аларды экиге бөлүп эки мүрзөнүн башына тиккенден кийин:

*«Ушулар куруганга чейин азаптары жеңилдетилээр деген үмүт»* деп койду (Муслим, Тахарат, 111).

Улуу тафсир аалымы Куртуби бул куттуу хадисти мындайча чечмелейт:

**«Ушулар кургаганга чейин»** деген айтым, тал чыбыктар да кургаганга чейин тасбих айтат дегенге ишаарат кылат. Анткени аалымдар мындай дешкен: «Мүрзөгө тал тигүү жана ал жайда Куран-и Карим окуу маркумдар үчүн чоң пайда. Кичинекей бир тал чыбыкты тигип кою маркумдардын азабын жеңилдеткен болсо, Куран окуп, сообун багыштоо канчалык пайдалуу

экенин элестете бериңиз. Багышталган нерсенин сообу маркумга сөзсүз жеткирилет» (Куртуби, X, 267).

Окулган Курандын шарапаты аркылуу ыйгарыла турган Кудайы мээримден маркумдардын дагы пайдаланышы үчүн Ясин сүрөсүн окууну бардык эле мусулмандар билсе керек. Анткени куттуу хадисте мындай деп айтылган:

*«Ясин сүрөсү – бул Курандын жүрөгү. Кимде-ким аны Алланын ыраазылыгы жана акыретинин үзүрлүү болушу үчүн окуган болсо, күнөөлөрү сөзсүз кечирилет. Ясин сүрөсүн маркумдар үчүн дагы окугула»* (Ахмад, V, 26).

*«Араңардан бирөө жарым кайтыш болсо, көп күттүрбөй аны мүрзөгө алып баргыла. Жерге бергенден кийин бириңер мүрзөнүн баш жагына өтүп Фатиха сүрөсүн, аяк жагына өтүп Бакара сүрөсүнүн акыркы бөлүгүн окугула»* (Табарани, Кабийр, XII, 340; Дайлами, I, 284; Хайсами, III, 44).

Ла-лаж аттуу сахабанын өлүм алдында айткан керээзин уулу Алаа кийинкилерге айтып калтырган:

«Мени мүрзөгө койуп жаткан учурда **«Бисмиллахи алаа суннати Расулуллаах [95]»** деп айткан соң үстүмө топурак таштагыла. Баш жагыма олтуруп Бакара сүрөсүнүн башкы жана акыркы бөлүгүн окугула. Абдуллах бин Умардын ушундай усулду ылайыктуу көргөнүнө өз көзүм менен күбө болгом» (Байхаки, ас-Сунанул Кубра, IV, 56).

Эми Амр бин Астын *(Алла ага ыраазы болсун)* айткан керээзине назар буралы:

«Мени жерге бергениңерден кийин бир төөнү союп, этин мүчөлөгөнчөлүк убакыт мүрзөмдүн башында отургула. Силер күткөн убакыт ичинде жаңы жашоого көнүп, Алла Тааламдын элчилеринин суроолоруна жооп берүү үчүн өзүмдү ырастап алайын» (Муслим, Иман, 192).

Өз китебине кутман сахабанын калтырган керээзди жазган Имам Нававий Имам Шафинин *(Алла Таала бул инсандарды Өз ырайымына алсын)* береги сөздөрүн да айткан:

«Мүрзөнүн башына олтуруп Куран аяттарын жана сүрөлөрдү окуу – мустахап. Куранды бүт бойдон окуу (хатм) андан да жакшы» (Нававий, Риязус-Салихийн, 293-б).

Буга чейин айтылып кеткен риваяттарга ылайык көрүстөнгө зыярат кылуу, маркумдарга салам айтып, алар үчүн дуба кылып, кечирим тилеп, алардын атынан сооптуу жакшы иштерди орундатуу жана Куран окуп сообун багыштоо аларга Улуу Ырайымдын каалгасын ачат. Бизден мурда акыретке аттанган момун мусулман бир туугандарыбыз үчүн төмөнкүдөй мааниде дуба кыла жүрүүнү Алла Таала Өз Китебинде буйруган:

**«Оо, Жараткан Алла Таалам! Бизди жана бизден мурда жашап өткөн ыймандуу бир туугандарыбызды Өзүң кечирегөр! Ыймандууларга каршы кек сактоонун эч кандай изин калтыра көрбө! Оо, Жараткан, шексиз Сен абдан Мээримдүү жана Ырайымдуусуң!»** (Хашр сүрөсү, 10-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз менен кутман сахабалардын көрүстөнгө зыярат кылуу тууралуу айткан сөздөрү жана иш-аракеттери белгиленген эрежеден чыкпай бул пайдалуу иштин өтөөсүнө кантип чыгуу керектигин бизге көрсөтөт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Өлгөндөн кийин пенденин даражасы көтөрүлөт. Ошондо пенде:*

*– Оо, Жараткан! Бул сооптор кайдан келди? – деп сурайт.*

*Алла Таала:*

*– (Артыңда калтырган) ыймандуу салих перзентиң сен үчүн кечирим тилеп, дуба кылды – дейт»* (Ибн Маажа, Адаб, 1; Ахмад, II, 509).

Ардактуу жол башчыбыз Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* башка хадисинде:

*«Өлгөн адамдын төмөнкү үч амалынан башка бардык амалдары(нын сооптору) токтойт: (сообу кыяматка чейин улана турган) садака, элдин пайдалануусуна калган илим жана дуба кылган жакшы перзент»* деп буйруган (Муслим, Васият, 14).

Саад бин Убада *(Алла ага ыраазы болсун)* өзү үйдө жок кезде энеси кайтыш болгонун, ал үчүн кайыр-садака берсем пайдасы тийеби деген мааниде суроо салат да, Алла Элчисинен *«Ооба, тийет»* деп жооп алгандан кийин мөмө берген багын толук бойдон энесинин атынан муктаж адамдардын кызматына ыйгарат (Бухари, Васая, 15).

Абу Бакрдын *(Алла ага ыраазы болсун)* уулу Абдуррахман уктап жаткан бойдон аркы дүйнөгө кете берет. Алла Элчисинин жубайы Азирети Аиша энебиз бир тууганы Абдуррахманга сообун багыштап көптөгөн кулдарды азаттыка чыгарган (Муватта, Ытк, 14).

***

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Бир адам Алла Элчисине келип суроо узатат:

– Пайгамбарым, энемдин көзү өттү. Бирок орозодон бир айлык карызы бар эле. Ошондуктан энемдин атынан карызын мен орундатсам болобу?

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– *Энеңдин мойнунда мал-мүлктөн карызы болсо төлөмөксүң да, туурабы?* – дейт.

– Ооба, төлөмөкмүн.

– *Андай болсо Алла Таалага болгон карыз төлөнүүгө дагы да ылайыктуу!* – деп буйруду Азирети Пайгамбар (Муслим, Сыям, 155, 156).

Бул айтылган хадистер тирүүлүктө жасалган мечит, мектеп, медресе, бейтапкана, жол куруу, суу чыгаруу сыяктуу эл-журтка пайдасы тийе турган албан сооптуу иштердин анык пайдасын адам баласы көзү өткөндөн кийин көрөөрүн тастыктайт. Ошондой эле жакын туугандардын жана момун мусулман биртуугандардын кылган дубалары, сообу багышталган кайрымдуулук иштеринин пайдасы маркумдарга жеткирилери бул хадистерде ачык айтылган. Ошол себептен баарыбыз өмүр аттуу улуу мүмкүнчүлүк турганда бул дүйнөдөн өтүп кеткен ата-энелерибиз, биртуугандарыбызга багыштап колдон келишинче жакшылык иштерди жасап калганга жан үрөшүбүз керек.

***

Жыйынтыктап айтканда, Ислам дини адамдын табиятына жана муктаждыгына жараша эрежелерди койгон, эч нерсени куру калтырган эмес. Маселен, дүйнөдөн кайткан маркумдардын маселеси боюнча, баштан бери айтылып келе жаткандай, зарыл чаралардын баарын белгиленген эреженин негизинде кынтыксыз орундатууга үндөп келет.

Башка өңүттөн алып караганда Ислам дини буйруган бул коомдук вазийпалар Алла Тааланын биз кулдарына канчалык деңгээлде маани бергенин даана көрсөтүп турат. Коюлган бул эрежелерден пенделеринин биримдик, ынтымакчылык жана мээримдүүлүк сезимдери менен жуурулушкан бейпил турмушта жашашын Алла Таала арзуу кылат деп түшүнөбүз. Чындыгында Жараткандын буйруктарына кайдыгер мамиле жасала турган болсо, жогоруда айтылгандай, эки дүйнөдө тең бейпилдикте, тынчтыкта жашоо мүмкүн эмес.

Баарыбыздын башыбызга келе турган көңүл айтуу жөрөлгөсүнө келе турган болсок, биз башкаларга көңүл айтып, кайгысын тең бөлүшүү менен аз да болсо азалуу адамдын кайгы-муңун жеңилдетип, Жараткан Алла Тааланы ыраазы кыла турган ишти өтөгөн болуп эсептелебиз. Ар дайым диндешибиздин жанында болоорубузду тастыктайбыз.

## 5. Жакшылык ишке жарышуу жана ашыгуу

Учкан куш сымал зымырап учкан өмүр–жашоо Алла Тааланын адамзаадага ыроологон белеги, ошол эле маалда сынак майданы. Жараткандын «акыл» аттуу баа жеткис белегине ээ болгон ар бир инсан чектелүү өмүрдү жалаң гана жакшылыктардын коштоосунда жашаштын жолун издеши керек. Башкача айтканда, алтын өмүр кунарсыз күндөр, пайдасыз жылдар менен өтпөшү керек. Азирети Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

«Бул дүйнө момун мусулмандын базары, түн менен күндүз анын мүлкү, пайдалуу амалдар соодадагы мал-мүлкү, бейиш утугу, тозок болсо азабы, зыяны».

Акыреттин барлыгына чын жүрөктөн ишенген мусулман амал дептерин жакшылык менен толтуруу максатында өмүрдү жалаң гана пайдалуу ишке сарптап, жалаң гана салих амалдарды

орудатууга күч жумшашы керек. Турмушта кездешкен жакшылык жасоо мүмкүнчүлүгүнүн баарын Жараткан Алла Тааланын кайырымы деп билип, аны табылгыс кенч катары баалышы керек. Өз көмөчүнө күл тартып өмүрдү куру бекер өткөрүп жүргөндөргө суктанып, өзүн алдабашы керек.

Напси каалоолорунун туткунуна айланган көрпенде дүйнөдөгү бар байлыкты, эң үлкөн мансапты, жалаң жакшы нерселерди өзүнө гана ыйгаргысы келет. Ал ушундай кыялперестиктин айынан Алла Таала убада кылган акыреттеги жакшылыктардан куру калат.

**«Жок! Чындыгында силер тез жок боло турган нерсени** (тирүүлүктөгү жыргалчылыкты) сүйүп (тандап), **акыретти таштап салып жатасыңар!»** (Кыямат сүрөсү, 20-21-аяттар).

**«Булар тез өтө турган дүнүйөнү сүйүшөт да, алдыдагы** (келечектеги) **акырет үчүн кам көрүшпөйт»** (Инсан сүрөсү, 27-аят).

**«Өз напсин жамандыктан аруулап, Жаратkандын ысмын эстеп намаз окуган жан** (азаптан) **кутулат. Бирок силер дүйнөнүн жашоосун ашкере сүйөсүңөр. Анығында акырет жакшы жана да түбөлүктүү»** (Алаа сүрөөсү, 14-17-аяттар).

Саади Ширази адам баласын балакеттен балакетке сүйрөгөн ачкөздүктү жана кумарлуу азгырыкты береги сүйлөм менен кашкайта белгилеп кеткен:

«Курсактын дарды жок болгондо эч бир канаттуу тузакка түшмөк эмес».

Мына бул мисалды болсо Азирети Мавлана айткан:

«Суу астында коопсуздукта жашаган балык заты куу кекиртектин айынан ийнени жутуп алганын байкабай калат».

Адамзаада иралды өзүн тааный билиши керек. Байлыкка, бийликке болгон кызыгуу, кумарлануу болсо, менде ачкөздүк илдети бар тура деп, муну айыктыруунун чарасын издегени оң. Кулпенде, Мавлананын мисалындагыдай, дүнүйөкорлуктун айынан акыретти унутуп койбошу керек. Жакшылыктардын үзүр-сообу негизинен акыретте берилгендиктен, напсини, жана аны тукурган шайтан адамды алдап, кайдыгерликке тартып келет. Ыйык Куранда:

**«Бардык жандар өлүм даамын татышат жана Кыямат Күнү ар бириңерге сыйлыгыңар толугу менен берилет.** (Ошондо) **ким Тозок отунан куткарылып, Бейишке киргизилген болсо, ошол ийгиликке жетет. Дүйнө жашоосу – азгырыктардан гана пайдалануу»** (Аали Имран сүрөсү, 185-аят) деп айтылган.

Түбөлүкт бак-таалайга марып, азап-тозоктон кутулуунун жолу жакшылык ишти аркалоодо экенин Алла Таала жалпыбызга буйруган:

**«... Жакшылык иште жарышкыла!..»** (Бакара сүрөсү, 148-аят).

**«... Алар (момундар) жакшылык иште бири-бири менен жарышышат..»** (Аали Имран сүрөсү, 114-аят).

**«Эгеңердин кечиримине, такыбалар үчүн даярдалган кеңдиги асман менен жердей болгон Бейишке умтулгула!»** (Аали Имран сүрөсү, 133-аят).

Жакшылык ишке жарышкандарга Алла Таала мына мындай сүйүнчү айткан:

**«Байлыгыңар жана балдарыңар силерди Бизге жакындата албайт. Бирок ыйман келтирип, жакшы жана пайдалуу амалдарды жасагандардын абалы башка кеп. Аларга өз мээнетинен да ашыкча эселеген сыйлык берилет. Алар бийик жайларда тынчтык жана амандыкта болушат»** (Сабаа сүрөсү, 37-аят).

Азирети Пайгамбарыбыздан бир хадис:

*«(Дин, ыйман жолунда) Пайдалуу болгон иш үчүн шашылгыла! Анткени жакынкы келечекте бир топ бузукулук караңгы түн сымал айлананы каптайт. Ошол кез келгенде момун мусулман абалда таң атырган адам каапыр абалда түнгө кирет. Момун абалда түнгө кирген адам каапыр абалда таң атырат. Арзыбаган бир нерсеге өз динин сатып жиберет»* (Муслим, Иман 186; Тирмизи, Фитан 30; Зухд 3; Ибн Маажа, Икама 78).

*«Мына бул жети нерсе келе электе жакшы, пайдалуу иштерди бүтүргөнгө ашыккыла. Болбосо силер чындыгында:*

*1.(Ибадат менен моюн сунууну) унуттурган жакырлык,*

*2.Азгырган байлык,*

*3.(Бүт нерсени) бузуп карыпка айланткан ооруу,*

*4.Алжытып, ойду-кырды сүйлөткөн карылык,*

*5.Кокустан баскан ажал,*

*6.Келээри акыйкат деп эсептелгендердин эң жаманы Дажжалдын жана*

*7.Кыяматтан башка бир нерсени күтүп жатабыз деп ойлойсуңарбы? Кыяматтын азабы ачуу, балээси катуу!»* (Тирмизи, Зухд, 3/2306).

Жараткан Алла Таала Хашр сүрөсүндө мындай деп буйруйт:

**«Момундар! Алладан корккула! Жан ээси эртеңкиге эмне даярдаганын карасынчы?! Алладан корккула! Анткени Алла силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар. Алланы унуткандар сыяктуу унутуп койбогула! Алла аларга өздөрүн унуттуруп салган. Алар жолдон адашкан күнөөкөрлөрдүн дал өзү!»** (Хашр сүрөсү, 18-19-аяттар).

Адам Алла Таалага ыйман келтирип, Аны сүйүп, Андан чындап коркушу керек. Ошондой эле эртеңки акырет үчүн эмне даярдыгы бар экенин ар убак ойлоно жүргөнү абзел. Бүгүнкү убактылуу тиричиликке болгон даярдыгыбыз менен түбөлүктүү акыретке болгон даярдыкты жакшылап салыштырып көргөнүбүз дурус. Ошону менен катар баардык иш-аракеттерди Алла Таала көрүп-билип турганын унутпоо кажет. Мына ушуларды ойлонгон адам, албетте, ичиркенбей, ойгонбой койбойт. Эрте күндү кеч кылбай, белди бекем бууп, акырет үчүн азык камдоого шымалана киришүү зарыл...

Кандай гана жакшы, пайдалуу иш болбосун, ар дайым алдыда болуунун маанилүүлүгүн чагылдырган төмөнкү риваяттар сиз үчүн абдан кызыктуу болсо керек деп ойлойм.

Намаз учурунда алдыңкы сапта киши баткыдай бош орундар турганын этибарга албай арткы саптарга кошулган сахабаларын көргөн Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Алдыңкы саптарга кошулгула жана мага жүктөгүлө! Силерден кийин келгендер силердин артыңарга турушсун. Такай артта калган коомду Алла Таала артта калтырат!»* деп буйруду (Муслим, Салат, 130; Абу Давуд Салат, 97/680).

Жаратылыштын жаркын Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* намазда имамчылыкка өтөөрдөн алдын, же дилмаектерди баштаардан алдын сахабаларын алдыңкы сапка чакырып, өзүнө жакын олтурулушун каалаган. Ал мындай жол менен сахабаларынын жандүйнөсүн Пайгамбарлык берекеге жана рухий атмосферага тартып, таалим этиле бурган изгиликтерди, илимди, адеп-ахлакты жана башка керектүү маалыматтарды толук кандуу түшүндүрүүнүн чарасын ойлогон. Кутман сахабаларынын таалим-тарбиясын такай көзөмөлгө алуу менен бирге, келечек муунду туура жолго баштоонун мыкты үлгүсүн өзү көрсөткөн.

Эгер адамдар илим, ахлак жана изгилик жаатында кайдыгерликтен улам ийгилик күтө албай, илең-салаң абалда калса, Алла Таала аларды Өз мээрим–ырайымынан биротоло куру калтырат. Мындай кесепетке тушуккандардын ар качан артта калаары шексиз.

Азирети Пайгамбарыбыздан бир хадис:

*«Зикир (кутпа) айтылган учурда (мечитте) болгула, имамга жакын тургула. Анткени кулпенде ар дайым алыстап-алыстап артта тургандыгы себептүү бейишке кирсе деле, эң акыркылардан болуп кирет»* (Абу Давуд, Салат, 232/1108).

Жакшылык иштерден себепсиз эле бой качыра берген адам бейишке кирсе деле, сообу аз болгондуктан, бейиштин эң төмөнкү мартабасынан орун алып калышы ыктымал. Анткени пендезат кыямат күнү жадагалса күкүмчөлүк жакшылыкка, соопко зар болот.

Анастын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда акыркы Элчи мындай деген:

*«Кыяматта адамдар (башка бир риваятта бейиш эли) казкатар тизилип турушат. Дал ошол маалда тозокко түшкөндөрдүн бирөө бейишке киргизилген бир момунга кайрылат: «– Эй, паланча! Эсиңдеби, сен бир кездерде чаңкап келгенде мен сага суу бергенмин» дейт (ал ошентип андан шафаат сурайт). Момун мусулман ал адамга шафаат кылат...*

*(Тозокко түшкөн) дагы бир пенде бейишке кире турган бирөөгө зарыгат: «– Эй, паланча! Эсиңдеби, мен сага бир жолу дааратыңа суу берген элем». дейт (ал ошентип андан шафаат сурайт). Момун мусулман ал адамга шафаат кылат...*

*(Тозокко түшкөн) дагы бир пенде бейишке кире турган бирөөгө зарыгат: «– Эй, паланча! Эсиңдеби, сен мени ушундай бир иш үчүн жиберген элең? Ошол күнү мен сенин ишиң үчүн барган элем». Ошентип бейишке түшкөн адам ага шапаат кылат»* (Ибн Маажа, Адаб, 8).

Мындан башка салих-жарамдуу амалдар бул жерде айтылгандар менен салыштырыла турган болсо, чоң-кичине деп айырмалабастан бардык жакшылык ишке жарышуунун зарылдыгы айкын болот. Анткени акыретте бүтүндөй адамзат жакшыбы, жаманбы, тирүүлүктө эмне жасаган болсо, же ошонун үзүрлүү жемишин татат, же күнөөкөрлүгү себептүү сөзгө сыйгыс оор жазага дуушар болот. Ошол азаптуу, оор күн хадисте мындайча сүрөттөлөт:

*«Алла Тала баарыңар менен котормочусуз сүйлөшөт. Ошондо адам оң жагына карайт, алдын ала акырет үчүн жибергенинен (жакшылыгынан-сообунан) башка эч нерсени көрө албайт. Андан соң сол жагына карайт, алдын ала акыретке жибергенинен башка эч нерсени көрө албайт. Алдына карайт, тозоктон башка эч нерсе көрө албайт. Андыктан жарым курма садага кылып болсо да өзүңөрдү тозок отунан коргогула. Муну да таба албагандар эч болбосо жакшы сөз менен өзүн коргосун»* (Бухари, Зекет, 9, 10, Рикак, 31, Тавхид, 36; Муслим, Зекет, 67, 97).

Абу Зар *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген: «Азирети Пайгамбарым мага ишаарат кыла:

*«Диндеш биртууганыңды жарык маанайда тосуп алган өңдүү, жөнөкөй бир жакшылыкка эч убакта баа бербей койбо* (теңиңе албай койбо*)»* (Муслим, Бирр, 144; Абу Давуд, Либас, 24; Тирмизи, Атима, 30) деп айткан».

Амалдарыбыздын үзүрүн көрө турган акыреттеги түбөлүктүү жашоо үчүн сынак майданы саналган бул жашоодо көп-көп жакшылыктарды жасоо, башкача айтканда, жакшылыктын ачкычы, жамандыктын кулпусу болуу зарыл. Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп буйруган:

*«Эл арасында жакшылыкка ачкыч, жамандыкка кулпу болгон адамдар бар. Андан башка жамандыкка ачкыч, жакшылыкка кулпу болгондору да бар. Алла Тааладан жакшылыктын ачкычын алган адамдар кандай гана бактылуу! Жамандыктын ачкычын Алла колуна берген адамдарга убал жок!»* (Ибн Маажа, Мукаддима, 19).

Ааламдардын Ээси Улуу жана Айкөл Жараткан кичинекей гана жакшылыгыбыз үчүн бизге миң, балким, акыл жеткис көп үзүр, сооп жазаарын унутпашыбыз керек. Алла Тааланын пенделерине болгон мындай берешендиги аятта мындайча маалымдалган:

**«...Алдын ала эмне жакшылык жиберген болсоң, андан да жакшысын жана дагы да чоңун Алла Тааланын алдына барганда көрөсүңөр...»** (Муззаммил сүрөсү, 20-аят).

**«Кимде-ким бир жакшылык жасаган болсо,** (акыретте) **ага өз жакшылыгынан он эсе көп** (жакшылык**) бар...»** (Анаам сүрөсү, 106-аят).

Бул аятты чечмелөө (тафсирлөө) иретинде Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Алла Таала жакшылык менен жамандыкты жазгандан кийин булардын жакшы-жаман болушун мындайча түшүндүрдү:*

*Кимде-ким бир жакшылык кылууну каалаганы менен дароо жасаганга мүмкүнчүлүк таба албаса, Алла Таала аны толук кандуу жасалган жакшылык катары каттап койот.*

*Эгерде кимде-ким бир жакшы иш кылууну каалап, бул каалоосун дароо иш жүзүнө ашырган болсо, Алла Таала ал жакшылыкты ондон жети жүз эсеге чейин, жадагалса андан да ашыкча кылып жазат.*

*Кимде-ким бир жамандыкка ниет кылып, бирок каалоосунан баш тарткан болсо, Алла Таала анын бул аракетин толук кандуу жакшылык катары каттайт.*

*Эгерде кимде-ким бир жамандыкка ниет кылып, жүзөгө ашырган болсо, Алла Таала ал жамандыкты бир күнөө катары жазат»* (Бухари, Рикак, 31; Муслим, Иман, 207, 259; Тирмизи, Тафсир, 6/3073).

Жакшылык ишке жарышуу, ашыгуу чыныгы, ыкласман момун мусулмандыктын белгиси. Азирети Мавлана мындай деген:

«Ибадаттардын кабыл болушунун белгиси – аткарылган ибадаттардан башка ибадаттарды улантып кетүү жана жакшылыктардын артынан талыкпай чуркоо».

Чыныгы момун мусулман жакшылык жасагандан кайтпайт, жакшылык иштен тажабайт. Жасала турган иштин үзүрүнүн артышы жана берекеси аны кечиктирбей жүзөгө ашырууда катылып жатканын эч убакта унутпайлы...

**Изгиликтин үлгүсү**

Укба бин Харрис *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Мединада Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* артында намаз окуп жаткан элек. Ал намазды аяктап, эки жака салам берээри менен ордунан атып турудуп. Саптарды жарып өтүп, жубайларынын биринин бөлмөсүнө кетти. Мечиттеги бүткүл жамаат Пайгамбардын мындай түрүнө бир чети санааркаса, бир чети себебин түшүнө албай аң-таң болуп турушту. Кыска убакыттан кийин мечитке кайтып келди. Жамааттын жүзүндөгү таң калууну сезсе керек, ашыкканынын себебин сураттырбай:

*«–Бөлмөдө аз гана алтын (же күмүш) бар экендиги эсиме кылт эте түштү. Жакшылык ишке ашыгуума тоскоол болбосун деп анын таратылып берилишин буйруп келдим»* (Бухари, Азан 158, ал-Амал фис-салат 18; Насаи, Сахв 104) деп түшүндүрүп берди.

Бухаринин айтуусунда бул хадис мындайча айтылат:

*«– Садака катары таратыла турган аз гана алтынды (же күмүш) бөлмөгө калтырып койгон элем. Анын түнү бою үйдө калышын туура көрбөдүм»* (Бухари, Зекет, 20).

Үммөтү катары Алла Элчисинен үлгү алып колдогу мүмкүнчүлүктү чоң немат катары баалап, аны иш жүзүнө ашырууга ашыгуу кажет. Кийинкиге, артка жылдырылган жакшылык, кайыр-садака үчүн турмушта сөзсүз бир тоскоол жаралбай койбойт. Изги амалдарды кечиктиргендер тууралуу: «Эртең орундатам дегендер кыйроого учурады» деп айтылган.

***

Ибн Масуд ал-Ансарий *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир адам келет да:

– Минип жүргөн улоом жутчулуктан өлгөнү калды. Мындан ары минип жүргөнгө мага бир унаа бере аласызбы? – дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

– Сага бергенге жеке менин өзүмдө унаа жок, бирок, паланчадан сурап көр. Менин оюмча, ал сага жардам берет болушу керек – деп анын назарын сындырбай, мүмкүнчүлүгү бар бирөөгө жолдойт.

Унаага муктаж болуп турган сахаба айтылган кишиге барып жагдайды түшүндүргөн соң ага унаа тартуу кылат. Унаасын таскактата кудуңдап келген сахаба абал тууралуу Алла Элчисине маалымат берет. Анын кубанычына кошулуп кубанган Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Бир жакшылыкка далаалат кылган адам аны жасаган сыяктуу соопко эгедер болот»* деп буюрду (Абу Давуд, Адаб, 114-115/5129).

***

Бир инсан Алланын ардактуу Элчисине келип суроо салат:

– Пайгамбарым! Кандай учурда берилген садаканын сообу дагы да көп болот?

Азирети Пайгамбарыбыз ага мындай деп жооп узаткан:

*«–Алы-күчүң, саламаттыгың жайында турган чакта кембагалчылыктан коркуп, зыкымдыкка (үнөмдөөгө) ыктаган кезиңде жана байысам деп кыялга батып жүргөн учурда берген садакаңдын сообу, албетте, чоң болот. Бул ишти (кайрымдуулукту) ажал алкымдан алып турганда: «Паланчага мынча, түкүнчөгө мынча!» деп калган кезге чейин кечиктирбе. Андай учурда мүлк өз ээсин таап мураскорлоруңдун колуна өткөн болот»* (Бухари, Зекет, 11, Васая 17; Муслим, Зекет 92).

***

Жараткан Алла Таала чексиз мээримдүүлүгүнүн белгиси катары кулдарына жакшылык кылуу жолдорун бир кыйла жеңилдеткен. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз өзүнүн бир куттуу хадисинде мындай деген:

*«Адамдын ар бир мууну үчүн күн сайын бирден садака керек. Эки адамдын ортосундагы маселе боюнча адилеттүү чечим чыгарганың – садака. Унаасына мингиси келген кишиге көмөк көрсөтүп мингизип койгонуң же унаасына жүгүн жүктөшүп койгонуң – садака. Жакшы сөз – садака. Намаз окуу үчүн мечитке карай таштаган ар бир кадамың садака. Ары-бери өткөнгө жолтоо болгон нерселерди жолдон алып салганың – садака»* (Бухари, Сулх, 11, Жихад 72, 128; Муслим, Зекет, 56).

*«Мусулман пенде тиккен дарактын мөмөсүнөн адамдар, жаныбарлар же канаттуулар жеген болсо, ошол желген нерсе кыяматка чейин даракты тиккен инсанга садака катары жазылат»* (Муслим, Мусакат, 10).

***

Жакшылык жана сооп табууда ашыгуу керек экендигин чагылдырган береги окуя абдан ибаараттуу десек жаңылышпайбыз:

Жабир *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Ухуд согушу башталганда бир адам Азирети Пайгамбарыбызга келип жалындуу суроо узатты:

– Пайгамбарым! Мен бул согушта өлтүрүлгөн болсом, кайда барышым мүмкүн?

– *Бейишке!* – деп токтоосуз жооп берди Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам).*

Алланын Элчисинин жообун уккан каарман сахаба колундагы жеп жаткан курмасын таштап салып согушка жөнөдү. Ыкласман мусулман ошо бойдон шейит кеткенге чейин согушуп жүрдү» (Бухари, Магази, 17; Муслим, Имара, 143; Насаи, Жихад, 31).

***

Ислам жоокерлери асабанын кимге берилерин ойлонуп, сүйлөшүп жатып таң атырышат. Жерге жарык түшөт. Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүйүүсүнө ээ болуу үмүтү менен асабанын өзүнө берилишин самаган ар бир сахабалар белгиленген жерге жетип келет. Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун):*

«Жетекчиликли эч качан ошол күндөгүдөй арзуу кылган эмесмин. Мени чакырып калат деген үмүт менен Алланын Элчисине өзүмдү көрсөтүүгө аракет кылдым» деген.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* асабаны берүү үчүн Азирети Алини *(Алла ага ыраазы болсун)* чакырат. Азирети Алинин көзү ооруп, жакшы көрбөй калдастап калгандыктан сахабалар аны жетелеп келишет. Ошондо Али бутунун учун көрүүгө араң жарап турган. Азирети Пайгамбарыбыз Алинин абалын көрүп, ооруган көзүнө дуба окуп үйлөп койот. Алланын арстаны атанган Азирети Али Алланын уруксаты менен шыпаа табат. Андан соң Алланын Элчиси ага соотун кийгизет да, асабаны берип мындай буюрат:

*– Али! Кана алдыга! Алла жеңишти ыроологонго чейин оң жагыңды да, сол жагыңды да караба!»*

Азирети Али аттанып баратып бир саамга күймөлө калат да, артын карабастан суроо салат:

– Оо, Алланын Элчиси! Алар менен чабышуунун максаты эмнеде?

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай буюрат:

*– Алар Алладан башка кудайдын жок экендигине жана Мухаммад Алла Тааланын Элчиси экендигин кабылдаганга чейин күрөш. Алар Исламды кабылдагандан тартып диндин буйруктарына моюн суу менен өз жанын, мал-мүлкүн коргой алышат. Негизги эсеби Аллага таандык. Эч шашылба! Алардын жанына бар. Оболу аларды Исламга чакыр! Эгерде бул чакырыгыңа бир адам оң жооп кылып мусулман болсо, бул сага кызыл төөлөр тартууланышынан да артык!...»* (Бухари, Асхабун-Наби, 9; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 32-34; Хайсами, VI, 151).

Маалым болгондой, Азирети Умар сыяктуу бүтүндөй алп эрендер ошол күнү асабаны көтөрүп калсам экен деп тилек кылышкан. Бирок асаба бир гана адамга насип кылынган. Калгандары таарынып, же мурчуп калбастан Алла Тааланын ыраазылыгын туу тутуп, асабачынын айланасында дин душмандары менен согушкан.

***

Айым сахабалардын ичинен Азирети Пайгамбарыбызга эң алгач ыйман келтирип байат кылган Асма бинти Язид аттуу Мединалык аял болгон. Ал сөзгө сөздү кынаптап, таптап сүйлөгөн

сөзмөр, нары кыйын аял болгон. Зарыл учурларда Алла Элчисине барып аялдар тартынган айрым маселелер тууралуу суроо салып жообун алып турган. Алланын акыркы Элчиси анын мындай чечкиндүүлүгүнөн жана динди үйрөнүүгө болгон ынтызарлыгынан улам Мединалык аялдарды мактоого ылайык көргөн.

Күндөрдүн биринде сахаба аялдар Азирети Асманы Алла Элчисине жиберет. Азирети Мухаммаддын алдына кирген Асма *(Алла ага ыраазы болсун)* маселенин ток этер жерин сурайт:

«– Ата-энем сенин улуу жолуңдун курмандыгы болсун Пайгамбарым! Мен сизге аялдардын элчиси катары келип олтурам. Анткени Алла Таалам сизди бүтүндөй экек жана аялзатына Пайгамбар кылып жиберген. Биз Улуу Жаратканга жана сизге ыйман келтирдик. Биз аял болгон соң сиздерге бейпилдикти тартуулоо үчүн үйүбүздөн чыкпай, перзенттерге тарбия берип келе жатабыз. Эркектер жума намазын окуу, мечитке баруу, жамаатка кошулуу, бейтаптарга зыярат кылуу, жаназа намазын окуу, ажылыкка бирден ашык баруу өңдүү жагдайларда бизден артыкчылыгыңыздар бар. Айрыкча булардын эң маанилүүсү – жихадка чыгуу.

Сиздер ажылык жана умра ибадаты үчүн же душман менен согушуу максатында үйдөн чыкканыңыздардан тарта мал-мүлктү биз коргойбуз, жип ийрип сиздерге кийим токуйбуз, балдарды карайбыз. Ошол себептен сиздер тапкан соопко биз дагы ортоктош боло алабызбы?»

Азирети Асманын бул орчундуу жана аял затынын бүйүрүн кызыткан суроосун Алла Элчиси абдан ыраазылык менен кабыл алат. Анткени ал акыйкат, айрыкча аялзатына адилеттүүлүк алып келүүнү көздөгөн Пайгамбар болгон. Асмага:

*«– Мага жакшылап курак салыңыз! Сизди бул жакка жибирген айымдарга да жакшылап түшүндүрүп койуңуз. Аялзатынын күйөсү менен ынтымакчылыкта жашап, анын ыраазылыгын табышынын өзү азыр сиз эсептеген артыкчылыктардын сообуна тете сооптуу иш*[96] *»* деди.

Андан соң Алла Элчиси сахабаларына кайрылды:

*«–Силер (ушу кезге чейин) дин тууралуу суроо сураган аялдардын ичинен азыркыдай мыкты суроону уктуңар беле?»*

***

Жакшылык иште жарышкан сахба айымдардын ичинен Умму Рила ал-Кушайри күндөрдүн биринде Алла Элчисине жолугууга барат. «Сизге Алла Тааладан саламатчылык жана береке тилейм!» деп жылуу салам айтып, аялзатына тийиштүү изги ахлак менен таазим кыла сөзүн баштайт. Ал өз сөзүндө аялдар көшөгө артында, үйдө калганын, күйөөлөрүнө кызмат кылуу, бала тарбиялоо, бешик терметүү жана тамак жасоо сыяктуу үй иштери менен алек болуудан башка эч кандай жакшылык иш жасай албай жатышканын кыйытып:

– Биз үчүн казатка аттанып чоң-чоң сооպторго жетүүгө мүмкүнчүлүк жок болуп жатат. Андыктан бизди Алла Таалага дагы да жакындата турган бир жакшы нерсе үйрөтүңүз – дейт.

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ага:

–*Күн-түн дебей Алланы зикир кылгыла, көзүңөрдү бөтөн эркектерден сактагыла жана үнүңөрдү алар укпасын үчүн өз араңарда акырын сүйлөгүлө!* – деп инсанды Алла Таалага жакындата турган ибадаттарды үйрөтөт (Ибн Хажар, ал-Исаба, VIII, 204).

***

Хадис илиминин дагы бир чыгаан аалымы Ибн Авн мындай дейт:

«Мен төмөнкү үч нерсени өзүм үчүн да, диндештерим үчүн да абдан каалайт элем:

Сүннөттү үйрөнүп, аны жүзөгө ашырууга аракет кылууну.

Курандын маанисин түшүнүү үчүн, окулган аяттардын маани-маңызы тууралуу терең ой жүгүртүүнү.

Адам баласын жалаң гана жакшылыкка чакыруу, жалаң гана жакшы мамиледе болуу жана жалаң гана жакшылык кылууну» (Бухари, Итисам, 2).

***

Күндөрдүн биринде бир дервиш Хасан Басрийден бир нерсе сурайт. Берээрге көңүлдөгүдөй нерсеси жок болгондуктан, ордунан тура калып көйнөгүн чечип берет. Чогуу олтурган жолдоштору эмне үчүн анчалыкка барганын сураганда, ал мындай деген:

«– Бир жолу дал ушундай болуп чогулуп олтурганыбызда бир кайырчы келип: «Ачкадан өлөйүн деп калдым. Өзөк жалгаганга бир нерсе болсо бергилечи!» деп улам айланчыктап туруп алды. Кайдегерлигибиз себептүү ага эч нерсе бере албадык. Жыйыныбыз аяктагандан кийин үй-үйлөрүбүзгө тарап кеттик. Жанагы кайырчы мечитте кала берди. Эртеси таң азанда багымдатка келсек, баякы кайырчы өлүп калыптыр. Дароо кепиндей салып жерге бердик.

Ошонун эртеси күтүлбөгөн окуяга туш болдук. Кайырчыны орогон кепинге «Кепиниңерди өзүңө алгыла, Алла кабыл кылбады!» деп жазылган абалда мечиттин михрабында туруптур.

Мен ошондон кийин «Мындан кийин ким болбосун, жардамга муктаж бирөөнү кезиктире турган болсом, аны эч күттүрбөйм!» деп касам ичтим» [97].

Маалым болгондой, айрым сырдуу акыйкаттарды Алла Таала айрым олуя пенделерине кадыресе таризде аян кылып турат. Пенделердин көңүлүнө терең таасир калтырып, жакшы жака багыт берүү бул окуянын жараян этишиндеги башкы максат болуп саналат. Ошол эле маалда мындай окуялар карапайым калк үчүн эч кандай өкүмгө ээ эмес. Булар такыбаачылыкта бийик даражаларды багынткан кулпенделерге, олуяларга эскертүү иретинде Жараткан Алла тарабынан маалымдалган акыйкат болуп эсептелет.

***

Жыйынтыктап айтканда, жакшылык ишке жарышуу, сооптуу ишке ашыгуу, тирүүлүктүн саналуу гана күндөрүн максаттуу пайдаланып, баалап калуунун ийги жолуп болуп саналат. Жарамдуу амалдарды жасаган жана жакшылык иштерди бүтүргөн инсан өзүнүн гана пайдасына иштейт [98]. Ыйык Куранда:

*«Күкүмчөлүк жакшылык жасаган адам сөзсүз анын үзүрүн көрөт»* (Зилзал сүрөсү, 7-аят).

*«...Эмне жакшылык кылбагыла, Алла Таала, албетте, аны билет»* (Бакара сүрөсү, 273-аят).

Жарыктык Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз хадисинде:

*«Өмүрдү ар түркүн жакшы иштер узарта алат, тагдырды болсо (ыкластуулук менен тиленген) дуба артка кайтара алат. Адампенде күнөө жасагандыгы себептүү ырыскыдан куру калтырылат!»* деп буюрган (Ибн Маажа, Мукаддима, 10).

Амал дептерин жакшылыктарга, ийги акыбетке, албан соопторго толтуруу аркылуу бейиштин жогорку даражасына чыгууну каалаган момун мусулман, албетте, жакшылыкка шашылуусу керек, убакытты максаттуу, үнөмдүү пайдалана билиши керек. Мүмкүнчүлүккө жараша колдон келишинче жакшылыкты жасап калганга жан үрөшү керек. Жакшы ишке ашыгышым керек деген бир жактуу ой менен Алла Таала буйруган ибадаттарыбызды, мойнубуздагы парздарыбызды аксатып албашыбыз керек. Бул жагдай тууралуу атагы ааламга кеткен Алийул Каари буларды айткан:

«Алла Тааланын буйруктары деп эсептелген таат-ибадаттарды орундатуу жана жакшылык иштерге ашыгуу менен аларды аткаруу учурунда шалаакылык кылып коюнун ортосунда асман-жердей айырма бар. Булардын алгачкысы туура болгондуктан мактоого ылайыктуу деп эсептелген».

Кыскасы, ибадаттарды жана жакшылык иштерди өз-өз убагында кынтыксыз орундатуу үчүн ашыгуу абзел. Тескерисинче, көз ачып жумгуча бүтүрүүгө ашыгуу туура эмес. Анткени биздин жасаган иштерибиздин толук, так жана бекем болушу Жаратканды ыраазы кылат.

Чыныгы момун мусулман акыры барып бейиштен орун алганга чейин эч бир жакшы ишке тойбойт. Бул мусулмандын гана өзгөчөлүгү.

**«Сага якийн (өлүм) келгенге чейин Раббиңе кулчулук кыл!»** (Хижр сүрөсү, 99-аят).

## 6. Башкаруучулук кызматтарда жоопкерчиликти сезе билүү

Коомчулукта тартипсиздик, карама-каршылык, каргаша, өзүм билемдик жана башаламандык терең тамыр жайып, өкүм сүрүп кетпөөсү үчүн мыйзамдуулукту жана адилет тартипти эң жогорку баскычтан эң төмөнкү бала бакчага чейин жайылтуу, орнотуу зарыл. Бул айтылгандар негизинен бир жетекчинин айланасына биригүү жана ага баш ийүү менен жүзөгө ашат. Ошол себептен убактылуу сапарга чыккан үч кишилик кичинекей жамаатта да жол баштаган

жетекчини дайындап алууну Азирети Пайгамбарыбыз үммөттөрүнө сунуш кылган. Ал өзүнүн бир куттуу хадисинде мындай дейт:

*«Дүйнөнүн ээн бурчунда болсо да үч кишинин өз арасынан бирөөнү жетекчиликке дайындабай туруп (ар кимиси өз алдынча) өмүр кечиргени туура эмес»* (Ахмад, II, 177).

Мындай маанилүү, нары зарыл болгон башкаруучулук милдет ошол эле учурда катардагы ар бир адам көтөрө алгыс Кудайы аманат жана өтө оор жоопкерчилик болуп эсептелет. Муну башкаруучулук касиети бар, кыраакы, чечкиндүү инсандар гана жөндөп кете алат. Андай сапатка ээ болбогондор жана жарандардын акысын жеп, укугун тебелей турган шалаакылар, ачкөздөр үчүн башкаруучулук кыяматта шерменделикти, бушаймандыкты, арылбас муң-кайгыны алып келет. Азирети Пайгамбарыбыздын хадисине көңүл буралы:

*«Алла Таала кулдарынын ичинен башкаруучулукка алып келген пенде аларга (өз карамагындагыларга) чын дилден көңүл бурбаса, ыкласмандык менен коргобосо, ал бейиштин жытын жыттай албайт»* (Бухари, Ахкам, 8).

*«Жаратkандын (жазмышы менен) башкаруучулукка келген адам бийлиги астындагыларды алдап кетип (анан) өлгөн болсо, Алла Таала ага бейиштин жүзүн көрсөтпөйт»* (Бухари, Ахкам, 8; Муслим, Иман, 227-228, Имара, 21).

*«Мусулмандардын жоопкерчилигин мойнуна алганы менен алар үчүн иштеп, алар үчүн аракет кылбаган жетекчи атпай бейишке алар менен чогуу кире албайт!»* (Муслим, Иман, 229, Имара, 22).

Мансап, бийлик, жетекчилик жана башкаруучулук дегенде адампенде абдан ачкөз келет. Ислам дини бул жагдайда жанталашып умтулбоого, адамдарды токтоолукка, салабаттуулукка, кеңешүүгө жана биримдик-ынтымакка чакырат. Пайгамбарлар Султаны Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Силер эң жакшы адамдардын башчылыкка көңүлү жоктугунан билсеңер болот. Ошондой эле эң жаман адамдардын бирөөгө башка жүз менен барып, экинчисине башка жүз менен келген эки жүздүүлүгүнөн билесиңер»* (Бухари, Манакиб, 1; Муслим, Фадаилус-сахаба, 199).

Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Убада бин Саамитти салыктарды жана зекеттерди жыйноо үчүн милдеттендирип жатып мындай деген:

*– Алла Тааладан корк жана так иште! Алла Тааладан корк, кыяматта Анын алдына боздогон төөнү же уйду, же болбосо маараган бир койду же эчкини мойнуңа артып келип жүрбө!*

– Оо, Алланын Элчиси! Абал чындап эле сиз айткандай оор болобу?

*– Ооба, мени Кудурет-күчү менен кармап турган Алла Таалага ант этип туруп айтам, абал так ушундай болот! Бирок Алла Таала ырайым кыла турган адамдар гана мындан кутула алышат.*

– Пайгамбарым, сени акыйкат үчүн жиберген Жараткан Аллага ант болсун! Эки адамга да башчылык кылбайм! – деди Убада бин Саамит (Али ал-Муттакий, VI, 569/16965).

Азирети Умардын: «Бийликке келүүдөн оболу диний илимдерди үйрөнгүлө» деген сөзүн Суфян бир Уйайна (Алла аны Өз ырайымына бөлөсүн) мындай деп чечмелеген:

«Анткени талапкер диний илимдин арты менен кыраакылыкка тарбияланат. Кыраакы исан текеберликтен жана ач көздүктөн арыла алат» (Ибнул Жавзий, Сыфатус-сафва, II, 236).

Бирок башкаруучулукка өзүнөн башка ылайыктуу киши табылбай калган учурда, зарылдыктан улам бийликке келген инсан эң оболу Алла Тааладан коркуу менен иш жүргүзүшү керек. Эл оозунда «Алла Тааладан корккон пендеден баары коркот» деген акыйкат кеп бар. Ошону менен катар өз жашоосунда жана ишинде адилеттүүлүктү туу тутса, Алла аны адаштырбайт. Алла Таала Ыйык Куранда:

**«Ар дайым адилеттүү болгула. Алла, албетте, адилеттүү иш жүргүзгөндөрдү сүйөт»** деп буюрган (Хужурат сүрөсү, 9-аят).

Азирети Пайгамбарыбыздан бир хадис:

*«Өкүмдөрдү адилеттүү чыгарган, үй-бүлөсүн жана элин адилеттүү башкарган жетекчи кыяматта Алла Тааланын жанындагы нурдан курулган бийик такка отурат»* (Муслим, Имара, 18).

Ар кандай ишенимди, түрдүү салт-санааны тутунган жарандарды башкарган инсан, кудум Алла Элчиси сыяктуу маанилүү, маанисиз дебестен, болгон дити менен көңүл буруп, баарынын көйгөйлөрүн тегиз угуп, баарынын дартына дабаа болушу керек. Өз карамагындагы адамдар үчүн жакшы ниетте болуп, пайда келтире турган иштерди майын чыгара аткарышы керек.

Жетекчилик кызмат ашкере кыраакылыкты, түшүнүктүүлүктү, кечиримдүүлүктү, салабаттуулукту жана сабырдуулукту талап кылат. Башкаруучулар өз карамагы элдин турмушу үчүн мыкты шарт түзбөсө, акыйкаттуулукту орнотпосо, бирөөнүн акысын жесе, Алла Таала аларды акыретте оор жазага тартат. Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Үммөтүмдүн жоопкерчилигин мойнуна алып, аларды кыйынчылыкка кептеген адамды Сен да кыйынчылыкка кириптер кыл. Үммөтүмдүн жоопкерчилигин мойнуна алып, аларга жакшы мамиле жасагандарга Сен да жакшы мамиле жаса!»* (Муслим, Имара, 19; Ахмад, VI, 93, 258).

Эл башкарган инсан мусулмандык ибадаттарын кынтыксыз орундатышы керек. Эл-журту үчүн ар дайым эшигин ачык тутушу керек. Мусулмандардын жоопкерчилигин мойнуна алган адам жабыр тарткандарга, жардамга зарыккан кедей-кембагалдарга эшигин ачпаса, аларга орой мамиле жасаса, эртең эле кыяматта Алла Таала ага ырайым кылбайт, жакшылыктын жүзүн көрсөтпөйт. Ал карамүртөз жетекчи Алла Тааланын бүтүндөй кулдарын кучагына алган чексиз мээриминен жана түгөнүп-бүткүс жакшылыгынан куру калат. Куттуу хадистерде мындай деген кабар айтылат:

*«Бир өлкөнүн ажосу өз карамагындагы жардамга муктаждарга, кыйынчылык тартып жүргөндөргө жардам этпесе, жакырлардын мүдөөсүн орундатпаса, Алла Таала анын муктаждыгын, арзууларын орундатпайт!»* (Тирмизи, Ахкам, 6/1332).

*«Алла Тааланын жардамы менен мусулмандардын башына келген адам эл турмушунун илгерилешине, журт муктаждыгынын камсыздалышына жана кыйынчылыктаан арылышына чара көрсө, Жараткан ага жар болуп, муктаждыктан, кыйынчылыктан арылтат»* (Абу Давуд, Хараж, 12-13/2948).

Бу дүйнө бийликтин кантын уруп, напси самаган арзууларын тата турган жыргалчылык майданы эмес. Тескерисинче, акыретке азык камдап, жарамдуу амалдарды, кайыр-садака жасай турган, сооп таба турган аялдама сыяктуу убактылуу жай. Алланын сүйүктүү достору: «Түбөлүктүү бакыт үчүн канчалык кыйынчылык тартсаң, тарт, акырында мүшкүл кетип бак-таалай калат. Эгер сен дүйнөнүн убактылуу жыргалчылыгы үчүн күнөө жасасаң, натыйжада көз ирмемде жыргалчылык житип, сага абийир азабы менен жазасы калат» деп айтышкан. Журт жүгүн аркалаган ажо баш болгон бүтүндөй жоопкерчиликтүү инсандар мында айтылган акыйкатты туя билиши керек.

Жетекчиликти аркалаган адам мансабы менен мактануудан, көкүрөк кагуудан этият болушу керек. Анткени Жаратկандын сүйүктүү кулпенделери: «Мактануу акыретти унуттурат» деп айткан. Адам баласы бу дүйнөгө жаратылгандыгы жана өлгөндөн кийин эмне болоору тууралуу ойлонушу керек. Ар дайым өлүм алдындагы жана өлгөндөн кийинки абал тууралуу терең ойлонуп, өтүмүштөгү инсандардын таржымалынан сабак алышы керек. Бул дүйнөдөгү бардык сан миң жакшылыкр, ыроолонгон нематтын баары адамды сыноо үчүн берилгенин такыр эстен чыгарбоо абзел. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Дүйнө таттуу жана көрүнүшү жагымдуу. Шексиз, Алла Таала дүйнөнүн бийлигин силерге берет жана кандай иш жүргүзөөрүңөргө, кандай иш жасаганыңарга карайт. Андыктан дүнүйөдөн сак болгула...»* (Муслим, Зикир, 99).

Бийлик башындагы жетекчи убактысын эң зарыл, нары маанилүү жана пайдалуу иштерге жумшашы керек. Салабатуулук, такыбаалык, адилеттүүлүк, каниеттүүлүк жана топук жетекчи үчүн абадай зарыл сапаттардан болуп эсептелет. Мүмкүн болушунча элге үлгү катары өз напсин тизгиндеп, кол астындагыларды жакшылыкка чакыруунун чарасын көрүшү керек. Анткени эл – агылган сел. Эл ар убак баштагы жетекечилерге жараша калыптанат. Азирети Умар мындай деген:

«Башчысы туура жолдон таймайын жарандар адашпайт» (Ибнул Жавзий, Манакыб, 223 б).

Бийлик башындагы жетекчи ырахат жашоого чек коюп, ашыкча уйкуга алдырбай, түндөрдү ибадат жана ойлонуу менен өткөрүшү керек. Анткени ашыкча уйку адамдын денесин шалдыратып,

жалкоолукка түртөт, натыйжада кулпенде кыямат азабын тартууга мажбур болот. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Энеси Азирети Сулайманга: – Уулум! Түнү ашыкча уктаба! Анткени түнкү ашыкча уйку кыяматта адамды жакырга айлантат! – деген»* (Ибн Маажа, Икаматус-салах, 174).

Жетекчилик вазийпанын ээси алсыздардын, кембагалдардын абалына кайдыгер карабашы керек, алардын көйгөйүн сурап турууну башкы милдети катары санашы керек. Анткени Алла Тааланын ыраазылыгын калктын көңүлүнөн түнөк табуу аркылуу гана табууга болот. Ислам тарыхын карай турган болсок, ааламдардын асыл сыймыгы атанган Азирети Пайгамбарыбыз сапар учурунда сахабаларынын артынан бастырып, кыйналып артта калгандарды унаасына мингизип, аларга жакшылык тилеп, батасын берген (Абу Давуд, Жихад, 94/2639).

Азирети Умар болсо *(Алла ага ыраазы болсун)* Мединанын көчөлөрүн кыдырып, жакадагы айыл-кыштактарды кезип, жадагалса элдин абалын өз көзү менен көрүү үчүн шаар аарлык саякаттарга кошулуп, мусулман журтчулугунун муктаждыгын камсыздоонун чарасын ойлонгон камкор халифа болгон.

Куттуу билим аттуу залкар чыгармада бул жагдай тууралуу журт башчыларына мындай кеңештер берилет:

«Мамлекетте бир жаран ач калса, анын эсебин Алла Таала сенден сурайт, Ошондуктан көзүңдү ач!

Эй, өкүмдар, сен бүгүн бир дабаагерсиң. А калк болсо сага муктаж болуп, көзү жалдырап турган бейтап. Айрымдары кыйын-кысталышка кептелген, айрымдары бетпак. Айрымдары болсо кембагалчылыктын айынан запкы чегип жүрөт. Айрымдар ач-жылаңач, кээ бирлери убайым тартып, улутунуп жүрөт. Баарынын дабаасы сенде, сен аларды айыктыр, аларга дем берип, элдин бакубат турмушу үчүн жан үрөп иште. Эгер сен буларга дармек бербей, айыкрытуунун чарасын көрбөсөң, калктын азаптуу турмушунунун себепкери болосуң. Бийликтин келечеги сактыкта жана сергектикте. Экинчи жыргал дүйнөгө мына ушул сактык жана сергектик менен жете аласың.

Ач көздөргө мансап бербе. Анткени ачкөз бейпил мамлекетиңдин мыйзамдарын тебелөө менен сөзсүз өз көмөчүнө күл тартат. Натыйжада өлкөдөгү туруктуу тартипти бузат. Мындан эч шектенбе.

Өз жыргалчылыгыңды бир четке кой, сен элдин жыргалчылыгын ойло. Сенин жыргалчылыгың калктын бакубат турмушунда. Качан гана турмуш оңолуп, качан гана курсак тойгондо, эл бактылуу болот.

Падыша өз элинин же бак-таалайы, же башка түшкөн кара түнү. Эгер элдин жүзүнөн күлкү төгүлүп турса, падыша элинин бак-таалайы.

Элиңе бейпилдик жана жыргалчылык алып келе турган калыс, адилет мыйзамды ишке киргиз, эл-журт сага ак батасын берсин.

Байлардын жүгү орто жашаган карапайым калкка жүктөлбөшү керек. Болбосо эл тынчтыгы бүлгүнгө учурайт. Орто жашаган элдин жүгү кедей-кембагалдарга жүктөлбөшү керек. Эгер жүктөлсө, жакырлар, колунда жоктор ачкалыктан, дармансыздыктан кырылып жок болушат.

Падышанын күйүмдүүлүгү, көсөмдүгү менен кедей-кембагалдардын турмушу орто деңгээлге жетсе, орто жашагандар байыйт, орто жашагандар байыса мамлекет байыйт, эл турмушу бакубатчылыкка, байгерчиликке ыктайт».

«Вазирлик менен аскербашчылык вазийпасы нары маанилүү, нары жоопкерчиликтүү кызмат. Анткени булардын бири кылыч кармайт, бири калем. Мамлекеттерди караткан каармандар кылыч менен каратышкан, мамлекеттин тизгинин туткандар аны калем менен жөндөп келишет. Кандай гана мамлекет болбосун, кылыч менен каратып алууга болот, бирок мамлекетти калемсиз бейпилдикте туруктуу кармап туруу мүмкүн эмес».

«Эй, өлкөнү башкарган өкүмдар! Сен чатыры бийик кабат-кабар хансарайларды салдырбай эле кой, кара топурактын астында сенин даяр үйүң бар. Элдин каражатына асемделип курулган жүздөгөн бөлмөлүү хансарайларың бу дүйнөдө калат, а сен болсо онтогон бойдон кара топурактын астына кетесиң. Эй, өкүмдар! Ушу азыркы байгерчилик мезгилге ишенип астыңдагы май-көл, сүт-көл абалга алдана көрбө! Бул абал сени, албетте, кайдыгерликке кептейт. Алтын жалатылган жибек

кездемелерге оролгон денең күндөрдүн биринде сөзсүз кара топурактын астында калат! Астыңдагы жал-куйругу төгүлгөн, чайпала баскан, соорусу казандай ак боз аргымактан түшүп, жайдак жерди жазданбашка арган жок!»

Журтту башкарган инсан сараңдыктан, зыкымдыктан жаа бою качышы керек. Анткени ашкере зыкымдар бул дүйнөдө эгерим байыбайт, жакыр жашайт, акыретте болсо байлар сыяктуу суракка тартылат. Эл башкарган ажо орой, мыкаачы, же ашкере жумшак мүнөз, туруксуз болбошу керек. Элдин көйгөйүн көзүнөн окуган кадик сынчы, жаралуу көңүлдөрдү жубаткан ахлактуу, адамгерчиликтүү даанышман болушу керек.

**Изгиликтин үлгүсү**

Хузайфа *(Алла ага ыраазы болсун)* буларды баян этет:

«Азирети Умардын үйүнө бардым. Ал дүмүргө олтуруп, башына мүшкүл иш түшкөн адамдай өзүнчө бир нерселерди кобурап наалып жатыптыр. Сурабай кайрылып кетүүгө дитим барбады:

– Момундардын эмири, бир нерсеге капалангандай түрүңүз бар?

– Мына ушул! – деп сол колу менен оң колуна ишаарат кылды. Калдайган калың мусулман журтчулугунун эки тизгин, бир чылбырын кармап турган чакта бир жаңылыштык жасап албасам экен деп кыжаалат болуп жаткан кербези экен. Мен ал кишиге мусулман катары өзүбүздүн вазийпабызды эсине салдым:

– Сиз болгону ушул нерсеге капаланып жатасызбы? Алла Таалага ант болсун, сиз жаңылыш жолго бараткан болсоңуз биз үммөт катары сизге туура жолду көрсөтүүгө милдеттүүбүз.

– Жападан Жалгыз Жаратуучу болгон Алла Тааланын акы үчүн айтчы, кокус жаңылыштык кетире турган болсом, мага акыйкатты айтып, түзөтөсүңөрбү?

– Жападан Жалгыз Жаратуучу болгон Алла Тааланын акы үчүн айтып жатам, сизден кеткен жаңылыштыкты биз түзөлтүп турабыз!

Менин бул жообум Азирети Умарды абдан кубантты көрүнөт, ал:

– Алла Таалага даңк! Мухаммад Пайгамбарымдын сахабаларынын арасында менин жаңылышымды түзөтө турган инсандар бар экен! – деди» (Ибн Абу Шайба, Мусаннаф, VIII, 154).

Момундардын эмири Азирети Умар мындай деп калчу экен:

«Кетирген кемчилигимди жана жаңылыш жоругумду өзүмө айтып турган адамды мен абдан жакшы көрөм» (Суюти, Тарихул хулафа, 130).

***

Алла Элчисинен кийики адилеттүүлүктү туу туткан киши Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* болгон. Ал коомчулукка маанилүү бир буйрукту берерден алдын аны жүзөгө ашырууну өз үй-бүлөсүнөн баштаган. Азирети Умар андай учурларда үй-бүлө мүчөлөрүн жыйнап буларды айтчу экен:

«– Мен коомчулукка ушул-ушул нерселерди тыю салып жатам. Элдин баары тарпты аңдыган жору сымал силерди гана карап турат. Силер баш болуп менин бул буйругума кошкөңүл мамиле жасай турган болсоңор, эл такыр аяк асты кылып салат. Силер мыйзамды бузбай, артка чегине турган болсоңор, эл да сый мамиле кылышат. Алла Таалага ант этем, бирөөңөр ушул мыйзамга баш ийбей турган болсоңор, менин жакыным болгонуңар үчүн элден ашыкча жазалайм!» (Ибнул Жавзий, Манакыб, 266-б).

***

Азирети Умар бийлиги астындагы калктын ал-абалын күн-түн дебей иликтеп, алардын көйгөйүнө, кайгы-муңуна тең орток болгон нары калыс, нары кичи пейил халифа болгон. Адаттагы күндөрдүн биринде элдин турмушуна көз салуу үчүн күүгүм талаш шаар сыртына чыкты. Бөксө адырдын этегине тигилген чатырды көрдү. Мындан бир күн мурда дал ушул жерден өткөн болчу, анда муну көргөн эмес. Демек, бүгүн гана тигилиптир деген ойдо чатырга жакындап басты. Улам жакындаган сайын жаны ооруп, кыйналган аялдын үнү кулагына келип жатты. Дагы жакындай берди. Чатырдын алдында тизесин кучактап бир эркектин отурганын көрдү. Салам бергенден кийин абалды териштирип кирди:

– Силер кимсиңер?

– Малчыбыз, момундардын эмирине жолугуу үчүн чөлдөн келип олтурабыз. Турмушка зарыл болгон нерселерди сурасамбы деп келдим.

– Чатырдын ичинде бирөө барбы, ооруп жаткандай көрүнөт.

– Алла сага ырайымын төксүн! Жолуңдан калба, кете бер!

– Жок, мындай абалга мен кайдыгер карай албайм. Айтышың керек, мен үчүн абдан маанилүү. Ичкериде ким бар?

– Чатырдагы менин аялым, ал толготуп жатат.

– Аялзатынан жардам бере турган башка бирөө жокпу?

– Жок, өзү жалгыз.

Анын бул сөзүн угаары менен Азирети Умар шашыла үйүнө келди. Жубайы Умму Гүлсүмдү (Азирет Алинин кызы) шаштырды:

– Айым, Алла Таала чоң жакшылыкты аягыңдын астына чейин алып келип олтурат. Ага ээ болгуң келеби?

– Кандай жакшылык экен?

– Шаардын сыртында бир жакыр адамдын жубайы толготуп жатат. Жанында жардам берээр эч ким жок экен.

– Кеттик анда!

– Андай болсо ымыркайды орогонго жумшак кездеме, керектүү каражаттарды, айтмакчы, тамак жасаганга май, ун алып ал!

Даярдалган каражаттарды алып, жубайын ээрчиткен халифа чатырга жетип барды. Жубайын чатырга киргизип жиберди да, өзү от жагып тамак жасоого киришти. Отту үйлөй берип сакалын түтүн каптап, жөткүрүп жатып араң дегенде тамакты бышырды. Дал ошол кезде ыңаалаган ымыркай жарык дүйнөгө келди. Ичкериден кубанычтуу үн чыкты:

– Оо, момундардын эмири! Замандашыңа уулдуу болгонун сүйүнчүлөп кой!

Чөлдө жашаган бедуин «момундардын эмири» деген сөздү угаары менен халифанын айбаттуу сүрүн эми сезгенсип балалуу болгонун эстен чыгарып коюп жүрөгү түрсүлөй согуп, артка кетенчиктей баштады. Халифа ага коркпо дегендей ишаарат кыла, куурулган ундан жасалган тамакты чатырдын алдына коюп, ичкериге үн катты:

– Чатырдын оозундагы тамакты алып, эненин курсагын тойгуз.

Умму Гулсум бедуиндин аялынын курсагын тойгузган соң жарымы желген тамакты сыртка чыгарып койду. Азирети Умар идишти алып бедуиндин алдына койуп:

– Кел тууган тамактанып ал, кыйладан бери тамактанбай курсагың да ачып калгандыр – деди да, байбичесине кайрылды:

– Айым, чык эми, үйгө кетели.

– Эртең мага кел, сага жардам берели, – деп чабандын көңүлүн жайгарып, коштошкондон кийин үйүнө кайтты.

Эртелеп келген чабан халифанын колунан турмушка керектүү нерселерди жана белектерди алып кайтты» (Ибнул Жавзий, Манакыб, 266-б).

Азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай камкордугунан, бийик адамгерчилигинен сабак алып, эл башчысынын жоопкерчилиги эмнелерди кучагына алышы керек экендигин жакшылап ойлонуп көрөлү...

***

Жоопкерчилик Азирети Умар үчүн канчалык деңгээлде орчундуу жана таасирлүү экенин Саиб бин Язид баян эткен:

Ачарчылык жылдары кыйыры бир кыйла кеңейген Ислам өлкөсүнүн жол башчысы Азирети Умардын үстүнөн он жети жеринде жамаачысы бар бир чапан көрдүм. Ал алакан жая:

«Оо, Жараткан Кудай Таалам! Менин айымдан Мухаммаддын үммөтүн кыргынга учурата көрбө!» деп дуба кылып жаткан эле (Ибн Саад, III, 320).

Жана ошондой эле акыркы ирет ажыдан кайтып келатып Абтах деген жерге келгенде майда таштардын үстүнө чапанын жайып:

«Оо, Жараткан! Улгайдым, алдан тайдым. Кыйыр кеңейип, Исламды кабыл алгандардын катары көбөйүп, калкымдын да саны өстү. Мына ушундай жоопкерчиликтүү кезеңде кемчиликке жол берип, кайдыгерликке моюн суна элегимде мени Өз даргөйүңө чакырып кет!» деп дуба кылган дешет (Муватта, Худуд, 10; Хаким, III, 98/4513).

***

Борбордон окчун аймактарда жашаган жарандардын көйгөйү Азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* түн уйкусун бузуп, ар дайым түйшөлткөн. Ал ошол себептен: «Фырат (тигр) дарыясынын жээгинде зыянга учураган бир козунун акысы үчүн Алла Таала мени суракка тартабы деп санаа чегем!» десе керек[99] . Алыскы өрөөндөрдө жашаган инсандардын мамлекеттин башындагы жетекчилерге көйгөйүн жеткизе албай жүрүшү анын жүрөгүн өйүгөн. Ал ошол себептен элдин абалын жакындан билүү үчүн ар кайсы аймактарга тез-тез каттап турган. Дагы көптөгөн аймактардын эли менен жолугууну, алардын турмушун өз көзү менен көрүүнү максат кылып, жакында ишке ашырсам деп жүргөн кезде шейит болуп, Жаратkандын алдына жөнөп кете берген.

***

Умар бин Абдулазиз (Алла аны Өз ырайымына алсын) мусулман журтчулугунун башына халифа болуп келгенден тарта көөдөнүндөгү ташкындап турган такыбаалык сезимдин толкуну менен ысырапкорчулуктун алдын алууну алгачкылардан болуп өз үй-бүлөсүнөн баштаган. Журт башчысынын:

«– Эгер өмүр бою мени менен жашаймын десең, анда өзүңө таандык алтын-күмүш, баалуу зер буюмдарыңдын баарын мамлекеттин казынасына тапшырышың керек. Бул буйрукка баш иймейин чогуу өмүр кечире албайбыз!» деген өктөм буйругун уккан жубайы Фатима эне бүтүндөй баалуу буюмдарын казынага тапшырып берет.

Умар бин Абдулазиздин көзү өткөндөн кийин бийлик инисине өтөт. Жаңы келген халифа агасынын тапшырттырган буюмдарды кайтарып берүү тилегин Алладан корккон жеңеси кабыл этпейт. Тек гана:

«– Мен күйөөмө көзүнүн тирүүсүндө Алланын ыраазылыгы үчүн баш ийип келгеним сыңары көзү өткөндөн кийин деле калыбымдан жазбаймын!» деген жоопту узатат[100] .

***

Умар бин Абдулазиз (Алла аны Өз ырайымына алсын) бийик адамгерчилик, чыныгы такыбаалык жана ишбилги көсөмдүк сапаттары менен мусулман коомчулугуна бейпилдикти, тынчтыкты орноткон чыгаан жетекчи катары тарыхтан өз ордун тапкан. Анын үммөттүн жоопкерчилигин сезе билүүдөгү кыраакы туюмун чагылдырган изги көрүнүштөрдүн бирин жубайы Фатима эне мындайча эскерген:

«Күндөрдүн биринде Умар бин Абдулазиздин жанына кирдим. Жайнамаздын үстүндө ыйлап олтуруптур. Анын мончоктоп аккан көз жашын көргөн адам, бетин жаңы жууган окшойт деген ойдо калмак.

– Сизге эмне болду? – деп сурадым. Ал мага мындай деди:

– Эй, Фатима! Мен үммөттүн оор жүгүн аркалап келатам. Үммөттүн ичиндеги ач калгандарды, жакырларды, оорусун айыктырганга дары таба албагандарды, тул калган жесирлерди, өз акысын алалбаган бечараларды, каапыр жана күнөөкөр элдердин колунда азап чегип жүргөн мусулман туткундарды, өз муктаждыгын камсыздай албаган алсыз карыларды жана ач-жылаңач көп балалуу адамдарды ойлосом, жүрөгүм тилинип, тынчым кетет. Менин карамагымдагы ушундай кейиштүү абалда жашагандар ар дайым көз алдымдан, оюмдан кетпейт. Аларды эстеген сайын оор жүктөн эзилип кетем. Эртең акыретте Алла Таалам бул байкуштардын айынан мени суракка тарта турган болсо, Азирети Пайгамбарым мага кыжырлуу караса, абалым эмне болот, кантип жооп берем.....?!» (Ибн Касийр, ал-Бидая, IX, 208).

Кепти улаган Фатима эне:

«Ал баарыбыздай эле кадыресе ибадат кылчу. Бирок төшөккө жаткандан кийин, кыяматтагы азаптуу элестерди, акыреттеги оор суракты эстеген сайын Алладан коркуп, жүрөгү жарылып кетчүдөй лакылдап согуп чыкчу. Кудум суута чөгүп бараткан же эки алакандын

ортосунда кысылып жаткан макулуктан беш бетер чебелектеп, бүт денесин калтырак, муздак тер басып, акактап, чаңкап чыкчу. Ошондо санаага баткан жаным кыжаалат боло:

«Эх, атаганат! Ушу бийлик баштан калсын! Атаганат калың элдин жоопкерчилиги бизге берилбесе эмне! Аттиң, ушул үлкөн мансап менен бүлөбүздүн ортолугу асман менен жердей аралыкта болсо кана...» деп калчумун.

***

Эми, Шейх Эдебалинин уулу Осман Газиге жана бүтүндөй мамлекеттик жогорку кызматтарда турган инсандарга айткан акыл-насаатынын айрым үзүндүлөрдү назарыңыздарга суналы:

*«Уулум! Сен эми жетекчи болдуң. Мындан ары ачууңду бизге бер, сага ак көңүлдүк, элпектик гана жарашат... Ызалануу бизге, калкыңдын көңүлүн алуу сага таандык.... Жаңылыштык бизден кетиши мүмкүн, анын кесепетин сен тартууга аргасызсың... Алсыздык, жаңылуу бизден кетиши ыктымал, бирок аны көтөрө билүү сага таандык... Уруш-талаш, чыр-чатак, түшүнбөстүк бизден, адилеттүүлүк сенден.. Жагымсыз караш, оозу боштук, жаңылыш божомол бизден, кечиримдүүлүк сенден...*

*Уулум! Мындан ары бөлүү бизден, бүтөө сенден... Эринчээктик, ыкшоолук бизден, эскертүү, кайрат берүү, жаратмандык сенден...*

*Уулум! Жүгүң оор, ишиң кыйын... Андыктан Алла Таалам Өзү сага жар болсун! Бийликти сага кут кылсын! Туура жолго баштаган татыктуу жол башчы бол! Жылдызың жансын! Эмгегиң түбөлүккө калсын! Кудайым сага оор жүктү көтөрүүгө күч, кадамыңдан жаңылтпас кыраакылык, сергек жүрөк берсин!*

*Уулум! Кайраттуусуң, өткүрсүң, чыйраксың, акылдуусуң, сөзмөрсүң. Эгер ушул баалуулуктарды орунсуз колдоно турган болсоң, таңкы желаргыга сапырылган бойдон жок болосуң! Ушунчалык кырды-бычак кезеңде ачууңдун тизгинин азгыра шыбыраган напсиге кармата берсең, акылыңды адаштырып, өмүрүңдүн тоз-тополоңун чыгарып, кыяматың башталат. Ошондуктан ар дайым сабырдуу, туруктуу жана эркиңди тизгиндей билген кайратман бол!*

*Сабырдуулук – бул адамзатка ыроолонгон абдан маанилүү сапат. Хан болобу, падыша болобу, же бир коомду башкарган жетекчи болобу, же жөн эле бир мырза болобу, сабырды бек кармана билиши керек. Эч бир гүл өз убагынан алдын ала ачпайт. Быша элек алмурутту жегенге болбойт, желсе деле кекиртектен нары өтпөйт. Ой келди чабылган кылыч кудум чийки алмурутка окшош.*

*Элиң өз аң-түшүнүгү, өз ишеними (Ислам) менен жашасын. Бул айтылгандарга тоскоол болбо. Коомду бир тизгинде кармаган да, анын жашоосун камсыз кылган да ушул болуп эсептелет.*

*Уулум!*

*Таң азанда төрөлүп, күүгүмдө өлгөн адамдар бар.*

*Бул дүйнө сен ойлогондой анчейин деле чоң эмес. Бары-жогу билинбеген жашыруун акыйкаттар сенин артыкчылыгың жана адилеттүүлүгүң менен айкын болушу керек.*

*Ата-энеңе ар дайым татыктуу урмат-сый көрсөтүшүң керек. Улууларды урматтаган, алардын көңүлүн алган инсан береке табаарын эч убакта эсиңден чыгарба!*

*Жашооңдо туу туткан көкүрөгүңдөгү ыйык ишенимиңди жоготуп алсаң, жашыл өрөөндөн чөлгө айдалгандай жайдакталасың. Анда көөдөнүң какырга айланат.*

*Ар дайым ачык сүйлө! Ар бир айтылганды өзүңө алба! Көңүлүң түшүп калган жерге тез-тез бара бербе, этибарың, сүйүүң заң басып калышы ыктымал...*

*Береги үч адамга: наадандардын арасындагы аалымга, байлыгын жоготуп, итке минип калган кембагалга жана бир кездердеги кадыр-баркын жоготуп алган этибарсыз жанга боорукер бол!..*

*Бийиктеги, бийликтеги пенделер төмөндөгүлөр сымал коопсуз эмес экенин эч качан эсиңден чыгарба.*

*«Ак ийилет, бирок сынбайт!», ошондуктан акыйкат өзүң жакта экенин билсең, талаштан, күрөштөн коркпо!*

*Өзүңдү, өз напсиңди таануу – эң улуу жеңиш. Кээде адам өзүнө-өзү душман болот. Өз напсин тааныган адамды дос тут!*

*Мамлекет – бул падышанын бала-бакырасы же бир туугандары менен бөлүшкүдөй орток мүлк эмес. Өлкө – бул бир ууч адамдардын эмес, жалпы элдин мамлекети. Андыктан аны бир гана адам башкарышы керек. Өтүмүштө жаңылышып калган ата-бабаларыбыз, дени-сак туруп мамлекетти балдары жана бир туугандары менен бөлүп алууга барышкан. Алар ошол себептен көпкө жашай алышпады, өлкөнү да чыңап, бакубатчылыкка жетелей алышпады (Бул насаат Осмон мамлекетине 600 жыл өмүр сүрдүргөн).*

*Адампенде такка бир жолу отурса эле болду, ордунан козголгусу келбей калат экен. Козголбой олтура берсе, ныксырай баштайт. Ыкшоо тартып, уйкусураган сайын сөз жүрө баштайт. Чындыгы жок сөздөр ушак-айыңга айланат. Ушак-айыңдан оңой менен кутула албайсың. Андай шартта досуң каска, касың карөзгөй мыкаачыга айланат...*

*Адамдын албан күчү, кармаганын капшырган каруусу күндөрдүн биринде түгөнөт, бирок билим жашай берет. Билимдин нуру жумулуу көздөрдү, түркөй баштарды жарыкка алып чыгат.*

*Айбан өлсө токулгасы калат, адам өлсө анын жараткан эмгги калат. Ошол себептен дүйнө салгандардын артынан эмес, артына из калтырбагай кеткенден үчүн кейип ыйлоо керек. Калтырылган эмгекти чаң бастырбай, турмуш менен айкалыштыруу кажет.*

*Тыныгууга, жамбаштап жатып эс алууга акыбыз жок. Анткени убакыт көп, мөөнөт аз!*

*Жалгыздыкдан коркоктор коркот. Айдап-себүүнүн мезгилин билген бабадыйкан гана башкалар менен кеңешпей туруп иш баштай алат. Топурактын тапка келгенин билген акылман дыйкан сымал кыраакы, сергек болушуң керек!*

*Сүйүү бүт нерсенин башаты болушу керек. Сүйүү – тынчтыкты талап кылат. Кыйкырып-бакыруу же өзүңдүн кыйындыгыңды көрсөтүү аркылуу сүйүүнү билдирүү акылсыздыктын белгиси...*

*Тарыхты, өтүмүштү билбеген адам келечекти көрө албайт. Осман! Аяктан мүдүрүлбөө үчүн алыс-жакынкы тарыхты жакшылап эстей жүр! Бараар багытыңды унутта калтырбоо үчүн кайдан келгениңди эстей жүр!*

***

Бул дүйнөдөн кайтаар убагы келип калганын сезген Осман Гази ишаарат менен Орхан Газини жанына отургузган соң өз ордуна Орхан мырзаны дайындап жатканын баарына билдирди. Жаңы дайындалган падышага баш ийүүнү мамлекеттик жогорку кызматкерге да, тууган-урукка, бала-бакырага да акыркы буйругу катары маалым этти. Андан соң улуу Осмон дөөлөтүнүн келечеги үчүн зарылдык катары Орхан Газиге төмөнкү насааттарды осуят кылды:

*«Уулум! Менин акыркы осуятыма кулак сал: Алла Тааланын буйругунан башка эч бир ишке барба! Билбегениңди билгендерден сура. Аныгын билбей туруп эч бир ишке кадам таштаба! Мамлекеттин аскерине белек-бечкек берип, сый-урмат көрсөтүү жадыңдан чыкпасын! Инсан сый менен ийге келээрин эч убакта эсиңден чыгарба!*

*Уулум! Динге тиешелүү иштерди максатыңда да, тажрыйбада да алдыга кой! Анткени бир парздын аткарылышын камсыз кылуу, динге жана мамлекетиңе кубат берет. Диний иштер аксап, же акыйкаттыктан тайып кетпесин үчүн аалымдардан сый-урматты аяба, алардын акысын, укугун тебелете көрбө!*

*Кай жерде бир илимдүүнүн бар экенин уксаң, ага татыктуу, жагымдуу, жылу-жумшак мамиле кыл! Ошол эле маалда ыйманы, ыкласы тайыздарды, бузукулукка аралашкандарды жана тажрыйбасыздарды мамлекеттин ишине аралаштыра көрбө! Анткени Жараткандан коркпогон неме жаратылгандарга мээрим чача албайт!*

*Кийин өкүнүп калбоо үчүн иралды заалымдыктан сактан жана динге жатпаган нерселер менен алек болбо! Анткени эл деген – сел. Элдин агымын токтотуу кыйын, элдин каары да, каргышы да катуу болот!*

*Алла Тааланын динин жайуу максатында жан үрөп кайрат кылуу биздин кесибибиз экенин эч качан эсиңден чыкпасын!*

*Курулай чыр-чатак же ааламды өзүбүзгө каратабыз деген тайкы түшүнүккө тушалган калпыстык биздин мүдөөбүз эмес! Биздин мүдөөбүз Алла Тааланын динин көтөрүү, элге жеткирүү.*

*Уулум! Менин үй-бүлөмдөн кимде-ким туура жолдон чыгып, адилеттүүлүктү аяк асты кыла турган болсо, кыямат күнүн Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) шапаатынан куру калсын!..*

*Уулум! Өмүр бою Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн мамлекеттик кызматтарда иштеген адамдарга ар дайым сый менен мамиле кыл! Аларды корго! Алардын көзү өткөндөн кийин үй-бүлөсүн мамлекеттин камкордугуна жана коргоосуна ал!*

*Мамлекеке руханий күч бере турган көсөмдөр менен салих аалымдарга эшигиң ачык болсун, урмат-сыйың болсун! Башка бир өлкөдө илимдүү аалымдын же билгиндин, же бир олуянын бар экендигинен кабардар болсоң, аларга таазимиңди көрсөтүп өз өлкөңө сыйга чакыр! Мамлекеттик жана диний иштер алардын ак батасы жана берекеси менен туура багытка түшсүн!*

*Аскериң же байлыгың менен текеберлене көрбө! Менин ушу таптагы кумурскадай болгон абалымдан акыл жүгүртүп сабак ал! Жаратгандын улуу назарына, ыраазылыгына татыктуу боло албасаң, сага ийгилик келбейт, ишиң оңунан чыкпайт!...*

*Сен иралды мусулман катары, экинчиден атанын уулу катары менин жолумда жүр! Алла Тааланын алдындагы милдеттериңди так аткар! Жарандарыңдын акысын толук берип, укугун корго! Мамлекеттин казынасындагыга канаат кыл! Мамлекеттин зарыл муктаждыгынан тышкары пайдасыз иштерге каражат саптаба! Өзүңдөн кийин келе турган муун сенден үлгү алсын үчүн бүт нерсени эң оболу өзүңдөн башта! Дагы айтамын, заалымдыкка, кордукка жол бербе! Ар дайым адилеттүү, калыс жана ынсаптуу бол! Кандай гана жакшылы иш болбосун Улуу Жаратгандын ысмы менен баштап, зарыл чараларды көргөндөн соң, жыйынтыгын Алла Таалага тапшыр! Алладан жардам сура, Ага кайрыл! Баарыңарды Аллага аманат тапшырдым!*

***

Экинчи Байезид хан дагы улуу жоопкерчиликти сезе билген олуя падышалардан болгон. Мамлекеттик жогорку кызматкерлер катышкан бир жыйында ал жоопкерчиликтин мыкты үлгүсүн көрсөтө мындай деген:

*«Вазирлер жана жооптуу кызматкерлер! Кол астымдагы жумурай журттун кандай гана абалы болбосун эртең кыяматта эң оболу менден суралаары шексиз. Менин угушума караганда эшигиме келип алып Исламга жатпаган бир топ усулдарды таап кыккан имишсиңер! Силер муну менен акыретте мага тынчтык бербейсиңер, көрүмдө да тынч жата албасмын! Сурак күнү мунун жообун кантип берем?! Сергек болгула, этият болгула! Жараткан Алланын ыраазылыгына каршы келе турган жорук-жосундардан оолак болгула!...»*

***

Кануниi Султан Сулейман падышанын көзү өтөт. Сөөгү мүрзөгө коюлганы жатканда жакындарынан бирөө бир сандык алып келет да, «Крээзин аткарбасак болбойт!» деп, сөөк менен кошо көргө коюну талап кылат. Шейхулислам Абу Сууд мырза бул жагдайга караманча-каршы чыгат. Көзү өткөн адамдын сөөгү менен кошо кымбат баалуу буюм-тайымдардын коюлушу туура эмес экенин баарына ачык билдирет. Өжөрлүккө салган жакындары бул нерсе падышанын көзү өтпөстөн бир күн алдыңкы керээзи экенин айтышат. Шейхулислам Абу Сууд кызыгып сандыкты ачтырса, өзүнүн падышага берген фатвалары чыгат. Андан башка эч нерсе жок болот. Ошондо башын чайкаган Шейхулислам:

«– Сен өзүңдү куткардың улуу Каган! Эртең акыретке барганда биз эмне кылабыз?!» деп буркурап ыйлайт.

Анткени Кануни Султан Сулейман падыша диний болобу, мамлекеттик саясий иштерде болобу өмүрү бою Шейхулислам Абу Сууддан фатва-уруксат алып турган экен.

***

Журтту башкарган жетекчи эмгекчил карапайым калкты барктап, мээнетинин акыбетин, өз акысын толук кайтарышы керек. Күндөрдүн биринде Султан Сулейман өз жакындарынан турган жамаатка суроо узатат:

– Ааламдагы кайрымдуу канимет деп кимди эсептейсиңер?

Отургандардын баары бир ооздон:

– Албетте, кең дүйнөнүн чоң бөлүгүн башкарып турган падышабыз, улуу өлкөнүн Султаны Кануни Сулейман – деп жабыла жооп беришет.

Туугандарынын жообу падышага жага бербеди көрүнөт, айтканыңар туура эмес дегендей баш чайкап:

– Ааламдагы кайрымдуу канимет – бул мээнеткеч калк. Алар чарбачылыкты, дыйканчылыкты өнүктүрүү, киреше табуу үчүн күнүн түнгө катып, жадагалса жанды жай алдырбастан эмгек кылышат. Тапкан пайдасы менен бизди багып келишет... – дейт[101] .

***

Жыйынтыктап айтканда башкаруучулук, жетекчилик, жолбашчылык бычактын мизинде турганчалык кыйын жана кооптуу милдет. Анткени көптөгөн жарандардын, эгер бир көз карандысыз ишкана же мекеме болсо анда иштегендердин «акысы» деген орчундуу маселе бар. Ошол себептен жетекчиликке келген инсан ар дайым «адамдын акы-укугуна» аяр мамиле жасоого тийиш. Бул жагынан алып караганда, жетекчилик самай турган, каалай турган деле кызмат эмес. Бирок ылайыктуу, татыктуу адам табылбаган учурда көзү жеткен бирөө ортодон суурулуп чыгышы керек. Эл ишенимин аркалаган инсан жетекчиликти чоң аманат катары алып, кынтыксыз өтөө үчүн болгон күчүн жумшашы керек. Ошондо Алла Таала ага жар болот, элдин алкышы тийип, калктын ак батасынан көгөрөт.

Башкаруучулук милдетти аркалаган пенделер жарандардын аз да болсо укугун тебелеп коюдан же напсинин азгырыгына ыктап кетүүдөн сактануу үчүн ар дайым өлүм жөнүндө ойлонуп, акыреттеги азаптуу элестерди унутпашы керек.

Фудайл бин Ияздын Харун Рашидке айткан берети насаатын өзүнө айтылгандай кабыл этип, эгерим эстен чыгарбашы керек:

«Эй, жетекчи! Кыяматта Алла Таала менен Анын сага аманат кылган кулдарынын ортосунда жалгыз сен гана болосуң. Кыяматта ар бир адам өзү үчүн суракка тартылса, сен жалпы үммөт үчүн жооп бересиң!» (Абу Нуайм, Хиля, VI, 380; Байхаки, Шуаб, VI, 35).

Адилеттүүлүктүн жаркын жүзү деп эсептелген Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* халифа болгон мезгил ичинде өтө-өтө кылдат иш жүргүзгөнүнө карабастан өлүм алдында бул чоң жоопкерчиликти бериле өтөгөндүгү үчүн Алла Тааладан сооп үмүт кылбасын, тек гана бул мезгил ичинде жасаган жакшылыктарым жаңылыштыктарыма тең келсе экен деп арзуу кылган дешет. Адилеттүүлүгүнөн улам аны мактагандарга:

«–Болду токтоткула! Бул айтканыңар үчүн кыяматта жооп берүүгө дараметим жетпейт! Айрыкча мен бул вазийпаларым үчүн сооп үмүт кылбай келем!» деп калчу экен жарыктык киши. Анын бул айткандары жетекчиликтин өтө оор жоопкерчилик, кынтыксыздыкты талап кылган аяр вазийпа экенин эсибизге салып жана ошондой эле өмүр бою жасаган акыйкат, ак эмгеги менен Исламдын бейнесин таамай чагылдырып өткөн.

## 7. Жаратылган жаамы жандуу-жансызга Жараткандын назары менен кароо

Жаратылган жаамы жандуу-жансызга Жараткандын назары менен кароо рухий өнүттөн кемелине келген чакта гана турган өзгөчө касиет. Зикир чалуу, ой жүгүртүү жана муракаба[102] менен жетиле турган Кудайы сүйүүнүн жемиши. Анткени Кудайы сүйүүнү аңдап-сезген жан бүтүндөй макулук менен дос боло да, жаамы макулукка Жараткандын назары менен карай билүү макамын да багынта алат.

Алла Таала буйруган адеп-ахлакты кан-жанга, тулку бойго жана аң-сезимге сиңирүүнүн натыйжасында мына ушул мартабага жетүүгө болот. Кудай Таалага кулчулук кылууда адампенденин даражасын көтөрө турган бул изги касиет аркылуу Алланын кечиримине, мээримине жана ырайымына тушуккан пенделер аталган касиеттин жардамы менен бүтүндөй

макулукка мээрим бапестей алышат. Жандуу-жансыздын асыресе, өзөгүнө этибар берүү менен карап калышат. Маселен, адам баласына Алла Тааланы «жер жүзүндөгү халифасы-өкүлү» деген түшүнүк менен карашат. Ошондой эле мындай даражадагы инсандар тегерегиндеги адамдарга «Кудай Таала тарабынан бир сыр үйлөнгөн[103] » деген түшүнүктө өзгөчө этибар беришет. Чөйрөлөштөрү канчалык жаңылыш жолго түшүп, күнөөгө баткан адам болбосун, баары бир өзөктөгү асылдыктан улам күнөөкөргө далысын салышпайт.

«Жаратуучусу Алла Таала болгондуктан жаратылган жаамы макулукту сүй!» деп Юнус Эмре айткан түшүнүк менен кадам таштап, замандашынын туура жолго түшүп, күнөөлөрүнө тооба кылдыруу чарасын издешет.

Бул мерчем чындыгында Алла Тааланын ыраазылыгын гана алып келет жана берекелүү натыйжа берет. Айрыкча, бул рухий даража, бул касиет пенденин көөдөнүндөгү катылып жаткан изги сезимдерди өөрчүтө турган өзгөчөлүктү да камтып келет.

**Изгиликтин үлгүсү**

Бадр согушунун оту тутанып кете электе Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ынтымакка келүү пикири менен мушриктер тарапка элчилерди жиберип, акыркы эскертүүнү берип жаткан. Аңгыча Хаким бин Хизам өңдүү бир топ бутпарастар мусулмандардын көлмөсүнө келишет. Жоокерлер алардын жолун тороордо Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* :

– *Жөн койгула, ичип алышсын!* – деп буюрат. Бутпарастар суудан ичип, кайтып кетишет. Бадр чабышында сууга келгендерден Хаким гана аман калат. Хаким кийин мусулман болот. Хаким ар качан сөзүн кубаттоо үчүн:

– Жок! Мени Бадрда өлүмдөн куткарып, ыйман нематын ыроологон Аллага ант ичем!... – деп калчу экен (Ибни Хишам, II, 261).

Хаким бин Хизам Азирети Хатижа энебиздин тууганы болот. Ал берешен, мээримдүү жана камкор инсан болгон. Ал Ислам дини келе электеги караңгылык доордо өз канынан жаралган кызын тирүүлөй көмүүгө белсенген мерез жүрөк аталарды көндүрүп, кыздарын накталай каражатка сатып алып, бапестеп багып чоңойткон таза дилдүү пенде болгон. Хаким бин Хизам Исламды кабыл алгандан кийин Азирети Пайгамбарыбыздан сурайт:

– Пайгамбарым! Мен Исламдан мурунку доордо айрым бир жакшы иштерди жасагам. Мисалга айтканда, кайыр-садака берүү, кул азат кылуу, тууган-урукка жардам берүү сыяктуу... Мына ошолорум үчүн мага үзүр-сооп берилеби?

– *Сен дал ошол мурда жасаган жакшылыктарың үчүн Исламды таптың!* – деп Азирети Пайгамбарыбыз ага жооп берген (Бухари, Зекет, 24; Бую, 100; Ытк, 12; Адаб, 16; Муслим, Иман, 194-196).

Жогорудагы мисалда айтылгандай, Алла Элчисинин тынымдан соң жараян этчү чабышта жоонун суу ичишине уруксат берип жатышы – бизге анын адамдык касиетинин бийиктигин дагы бир ирет даңазалоо менен бирге туура жолго үндөөнүн үлгүсүн да көрсөтөт. Асыресе, Пайгамбарыбыздын мына ушул өңдүү жылуу жүрүмү нечелеген таш боорлордун жүрөгүн ийге келтирип, актыктын, чындыктын нуруна жуурулушуна себеп болгон. Анткени Жараткандын назары менен кароо таризинен оожалган бул чалкыган мээримдүүлүктүн арты менен таш жүрөктөр жибип жаңы жашоо табат. «Сени өлтүрүүгө келген душман сенден тирилсин» деген бабалар кеби мына ушул изгилик менен жүзөгө ашат.

***

Йемаманын жетекчиси Сумама бин Усал Исламды кабыл алып мусулман болгондон кийин Меккелик мушриктер менен болгон соода-сатыкка чекит койот. Бүтүндөй азык-түлүктү Йемамадан алып турган Курайш уруусу үчүн бул кадам чоң сокку болот. Аргасы түгөнгөн Меккелик мушриктер Ислам дининин мээримдүү жол башчысы Азирети Мухаммадка кайрылуу жолдошот. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Сумамага кат жолдоп, алаканы кайрадан улантууну өтүнөт (Ибн Абдилбар, ал-Истиаб, I, 214-215; Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 295).

Бирок ошол эле мушриктер мусулмандарга он үч жыл бою жан чыдагыс кордукту, рухий жана заттык өңүттөн каршылык көрсөтүп, ашкере мыкаачылыкка барышкан. Айрыкча мусулмандарды ачкадан кыруу ниетинде үч жылга созулган бойкот жарыялашкан. Алланын

Элчиси алардын ушуга окшогон дагы далай заалымдыгын кечирген. Анткени ал Жараткан буйруган ахлакты кан-жанына, аң-сезимине сиңирген асыл жан эле. Жандуу-жансызга Алланын назары менен карачу.

***

Мусулмандардын Мединага көчүп келгенине жети жыл болгондо катуу кургакчылык жүрүп, Меккеде ачарчылык башталат. Буга жаны кейиген Алла Элчиси Меккеликтерге түрдүү жардамын жиберет. Абу Суфян келген жардамды кабыл алып, Курайштын кембагалдарына, жакыр үй-бүлөлөргө таратып берет. Өзү агездерде Исламга караманча каршы чыккан дин душманы болгонуна карабастан, Исламдан өнгөн Алла Элчисинин камкордугуна таң кала:

«Тууганымдын уулун кудай өзү жалгасын! Анткени ал чыныгы туугандык вазийпасын өтөдү!» деп чын көңүлдөн ыраазылыгын билдирген (Якуби, II, 56).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын адамзатка болгон мындай күйүмдүүлүгү, камкордугу Меккеликтердин жүрөгүн жибитип, кыска убакыттан кийинки Меккенин каратылышында элдин Исламга агылышына себепкер болгон.

***

Жубайр бин Нафир баян этет:

«Кипр каратылганда анын эли ар кайсы жерде самсып, ар кайсы жакка безип кетет. Кейиштүү абалга кабылган эл карайлап, кан какшап сыздайт. Ошол учурда жалгыз олтуруп ыйлап жаткан Абу Дарданы *(Алла ага ыраазы болсун)* көрдүм да:

– Алла Таала дин Исламдын жана мусулмандардын даңазасын көтөрүп, албан ийгиликтерди ыроолоп жаткан күндө сенин ыйлашыңа жол болсун? – деп сурадым. Ал мага мындай деп жооп берди:

– Жубайр өзүң жакшылап ойлоп көрсөң... Адам баласы мойнундагы парздарга кайдыгер мамиле жасап калганда, Алланын алдында баркы кетет. Мына булар бир мезгилдерде бийлиги кубаттуу, байлыгы мол, коргонуусу мыкты коом эле. Бул Алла Тааланын буйругуна тоңмоюндук кылуунун кесепети...» (Абу Нуайм, Хиля, 216-217).

Анткени Ыйык Куранда:

**«...Коом өзүн-өзү өзгөртмөйүн, Алла Таала ал коомдун абалын өзгөртпөйт»** (Раад сүрөсү, 11-аят).

**«...Бир коом мыкты ахлактан жана асыл сапаттардан таймайын, Алла Таала аларга ыроологон нематын, бакубат абалды** (жаман жагына) **өзгөртпөйт. Албетте, Алла Угуучу, Билүүчү»** (Анфал сүрөсү, 53-аят).- деп айтылган.

Багынткан душманы тууралуу кутман сахабалардын ойлогон мындай терең ою, аларга берген баасы чындыгында өтө калыс болгон. Биз бул окуялардан мусулмандардын кайсыдыр бир элди кырып-жоюу, күлүн көккө сапыруу, же жеке кызыкчылык үчүн эмес, келип чыккан зарылдыктан улам ошол элге түбөлүк таалайды ыйгаруу үчүн согушуп келгенин көрө алабыз.

Бүлгүнгө учураган ошол адамдар Алла Тааланын динине моюн сунганда Абу Дарданын *(Алла ага ыраазы болсун)* жана бүтүндөй мусулмандардын бир тууган диндеши болмок. Андай жагымсыз жагдайлар башка түшмөк эмес. Тескерисинче, алар мусулмандарга каршы жүрүштөрдү жасап, же тоң моюндук кылып жеңилүүгө дуушар болушкан. Мусулман жүрөгү ошол көзү ачылбаган, жүрөгү кулпулуу кайдыгерликке түтпөй ыйлап жатпайбы. Анткени ыймандуу жүрөк чымындын зыянга учурашын да каалабайт жана бүтүндөй адамзаттын таалай жолуна түшүшүн арзуу кылат.

***

«Талаштан тактык жаралат» демекчи, Имам Аазам өзү кээ кээде усул жана ишеним-акыйда маселелери тууралуу кеңири талкууларды уюштуруп, айрым учурларда шакирттеринин жана жакындарынын терең сүңгүп кетүүсүнөн улам мындай талаш-тартыштарга тыю салган. Ал күндөрдүн биринде уулу Хаммадды «калам» маселеси боюнча бирөөлөр менен кызуу талашып жатканына күбө болот. Уулун четке чакырат да, талашты токтотот. Айрымдар ага таң калгандан суроо узатышат:

– Устат, өзүңүз көп учурларда ушундай маселелер тууралуу талаш-тартыш кыласыз. А эмне үчүн бизге тыю салып жатасыз?

Исламдын изги маданиятына сугарылган Имам Аазам төмөнкүдөй ажайып жоопту узатат:

– Биз бир маселени талкуулап, же ал тууралуу талашып-тартыша турган болсок, сүйлөп жаткан диндешибизди жаактан жаңылтып албоо үчүн башыбызга конгон чымчыкты учуруп албагыдай абалда унчукпай отурабыз. А силер болсо өзүңөр аныгын билбеген маселе тууралуу кызуу талашып, өз оюңардан кайтпай кашкөйлүккө салганыңар аз келгенсип, маңдайыңарда отурган досуңардын жаңылыш сүйлөп жиберишин каалап турасыңар. Досунун жаңылышын самаган адам анык күнөөкөр болуп, сырттан караган адамга аны жолдон адаштырууну каалагандай түр калтырат экен. Эсиңерде болсун, досунун динден чыгып, каапыр болушун каалаган адам, эң оболу өзү каапырлыкка ыктайт»[104] .

***

Даңазалуу Мавлана олуя бир топ инсан менен дилмаек куруп сукбатташып олтурган маалда сырттан ылжыган бир мас кирип келет. Олуяны тегеректеп олтурган дервиштердин баары аны жек көрүп сыртка чыгарып жиберүү үчүн ордунан атып турушат. Мастын акыйкатты издеп ыйык жайга келгенин түшүнгөн Мавлана аны токмоктоп салууну каалаган дервиштерге мындай деген:

– Шарапты го ал ичиптир, бирок силер мас болуптурсуңар!

Бул икая жаамы жандуу-жансызга Жаратkandын назары менен карай билүүнүн кашкайган үлгүсү. Мусулмандын вазийпасы күнөөкөрдү баткакка таштап салуу эмес, тескерисинче, аны колдон жетелеп нары пакиза, нары ырахаттуу жашоого алып чыгуу болуп саналат.

***

Жыйынтыктап айтканда, эң оболу өзүн тууралыкка багыттап, Алла Таала талап кылгандай Куран жана сүннөт менен жуурулуша өмүр кечирүү, ошол эле маалда өзүнө каалаган изги багытты башкаларга үйрөтүү мусулмандын негизги максаты болушу керек. Бул бийик максатты жүзөгө ашырууда эң ишеничтүү жана эң кыска жол – бүтүндөй жандуу-жансызга мээримдүүлүк, боорукерлик менен мамиле кылуу болуп эсептелет. Жараткандын назары менен каралган учурда адам баласынын мүшкүл, машакатын, дартын сезе билүү бир кыйла жеңилдейт. Мээримдүүлүк, айкөлдүк сезимдер оожалат. Натыйжада бүтүндөй чөйрө андан кубат алат, дартын аны менен бөлүшө алат жана ага ишеним артат.

Алла Таала өзү жараткан пендесин ар дайым сүйүп келген, ага санап бүткүс жакшылыктарды тартуу эткен. Ошондой эле кулпендесинин күнөөлөрүн кечирүүнү жана анын бейишке киришин каалайт. Жараткандын назары менен карай билген момун мусулман пенделик бийик мартабанын талаптарына ылайык айыптууну кечире билип, диндешинин муктаждыгын камсыздаганга жардам бериши керек. Адамзаттын туура жолго түшүшүнө, Алла Тааланын ыраазылыгына ылайык келе турган амалдарды аткарышына себепчи болуу үчүн жан үрөшү керек. Алла Тааланын буйруктарын кынтыксыз орундатууда чөйрөсүндөгүлөргө үлгү болушу керек. Эч убакта өзүмчүлдүккө, текеберликке жол бербеши керек. Кайрымдуулукту сүйгөн жандар ар убак бүтүндөй журтчулуктун жакшылыгы үчүн күйүп-жанган камкор мусулмандын бейнесин чагылдырып келет.

[1] Олуя: Олуя сөзү арап тилиндеги «авлия» деген сөздөн келип чыккан. «Авлия» сөзү арапчада «дос, жакын» деген маанилерди туюнткан (вали) сөзүнүн көптүк түрү. Ал эми Ислам коомчулугунда «авлия» сөзү Ыйык Куран жана сүннөт менен жуурулуша жашоо аркылуу Алла Тааланын сүйүктүү кулуна айланган инсандарга карата айтылат. Олуя – бул айрым адамдар түшүнгөндөй көзү ачык же бакшы эмес.

[2] Дайлами, ал-Фирдавс би-Масурил хитаб, Бейрут, 1986, II, 324

[3] Ибн Хишам, Сиратун-Наби, Бейрут-1937, Дуарул-фикр, I, 341; Табари, Жамиул баян ан та-вили ай-ил Куран, Бейрут-1995, XXX, 279 (ал-Лайл, 5-7 –аяттарынын тафсири); Суюти, Лубабун-нукул, Бейрут-2006, 257-258-беттер.

[4] Абу Дауд, Малахим, 17/4336; Тирмизи, Тафсир, 5/6, 7; Байхаки, ас-Сунанул Кубра, Даарул фикр, тс., X, 93.

[5] Мунзири, ат-Таргиб ват-тархиб, Бейрут–1417.III , 164/3506; Рудани, Жамул фавааид, которгон Наим Эрдоан, Истамбул тс., V, 384.

[6] Олуя: Олуя сөзү арап тилиндеги «авлия» деген сөздөн келип чыккан. «Авлия» сөзү арапчада «дос, жакын» деген маанилерди туюнткан (вали) сөзүнүн көптүк түрү. Ал эми Ислам коомчулугунда «авлия» сөзү Ыйык Куран жана сүннөт менен жуурулуша жашоо аркылуу Алла Тааланын сүйүктүү кулуна айланган инсандарга карата айтылат. Олуя – бул айрым адамдар түшүнгөндөй көзү ачык же бакшы эмес.

[7] Ахмад бин Ханбал, ал-Муснад, Истамбул–1992. I, 159; Ибн Асийр, ал-Камил фит-тарих, Бейрут–1979-1982. II, 62; Ибн Касир, ал-Бидая ван-нихая, Каир-1993. III , 88-89.

[8] Ахмад, I, 159; Ибн Сад, ат-Табакатул кубра, Бейрут. Дару Садр, I, 187; Хайсами, Мажмауз-заваид, Бейрут-1988. VIII, 302.

[9] Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул жерде чакырык таштоо үчүн оболу адмдардын деңгээлин тактап алды. Анткени адамдар кимдин кулк-мүнөзүнө таң калса, аны оңой ээрчишет. Учурда Ислам динин жайып жүргөн адамдардын да Азирети Пайгамбарыбыз сыяктуу коомчулуктан өз кишилигине жараша баа алышы кажет. Яа-син сүрөсүндө баяндалган Хабиб ан-Нажжар чакырык ишин жүргүзгөн салих пенделердин жеке кишилик бейнесин мындайча аныктайт:

**«(О, эл-журт!) Силерден эч кандай акы сурабаган ушул адамдарга моюн сунгула! Анткени алар – хидаят тапкан адамдар»** (Яа-син сүрөсү, 21-аят). Аяттын мазмунунда дааваттын жападан жалгыз максаты Жараткандын ыраазылыгы гана жана ошондой эле эң оболу үгүтчүлөрдүн өздөрү туура жолдон тайбаган салих адамдардан болушу керек экендиги айтылат.

[10] (Бухари, Тафсир, 26; Муслим, Иман, 348-355; Ахмад, I, 281-307; Ибн Сад, I, 74, 200; Балазури, I, 119; Самура аз-Зайийд, ал-Жаами фис-сиратин Набийа, ал-Матаабатул илмийа, I, 357-359).

[11] Вахиди, Асбабу Нузулул Куран. Жыйн: Камал Басуни Заглул, Бейрут-1990. 219-бет; Тирмизи, Тафсир, 6/3064

[12] Ибн Хажар, ал-Исаба, фи Тамйизис-Сахаба, Бейрут-1328, Дару Ихя-ит турасил араби, I, 337; Тирмизи, Дааватъ, 69/3483.

[13] Алла Элчисинин Акаба аттуу жерде адамдарды Ислам диниге чакырган күн. Бул күнү жыйналгандардын бир тобу ыйман келтирип жатса, бир тараптан калган мушриктер Азирети Пайгамбарыбызга жолтоо болуп, азап чектирген. Бул күн ушундай өзгөчөлүктөрү менен Ислам тарыхында «Акаба Күнү» деген аталыш менен белгилүү болгон.

[14] крз. Сафф сүрөсү, 2-3-аяттар.

[15] крз. Бухари, Салат, 48.

[16] крз. Ибн Абидин, Хашияту Ибн Абидин, Дамаск-2000. I, 217-219.

[17] крз. Табари, Тарихул умам вал мулук, Каир-1939. V, 266-277; Ахмед Жевдет Паша, Кысас Анбия ва таварихул-хулафа, Истанбул-1976. I, 717.

[18] Суюути, ал-Жамиус-сагийр, Каир-1321/1903-жыл. Матбаатул хайрийя, I, 59/1695.

[19] крз. Муслим, Нузур, 8; Абу Давуд, Айман, 21/3316; Тирмизи, Зухд, 50; Ахмад, IV, 239.

[20] Ибн Хишам, II, 43-46; Ибн Саад, III, 604-605; Ибн Асийр, Усдул Гааба, Каир-1970, I, 112-113.

[21] Зайд мына ошол күндөн тарта, Мухаммад уулу Зайд (Зайд бин Мухаммад) – деп чакырыла баштайт. Бул абал Ахзаб сүрөсүнүн 5- жана 40-аяттары түшүрүлүп бала асырап алуу жөрөлгөсү алынып салынганга чейин уланган.

[22] **Ракусия:** Христиан жана Сааби дининин ортосунан чыккан аралашма дин.

[23] крз.Бухари, Манакиб, 25; Ахмад, IV, 257, 377-379; Ибн Хишам, IV, 246; Ибн Касир, ал-Бидая, V, 62.

[24] Саид Рамазан ал-Буутии, Фикхус-Сиро, Бейрут-1980. 430-б.

[25] крз. Табарани, ал-Мужамул Кабийр, иликтеген: Хамди Абдулмажи ас-Салафи, Бейрут, Дару Ихяи-т Турасил Араби, II, 274/2152.

[26] Бул сүйлөм Мумин сүрөсүнүн 3-аятынын маанисине ылайыкталып алынган.

[27] Ибн Касийр, Тафсирул-Куранил азийм, Бейрут, 1988, IV, 76.

[28] Фахруддин ар-Рази, Муфатихул гайб (ат-Тафсирул кабийр) Бейрут-1990. I, 192.

[29] крз. Анаам сүрөсү, 59-аят.

[30] Али ал-Муттаки, ал-Хинди, Канзул Уммал, Бейрут, 1985. III, 686/8462.

[31] крз. Маида сүрөсү, 32-аят.

[32] Бул жагдай тууралуу кеңири маалымат алуу үчүн Осман Нури Топбаштын «Азирети Мухаммад Мустфа II» аттуу китебинин 81-85- беттерине караңыз

[33] Жин сүрөсү, 1-аят

[34] Байхаки, Шуабул-иман, Бейрут 1990, II, 450.

[35] Абу Нуайм, Хилятул-Авлия, Бейрут-1967. II, 342.

[36] Замахшари, Кашшаф, Мухаммед Мерси Амир, Каир-1988. III, 17; Абус-Сууд, Иршадул-акилис-салим, Бейрут. IV, 156.

[37] Вакиди, Магази, Бейрут-1989. III,1003

[38] Хатиб ал-Багдадий, ал-Кифая фи илмир-Ривая, Бейрут-1988. 402-403.

[39] Абу Давуд, Адаб, 123-124/5156; Ибн Мажа, Васая, 1.

[40] Ахмад, VI, 290.

[41] Абдулфаттах Абул Гудда, Сафахат мин сабри улама алаа шадааидил илми ват-тахсил, Бейрут-2003, 52-53.

[42] Ибн Хажар, Тахзибут-тахзиб, Бейрут-1991. VI, 243-244.

[43] Паша – Осмон мамлекетинде жогорку мартаалуу кызматкерлерге, азыркы тил менен айтканда министрлерге, жогорду даражадагы аскер адамдарына берилген титул.

[44] Абу Давуд, Илим, 1.

[45] крз. Илбер Ортайлы, Османлыйы йениден кешфетмек, 57-58-беттер.

[46] Аараф сүрөсү, 151-аят.

[47] Аараф сүрөсү, 156-аят.

[48] Анбия сүрөсү, 107-аят.

[49] Тооба сүрөсү, 128-аят.

[50] Куртуби, ал-Жаами ли-ахкамил-Куран, Бейрут-1985. VII, 192.

[51] Хаким, ал-Мустадрак алас-сахихайн, Бейрут-1990. IV, 185/7310.

[52] Бурсеви, Рухул баян, Истамбул-1969, IV, 284.

[53] Газали, Кимя-йи саадат, түрк тилине которгон: А. Фаркук Мейан, Интанбул-1977, 467-бет.

[54] Осмон мамлекетинин тушунда фонд түзгөн адам фонддун мыйзам-эрежелери камтылган шартнааманы Истамбулдагы Дефтерхане караштуу бөлүмгө каттатышчу. Дефтерханеден расмий каттоодон өткөн фонддордун таржымалы бүгүнкү күндө Анкарадагы «Вакыфлар генел мүдүрлүгү»нүн архивинде сакталып турат. Бул архивде 26.300 фонд катталган (кеңири маалымат алуу үчүн крз: Зия Казыжы, Ислами ве сосял ачыдан вакыфлар,Истамбул-1985. 43-44-беттер).

[55] Тооба сүрөсү, 104-аятка караңыз.

[56] Тооба сүрөсү, 103-аят.

[57] Бакара сүрөсү, 272-274-аяттарды караңыз.

[58] Дин Ислам үчүн Меекеден көчүп келген

[59] Ибн Хишам, I, 341; Табари, XXX, 279, (Лайл сүрөсүнүн 5-7аяттарынын тафсиринде).

[60] Садака тууралуу төмөнкү аят Табук жүрүшүнө ишааратталып түшүрүлгөн.:«(Элчим!) **сен алардын мал-мүлкүнүн бир бөлүгүн өздөрүн аруулап тазалай турган садага катары алгын да, алардын акысына дуба кыл. Албетте, сенин дубаң алар үчүн бейпилдик булагы. Алла – Угуучу жана Билүүчү»** (Тооба сүрөсү, 103-аят).

[61] Алуси, Рухул Ма-ани, Бейрут, X, 146; Ибн Касийр, Тафсир, IV, 127; Табари, X, 251; дагы крз:Бухари, Закат, 10; Муслим, Закат, 72

[62] крз: Сафф сүрөсү, 4-аят.

[63] крз: Бакара сүрөсү, 218-аят.

[64] Семхуди, Вафаул-вафа, Бейрут-1997. I, 333.

[65] Азирети Пайгамбарыбыз Жабирге ар дайым ар кайсы жаатта колдоо көрсөткөн. Маселен Азирети Пайгамбарыбыз Жабирдин өтөнүчүн жерге таштабай курма бакка кирип, бактын берекелүү болушу үчүн дуба кылган. Анын Алла Таала Өзү жар болгон берекелүү батасынын арты менен Жабирдин курмасы мол түшүм берип, ошол жылы бардык карызынан кутулган. (Бухари, Ясая 36, Истикраз 9, Жихад 49, Буйу 34; Муслим, Мусакат 109;

Ахмад, III, 303, 373, 391)

[66] Тирмизи, Тафсир, 3/3010

[67] Тирмизи, Сияр, 29/1582; Ахмед, III, 350

[68] крз. Ибн Хишам, III, 271.

[69] крз. Аали Имран сүрөсү, 157-аят; Юнус сүрөсү, 58-аят; Зухруф сүрөсү 32-аят.

[70] Азирети Пайгамбарыбыз аргасыз көчүп кеткенден кийин Меккенин мушриктери анын энесинен жана жубайынан калган эки үйүн тең тоноп, сатып жиберишет. Мекке каратылганда Алла Элчиси үйү жок болгондуктан белгилүү мөөнөткө чатырда жашап калат. Сахабалардын:

-Оо, Алла Элчиси! Үйүңүзгө барбайсызбы? – деген суроосуна:

-Акил бин Абу Талиб бизге үй-жай калтырбаптыр! – деп жооп берген. Ошол тапта калдайган он эки түмөн колду жетектеп турганына карабастан сатылып кеткен үйүн кайтарып алууга дити барган эмес... (крз: Вакиди, II, 829, Ибн Саад, II, 136; Арзаки ахбару Макка, Мекке-1965. II, 161; Балазури. I, 356; Маварди, Аххамус-султания, Миср-1966. 171.

[71] Ибн Жавзи, Задул масийр, Бейрут-1987, I, 223; Ибн Касийр, Тафсир, I, 260-261.

[72] Абу Нуайм, Далааил, 105 бет; Кандахлави, Хаятус-сахаба, Акчаг басмасы, I, 76-77.

[73] Ахмад, , 335; Хаким, IV, 468/8300.

[74] Ибн Исхак, 158 б; Хайсами, VI, 34.

[75] Итикаф: Рамазан айынын акыркы он күндүгүндө турмуш-тиричиликти бир чекеге коюп, мечиттен чыкпай болгон дитин ибидатка, зикирге берүү.

[76] крз. Тирмизи, Зекет, 28/664; Суюти, ал-Жамиус-Сагийр, I, 108.

[77] крз: Бакара сүрөсү, 83, 177, 215, 220; Ниса сүрөсү, 2-3, 6, 8, 10, 36, 127; Анаам сүрөсү, 152; Анфал сүрөсү, 41; Исра сүрөсү, 34; Кахф сүрөсү, 82; Хашр сүрөсү, 7; Инсан сүрөсү, 8-аяттар

[78] крз. Балад сүрөсү, 11-16-аяттар.

[79] крз. Инсан сүрөсү, 8-аят.

[80] Суюти, Тарихул хулафа, Мысыр-1969. 80-бет; Рамазаноглу Махмуд Сами, Хазрети Абу Бакр Сыддык, Истамбул-1985, 120-бет.

[81] Азирети Пайгамбарыбыз ар убак аткарып, кээ-кээде гана аткарбаган иш-аракеттери муаккад сүннөт деп аталат.

[82] крз. Ибн Мажа, Жанаиз, 1.

[83] крз. Муслим, Жанаиз, 1-2.

[84] Ладунний илим – бул Алла Тааланын ыраакымы менен гана берилген, эмгектен көз карандысыз өзгөчө руханий илим.

[85] Анаам сүрөсүнүн 14-аятын окуңуз.

[86] Маида сүрөсүнүн 89-аятын окуңуз.

[87] Маида сүрөсүнүн 95-аятын окуңуз.

[88] Бакара сүрөсүнүн 184-аятын окуңуз.

[89] М. А. Убужини, тержуман 1001 Темел Эсер, тс. II, 455. Түркийе-1850.

[90] Онур Билги Кула, Алман күлтүрүнде түрк имгеси, 51 б, Анкара -1993.

[91] Муслим, Жанаиз, 58.

[92] Арапстанда өскөн кою көлөкөлүү, жумшак, жеңил алча дарагы. Сидр дарагынын жалбырагы чыланган суу менен маркум жуулат. (Асым Эфенди. Камус, II, 385).

[93] Кафур: Ыраакы Чыгышта өскөн кафур аттуу дарактан алынган ачык, жагымдуу жыты бар зат.

[94] Кырат: салмак өлчөмү (карат).

[95] Алла Тааланын ысмы менен жана Алланын Элчисинин сүннөтүнө ылайык (сени Жаратканга тапшырып жатабыз).

[96] Ибн Асакир, Тариху Димашк, Бейрут-1995, VII, 363-364, XXIX, 65-67; Байхаки, Шуаб, VI, 421; Ибнул Асийр, Усдул Гааба, VII, 19.

[97] крз: Дарир Мустафа Эфенди, Йүз хадис, йүз хикайе, даярдаган:Йылдырым-Неждет Йылмаз, 157-б. Истамбул-2001.

[98] Жасия сүрөсүнүн, 15-аятын окуңуз.

[99] Ибн Абу Шайба, Мусаннаф, Хайдарабад-1976, VIII, 153.

[100] Мехмед Зихни Эфенди, Мешхур кадынлар, II, 118. Истамбул-1982.

[101] Дефтердар Сары Мехмед Паша, Насаихул узара вал умара, 95-б, Истамбул-1987.

[102] Мукараба: Адамдын өзүн-өзү теске салышы. Алла Таала ар дайым мени көрүп турат деген сезим менен жашоо.

[103] Хижр сүрөсүнүн 29-аятын окуңуз.

[104] Ибн Базазий, Манакыб-ы Имам-ы Азам, , 121; Абу Захра, Абу Ханифа,